# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ

*Бишкек шаары, 1999-жылдын 30-июну N 62*

*(КР 2001-жылдын 22-июнундагы N 55, 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2001-жылдын 4-августундагы N 81, 2002-жылдын 20-мартындагы N 41, 2002-жылдын 16-октябрындагы N 141, 2003-жылдын 13-мартындагы N 61, 2003-жылдын 11-июнундагы N 98, 2003-жылдын 5-августундагы N 192, 2003-жылдын 14-ноябрындагы N 221, 2004-жылдын 24-мартындагы N 47, 2004-жылдын 28-мартындагы N 52, 2004-жылдын 24-майындагы N 68, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2005-жылдын 22-июлундагы N 112, 2006-жылдын 6-февралындагы N 35, 2006-жылдын 19-июлундагы N 123, 2006-жылдын 8-августундагы N 157, 2006-жылдын 24-ноябрындагы N 188, 2006-жылдын 29-декабрындагы N 232, 2007-жылдын 9-февралындагы N 13, 2007-жылдын 13-июнундагы N 87, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2007-жылдын 25-июнундагы N 93, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2008-жылдын 14-июлундагы N 143 , 2008-жылдын 18-июлундагы N 144, 2008-жылдын 5-августундагы N 193, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 220, 2009-жылдын 17-июлундагы N 225, 2009-жылдын 17-июлундагы N 231, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234, 2009-жылдын 24-июлундагы N 246, 2009-жылдын 12-октябрындагы N 267, 2009-жылдын 12-октябрындагы N 268, 2009-жылдын 26-октябрындагы N 288, 2009-жылдын 26-октябрындагы N 289, 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2010-жылдын 25-февралындагы N 35, 2011-жылдын 11-июлундагы N 89, 2011-жылдын 26-июлундагы N 141, 2011-жылдын 9-августундагы N 152, 2011-жылдын 27-октябрындагы N 186, 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214, 2012-жылдын 1-мартындагы N 10, 2012-жылдын 8-майындагы N 48, 2012-жылдын 12-июлундагы N 105, 2012-жылдын 16-июлундагы N 111, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 2-июлундагы N 109, 2013-жылдын 11-июлундагы N 129, 2013-жылдын 24-июлундагы N155, 2013-жылдын 24-июлундагы N 159, 2013-жылдын 30-июлундагы N 169, 2013-жылдын 3-августундагы N 179, 2014-жылдын 11-январындагы N 4, 2014-жылдын 15-январындагы N 11, 2014-жылдын 30-январындагы N 22, 2014-жылдын 20-февралындагы № 36, 2014-жылдын 22-мартындагы № 52, 2014-жылдын 17-майындагы N 68, 2014-жылдын 28-майындагы № 80, 2014-жылдын 10-июлундагы N 127, 2014-жылдын 14-июлундагы N 133, 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155, 2014-жылдын 31-декабрындагы N 181, 2015-жылдын 16-февралындагы N 33, 2015-жылдын 10-мартындагы N 53, 2015-жылдын 7-августундагы N 222, 2016-жылдын 6-майындагы N 54, 2016-жылдын 6-майындагы N 55 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*(КР 1999-жылдын 30-июнундагы N 63 Мыйзамы менен күчүнө киргизилген)*

## ЖАЛПЫ БӨЛҮК

## I БӨЛҮМ
## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1-Глава
### Негизги жоболор

**1-статья. Жазыктык сот ишинин жүрүшүн аныктоочу мыйзамдар**

(1) Жазыктык сот иши Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана ушул Кодекс менен аныкталат.

(2) Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдери жазык-процесстик укуктун курамдык бөлүгү болуп эсептелет жана адамдын жазыктык сот ишинин чөйрөсүндөгү укуктарын жана эркиндиктерин түздөн-түз пайда кылат.

(3) Жазыктык сот ишинин тартибин жөнгө салуучу мыйзамдар, аларды ушул Кодекске киргизген шартта колдонулууга тийиш.

(4) Кыргыз Республикасында жазыктык сот ишин жүргүзүү чөйрөсүндө адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же төмөндөтүүчү, соттун көз карандысыздыгын жана процесстин талаштуу таризин бузуучу, далилдерге алдын-ала белгиленген күч берүүчү, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, көз карандысыз мамлекеттин эл аралык келишимдеринин жоболоруна карама-каршы келген мыйзамдар жана башка актылар чыгарылбоого тийиш.

(5) Жазык иши боюнча сот ишинин жүрүшүндө жарандык же администрациялык укукка ылайык чечилүүгө тийиш болгон маселени кароонун зарылдыгы келип чыкса, ал жарандык же администрациялык тартипте чечилет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**2-статья. Жазыктык сот ишин жүргүзүүдө артыкчылыкка ээ укуктук ченемдерди колдонуу**

(1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында эң жогорку юридикалык күчкө ээ болот жана түздөн-түз колдонулат. Ушул Кодекстин ченемдеринин жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ортосунда карама-каршылык келип чыккан учурда, Конституциянын ченемдери колдонулат.

(2) Ушул Кодекстин ченемдеринин жана Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын ортосунда карама-каршылык келип чыккан учурда, конституциялык мыйзам колдонулат. Ушул Кодекстин ченемдери менен башка мыйзамдардын ортосунда карама-каршылык келип чыккан учурда, ушул Кодекстин ченемдери колдонулат.

(3) Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер ушул Кодекске караганда артыкчылыкка ээ болот жана эл аралык келишимди колдонуу үчүн мыйзам чыгаруу талап кылынгандан башка учурларда, түздөн-түз колдонулат.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Жазык-процесстик мыйзамынын колдонулуш чектери**

(1) Жазыктык сот иши тергөө жана соттук териштирүү иши жүргүзүлүп жаткан учурда колдонулган мыйзамга ылайык жүзөгө ашырылат.

(2) Кыргыз Республикасынын аймагында жазыктык сот ишин жүргүзүү кылмыш жасалган жерге карабастан, бардык учурларда ушул Кодекске ылайык жүргүзүлөт.

(3) Эгерде өз ара укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө чет мамлекеттер менен түзүлгөн эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө иштер боюнча сот иши Кыргыз Республикасынын аймагында ушул Кодекстин ченемдерине ылайык жүргүзүлөт.

(4) Эгерде мунун өзү аталган мамлекет менен түзүлгөн эл аралык келишимде каралса, айрым тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө башка мамлекеттин сотторунун же тергөө органдарынын тапшырмаларын аткарууда, ушул органдардын өтүнүчү боюнча чет мамлекеттин Жазык-процесстик мыйзамы колдонулушу мүмкүн.

(5) Дипломатиялык кол тийгистик укугуна ээ болгон адамдарга карата ушул Кодексте каралган процесстик аракеттер алардын өтүнүчү же алардын макулдугу боюнча гана жүргүзүлөт. Бул аракеттерге макулдук берүү Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги аркылуу суралып алынат.

(6) Процесстин катышуучуларына жаңы милдеттерди жүктөгөн, тикелей же кыйыр түрдө укуктарын жокко чыгарган же аларды төмөндөткөн, аларды пайдаланууну кошумча шарттар менен чектеген Жазык-процесстик мыйзамы өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

(7) Далилдерге жол берүү алар алынган учурда колдонулган мыйзамга ылайык аныкталат.

**4-статья. Жазык-процесстик мыйзамынын милдеттери**

(1) Кылмыштарды тез жана толук ачуу, аларды жасаган адамдарды ашкерелөө жана жазык жоопкерчилигине тартуу, соттук адилет териштирүү жүргүзүү жана жазык мыйзамын туура колдонуу жазык процессинин милдеттери болуп саналат.

(2) Жазык иштери боюнча иш жүргүзүүнүн мыйзамда белгиленген тартиби адамды жана жаранды негизсиз айыптоодон жана соттоодон, укуктарын жана эркиндиктерин мыйзамсыз чектөөдөн коргоону камсыз кылууга, күнөөсүз адамга мыйзамсыз күнөө коюлган же соттолгон учурда аны токтоосуз жана толук түрдө реабилитациялоону, ошондой эле мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоого көмөк көрсөтүүнү, кылмыштардын алдын алууну, укукка карата урматтоо менен мамиле кылууну калыптандырууну камсыз кылууга тийиш.

**5-статья. Ушул Кодексте камтылган негизги түшүнүктөрдүн аныктамасы**

Негизги түшүнүктөр:

**сот** - ушул Кодексте каралган учурларда, жазык ишин бардык сот инстанцияларында караган, ошондой эле тергөө аракеттеринин жана прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын чечимдеринин мыйзамдуулугуна соттук контролдукту жүзөгө ашыруучу сот акыйкаттыгы органы;

**биринчи инстанциядагы сот** - сот заседаниесинде иштин жагдайларын түздөн-түз белгилөөгө жана ал боюнча соттук чечимди (өкүмдү, токтомду) чыгарууга ыйгарым укуктуу сот;

**апеллециялык инстанциядагы сот** - мыйзамдуу күчүнө кире элек соттук чечимдерге даттануулар жана сунуштар боюнча ишти кароочу, үч судьянын курамында аракеттенген областтык Бишкек шаардык соттору, Кыргыз Республикасынын Аскердик соту;

**кассациялык инстанциядагы сот** - үч судьянын курамында иштеген, мурда апелляциялык тартипте даттанылбаган, соттук чечимдин мыйзамдуу күчүнө киришине даттануулар жана сунуштар боюнча иштерди караган областтык соттор, Бишкек шаардык соту, Кыргыз Республикасынын Аскердик соту;

**көзөмөлдөө инстанциясындагы сот** - мыйзамдуу күчүнө кирген соттук өкүмдөргө, аныктамаларга жана токтомдорго карата берилген даттануулар, сунуштар боюнча ишти караган Кыргыз Республикасынын Жогорку соту;

**судья** - ар кандай соттун судьясы, соттун төрагасы, орун басары;

**төрагалык кылуучу** - сотто ишти коллегиялдуу же жеке кароодо төрагалык кылган судья;

**тараптар** - сотто укуктардын бирдейлигинин негизинде айыптоонун жана актоонун милдеттерин аткарган органдар жана жактар;

**процесстин катышуучулары** - тергөөчү, прокурор (мамлекеттик айыптоочу), ошондой эле жабырлануучу (жеке айыптоочу), жактоочу, шектүү, айыпкер, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери, ошондой эле процесске катышууга тартылган башка адамдар;

**прокурор** - Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, анын орун басарлары, Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын прокурорлору, райондук жана шаардык прокурорлор, аскер прокурорлору жана райондук прокурорлорго теңдештирилген прокурорлор, алардын орун басарлары, прокуратура органдарынын түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн жетекчилери, алардын орун басарлары, улук прокурорлор, прокуратура органдарынын түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн прокурорлору, тийиштүү ыйгарым укук берилген улук прокурорлор жана прокурорлордун жардамчылары;

**тергөөчү** - жазык иши боюнча тергөөнү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу прокуратура, ички иштер, улуттук коопсуздук органдарынын, баңгизаттарды контролдоо боюнча, экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча органынын, бажы органдарынын, жазык-аткаруу тутумунун кызмат адамы;

**тергөө** - иштин жагдайларынын үргүлжүсүн аныктоо, белгилөө жана бекемдөө жана кылмыш жасаган адамдарды жазык жоопкерчилигине тартуу боюнча ушул Кодексте белгиленген ыйгарым уктардын чектеринде ыйгарым укук берилген органдардын сотко чейинки ишинин процесстик тарифи;

**актоо** - кылмыш жасоодо шектүү болгон адамдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу, айыптоону четке кагуу же жеңилдетүү, ошондой эле укукка жат түрдө жазык куугунтугуна дуушар болгон адамдарды реабилитациялоо максатында жактоочу тарап жүзөгө ашырган процесстик иш; **күбө-калыс** - иштин жыйынтыгына кызыкчылыгы жок, тергөө аракетин жүргүзүү фактысын, анын жүрүшүн жана натыйжаларын ырастоо үчүн ишке тартылган эрезеге жеткен адам;

**арыз берүүчү** - жазыктык сот ишин жүргүзүүнүн тартибинде өзүнүн (башка бирөөнүн) чыныгы же болжолдуу укуктарын коргоо үчүн тергөө органдарына кайрылган адам;

**өкүлдөр** - мыйзамдын же макулдашуунун күчүнө ылайык жабырлануучунун, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин мыйзамдуу таламдарын билдирүүгө ыйгарым укуктуу адамдар;

**мыйзамдуу өкүлдөр** - шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун же жабырлануучунун, жарандык доогердин ата-энеси, асырап алгандар, көздөөчүлөрү, кам көрүүчүлөрү, ошондой эле шектүү, айыпкер же жабырлануучу көздөөсүндө же багуусунда турган уюмдардын жана жактардын өкүлдөрү, соттолуучунун коомдук жактоочусу;

Юридикалык жактардын, саясий партиялардын, кесиптик кошундардын, укук коргоо жана башка коомдук бирикмелердин өкүлдөрү соттолуучунун коомдук жактоочусу болушуна жол берилет.

**туугандар** - ата-бабасы жалпы болгон, туугандык байланышта турган адамдар, ошондой эле анын жубайы жана анын жубайынын ата-энеси;

**жакын туугандар** - ата-энеси, күйөөсү (аялы), балдары, асырап алуучулар, асыранды балдар, бир атадан жана бир энеден тараган жана атасы же энеси бөлөк болгон ага-ини жана эже-сиңди, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер;

**жазык иши** - жасалган бир же бир нече (негизинен жасалган) кылмыштар жаатында тергөө органы же сот тарабынан жүргүзүлүүчү өзүнчө бөлүнгөн жазык иши;

**иш боюнча сот ишин алып баруу** - айкын жазык иши боюнча, аны козгоонун, тергөөнүн, соттук териштирүүнүн жана соттун өкүмүн (токтомун) аткаруунун жүрүшүндө жүзөгө ашырылуучу процесстик аракеттердин жана чечимдердин үргүлжүсү;

**иштин материалдары** - иштин курамдык бөлүгү болуп эсептелген же ага тиркеме катарында берилген документтер жана буюмзаттар; иш боюнча жагдайларды белгилөө үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн болгон билдирүүлөр, ошондой эле документтер жана буюмзаттар;

**сотко чейинки тездетилген өндүрүш** - ушул Кодексте каралган учурларда чоң коркунуч келтирбеген жана анча оор эмес кылмыштар боюнча кыска мөөнөттө сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырган алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамы, тергөөчү жана прокурор тарабынан аткарылган жана чыгарылган процесстик аракеттердин жана процесстик чечимдердин жыйындысы;

- **сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамы** - жазык иштери боюнча сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу ички иштер, улуттук коопсуздук, баңги заттарды контролдоо боюнча, финансы полициясынын органдарынын, бажы органдарынын, жазык-аткаруу тутумунун кызмат адамы;

**процесстик аракеттер** - ушул Кодекске ылайык жазыктык сот ишинин жүрүшүндө ишке ашырылуучу аракеттер;

**протокол** - жазык процессин жүргүзгөн орган тарабынан жасалган процесстик аракет жазыла турган процесстик документ;

**процесстик чечимдер** - өз кызмат укуктарынын чектеринде жазык процессин жүргүзгөн органдар чыгарган жана ушул Кодексте аныкталган тариздe түзүлгөн Жазык-процесстик укукту колдонуунун актылары - өкүмдөр, токтомдор, корутундулар, сунуштар, санкциялар;

**токтом** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун сот иши боюнча кабыл алынган өкүмүнөн, чечиминен башка, тергөөчүнүн, прокурордун чечими, судьянын жеке чечими;

**жай аныктама** - сот тарабынан чыгарылган белгиленген мыйзам бузууларга, кылмыштарды жасоого көмөк көрсөткөн себептерге жана шарттарга карата мамлекеттик органдардын, кызмат адамдарынын көңүлү бурулган жана тиешелүү чараларды көрүү талап кылынган чечим;

**өкүм** - жазык иши боюнча сот заседаниесинде биринчи, апелляциялык инстанциядагы сот тарабынан соттолуучунун, соттолгондун күнөөлүүлүгү жана ага жаза белгилөө же соттолуучунун, соттолгондун күнөөсүздүгү жөнүндө кабыл алынган чечим;

**аныктама** - сот тарабынан чыгарылган өкүмдөн башка, чыгарылган соттун апелляциялык инстанциясы тарабынан сот заседаниесинде ар кандай чечим;

**санкция** - тергөө органы тарабынан кабыл алынган процесстик чечимди прокурордун бекитүү актысы;

**түшүндүрмө берүү** - процесстин катышуучулары жана арыз берүүчүлөр тарабынан өзүнүн укуктук аракетин же өкүлү болгон адамдын укуктук аракетин негиздөө үчүн жүргүзүлгөн оозеки же жазуу жүзүндөгү аргументтер;

**даттануу** - шектүү, күнөөлүү, соттолуучу, акталган адам, коргоочу, жабырлануучу же анын өкүлү, жарандык доогер жана жарандык жоопкер же алардын өкүлдөрү, ошондой эле уюмдар тарабынан алып келинген алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун, соттун чечимине каршылык билдириши;

**билдирме** - соттун чечимине прокурордун каршылык билдириши;

**жеке даттануу** - процесске катышкан прокурордон башка бирөөнүн соттун токтомуна карата каршылык билдириши;

**жеке билдирме** - судьянын токтомуна прокурордун каршылык билдириши;

**өтүнүч** - тараптын же арызданууучунун жазык процессин жүргүзгөн органга кайрылган өтүнүчү;

**илимий-техникалык каражаттар** - далилдерди табуу, белгилеп көрсөтүү, алып коюу жана иликтөө үчүн укукка ылайык колдонулуучу приборлор, атайын шаймандар, материалдар;

**турак-жай** - бир же бир нече адам убактылуу же туруктуу жашоо үчүн арналган имарат жай же курулуш, анын ичинде: өзүмдүк же ижарага алынган квартира, үй, багбанчылык үйү, мейманканадагы бөлмө, аларга түздөн-түз кошулуп турган астаналар, террасалар, галлереялар, балкондор, көп квартиралуу үйдөн башка, турак-жай курулушунун жертөлөсү жана чатыры;

**түнкү убакыт** - жергиликтүү убакыт боюнча саат жыйырма экиден эртең мененки алтыга чейинки убакыттын аралыгы;

**зыян** - акчалай өлчөнө турган моралдык, дене-бойго же мүлккө келтирилген зыян;

**сотко чейинки өндүрүш** - кылмыш жөнүндө кабарды алгандан тартып, жазык ишинин прокурор тарабынан аны маңызы боюнча кароо үчүн сотко жөнөтүүгө чейинки жазык сот өндүрүшү;

**жазык сот өндүрүшү** - жазык иши боюнча сотко чейинки жана соттук өндүрүш;

**кармоо** - маңызы шектүүнү соттун чечимине чейин кыска мөөнөткө (кырк сегиз саатка чейин) эркиндигинен ажыратууда турган процесстик мажбурлоо чарасы;

**бөгөт коюу чарасын тандоо** - айыпталуучуга, соттолуучуга карата тергөөчү, прокурор, ошондой эле сот тарабынан мажбурлоо чараларын колдонуу;

*(кырк жетинчи абзац КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**сот арачылары** - ушул Кодексте белгиленген тартипте биринчи баскычтагы соттук териштирүүгө жана өкүм чыгарууга катышуу үчүн тартылган адам;

**күбөлүк иммунитет** - адамдын өзүнө жана өзүнүн жакын туугандарына, ошондой эле ушул Кодексте каралган учурларда каршы көрсөтмө бербөө укугу;

**көрсөтмө** - ушул Кодексте белгиленген тартипте чыгарылган соттун чечимине прокурордук мамиле билдирүү актысы;

**медиатор** - жабырлануучу менен айыпталуучунун (соттолуучунун, соттолгондун) ортосунда зыянды калыбына келтирүү жана элдешүү жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жардам кылууга жөндөмдүү жана атайын даярдыктан өткөн адам;

**эсептик көрсөткүч** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунуштамасы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилүүчү экономикалык санкциялардын, административдик чаралардын жана айыптын өлчүмүн аныктоо үчүн нормативдик акча көрсөткүчү.

**вердикт** - ушул Кодексте каралган маселелер боюнча сот арачыларынын коллегиясы чыгарган чечим;

**сот арачысынын анкетасы** - сот арачыларынын объективдүүлүгүн жана калыстыгын аныктоо максатында тараптар түзгөн сот арачылары үчүн суроолордун тизмеги.

**соттун администратору** - бул сот арачысынын катышуучусу менен сот ишин камсыз кылуу боюнча милдеттер жүктөлгөн тиешелүү жергиликтүү соттун аппаратынын кызматкери;

**сот арачысы** - мыйзам менен белгиленген тартипте сот арачыларынын талапкерлеринин тизмесине кирген жана кылмыш-жаза ишин кароого катышууга тандалган Кыргыз Республикасынын жараны;

**балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген балдарды коргоо маселелери боюнча орган;

**балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери** - мыйзамдуу өкүлдөн тышкары, жашы жетелектердин мыйзамдуу кызыкчылыктарын тергөө, прокуратура, сот органдарында жана жазаларды аткаруу мекемелеринде жактоого ыйгарым укуктуу адам.

*(КР 2003-жылдын 13-мартындагы N 61, 2003-жылдын 11-июнундагы N 98, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234, 2011-жылдын 9-августундагы N 152, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 2-Глава
## Жазык процессинин принциптери

### 6-статья. Сот ишинин жүрүшүндөгү мыйзамдуулук

(1) Тергөөчү, прокурор, сот, жазыктык сот ишине катышкан башка органдар жана жактар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, ушул Кодекстин, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык кабыл алынган башка мыйзамдардын жоболорун, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык келген башка ченемдик укуктук актыларды бекем сактоого милдеттүү.

(2) Мыйзамда белгиленген негиздерден жана тартиптерден башка учурларда, эч ким шектүү жана айыпкер катарында тартылышы, кармалышы, камакка, тинтүүгө алынышы, айдалып келиши жана процесстик мажбурлоонун ар кандай башка чараларына тартылышы, ошондой эле соттолушу, жазаланышы жана анын укуктарына жана эркиндиктерине башка чектөөлөр коюлушу мүмкүн эмес.

(3) Сот акыйкаттыгын жүзөгө ашырууда Жазык-процесстик мыйзамын бузуу менен алынган далилдерди пайдаланууга жол берилбейт.

### 7-статья. Сот акыйкаттыгынын сот тарабынан гана жүзөгө ашырылышы

(1) Кыргыз Республикасында жазык иштери боюнча сот акыйкаттыгы сот тарабынан гана жүзөгө ашырылат. Ушул Кодекс менен каралган учурларда жазык сот өндүрүшү сот арачыларынын катышуусу менен жүзөгө ашырылат.

(2) Соттун өкүмүнөн башка учурларда эч ким, кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табылышы, ошондой эле жазыктык жазага тартылышы мүмкүн эмес.

(3) Соттун компетенциясы, анын юрисдикциясынын чектери, анын жазыктык сот ишин жүргүзүүнү жүзөгө ашырышынын тартиби мыйзам тарабынан аныкталат жана ал өзү билип өзгөртүлүшү мүмкүн эмес. Жазык иштерин кароо үчүн өзгөчө же атайын сотторду уюштурууга жол берилбейт. Өзгөчө соттордун, ошондой эле мыйзамсыз түзүлгөн башка соттордун өкүмдөрү жана башка чечимдери юридикалык күчкө ээ эмес жана аткарылууга жатпайт.

(4) Соттун өзүнө караштуу болбогон жазыктык сот ишин жүзөгө ашырган, өзүнүн ыйгарым укуктарын ашыра пайдаланган же жазыктык сот жүргүзүүнүн ушул Кодексте каралган принциптерин башкача түрдө бузган өкүмдөрү жана башка чечимдери мыйзамсыз болуп эсептелет.

(5) Соттун жазык иши боюнча өкүмү жана башка чечимдери ушул Кодексте каралган тартипте тиешелүү соттор тарабынан гана текшерилиши жана кайра каралышы мүмкүн.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-статья. Прокурордун жазыктык сот ишинин жүрүшүнө катышышы**

(1) Изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан мыйзам актыларынын так жана бирдей аткарылышына көзөмөлдүк Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы тарабынан өз кызмат укуктарынын чектеринде жүзөгө ашырылат.

(2) Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы ушул Кодексте каралган учурларда жана тартипте жазык куугунтугун жүзөгө ашырат жана соттук териштирүүгө катышат.

**9-статья. Соттук коргоо**

(1) Процесстин ар кандай стадиясында ар бир адамдын укуктары менен эркиндиктери сот тарабынан коргоого алынат.

(2) Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте жабырлануучунун сот акыйкаттыгына мүмкүнчүлүк алышы жана келтирилген зыяндын ордун толтуруу камсыз кылынат.

**10-статья. Инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кадыр-баркын урматтоо**

(1) Инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кадыр-баркын урматтоо жазыктык сот ишинин жүрүшүнө катышкан бардык органдар жана жактар үчүн милдеттүү.

(2) Сурактарды, ошондой эле башка тергөө же сот аракеттерин жүргүзүүдө коркутууга, зомбулук жана башка мыйзамсыз аракеттерди жасоого жол берилбейт.

(3) Бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу тандалып алынган адамды, ошондой эле кылмыш жасоодо шектүү болуп кармалган адамды камакта кармоо анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбей турган шартта жүзөгө ашырылууга тийиш.

**11-статья. Инсандын кол тийгистиги**

(1) Ушул Кодексте каралгандан башка негизде жана тартипте эч ким камакка алынышы мүмкүн эмес.

(2) Сот, прокурор, тергөөчү мыйзамсыз кармалган же эркинен ажыратылган же медициналык мекемеге мыйзамсыз жайгаштырылган же мыйзамда жана соттун өкүмүндө каралгандагыдан ашык мөөнөткө камакта кармалган адамды дароо бошотууга милдеттүү.

(3) Ишке катышкан адамдардын ичинен эч кимиси зомбулукка, башка катаал же адамдын кадыр-баркын кемсинткен мамилеге дуушар кылынышы мүмкүн эмес.

**12-статья. Жазык иштери боюнча сот ишин жүргүзүүдө жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо**

(1) Сот, судья, прокурор, тергөөчү жазык процессине катышкан жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылууга, аларды жүзөгө ашыруу үчүн шарт түзүп берүүгө, процесстин катышуучуларынын мыйзамдуу талаптарын канааттандырууга карата өз учурунда чара көрүүгө милдеттүү.

(2) Эч ким өзүнө, өз жубайына жана чөйрөсү ушул Кодексте аныкталган жакын туугандарына каршы күбө өтүүгө милдеттүү эмес.

(3) Жазык иштери боюнча сот ишин жүргүзүүдө жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузуунун натыйжасында ага келтирилген зыяндын орду мыйзамда белгиленген негиздер боюнча жана тартипте орду толтурулууга тийиш.

(4) Жабырлануучуга, күбөгө же ишке катышкан башка адамдарга, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө же жакын туугандарына зомбулук колдонуу, мүлкүн жок кылуу же зыянга учуратуу коркунучу келтирилгендиги же башка коркунучтуу, мыйзамга каршы аракеттерге дуушар кылынгандыгы тууралу жетиштүү маалыматтар болгондо, сот, прокурор, тергөөчү, алдын-ала текшерүү органы өз кызмат укуктарынын чегинде андай адамдардын өмүрүн, ден-соолугун, ар-намысын, кадыр-баркын жана мүлкүн коргоого карата мыйзамда каралган чараларды көрүүгө милдеттүү.

(5) өзүнүн кылмыш жасагандыгын моюнга алышынын негизинде эч ким соттолууга тийиш эмес.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-статья. Турак жайдын колтийгистиги, адамдын өмүрүн коргоо, кат алышуунун,телефондо сүйлөшүүлөрдүн, почта, телеграф жана башка билдирүүлөрдүн жашырындуулугу**

(1) Жарандарга турак жайынын колтийгистиги кепилденет. Ушул Кодексте каралган учурлардан жана тартиптен тышкары эч ким турак жайга анда жашаган адамдардын эркине каршы кире албайт.

(2) Жарандын абийири жана ар-намысын сактоо мыйзамдын коргоосунда турат. Кат алышуунун, телефондук сүйлөшүүлөрдүн, почта, телеграфтык жана башка кабарлашуулардын жашырынуудулугу мыйзам менен корголот. Ал укукка чек коюуга прокурордун санкциясы менен гана жол берилет.

(3) Байланыш мекемелеринде почта жана телеграфтык жөнөтүүлөрдү тинтүү, алып коюу, арест коюу, телефон жана башка сүйлөшүү жабдуулары боюнча жүргүзүлүп жаткан сүйлөшүүлөргө контролдук кылуу жана жазып алуу ушул Кодексте каралган учурларда жана тартипте гана жүргүзүлүшү мүмкүн.

*(КР 2008-жылдын 2-июлундагы N 142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**14-статья. Менчиктин кол тийгистиги**

(1) Ушул Кодексте каралгандагыдан башка шарттарда эч ким мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес.

(2) Эгерде менчиктеги мүлк иш боюнча заттык далил болуп саналса, ошондой эле ушул Кодексте каралган учурларда жана тартипте мүлк ээсинен алынышы мүмкүн.

**15-статья. Күнөөсүздүк кунары**

(1) Айыпкердин кылмыш жасоодогу күнөөсү соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен белгиленмейинче ал күнөөсүз деп эсептелет.

(2) Шектүү адам жана айыпталуучу өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдөөгө милдеттүү эмес.

(3) Ушул Кодекске ылайык тийиштүү укуктук жол-жобонун чегинде четтетилиши мүмкүн болбогон айыптоонун далилденгендигине бардык шектенүүлөр айыпкердин пайдасына чечилет. Ошондой эле мыйзамды колдонууда келип чыккан четтетилбеген шектенүүлөр да айыпкердин пайдасына чечилүүгө тийиш.

*(КР 2009-жылдын 26-октябрындагы N 289 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-статья. Жарандардын мыйзам жана сот алдындагы теңчилиги**

(1) Жарандардын тегине, социалдык, мүлктүк, кызматтык абалына, расалык жана улуттук белгилерине, жынысына, билимине, тилине, динге мамилесине, көз карашына, коомдук

бирикмелерге кирер-кирбесине, жашаган жерине жана башка жагдайларга карабастан сот акыйкаттыгы мыйзам жана сот алдында адамдардын теңчилигине таянуу менен ишке ашырылат.

(2) Жазык куугунтугуна алууда иммунитетке ээ болгон адамдарга карата жазыктык сот ишин жүргүзүүнүн шарттары Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мыйзамдар жана Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдер тарабынан аныкталат.

**17-статья. Судьялардын көз карандысыздыгы**

(1) Судьялар эч кимге көз каранды эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына баш ийет.

(2) Сот акыйкаттыгын жүзөгө ашыруу боюнча судьялардын ишине кийлигишүүгө тыюу салынат жана мыйзам боюнча жоопкерчиликке алып келет.

(3) Судьялардын көз каранды эместиги Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденет.

**18-статья. Тараптардын далилтартышынын жана тең укуктуулугунун негизинде сот ишин жүзөгө ашыруу**

(1) Жазыктык сот иши айыптоо жана актоо тараптарынын далилтартышынын жана тең укуктуулуктун негизинде жүзөгө ашырылат.

(2) Айыптоо, актоо жана сот тарабынан ишти чечүү бири-биринен өзүнчө бөлүнгөн жана ар кандай органдар жана кызмат адамдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

(3) Соттолуучуга коюлган айыптоону далилдөө милдети айыптоочуга жүктөлөт.

(4) Жактоочу соттолуучуну актоонун мыйзамда каралган бардык каражаттарын жана ыкмаларын пайланууга милдеттүү.

(5) Сот айыптоонун же актоонун бир тарабында болбойт жана укуктун таламдарынан башка, кандайдыр бир таламдарды билдирбейт.

(6) Сот объективдүүлүктү жана келишпөөчүлүктү сактоо менен тараптардын өздөрүнүн процесстик милдеттерин жүзөгө ашырышы үчүн зарыл шарттарды түзөт.

(7) Жазыктык сот ишине катышкан тараптар тең укуктуу. Сот процесстик чечимди бирдей негиздерде тараптардын ар бирине камсыз кылынган далилдерди изилдөөгө гана негиздейт.

(8) Тараптар жазыктык сот ишинин жүрүшүндө өзүнүн туткан жолун, аны жактап калуунун ыкмаларын жана каражаттарын өз алдынча жана сотко, башка органдарга жана жактарга көз каранды болбостон тандап алат. Сот тараптын өтүнүчү боюнча ушул Кодексте каралган тартипте ага зарыл материалдарды алууга көмөк көрсөтөт.

(9) Мамлекеттик айыптоочу жана жеке айыптоочу сотто айыптоону колдошу же мыйзамда каралган учурларда айыптоодон баш тартышы мүмкүн. Соттолуучу өзүнүн күнөөсүн четке кагышы же өзүнүн күнөөсүн мойнуна алышы мүмкүн. Жарандык доогер доодон баш тартууга же жарандык жоопкер менен тынышуу келишимин түзүүгө укуктуу. Жарандык жоопкер доону туура деп табууга же жарандык доогер менен тынышуу келишимин түзүүгө укуктуу.

**19-статья. Иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө**

(1) Тергөөчү иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө үчүн ушул Кодексте каралган бардык чараларды көрүүгө, шектүүнү, айыпкерди ашкерелөөчү, ошондой эле жактоочу, ошондой эле алардын жоопкерчилигин жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайларды табууга милдеттүү.

(2) Сот калыстыкты жана келишпөөчүлүктү сактоо менен, айыптоочу жана жактоочу тараптарга алардын иштин жагдайын толук изилдеп чыгууга болгон укуктарын ишке ашыруу үчүн аларга зарыл шарттарды камсыз кылып берет жана анык далилдердин негизинде гана иш боюнча чечим чыгарат.

(3) Жазык иши боюнча тергөө жана соттук териштирүү жүргүзүүдө тергөөчү жана сот кылмыш жасоого көмөк көрсөткөн себептерди жана шарттарды аныктоого милдеттүү. Ушундай негиздер болгон учурда тергөөчү токтом, сот - жай аныктама чыгарып, аны менен мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын кызмат адамдарынын көңүлүн иш боюнча аныкталган мыйзамды бузуу

фактыларына, кылмыш жасоого көмөк көрсөткөн жана тийиштүү чараларды көрүүнү талап кылган себептерге жана шарттарга бурат. Жай аныктама ошондой эле тергөө жүргүзүүдө жарандардын укуктары жана мыйзамды башка бузуулар сот тарабынан табылганда чыгарылышы мүмкүн. Тергөөдө же ишти төмөн турган сот тарабынан териштирүүдө мыйзамды бузууга жол берилгендиги белгилүү болгондо, жай аныктаманы жогору турган сот да чыгарышы мүмкүн.

**20-статья. Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун акталуу укугун камсыз кылуу**

(1) Шектүү, айыпкер, соттолуучу акталууга укуктуу. Алгачкы текшерүү органы, тергөөчү, прокурор, сот шектүүгө, айыпкерге, соттолуучуга мыйзамда белгиленген каражаттар жана ыкмалар менен коргонуу чараларын көрүүгө мүмкүнчүлүктү камсыз кылып берүүгө, ошондой эле алардын жеке жана мүлктүк укуктарын сактоого милдеттүү.

(2) Акталуу укугу медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча өзүнө карата сот иши жүргүзүлүп жаткан адамга да камсыз кылынат.

**21-статья. Кылмыштардан, бийлик кыянаттыгынан жана соттук жаңылыштыктардан жабырлануучулардын укуктарын камсыз кылуу**

(1) Кылмыштардан, бийлик кыянаттыгынан жабырлануучулардын, ошондой эле мыйзамсыз соттолгон, укуктары четтелген адамдардын укуктары жазыктык сот ишинин жүрүшүндө камсыз кылынат.

(2) Кылмыштан жабырланган адам ушул Кодексте каралган тартипте жазык ишин козгоону талап кылууга, жазыктык сот ишинин жүрүшүн жүзөгө ашырууга жабырлануучу, жеке айыптоочу катары катышууга, ошондой эле өзүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруп алууга укуктуу.

**22-статья. Соттук териштирүүнүн маалымдуулугу**

(1) Мамлекеттик сырды сактоо таламдарына каршы келгенден башка учурларда, бардык соттордо ишти териштирүү ачык жүрөт.

(2) Ишке катышып жаткан адамдардын жеке турмушунун жашыруун жактары жөнүндө маалыматтардын ачыкка чыгышына жол бербөө максатында жыныстык жана башка кылмыштар жөнүндөгү иштер, ошондой эле жашы жетелектердин кылмыштары жөнүндө иштер боюнча каралган учурда жана жабырлануучунун, күбөнүн же ишке катышып жаткан башка адамдардын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн же жакын туугандарынын коопсуздугун камсыз кылуу талап кылынган учурларда соттун жүйөлөштүрүлгөн аныктамасы же судьянын токтому боюнча соттук жабык териштирүүгө жол берилет.

(3) Соттун жабык заседаниесинде иштерди угуу жазыктык сот ишинин бардык эрежелерин сактоо менен жүзөгө ашырылат.

(4) Соттун өкүмү ачык жарыяланат.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**23-статья. Сот ишинин тили**

(1) Сот иши мамлекеттик же расмий тилдеринде жүргүзүлөт.

(2) Сот иши жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген, ишке катышкан адамдарга эне тилинде билдирүү жасоо, көрсөтүү берүү, өтүнүч билдирүү, иштин бардык материалдары менен таанышуу, сотто чыгып сүйлөө жана тилмечтин кызматынан пайдалануу укугу берилет.

(3) Айыпкер катары ишке тартуу жөнүндө токтомдун жана өкүмдүн (аныктаманын, токтомдун) көчүрмөлөрү айыпкерге, соттолуучуга соттолгон адамга алардын эне тилинде же алар билген тилде тапшырылат.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**24-статья. Сот акыйкаттыгынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу**

(1) Тергөөчү менен прокурор кылмыштын белгилери билинген учурлардын бардыгында өз кызмат укугунун чектеринде жазык ишин козгоого, кылмыш окуясын, кылмыш жасаган адамды аныктоо үчүн мыйзамда каралган чаралардын бардыгын көрүүгө милдеттүү.

(2) Тергөөчү менен прокурор кылмыштан жабырлануучуларга сот акыйкаттыгынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

**25-статья. Процесстик аракеттерге жана чечимдерге даттануу**

(1) Алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун аракеттерине жана чечимдерине ушул Кодексте белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

(2) Сот процессинин катышуучулары өкүмгө ушул Кодексте белгиленген тартипте жогору турган сотко даттанууга укуктуу.

(3) Соттолгон адам кечирим берүүнү же жазаны жеңилдетүүнү өтүнүүгө укуктуу.

## 3-Глава
## Айыптоо

**26-статья. Жеке, жеке-ачык жана ачык айыптоо иштери**

(1) Жасалган кылмыштын мүнөзүнө жана оордугуна жараша сотто айыптоо жеке, жеке-ачык жана ачык тартипте жүзөгө ашырылат.

(2) Жеке айыптоо иштерине: Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 126-статьянын биринчи бөлүгүндө, 134-статьяда, 135-статьяда, 136-статьянын биринчи жана экинчи бөлүктөрүндө, 137-статьянын биринчи бөлүгүндө, 139-статьянын биринчи бөлүгүндө, 140, 146, 151, 178, 194-статьяларда, 324-статьянын биринчи бөлүгүндө каралган кылмыштар жөнүндөгү иштер кирет.

Ал жабырлануучунун даттануусу боюнча козголот жана тараптардын жарашуусу менен токтотулат. Жарашуу өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин болушу мүмкүн.

(3) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 10, 11-статьяларында каралган чоң коркунуч келтирбеген кылмыштар, анча оор эмес кылмыштар жөнүндө иштер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 129-статьясынын биринчи бөлүгүндө жана 130-статьясынын биринчи бөлүгүндө каралган кылмыштар жөнүндөгү иштер жеке-ачык айыптоо иштерине таандык кылынат.

(4) Калган кылмыштар жөнүндөгү иштер ачык-айыптоо иштери болуп эсептелет.

*(КР 2003-жылдын 5-августундагы N 192, 2003-жылдын 14-ноябрындагы N 221, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2009-жылдын 17-июлундагы N 225, 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2011-жылдын 11-июлундагы N 89, 2014-жылдын 11-январындагы N 4, 2015-жылдын 10-мартындагы N 53 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**27-статья. Жарандардын жазык куугунтугун же айыптоону жүзөгө ашырууга катышуу укугу**

(1) Жабырлануучу, ал эми ал өлгөн же курагына же болбосо саламаттыгынын абалына байланыштуу жазыктык сот ишинде өз эркин билдирүүгө жөндөмсүз болгон учурда, анын жашы жеткен жакын туугандарынын бири ушул Кодексте каралган тартипте айыпкерди жазык куугунтугуна алууга катышууга, ал эми жеке айыптоо иштери боюнча - тийиштүү адамга каршы айып коюуга же аны колдоого укуктуу. Жабырлануучу же анын укуктук жолун жолдоочу сот ишинин ар кандай учурунда айыптоону колдоодон баш тартууга укуктуу.

(2) Прокурордун айыптоодон баш тартуусу жабырлануучуну айыптоону колдоо укугунан ажырата албайт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**28-статья. Жазыктык сот ишин жүргүзүүнү жокко чыгаруучу жагдайлар**

(1) Төмөндөгү жагдайларда:

1) кылмыш окуясы болбогондо;

2) жосунда кылмыштын курамы болбогондо;

3) жазык мыйзамынан алып караганда зыян келтирген жосун укукка ылайык келгенде (коргонуу зарылдыгы, аргасыз зарылдык, кылмыш жасаган адамдарды кармоодо зыян келтирүү, буйрукту же башка тескөөнү аткаруу, негиздүү тобокелчилик);

4) ушул Кодексте каралган учурларда жабырлануучу даттануу менен кайрылбаганда;

5) ошол эле айыптоо боюнча соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү же жазык куугунтугу мүмкүн эместигин көрсөткөн соттун бузула элек чечими чыккан адамга карата;

6) ошол эле жосун боюнча ишти кыскартуу жөнүндө тергөөчүнүн, прокурордун бузулбаган токтому чыккан адамга карата;

7) жазыктык сот ишин жүргүзүүнү ишке ашырган учурда өлгөн адамга карата, өлгөн адамды реабилитациялоо же башка жактарга карата ишти тергөө үчүн иш жүргүзүү боюнча зарыл болгон учурлардан тышкары;

8) кылмышты аягына чыгаруудан ыктыярдуу баш тарткан адамга карата;

9) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин Өзгөчө бөлүгүнүн жоболоруна байланыштуу жазык жоопкерчилигинен бошотулууга тийиш болгон адамга карата;

10) эгерде мунапыс жасалган жосун үчүн жаза колдонууну четтетсе, мунапыс актысынан улам;

11) эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендиктен;

12) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 66-статьясына ылайык жабыр тартуучу жеке жана жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тартканда жана (же) айыпталуучу жабыр тартуучу менен макулдашууга жетишкенде;

13) прокурор жаран (адам) жабырлануучу болуп саналбаган иш боюнча жеке - ачык айыптоону колдоодон баш тартканда;

14) жабырлануучу жана прокурор ачык айыптоону колдоодон баш тартканда жазык иши козголушу мумкун эмес, ал эми козголгон жазык иши кыскартылат.

(2) Эгерде ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлар соттук териштирүү маалында табылса, сот ишти териштирүүнү акырына чейин жеткирип, актоо өкүмүн чыгарат.

(3) Эгерде айыпкер буга каршы болсо, ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн 10 жана 11-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти кыскартууга жол берилбейт. Мындай болгон учурда иш боюнча соттук кароо улантыла берет жана буга негиз болгон учурда соттолгон адамды жазадан бошоткон айыптоо өкүмүн чыгаруу менен аяктайт.

(4) Эгерде адам кылмыш жасаса, ушул статьянын 1-бөлүгүнүн 12-пунктунда көрсөтүлгөн негиз боюнча ишти токтотууга жол берилбейт:

1) уюшкан кылмыштуу топтун, кылмыштуу шериктиктин (кылмыштуу уюмдун), куралдуу топтун (банданын) курамында же мурда ушундай кылмыштар үчүн соттолгон болсо;

2) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 281-статьясынын үчүнчү-бешинчи бөлүктөрүндө каралган алкоголдук, баңгилик жана башка мас абалында болсо;

3) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 224, 225 жана 303-315-статьяларында каралган.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2006-жылдын 19-июлундагы N 123, 2008-жылдын 18-июлундагы N 144, 2011-жылдын 26-июлундагы N 141, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2015-жылдын 16-февралындагы N 33 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**29-статья. Жазык жоопкерчилигинен бошотуу менен жазык ишин кыскартуу**

(1) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 65 жана 66-статьяларынын ченемдерине ылайык сот (судья), прокурор, ошондой эле тергөөчү прокурордун макулдугу менен төмөнкү учурларда адамды жазык жоопкерчилигинен бошотуу менен жазык ишин токтотот:

1) эгерде жагдайдын өзгөрүүсүнөн улам жасалган жосун коомдук коркунучтуу мүнөзүн жоготкон болсо;

2) эгерде адам коомдук коркунучтуу болбой калса, алкоголдук, баңгилик жана башка мас абалында күнөөлүү адамдар тарабынан жасалган, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 281-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган кылмыштар жөнүндө; Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 224, 225, 303-315-статьяларында каралган жазык ишинен тышкары;

3) коомдон обочолонтуу менен байланышпаган жаза каралган анчейин оор эмес кылмыштар боюнча жазык ишин аксакалдар сотунун кароосуна өткөрүп берүү жөнүндө айыпталуучу жабырлануучу менен макулдашууга жетишилгенде.

(2) Сот (судья) жазык мыйзамы тарабынан тыюу салынган жосунду акыл-эси соо эмес абалда жасаган адамга карата жазык ишин кыскартат.

*(КР 2004-жылдын 24-мартындагы N 47, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 30-июлундагы N 169 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

# II БӨЛҮМ
# СОТ, ТАРАПТАР ЖАНА ЖАЗЫК ПРОЦЕССИНДЕГИ БАШКА АДАМДАР

## 4-Глава
## Сот

**30-статья. Сот**

(1) Сот бийлигинин органы болуп саналган сот, жазык иштери боюнча сот акыйкаттыгын жүзөгө ашырат.

(2) Жазык иши мыйзамдуу, көз карандысыз, компетенттүү жана келишпес сот тарабынан каралууга тийиш.

**31-статья. Соттун курамы**

(1) Ушул статьянын экинчи бөлүгүндө каралган жазык иштерин кошпогондо, биринчи инстанциядагы сотто жазык иштерин кароону сот жеке өзү жүзөгө ашырат.

(2) Жазык иштерин сот арачыларынын катышуусу менен кароо ушул Кодекстин VIII бөлүмүнүн 31, 37-1-главаларынын эрежелери боюнча сот тарабынан жүзөгө ашырылат.

(3) Жазык иштерин апелляциялык тартипте кароо үч судьянын курамындагы соттук коллегия тарабынан жүзөгө ашырылат.

(4) Жазык иштерин кассациялык тартипте кароо областтык жана ага теңештирилген соттун үч судьянын курамындагы соттук коллегиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

(5) Жазык иштерин көзөмөл тартибинде кароо Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегия тарабынан үч судьядан турган курамда жүзөгө ашырылат.

(6) Жазык иши үч судьядан турган курамдагы сот тарабынан каралганда ошол соттун төрагасынын же анын орунбасарынын тапшыруусу боюнча алардын бири төрагалык кылат.

*(7) (КР 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамына ылайык алып салынды);*

*(8) (КР 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамына ылайык алып салынды);*

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 5-августундагы N 193, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**32-статья. Соттун ыйгарым укуктары**

(1) Сот гана төмөнкүлөргө ыйгарым укуктуу:

1) адамды кылмыш жасагандыгы боюнча күнөөлүү деп табууга жана ага жаза дайындоого;

2) жазык сот өндүрүшү соттолуучунун күнөөлүү экендиги жөнүндө вердикт чыгарган сот арачыларынын катышуусу менен каралган учурда ишти жазык мыйзамдарынын ченеми боюнча квалификациялоого жана соттолуучуга жаза дайындоого;

3) соттолуучуну актоого;

4) адамга медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларды колдонууга;

5) адамга тарбиялык таасир берүүчү мажбурлоочу чараларды колдонууга;

6) жекече аныктама чыгарууга.

(2) Сот гана, анын ичинде сотко чейинки өндүрүш жүрүшүндө, төмөнкүдөй чечим кабыл алууга укуктуу:

1) кайтарууга алуу, үйүндө камоо түрүндө бөгөт коюу чараларын тандап алуу тууралу;

2) камакта жана үй камагында кармоо мөөнөтүн узартуу жөнүндө;

3) кайтаруу алдында турбаган шектүүнү, айыпталуучуну тийиштүүлүгүнө жараша соттук-медициналык же соттук-психиатриалык экспертиза жүргүзүү үчүн медициналык же психиатриалык стационарга жайгаштыруу жөнүндө;

4) жазык сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөргө, жабырлануучуларга жана башка катышуучуларга карата коопсуздукту камсыз кылуу боюнча чараларды колдонуу жөнүндө.

5) телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдү тыңшоо жана жазуу жөнүндө;

6) абоненттердин жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалыматты алуу жөнүндө;

7) бийлик өкүлдөрүнүн менчикте же башка укукта турган турак жайга жана башка объекттерде тинтүүнү, алып коюуну, карап чыгууну жүргүзүшү, ага кириши жөнүндө;

8) шектүү адамды (айыпталуучуну) кармоонун, бийлик өкүлдөрүнүн менчикте же башка укукта турган турак жайга жана башка объекттерде тинтүүнү, алып коюуну, карап чыгууну жүргүзүшүнүн, ага киришинин мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө.

(3) Сот сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө прокурордун, тергөөчүнүн жана алгачкы текшерүүнү жүргүзгөн органдын аракеттерине (аракетсиздигине) даттануулларды ушул Кодекстин 131-беренесинде каралган учурларда жана тартипте кароого укуктуу.

(4) Соттун чечими иш боюнча жаңы чечим кабыл алууга укуктуу болгон жогору турган сот тарабынан гана жокко чыгарылышы же өзгөртүлүшү мүмкүн.

(5) Сот жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра кароого укуктуу.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2008-жылдын 14-июлундагы N 143, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234, 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214, 2012-жылдын 8-майындагы N 48, 2013-жылдын 11-июлундагы N 129, 2014-жылдын 22-мартындагы № 52, 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 4-1-глава
## Сот арачылары

*(Глава КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 32-1-статья. Сот арачыларынын ыйгарым укуктары

Сот арачыларынын катышуусу менен жазык сот өндүрүшүн жүргүзүүдө сот арачылары ушул Кодекстин 312-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 1, 2 жана 4-пункттарында каралган, ушул Кодекс менен белгиленген тартипте алардын алдына коюлган маселелерди чечет.

### 32-2-статья. Сот арачыларынын жазык сот өндүрүшүндөгү укуктары жана милдеттери

(1) Сот арачылары төмөнкүлөргө укуктуу:

1) иштин жагдайына өзүнүн ички ынанымы боюнча өз алдынча баа берүү мүмкүнчүлүгүн алуу үчүн сотто каралып жаткан далилдерди изилдөөгө катышууга жана сот арачыларынын коллегиясынын алдына коюлган суроолорго жооп берүүгө;

2) төрагалык кылуучу улукка жазуу жүзүндө берилген суроолорду жазык процессинин катышуучуларына берүүгө;

3) заттык далилдерди, документтерди кароого, жерди жана жайларды кароо жүргүзүүгө, далилдерди изилдөө боюнча бардык башка аракеттерге катышууга;

4) төрагалык кылуучудан ишке жана ал үчүн түшүнүксүз башка суроолорго тиешелүү мыйзамдын ченемдерин түшүндүрүп берүүнү өтүнүүгө;

5) сот заседаниесинин учурунда жазуу жүзүндө белгилерди коюуга.

(2) Сот арачылары төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) сот заседаниесинин учурунда тартипти сактоого жана төрагалык кылуучунун мыйзамдуу буйруктарына баш ийүүгө;

2) эгерде тыныгуу жарыяланып же ишти угуу кийинкиге калтырылган болсо, сот заседаниесин улантуу үчүн сот көрсөткөн убакытта келүүгө;

3) ишти угуу учурунда соттун заседание залынан чыгып кетпөөгө;

4) каралып жаткан жазык ишинин жагдайлары боюнча соттун курамына кирбеген адамдар менен сүйлөшпөөгө;

5) ишти териштирүүнүн жүрүшүндө жана сот заседаниесинен тышкары иш боюнча маалыматтарды чогултпоого;

6) сот арачыларынын алдына коюлган суроолор боюнча кеңешүүнүн жана добуш берүүнүн жашыруундулугун бузбоого;

7) сот арачысынын соттун жабык заседаниесинин убагында аларга белгилүү болуп калган маалыматтарды, ошондой эле аларды тандоодо сот арачылары жөнүндө аларга белгилүү болуп калган фактыларды ачыкка чыгарбоого;

8) эгерде каралып жаткан жазык ишинде андай маалыматтар бар болсо, мамлекеттик жашыруун же мыйзам менен корголуучу башка сырдан турган маалыматтарды ачыкка чыгарбоого. Мындай учурда сот арачыларынан ачыкка чыгарбоо жөнүндө кол койдуруп алынат.

(3) Сот арачыларынын ушул статьяда каралган милдеттерди аткарбай коюшу төрагалык кылуучу тарабынан сот арачысын ишти кароого андан ары катышуудан четтетүүгө жана мыйзам менен белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

## 5-Глава
## Процесстин катышуучулары жана жазыктык сот ишине катышкан, мамлекеттин таламдарын билдирген адамдар

### 33-статья. Прокурор

(1) Прокурор жазык куугунтугун өзүнүн кызмат укуктарынын чегинде жүзөгө ашыруучу мамлекеттик кызмат адамы. Прокурор ушул Кодекске ылайык жазык ишин козгоого жана аны толук көлөмдө тергөөгө же аны тергөөнү тергөөчүгө тапшырууга укуктуу. Прокурор айыптоону жазык процессинин бардык стадияларында мамлекеттин атынан колдойт. Сотто жазык ишин кароого катышкан жана айыптоону колдогон прокурор мамлекеттик айыптоочу деп аталат.

(2) Прокурор айыпталуучуга же анын аракеттери үчүн мүлктүк жоопкерчилик тарта турган адамга төмөндөгүлөрдүн:

1) айласыз же көз каранды абалдагы же башка себептер менен өзүнө берилген укуктарынан өз алдынча пайдаланууга жөндөмсүз болгон жабырлануучунун;

2) мамлекеттин таламдарын коргоп, доо коюуга укуктуу.

(3) Жазыктык сот ишинин жүрүшүндө прокурор көз карандысыз жана мыйзамга гана баш ийет. Жогору турган прокурордун жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү ал үчүн милдеттүү болот.

### 34-статья. Жазык иштерин жүргүзүүдө прокурордун ыйгарым укуктары

(1) Жазык иши боюнча иштин жүрүшүндө прокурор:

1) жазык ишин козгоого, тергөөнүн караштуулугуна ылайыктуу аны тергөө үчүн, өзгөчө учурларда, тергөөнүн караштуулугуна карабастан, тергөөчүлөргө тапшырууга, берүүгө;

*КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 13-январындагы Чечимин караңыз*

2) жазык иштерин тергөөнүн мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу.

(2) Жазык иштерин тергөөнүн мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүү менен прокурор төмөндөгүлөргө:

1) жасалган же даярдалып жаткан кылмыштар жөнүндө билдирүүлөрдү кабыл алуу, каттоо жана чечүү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын аткарылышын текшерүүгө;

2) жазык ишин тергөөнү тергөөгө тергөөчүлөрдүн тобуна тапшырууга;

3) тергөөчүгө карата баш тартууну, ошондой эле анын өзүнүн баш тартуусун чечүүгө;

4) эгер алар, ушул Кодекске ылайык прокурордун ыйгарым укуктарына кирсе, ишти териштирүү, жосунду квалификациялоо, процесстик аракеттерди жүргүзүү жөнүндө тергөөчүгө жазуу жүзүндө көрсөтмө берүүгө;

5) көзөмөлдү жүзөгө ашырган прокурордун көрсөтмөлөрүнө макул болбогон тергөөчүнүн ушул Кодексте каралган каршы пикирин карап чыгууга;

6) тергөөчүнүн жана төмөн турган прокурордун мыйзамсыз жана негизсиз токтомдорун жокко чыгарууга, иш боюнча сот ишин токтото туруу, кыскартуу жөнүндө чечим чыгарууга;

7) алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн жана төмөн турган прокурордун чечимине жана аракеттерине даттанууларды чечүүгө;

8) эгерде тергөөчү жана төмөн турган прокурор мыйзамдын бузулушуна жол берсе, каралып жаткан иш боюнча жазыктык сот ишин жүргүзүүгө андан ары катышуудан аларды четтетүүгө;

9) эгерде бул адамдар айыпталуучу катары тартылууга тийиш болсо, аларды жазык куугунтугунун иммунитетинен ажыратуу жөнүндө өтүнүч менен тийиштүү органдарга кайрылууга;

10) сотто айыптоону колдоого;

11) тергөөдөгү мүчүлүштүктөрдү четтетүү жөнүндө көрсөтмө берүү менен жазык ишин тергөөчүгө кайтарып берүүгө;

12) айыпталуучуну жазык куугунтугуна алуудан баш тартууга жана ага коюлган айыптоону өзгөртүүгө;

13) жазык иши боюнча соттук кароо жүрүп жаткандыгына байланыштуу изин суутпай издөө иш-чараларын жүргүзүү тууралуу, ошондой эле соттук заседаниеге чакырылган адамдын катышуусун камсыз кылууда чараларды кабыл алуу боюнча алгачкы текшерүү органына жазуу жүзүндө көрсөтмө берүүгө;

14) жазыктык сот ишине катышкан жабырлануучуну, күбөнү жана башка адамдарды коргоо чараларын колдонуу тууралуу тапшырма берүүгө;

15) ушул Кодекстин 94 жана 95-статьяларынын талаптары бузулуу менен кармалган адамдарды бошотууга;

16) тергөөнүн мөөнөттөрүн узартууга укуктуу;

17) тергөөчүгө камакка алуу же үй камагына алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандап алуу жөнүндө, шек саналуучуну же айыпталуучуну соттук чечимдин негизинде жол берилген камакка алууда кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө соттун алдында өтүнүч кылууга макулдук берүүгө.

18) сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн протоколун бекитүүгө.

(3) Прокурор ошондой эле ушул Кодексте каралган башка ыйгарым укуктарды да жүзөгө ашырат.

(4) Ушул Кодексте каралган тартипте кылмыштар жөнүндө арыздарды, билдирүүлөрдү кармоого жана жазык ишин тергөөгө байланыштуу алгачкы текшерүү жана тергөө органдарына берилген прокурордун көрсөтмөлөрү бул органдар үчүн милдеттүү болуп саналат. Алынган

көрсөтмөлөргө жогору турган прокурорго даттануу бул көрсөтмөлөрдүн аткарылышын токтото тура албайт.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2011-жылдын 9-августундагы N 152, 2014-жылдын 15-январындагы N 11, 2016-жылдын 6-майындагы N 55 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**34-1-статья. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик оргондын кызматкеринин ыйгарым укуктары**

(1) Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери жашы жетелек шектүү (айыпкер) кармалган учурдан тартып ишке катышат.

(2) Ишке катыша баштаган учурдан тартып балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) жашы жетелек шектүүнүн (айыпкердин) пайдасына күбөлөндүрүүчү материалдарды чогултууга;

2) жашы жетелек шектүүнү (айыпкерди), соттолгонду реабилитациялоо боюнча иш-чаралардын планын берүүгө;

3) кылмыш иши боюнча өндүрүштүн бардык стадияларына катышууга;

4) иштин материалдары менен таанышууга, алгачкы тергөө кызматкеринин, тергөөчүнүн, прокурордун, жаза аткаруу мекемесинин чечимдерине, аракеттерине, аракетсиздигине даттанууга жана аларды кароого катышууга.

(3) Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери тарабынан чогултулган материалдар анын өтүнүчү боюнча ишке кошо тиркелет.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**35-статья. Тергөөчү**

(1) Тергөөчү өз кызмат укугунун чектеринде жазык иши боюнча жана сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн иши боюнча тергөө жүргүзүүгө укук берилген мамлекеттик кызмат адамы болуп саналат.

(2) Тергөөчү жазык ишин козгойт, ал боюнча тергөө жүргүзөт жана ушул Кодексте каралган бардык тергөө аракеттерин аткарат.

(3) Мыйзамда соттун чечимин же ушул Мыйзамда белгиленген учурларда прокурордун санкциясын алуу каралгандан башка учурларда, тергөөнүн багыттары жана тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө бардык чечимдерди тергөөчү өз алдынча кабыл алат жана анын мыйзамдуу негизде жана өз учурунда жүргүзүлүшү үчүн толук жоопкерчилик тартат.

(4) Жазык иши боюнча прокурордун чечимине тергөөчү макул болбогон учурда өз каршылыгын жазуу жүзүндө баяндоо менен жогору турган прокурорго кайрылууга укуктуу. Мындай учурда жогору турган прокурор өз токтому менен төмөн турган прокурордун чечимин жокко чыгарууга же тергөө жүргүзүүнү башка тергөөчүгө тапшырууга укуктуу.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**36-статья. Тергөөчүнүн ыйгарым укуктары**

(1) Тергөөчү жазык ишин тергөөдө:

1) шектүүнү, айыпкерди, жабырлануучуну, күбөнү, эксперттти жана адисти суракка алууга, экспертиза дайындоого, карап чыгуу, тинтүү, чыгарып алуу жана башка тергөө аракеттерин ушул Кодекстин талаптарына ылайык жүргүзүүгө;

2) жабырлануучунун тарткан зыянынын ордун толтурууга карата чара көрүүгө;

3) окуя жана ага тиешеси бар адамдар жөнүндө маалыматтарды камтыган документтерди, материалдарды талап кылууга;

4) ревизия, инвентаризация, ведомстволук экспертиза, башка текшерүү аракеттерин жүргүзүүнү талап кылууга;

5) тергелип жаткан ишке байланыштуу кылмыштын бетин ачуу, жоголгон адамдарды жана мүлктү табуу боюнча изин суутпай издөө аракеттеринин жүргүзүлүшү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматтарды алгачкы текшерүү органынан алууга;

6) жазык ишине байланыштуу изин суутпай издөө иш-чараларын жүргүзүү тууралу алгачкы текшерүү органына ал үчүн милдеттүү болгон жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды берүүгө;

7) алгачкы текшерүү органына кармоо, алып келүү, камакка алуу, башка процесстик аракеттерди жүргүзүү жөнүндө токтомдун аткарылышын тапшырууга, ошондой эле тергөө жана башка процесстик аракеттерди ишке ашырууда өзүнүн биринчи талабы боюнча алгачкы текшерүү органынан көмөк алууга;

8) алгачкы текшерүү органына жазык сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөргө. жабырлануучуга жана башка катышуучуларга карата коопсуздукту камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашырууну тапшырууга;

9) алгачкы текшерүү органына айрым тергөө аракеттерин жүргүзүүнү тапшырууга;

10) тилмечтерди, адистерди, эксперттерди бөлүүнү талап кылууга;

11) кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоого;

12) жактоочунун жазык иш боюнча өндүрүшкө катышуусун камсыз кылууга, ал эми мамлекеттин эсебинен юридикалык жардам алууга укугу бар адамдарга карата мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам берүүгө жоопту ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынан жактоочуну дайындоону талап кылууга;

13) адамды айыпкер катары тартуу жөнүндө токтом чыгарууга, күнөө коюуга;

14) жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер деп таап жана алардын өкүлдөрүнө жазык ишинин жүрүшүнө катышууга жол берүүгө;

15) тилмечке, адиске, экспертке билдирилген баш тартууга уруксат берүүгө;

16) жазык иши боюнча тергөө ишин жүргүзүүгө байланыштуу өтүнүчтөрдү чечүүгө;

17) өз кызмат укугунун чектеринде даттануулорды чечүүгө;

18) бөгөт коюу чараларын тандап алуу, өзгөртүү, жокко чыгаруу жөнүндө жана процесстик мажбурлоо мүнөзүндөгү, эгерде ушул Кодексте прокурордун санкциясы же соттун чечими талап кылынбаса, башка чараларды колдонуу тууралу токтом чыгарууга;

19) жазык иши боюнча тергөөнү токтото туруу, кыскартуу жөнүндө токтом чыгарууга;

19-1) ушул Кодекстин 45-1-главасында каралган тартипте сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга;

20) прокурордун көрсөтмөлөрүн аткарууга;

21) ушул Кодексте каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга укуктуу.

(2) Жазык иши боюнча тергөөчүнүн токтому жарандар, уюмдардын жетекчилери тарабынан милдеттүү түрдө аткарылат. Тергөөчүнүн токтомун аткарбай коюу мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартууга алып келет.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 14-июлундагы N 143, 2009-жылдын 17-июлундагы N 231, 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**37-статья. Тергөө кичи бөлүмүнүн жетекчисинин ыйгарым укуктары**

(1) Тергөө кичи бөлүмүнүн жетекчиси тергөө жүргүзүүнү тергөөчүгө тапшырат, өзүн кароосунда турган жазык иштери боюнча тергөөчүлөрдүн аракеттеринин өз учурунда жасалышына, тергөөчүлөр тарабынан тергөө жана камакта кармоо мөөнөттөрүнүн сакталышына, прокурордун көрсөтмөлөрүнүн, ушул Кодексте белгиленген учурларда башка тергөөчүлөрдүн тапшырмаларынын аткарылышына контролдук жүргүзөт; иштер боюнча көрсөтмө берет, ишти бир тергөөчүдөн башкасына берет, тергөө жүргүзүүнү бир нече тергөөчүгө тапшырат. Тергөө кичи бөлүмүнүн жетекчиси тергөөчүнүн ыйгарым укугунан пайдаланып, тергөөчүнүн кароосунда турган иш боюнча тергөөгө катышууга, ал эми бөлүмдүн, бөлүкчөнүн башчысы жана алардын орун басарлары жеке өздөрү тергөө жүргүзүүгө укуктуу.

(2) Тергөө кичи бөлүмүнүн жетекчисинин жазык иши боюнча көрсөтмөлөрү тергөөчүнүн ушул Кодекстин 36-статьясында белгиленген өз алдынчалыгын, анын укуктарын чектей албайт. Тергөөчүгө көрсөтмө жазуу жүзүндө берилет жана милдеттүү түрдө аткарылат, бирок ал макул болбогон учурда прокурорго даттанылышы мүмкүн.

*(КР 2001-жылдын 29-июнунундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**38-статья. Алгачкы текшерүү органы**

(1) Төмөндөгүлөр:

1) ички иштер органдары;

2) түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун зардалдары бул мекемелердин кызматкерлери тарабынан өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарышына байланыштуу болгон кылмыштары жөнүндөгү иштер боюнча, ошого тете көрсөтүлгөн бөлүктөрдүн аймагында жасалган кылмыштары жөнүндөгү иштер боюнча;

3) аскер бөлүктөрүнүн, бирикмелердин командирлери жана аскер мекемелеринин зардалдары;

4) улуттук коопсуздук органдары;

5) Кыргыз Республикасынын баңгизаттарды контролдоо боюнча органы;

6) чек ара бөлүктөрүнүн командирлери;

7) геологиялык чалгындоо партияларынын, экспедициялардын зардалдары жана алыскы жерлердеги кыштоолордун зардалдары;

8) бажы органдары;

9) каржы полициясынын органдары алгачкы текшерүү органдарына;

10) Мамлекеттик өрткө каршы кызмат органдары кирет.

(2) Алгачкы текшерүү органы өз кызмат укугунун чектеринде:

1) жасалган кылмыш жөнүндө арыздардын, билдирүүлөрдүн катталышын камсыз кылат;

2) окуянын издеринин сакталышына карата чараларды көрөт;

3) кылмыштарга бөгөт коюу, ошондой эле аны жасаган адамдарды табуу үчүн изин суутпай издөө чараларын көрөт;

4) өз кызмат укугунун чектеринде иштеп жаткан прокурорго жана тергөөчүгө алар талап кылган маалыматтарды жана материалдарды берет;

5) прокурордун жана тергөөчүнүн тапшырмаларынын, анын ичинде айрым тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө жана жабырлануучуларды, күбөлөрдү, жана жазыктык сот ишин жүргүзүүгө катышкан башка адамдарды коргоо чараларын колдонуу жөнүндө тапшырмалардын аткарылышын уюштурат, ошондой эле аларды колдонуу жөнүндө чечим кабыл алат;

6) соттун тапшырмаларын аткарат;

7) камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чараларын кошпогондо, тергөөчү, прокурор, сот тарабынан айыпкерге карата тандап алынган бөгөт коюу чарасынын сакталышына контролду жүзөгө ашырат.

8) ушул Кодексте каралган тартипте сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга кызмат адамына ыйгарым укук берет.

*(КР 2001-жылдын 4-августундагы N 81, 2002-жылдын 20-мартындагы N 41, 2003-жылдын 14-ноябрындагы N 221, 2004-жылдын 28-мартындагы N 52, 2005-жылдын 22-июлундагы N 112, 2008-жылдын 14-июлундагы N 143, 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 6-Глава
## Процесске өзүнүн же өзү өкүлү болгон башкалардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоп катышкандар

**39-статья. Шектүү**

(1) Төмөндөгүлөр:

1) өзүнө карата жазык иши козголгон адам;

2) өзүнө карата бөгөт коюу чаралары тандалып алынганга чейин кылмыш жасады деген шектенүү боюнча кармалган адам шектүү деп эсептелет.

(2) Тергөө органы кармалган адамды шектүү катары кырк сегиз сааттан ашык кармап турууга укугу жок. Көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин тергөө органы шектүүнү камактан бошотууга же айып коюуга жана бөгөт коюу чарасын тандап алууга милдеттүү.

Айыпталуучуга карата кайтарууда кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы зарыл болгондо прокурордун макулдугу менен тергөөчү ушул Кодексте белгиленген тартипте сотко өтүнүч менен кайрылат.

(3) Тергөө органы кармалган адамдын жакын туугандарына анын камакка алынган убактысы жана орду жөнүндө кабарлоого милдеттүү.

(4) Тергөө органы жазык ишин кыскартуу же аны айыпкер катары тартуу жөнүндө токтом чыгарган учурдан тартып, адам шектүүнүн абалында болуудан калат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**40-статья. Шектүүнүн укуктары жана милдеттери**

(1) Шектүү:

1) өзүнө кандай шек коюлуп жаткандыгын билүүгө;

2) өзүнө каршы жазык ишин козгоо жөнүндө токтомдун же кармоо протоколунун көчүрмөлөрүн алууга;

3) өзүнүн укуктары жөнүндө жазуу жүзүндө түшүнүк алууга;

4) биринчи сурак жүргүзүлгөн учурдан тартып, ал эми кармалганда - аны алгачкы текшерүү органына иш жүзүндө жеткирген учурдан тартып жактоочу алууга;

5) көрсөтүү берүүгө, же көрсөтүү берүүдөн баш тартууга;

6) көрсөтүүнү эне тилинде же өзү билген тилде берүүгө;

7) тилмечтин кызматынан пайдаланууга;

8) далилдерди келтирүүгө;

9) өтүнүч жана баш тартуу билдирүүгө;

10) өзүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин протоколу менен таанышууга жана пикирлерин айтууга укуктуу, бул пикирлер протоколго жазылып калат;

11) тергөөчүнүн уруксаты менен өзүнүн өтүнүчү же жактоочунун, же мыйзамдуу өкүлдүн өтүнүчү боюнча жүргүзүлүүчү тергөө аракеттерине катышууга;

12) алгачкы текшерүү органдарынын кызматкеринин аракетине, тергөөчүнүн, прокурордун аракетине жана чечимине даттанууга укуктуу.

(2) Шектүү:

1) ишти тергөөнү жүргүзгөн органдын чакыруусу боюнча келүүгө;

2) тергөөчүнүн, прокурордун тескөөсүнө баш ийүүгө милдеттүү.

(3) Шектүү ишти тергөөнү жүргүзүп жаткан органдын талабы боюнча:

1) текшерилиши, ошондой эле жеке тинтүүгө алынышы;

2) врачтык текшерүүдөн өткөрүлүшү, дактилоскопиядан өтүүгө, сүрөткө жана башкаларга тартып алууга, биологиялык заттардын (кандын, адамдын организминен чыгуучу заттардын) үлгүсүн алууга мүмкүнчүлүк бериши;

3) күбөлөндүрүүдөн өтүшү;

4) экспертизадан өтүшү мүмкүн.

(4) Шектүү ошондой эле ушул Кодексте каралган башка укуктарга да ээ жана башкаларга милдеттүү болот.

(5) Шектүүнү убактылуу бөлөк кармоочу жайга ар бир жолку жеткирүүдө, ошондой эле анын өзүнөн, анын жактоочусунан, жакындарынан ага карата алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын кызматкерлери тарабынан зомбулук жасалгандыгы туурасында даттануу түшкөн учурда, ал тиешелүү документти түзүү менен милдеттүү түрдө медициналык кароодон (күбөлөндүрүүдөн) өткөрүлүүгө тийиш. Медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү милдети убактылуу бөлөк кармоочу жайдын администрациясына жүктөлөт.

**41-статья. Айыпкер, соттолуучу, соттолгон адам**

(1) Ушул Кодексте белгиленген тартипте айыпкер катары тартуу жөнүндө өзүнө карата токтом чыгарылган же сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө жазуу жүзүндө макулдук берилген адам айыпкер деп эсептелет.

(2) Өзүнө карата иш соттук кароого алынган айыпкер соттолуучу деп, өзүнө карата өкүм чыгарылган соттолуучу соттолгон адам деп аталат.

*(КР 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**42-статья. Айыпкердин, соттолуучунун, соттолгон адамдын (акталган адамдын) укуктары жана милдеттери**

(1) Айыпкер:

1) өзүн айыпкер катары тартуу, экспертизаларды дайындоо жөнүндө токтомдордун, айыптоо корутундусунун көчүрмөлөрүн жана сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн протоколунун көчүрмөсүн алууга;

2) өзүнө коюлуп жаткан күнөө боюнча көрсөтүү берүүгө же көрсөтүү берүүдөн баш тартууга;

3) далил келтирүүгө;

4) өтүнүч жана баш тартуу билдирүүгө;

5) өз эне тилинде же өзү билген тилде көрсөтүү берүүгө;

6) тилмечтин, ошондой эле жактоочуну, анын ичинде камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандап алуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүн соттун кароосунда кызматынан пайдаланууга;

7) өзүнүн өтүнүчү же жактоочунун өтүнүчү боюнча жүргүзүлүүчү тергөө аракеттерине катышууга;

8) эксперттин корутундусу менен таанышууга;

9) өзүнүн жактоочусу менен аңгемелешүүнүн санына жана узактыгына чек койбостон жекеме-жеке жана тоскоолдуксуз сүйлөшүүгө;

10) тергөө бүткөндөн кийин иштин бардык материалдары менен таанышууга жана андан зарыл маалыматтарды көчүрүп алууга;

11) алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттерине, тергөөчүнүн, прокурордун аракеттерине жана чечимдерине даттанууга укуктуу;

12) айыпталуучу өмүр бою эркинен ажыратуу жаза түрүндө каралган кылмыш жасаганда жазык ишин соттун сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндө өтүнүч менен кайрылууга;

13) сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө жазуу жүзүндө макулдук берүүгө укуктуу.

(2) Соттолуучу ишти соттук териштирүүгө катышууга, тараптардын бардык укуктарынан, соңку сөзүн айтуу, соттун аракетине жана чечимине даттануу укугунан пайдаланууга укуктуу.

Соттолуучу анын жазык иши ушул Кодексте соттуулугу тийиштүү болгон сотто жана ошол судья тарабынан каралуу укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес.

(3) Айыпкер:

1) тергөө жүргүзүп жаткан органдын чакыруусу боюнча келүүгө;

2) камакка алынган учурда жеке тинтүүгө алынууга;

3) врачтык кароодон, дактилоскопиядан өтүүгө, сүрөткө жана башкаларга тартып алууга, күбөлөндүрүүдөн, экспертизадан өтүүгө, биологиялык заттардын (кандын, адамдын организминен чыгуучу заттардын) үлгүсүн берүүгө;

4) тергөөчүнүн, прокурордун буйруктарына баш ийүүгө милдеттүү.

(4) Соттолуучу:

1) сотко чакыруу боюнча келүүгө;

2) сотто төрагалык кылуучунун буйруктарына баш ийүүгө;

3) сотто төрагалык кылуучунун уруксатысыз сот заседаниесинин залынан чыгып кетпөөгө;

4) сот заседаниесинде тартипти сактоого милдеттүү.

(5) Айыпкер, соттолуучу ушул Кодексте каралган башка укуктарга да ээ жана башка милдеттерди да аткарат.

(6) Ушул Кодексте каралган тартипте жашы жетпеген өспүрүмдүн же талаптарды аткарууга жөндөмсүз болгон айыпкердин, соттолуучунун укуктарын анын мыйзамдуу өкүлү ишке ашырат.

(7) Шектүү убактылуу бөлөк кармоочу жайга же тергөөнүн бөлөк кармоочу жайына жеткирилген ар бир жолу, ошондой эле анын өзүнөн, анын жактоочусунан, жакындарынан ага карата алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын кызматкерлери тарабынан зомбулук жасалгандыгы туурасында даттануу түшкөн учурда, ал тийиштүү документти түзүү менен милдеттүү түрдө медициналык кароодон (күбөлөндүрүүдөн) өткөрүлүүгө тийиш. Медициналык күбөлөндүрүүнү жүргүзүү милдети убактылуу бөлөк кармоо жайынын же тергөөнүн бөлөк кармоочу жайынын администрациясына жүктөлөт.

(8) Соттолгон же акталган адам төмөндөгүлөргө:

1) сот заседаниесинин протоколу менен таанышууга жана ага карата пикирлерин айтууга;

2) соттун чечимдеринин көчүрмөлөрүн алууга жана аларга даттанууга;

3) иш боюнча түшкөн даттануулар жана сунуштар жөнүндө билүүгө жана аларга каршылык билдирүүгө;

4) даттануулардын жана сунуштардын сотто каралышына катышууга укуктуу.

*(КР 2004-жылдын 24-мартындагы N 47, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234, 2014-жылдын 15-январындагы N 11, 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**43-статья. Жашы жете элек шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун мыйзамдуу өкүлдөрү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери**

(1) Жашы жете электер жасаган кылмыштар жөнүндөгү иштер боюнча ишке милдеттүү катышуу үчүн алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, ошондой эле балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери тартылат.

(2) Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлеринин, ошондой эле жашы жете элек шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун мыйзамдуу өкүлдөрүнүн ишке катышуусу ушул Кодекстин 44-главасында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**44-статья. Жактоочу**

(1) Жактоочу - жазык иши боюнча шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун, күбөнүн укуктарын жана таламдарын коргоочу жана аларга юридикалык жардам көрсөтүүчү адам.

(2) Адвокаттар тергөөгө жактоочу катары катышат. Соттолуучунун жакын туугандарына, мыйзамдуу өкүлдөрүнө жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерине да сотто жактоочу катары катышууга жол берилиши мүмкүн.

(3) Жактоочу ишке шектүү (айыпкер), күбө биринчи суракка алынган учурдан же шектүү (айыпкер) иш жүзүндө кармалган учурдан", ал эми сотко чейинки тездетилген өндүрүш иши боюнча - сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө кылмыш жасаган адам жазуу жүзүндө макулдук берген учурдан тартып катышат.

(4) Эгерде шектүү же айыпкер тандап алган жактоочу алар иш жүзүндө кармалган же камакка алынган учурдан тартып жыйырма төрт сааттын ичинде келе албаса, тергөөчү шектүүгө же айыпкерге башка жактоочуну чакырууну сунуш кылууга укуктуу, же адвокаттардын кесиптик уюму аркылуу жактоочу дайындоого карата чара көрөт.

(5) Эгерде шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун, күбөнүн биринин кызыкчылыктары экинчисинин кызыкчылыктарына каршы келсе, бир эле адам алардын экөөнүн тең жактоочусу боло албайт.

*(КР 2003-жылдын 13-мартындагыN 61, 2012-жылдын 16-июлундагыN 114, 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**45-статья. Жактоочуну чакыруу, дайындоо, алмаштыруу, анын эмгегине акы төлөп берүү**

(1) Жактоочу шектүү, айыпкер, соттолуучу, күбө, алардын мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан, ошондой эле шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун, күбөнүн тапшыруусу же макулдугу боюнча башка адамдар тарабынан чакырылат.

(2) Жазык иш боюнча өндүрүшкө жактоочунун катышуусуна шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун укугу тергөөчү, сот тарабынан камсыз кылынат.

(3) Мамлекеттин эсебинен юридикалык жардам алууга укугу бар адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жактоочу тарабынан камсыз кылынат. Мамлекеттин эсебинен юридикалык жардам көрсөткөн адвокаттын эмгегине акы төлөп берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

(4) Тандалган же дайындалган жактоочунун катышуусу мүмкүн болбогон учурларда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тергөөчү, сот шектүүгө, айыпкерге, соттолуучуга, күбөгө башка жактоочуну чакырууну сунуш кылууга же дайындоого укуктуу.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 231 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**46-статья. Жактоочунун катышуусунун милдеттүүлүгү**

Төмөндөгү учурларда:

*1) (КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 231 Мыйзамына ылайык алынып салынды)*

2) шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун сүйлөө, угуу, көрүү органдарында олуттуу кемчилик болгондуктан, узакка созулган катуу оорудан, ошондой эле акыл-эстин кемчилдигинен, кем акылдыктан башка саламаттыгынын же психикалык мүчүлүштөрүнөн улам өзүнүн актоо укугун өз алдынча ишке ашыруу оор болгон учурда;

3) шектүү, айыпкер, соттолуучу жазыктык сот өндүрүшүнүн тилин билбесе же чала билсе;

4) шектүү, айыпкер, соттолуучу жашы жете элек өспүрүм болсо;

5) адамга өзгөчө оор кылмыш жасады деген шектенүү же күнөө коюлуп жатса;

6) шектүү, айыпкер, соттолуучу мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчысы болсо;

7) шек саналгандардын, айыпталгандардын же соттолуучунун кызыкчылыктарынын ортосунда карама-каршылык болсо, алардын биринин эле жактоочусу болсо;

8) жазык иши боюнча сот ишине жабырлануучунун (жеке айыптоочунун) же жарандык доогердин өкүлү катышып жатса, жазык ишин кароого жактоочунун катышуусу милдеттүү;

9) жазык иши сот арачыларынын катышуусу менен сот тарабынан каралууга тийиш.

Камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандап алуу жөнүндө соттун тергөөчүнүн өтүнүчүн кароосунда да жактоочунун катышуусу милдеттүү. Бул шарт айыпкерди камакта кармоонун мөөнөттөрүн узартуу процедурасына да жайылтылат.

*(КР 2004-жылдын 24-мартындагы N 47, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2009-жылдын 17-июлундагы N 231, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**47-статья. Жактоочудан баш тартуу**

(1) Шектүү, айыпкер, соттолуучу жактоочудан баш тартууга укуктуу. Мындай баш тартууга шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун өзүнүн демилгеси боюнча гана жол берилет жана ишке прокурордун, ошого тете башка шектүүлөрдүн, айыпкерлердин, соттолуучулардын жактоочуларынын катышуусуна тоскоолдук кылбайт.

(2) Жактоочудан баш тартуу жактоочунун катышуусунда ишке ашырылат.

(3) Жактоочудан баш тартканда актоо иши шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун өзү тарабынан ишке ашырылат.

(4) Ушул Кодекстин 46-статьясынын 2-5, 9-пункттарында каралган учурларда шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жактоочудан баш тартуусу тергөөчү, сот үчүн милдеттүү болуп саналбайт.

(5) Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жактоочусун ишке катышуудан бошотуу тергөөчүнүн, судьянын токтому, соттун аныктамасы менен жол-жоболоштурулат.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 231, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**48-статья. Жактоочунун укуктары жана милдеттери**

(1) Юридикалык жардам көрсөтүү менен адвокат сот ишинин жүрүшүнө тараптардын далил тартыштык жана тең укуктуулук башталыштарынын негизинде жактоочу же башка өкүл катары катышат.

(2) Жактоочу шектүүнүн, айыпкердин соттолуучунун жоопкерчилигин жеңилдетүүчү далилдерди табуу жана сунуш кылуу максатында мыйзамда көрсөтүлгөн бардык коргоо каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланууга жана аларга зарыл болгон юридикалык жардамды көрсөтүүгө тийиш.

(3) Ишке катышкан учурдан тартып жактоочу:

1) шектүүгө, айыпкерге, соттолуучуга, күбөгө, пайда келтире турган материалдарды жеке өзү же жекече детективди пайдалануу менен жыйноого;

2) күбөлөрдөн жазуу жүзүндө арыз жана түшүнүк алууга, окуя болгон жерди карап чыгуунун жекече протоколдорун түзүүгө;

3) тергөөдө жана сотто далил келтирүүгө;

4) айып коюлтан учурда ага катышууга;

5) шектүүнү, айыпкерди, күбөнү, соттолуучуну суракка алууга, ошондой эле алардын катышуусу менен же алардын өтүнүчү боюнча жүргүзүлүүчү башка тергөө аракеттерине жана адвокаттын өзүнүн өтүнүчү боюнча жүргүзүлүүчү тергөө аракеттерине катышууга;

6) шектүү, айыпкер, соттолуучу менен санына жана узактыгына чек койбостон жекеме-жеке жолугушууга;

7) кармоо протоколу, бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө токтом, шектүүнүн, айыпкердин же жактоочунун өзүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин протоколдору, шектүүгө, айыпкерге, соттолуучуга берилген же берилүүгө тийиш болгон документтер менен, ал эми тергөө бүткөндөн кийин - иштин бардык материалдары менен таанышууга;

8) иштин материалдарынан көчүрмө алууга, алардан керек болгон маалыматтарды жазып алууга;

9) өтүнүч билдирүүгө;

10) сотко катышууга;

11) баш тартуу билдирүүгө;

12) алгачкы текшерүү органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун аракеттерине жана чечимдерине даттанууга жана алардын каралышына катышууга;

13) актоонун мыйзамга каршы келбеген башка ар кандай каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланууга укуктуу.

(4) Тергөө аракеттерин жүргүзүү учурунда катышкан жактоочу тергөөчүнүн уруксаты менен суракка алынып жаткан адамдарга суроо берүүгө укуктуу. Тергөөчү жактоочунун суроолорун четке кагышы мүмкүн, бирок ал суроолорду протоколго түшүрүүгө милдеттүү. Тергөө аракетинин протоколундагы жазуулардын тууралыгына жана толуктугуна байланыштуу жактоочу өзүнүн жазуу жүзүндөгү сын-пикирлерин киргизүүгө укуктуу.

(5) Адвокат шектүүнү, айыпкерди, соттолуучуну актайм деген өз убадасынан баш тартууга укуксуз.

(6) Жактоочу өзү коргоп жаткан адамдын кызыкчылыгына каршы кандайдыр-бир аракеттерди жасоого, актоого жана башка юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу өзүнө айтылган маалыматтарды ачыкка чыгарууга укуксуз.

(7) Жактоочу жыйнаган материалдар анын талабы боюнча ишке милдеттүү түрдө тиркелет. Бул материалдар ушул Кодекстин талаптарына ылайык тергөөчү, прокурор, сот тарабынан изилденип, баа берүүгө тийиш.

*(КР 2003-жылдын 13-мартындагы N 61 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**49-статья. Жабырлануучу**

Кылмыштан улам моралдык, денесине же мүлкүнө зыян келтирилген адам жабырлануучу деп табылат. Жабырлануучу деп табуу жөнүндө тергөөчү жана судья токтом чыгарат. Жабырлануучу деп табуу жөнүндө чечим зыян келтирген кылмыш окуясы аныкталгандан кийин кабыл алынат жана анын жашына, психикалык же саламаттык абалына байланыштуу эмес.

**50-статья. Жабырлануучунун укуктары жана милдеттери**

(1) Жабырлануучу:

1) айыпкерге коюлган күнөөнүн маңызын билүүгө;

2) көрсөтүү берүүгө;

3) далил келтирүүгө;

4) өтүнүч жана баш тартуу билдирүүгө;

5) өз эне тилинде же өзү билген тилде көрсөтүү берүүгө;

6) тилмечтин кызматынан пайдаланууга;

7) өзүнүн өкүлүнө ээ болууга;

8) өзүнүн өтүнүчү боюнча же өз өкүлүнүн өтүнүчү боюнча жүргүзүлүүчү тергөө аракеттерине катышууга;

9) өзүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин протоколдору менен таанышууга жана аларга карата пикирин билдирүүгө;

10) тергөө бүткөндөн кийин иштин бардык материалдары менен таанышууга жана андан зарыл маалыматтарды көчүрүп алууга;

11) жазык ишин козгоо, жабырлануучу деп табуу же андан баш тартуу, жазык куугунтугун токтотуу жөнүндө токтомдордун көчүрмөлөрүн, айыпкер катары ишине тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн, ошондой эле соттун чечимдеринин көчүрмөсүн алууга;

12) сотко катышууга;

13) соттогу талаш-тартыштарда чыгып сүйлөөгө, айыптоону колдоого;

14) сот заседаниесинин протоколу менен таанышууга жана ага карата пикирлерин билдирүүгө;

15) алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттерине, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун аракеттерине жана чечимдерине даттанууга;

16) соттун чечимдерине даттанууга;

17) иш боюнча берилген даттануулар, сунуштар жөнүндө билүүгө жана аларга каршылык билдирүүгө;

18) даттануулар менен өтүнүчтөрдү сотто кароого катышууга;

19) ушул Кодексте жол берилген учурларда айыпкер менен жарашууга;

20) кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын ордун мамлекеттин эсебинен толтуруп алууга;

21) заттык далил катары же башка негиздер боюнча жазык процессин жүргүзүп жаткан орган кылмыш жасаган адамдан алып койгон мүлкүн, өзүнө таандык болгон расмий документтердин түп нускасын кайта алууга;

22) соттолгон адамдан кылмыштын айынан келтирилген моралдык зыяндын ордун толтурууну талап кылууга укуктуу.

(2) Жабырлануучу:

1) тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун чакыруусу боюнча келүүгө;

2) көрсөтүү берүүгө, иш боюнча өзүнө белгилүү болгон бардык маалыматтарды туура айтып берүүгө;

3) өзүндөгү буюмдарды, документтерди, салыштырып изилдөө үчүн үлгүлөрдү берүүгө;

4) тергөөчүнүн, прокурордун, соттун талабы боюнча күбөлөндүрүүдөн өтүүгө;

5) иш боюнча өзүнө белгилүү жагдайлар туурасында маалыматтарды ачыкка чыгарбоого;

6) тергөөчүнүн, прокурордун, соттун буйругуна баш ийүүгө;

7) сот заседаниесинде тартипти сактоого милдеттүү.

(3) Чакырган учурда жабырлануучу жүйөлүү себепсиз келбесе, ушул Кодекстин 120, 121-статьяларында каралган тартипте мажбурлоо жолу менен келтирилиши жана эсептик көрсөткүчтөрдүн эки өлчөмүнө чейин акчалай айып тартышы мүмкүн.

(4) Көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыгы жана атайылап жалган көрсөтмө бергендиги үчүн жабырлануучу Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 330, 331-статьялары боюнча жоопкерчилик тартат.

(5) Кылмыштардын кесепетинен жабырлануучу өлүмгө учураган иштер боюнча ушул статьяда каралган укуктарды анын жакын туугандары жүзөгө ашырат.

**51-статья. Жеке айыптоочу**

(1) Жеке айыптоо иши боюнча сотко даттанган жана сотто айыптоону колдогон адам, ошондой эле мамлекеттик айыптоочу айыптоодон баш тарткан учурда, ачык жана жекече-ачык айыптоо иштери боюнча айыптоону сотто өз алдынча колдогон адам жеке айыптоочу болуп саналат.

(2) Жеке айыптоочуга ушул Кодекстин 258-статьясында каралган укуктар берилет.

**52-статья. Жарандык доогер**

(1) Кылмыштан мүлктүк зыян тарткан жана анын ордун толтурууну талап кылган жеке же юридикалык жак жарандык доогер деп табылат. Жарандык доо моралдык зыяндын ордун толтуруу үчүн да коюлушу мүмкүн. Жарандык доогер деп табуу жөнүндө тергөөчү жана судья токтом чыгарат.

(2) Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн, ошондой эле белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдардын кызыкчылыгын коргоо үчүн жарандык доо алардын мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан коюлушу мүмкүн.

**53-статья. Жарандык доогердин укуктары жана милдеттери**

(1) Жарандык доогер:

1) жарандык доону колдоого;

2) далил келтирүүгө;

3) коюлган доо боюнча түшүндүрмө берүүгө;

4) өтүнүч жана баш тартуу билдирүүгө;

5) көрсөтүүнү өз эне тилинде же өзү билген тилде берүүгө;

6) тилмечтин кызматынан пайдаланууга;

7) өзүнүн өкүлүнө ээ болууга;

8) өз өтүнүчү же өз өкүлүнүн өтүнүчү боюнча жүргүзүлгөн тергөө аракеттерине катышууга;

9) өзүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин протоколдору менен таанышууга;

10) тергөө аяктагандан кийин жарандык доого тиешелүү болгон иштин материалдары менен таанышууга жана андан зарыл маалыматтарды көчүрүп алууга;

11) өз таламдарын коргогон, кабыл алынган чечимдер жөнүндө билүүгө жана коюлган жарандык доого тиешеси бар процесстик чечимдердин көчүрмөлөрүн алууга;

12) сотко катышууга;

13) тараптардын талаш-тартыштарында чыгып сүйлөөгө;

14) сот заседаниесинин протоколу менен таанышууга жана ага карата пикирлерин айтууга;

15) алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттерине, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун аракеттерине жана чечимдерине даттанууга;

16) соттун жарандык доого тиешелүү болгон чечимдерине даттанууга;

17) иш боюнча түшкөн даттануулар жана өтүнүчтөр жөнүндө билүүгө жана аларга каршылык билдирүүгө;

18) түшкөн даттанууларды жана өтүнүчтөрдү соттук кароого катышууга, алгачкы текшерүү, тергөө жана өзү койгон доону камсыз кылуу чараларын көрүү жөнүндө сот органынан өтүнүүгө;

19) жазык иши боюнча жүргүзүлүп жаткан иштин ар кандай учурунда доодон баш тартууга укуктуу.

(2) Жарандык доогер:

1) тергөөчүнүн жана соттун чакыруусу боюнча келүүгө;

2) жарандык жоопкерлердин санына жараша доо арыздарынын көчүрмөлөрүн сотко берүүгө;

3) жазык процессин жүргүзүп жаткан органдын талабы боюнча өзүндөгү буюмдарды, документтерди, ошондой эле салыштырып изилдөө үчүн үлгүлөрдү берүүгө;

4) тергөөчүнүн, прокурордун, соттун буйругуна баш ийүүгө милдеттүү.

(3) Жарандык доогер күбө катары чакырылышы мүмкүн.

(4) Жарандык доогер ошондой эле башка укуктарга да ээ жана ушул Кодексте каралган башка милдеттерди да аткарат.

(5) Жарандык доогер өзүнө таандык болгон укуктардан пайдаланат жана өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жеке өзү же өкүлү аркылуу аткарат. Жашы жетпеген же аракетке жөндөмсүз жарандык доогердин укуктарын ушул Кодексте каралган тартипте анын мыйзамдуу өкүлү ишке ашырат.

**54-статья. Жабырлануучунун, жарандык доогердин өкүлдөрү**

(1) Жазык ишин жүргүзүүдө жабырлануучунун, жарандык доогердин мыйзамдуу таламдарын билдирүүгө мыйзамдын күчү менен укук берилген адвокаттар, жакын туугандары жана башка адамдар жабырлануучунун, жарандык доогердин өкүлдөрү деп табылат.

(2) Жашы жетпеген же өзүнүн дене-боюнун же психикасынын абалы боюнча өз укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын өз алдынча коргой албаган жабырлануучунун, жарандык доогердин укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоо үчүн алардын мыйзамдуу өкүлдөрү ишке катышууга милдеттүү түрдө тартылат.

(3) Мыйзамдуу өкүлдөр жана жабырлануучунун, жарандык доогердин өкүлдөрү жабырлануучунун жана жарандык доогердин өздөрүндөй эле процесстик укуктарга жана милдеттерге ээ.

(4) Жабырлануучунун, жарандык доогердин ишке жеке катышуусу, аларды бул иш боюнча өзүнүн өкүлүнө ээ болуу укугунан ажыратпайт.

**55-статья. Жарандык жоопкер**

Акыл-эси соо эмес адамдын кылмышы же Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тыюу салынган жосуну менен келтирилген зыян үчүн мыйзамга ылайык мүлктүк жоопкерчилик тартуучу жеке же юридикалык жак жарандык жоопкер деп табылат. Жакты жарандык жоопкер катары тартуу жөнүндө тергөөчү жана судья токтом чыгарат.

**56-статья. Жарандык жоопкердин укуктары жана милдеттери**

(1) Жарандык жоопкер:

1) айыптоонун жана жарандык доонун маңызын билүүгө;

2) доого каршылык билдирүүгө;

3) жазык процессин жүргүзүп жаткан органдан өзүнүн укуктарын жана таламдарына тиешеси бар чечимдерди кабыл алуу туурасында сурап-билүүгө, ал эми өзүнүн өтүнүчү боюнча - бул чечимдердин көчүрмөлөрүн, айыпкер катары тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн, ошондой эле соттук чечимдердин көчүрмөсүн да алууга;

4) коюлган доонун маңызы боюнча түшүнүк, көрсөтүү берүүгө;

5) өзүнүн өкүлүнө ээ болууга;

6) далилдерди келтирүүгө;

7) өтүнүч жана баш тартуу билдирүүгө;

8) тергөө бүткөндөн кийин жарандык доого тиешеси бар иштин материалдары менен таанышууга жана зарыл маалыматтарды көчүрүп алууга;

9) сотко катышууга;

10) тараптардын талаш-тартыштарында чыгып сүйлөөгө, жарыш сөзгө чыгууга, алгачкы текшерүү органдарынын кызматкеринин аракетине, тергөөчүнүн, прокурордун, соттун аракеттерине жана чечимдерине даттанууга;

11) сот заседаниесинин протоколу менен таанышууга жана ага карата пикирин билдирүүгө;

12) соттун чечимдеринин жарандык доого тиешелүү бөлүгүнө даттанууга;

13) иш боюнча түшкөн өтүнүчтөр жана даттануулар жөнүндө билүүгө жана ага каршылык билдирүүгө;

14) даттанууларды жана өтүнүчтөрдү сотто кароого катышууга укуктуу.

(2) Жарандык жоопкер:

1) жазык процессин жүргүзгөн органдын чакыруусу боюнча келүүгө;

2) өзүндөгү буюмдарды, документтерди, ошондой эле жазык процессин жүргүзүп жаткан органдын талабы боюнча салыштырып изилдөө жүргүзүү үчүн үлгүлөрдү берүүгө;

3) тергөөчүнүн, соттун буйругуна баш ийүүгө милдеттүү.

(3) Жарандык жоопкер күбө катары чакырылышы мүмкүн.

(4) Жарандык жоопкер ошондой эле ушул Кодексте каралган башка укуктарга ээ жана башка да милдеттерди аткарат.

(5) Жарандык жоопкер жеке өзү же өкүлү аркылуу өзүнө таандык укуктардан пайдаланат жана өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарат.

**57-статья. Жарандык жоопкердин өкүлдөрү**

(1) Адвокаттар, жакын туугандары жана мыйзамдын күчү аркылуу жазык иши боюнча сот ишин жүргүзүүдө жарандык жоопкердин мыйзамдуу таламдарын билдирүүгө укуктуу болгон башка адамдар жарандык жоопкердин өкүлдөрү деп табылат.

(2) Жарандык жоопкердин өкүлү жарандык жоопкердин өзү сыяктуу эле процесстик укуктарга ээ.

(3) Жарандык жоопкердин ишке жеке катышуусу аны бул иш боюнча өзүнүн өкүлүн катыштыруу укугунан ажырата албайт.

**58-статья. Ишке катышкан адамдардын укуктарын түшүндүрүү жана камсыз кылуу милдети**

Тергөөчү, сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамы жана сот ишке катышып жаткан адамдардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүп берүүгө, ошондой эле бул укуктарды ишке ашырууга мүмкүнчүлүктү камсыз кылууга милдеттүү.

*(КР 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**59-статья. Мыйзамсыз аракеттер менен адамга келтирилген зыянды өндүрүп берүү жагынан чара көрүү боюнча тергөөчүнүн, прокурордун, соттун милдети**

(1) Кылмыш окуясынын жоктугунан, жосунда кылмыш курамынын жоктугунан, ошондой эле актоо өкүмү чыккандыктан жазык иши токтотулган учурда тергөөчү, прокурор, сот ошол адамга бузулган укуктарын калыбына келтирүүнүн тартибин түшүндүрүп берүүгө жана жазык жоопкерчилигине мыйзамсыз тартуунун, бөгөт коюу чарасын мыйзамсыз колдонуунун, мыйзамсыз соттоонун натыйжасында ага келтирилген зыяндын ордун толтурууга карата мыйзамда каралган чараларды көрүүгө милдеттүү.

(2) Зыяндын ордун толтуруунун шарттары жана тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталат.

## 7-Глава
## Жазык процессине катышкан башка адамдар

**60-статья. Күбө**

(1) Жазык иши боюнча өзүнө белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө көрсөтүү берүү үчүн чакырылган адам күбө деп табылат.

(2) Күбө ишке айыптоочу, жактоочу, жабырлануучунун, жарандык доогердин же жарандык жоопкердин таламын талашуучу катары катыша албайт.

(3) Жабырлануучунун, айыпкердин, соттолуучунун мыйзамдуу өкүлдөрүнүн ишке катышуусу бул адамдарды күбө катары суракка алуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт.

(4) Төмөндөгүлөр:

1) жазык иши боюнча сот ишине катышууга байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган жазык ишинин жагдайлары жөнүндө судья;

2) сот арачысы - ошол жазык иши боюнча өндүрүшкө катышкандыгына байланыштуу ага белгилүү болуп калган жазык ишинин жагдайлары жөнүндө;

3) жазык иши боюнча өз милдеттерин аткарууга байланыштуу өздөрүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө жактоочу, ошого тете жабырлануучунун, жарандык доогердин же жарандык жоопкердин өкүлү;

3-1) Координациялык кеңештин мүчөсү жана кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун кызматкери - тиешелүү мыйзамда каралган ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна байланыштуу ага маалым болгон жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө;

4) юридикалык жардам үчүн кайрылууга же андай жардамды көрсөтүүгө байланыштуу өздөрүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө адвокат, адвокаттын жардамчысы;

5) психикасындагы же дене түзүлүшүндөгү кемчиликтеринен улам иш үчүн мааниси бар жагдайды туура кабыл алууга жана ал туурасында көрсөтмө берүүгө жөндөмсүз болгон адам;

6) бирөөнүн сыр ачуусунун негизинде өзүнө белгилүү болуп калган жагдайлар жөнүндө дин кызматындагы адам;

7) шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары күбө катары суракка алынышы мүмкүн эмес.

(5) Ушул статьянын төртүнчү бөлүгүнүн алтынчы пунктунда аталган адамдар көрсөтүү бергиси келсе, анда алар ушул Кодекстин эрежелери боюнча суракка алынат.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234, 2012-жылдын 12-июлундагы N 105 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**61-статья. Күбөнүн укуктары жана милдеттери**

(1) Күбө:

1) эне тилинде же өзү билген башка тилде көрсөтүү берүүгө, тилмечтин кызматынан пайдаланууга;

2) өзүнүн сурагына катышкан тилмечтен баш тартууга;

3) өз көрсөтүүлөрүн өз колу менен жазып берүүгө;

4) суроктын протоколу менен таанышууга, ага толуктоо жана өзгөртүү киргизүүгө;

5) көрсөтүү берүү учурунда кол менен жазылган жазуулардан жана документтерден пайдаланууга;

6) алгачкы текшерүү органдарынын кызматкеринин, тергөөчүнүн, прокурордун, соттун аракеттерине даттанууга;

7) жазык иши боюнча соттук кароодо тарткан чыгымдарынын жана жазык процессин жүргүзгөн органдын мыйзамсыз аракеттеринен келтирилген зыяндын ордун толтурууга;

8) жазык процессин жүргүзүп жаткан орган заттык далил катары же башка негиздер менен алып койгон мүлкүн, өзүнө таандык болгон расмий документтердин түп нускаларын кайтарып алууга;

9) суракта коргоочусу болууга укуктуу.

(2) Күбө:

1) тергөөчүнүн, прокурордун, соттун чакыруусу боюнча келүүгө;

2) иш боюнча өзүнө белгилүү болгондордун бардыгын туура айтып берүүгө жана коюлган суроолорго жооп кайтарууга;

3) иш боюнча өзүнө белгилүү болуп калган жагдайлар туурасында маалыматтарды суракка алып жаткан адамдын уруксатысыз ачыкка чыгарбоого милдеттүү.

(3) Күбө жүйөлүү себепсиз келбей калса, ал мажбурлап алынып келиши жана ушул Кодекстин 120, 121-статьяларында каралган тартипте сот тарабынан эсептик көрсөткүчтөрдүн эки өлчөмүндө акчалай айып тарттырылышы мүмкүн.

(4) Билип туруп жалган көрсөтүү бергендиги, көрсөтүү берүүдөн баш тарткандыгы же четтегендиги үчүн күбө Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин 330, 331-статьялары боюнча жоопкерчилик тартат.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**62-статья. Эксперт**

(1) Илим, техника, искусство, кол өнөрчүлүк жагынан атайын билимин пайдалануу менен тергөө же соттук териштирүү жүргүзүүдө пайда болгон маселелерди чечүү жана ушул негизде көрсөтмө берүү үчүн тергөөчү, сот же алардын талабы боюнча эксперттик уюмдун жетекчиси дайындаган, бирок жазык ишине таламдаш болбогон адам эксперт болуп саналат. Эксперт процесстин катышуучулары сунуш кылган адамдардын ичинен дайындалышы жана тараптар жагынан чакырылышы мүмкүн.

(2) Эксперттин коюлган маселелер боюнча корутунду чыгаруу үчүн илим, техника, искусство, кол өнөрчүлүк жагынан жетиштүү өлчөмдө атайын билимге ээ болууга тийиш.

(3) Укук маселелери боюнча эксперт катары жазык иши боюнча сот ишине дайындалышы же башкача бир түрдө тартылышы мүмкүн эмес.

(4) Зарыл болгон учурда иш боюнча бир нече эксперт дайындалышы мүмкүн.

(5) Эксперт чакыруу, экспертиза дайындоо жана жүргүзүү ушул главада каралган тартипте ишке ашырылат.

**63-статья. Эксперттин укуктары жана милдеттери**

(1) Эксперт:

1) иштин экспертиза жүргүзүү затына тиешелүү материалдары менен таанышууга;

2) корутунду чыгаруу үчүн зарыл болгон объектилерди жана салыштырып изилдөө үчүн керектүү үлгүлөрдү алууга;

3) корутунду чыгаруу үчүн зарыл болгон кошумча материалдарды өзүнө берүүнү же башка эксперттердин катышуусу менен экспертиза жүргүзүүнү талап кылууга;

4) эгерде коюлган маселелер анын атайын билиминин чегинен чыкса, корутунду чыгаруудан баш тартууга;

5) тергөө аракеттерин жүргүзүүгө катышууга жана өзү жүргүзгөн экспертизанын предметине тиешеси бар суроолорду берүүгө;

6) экспертизанын буюмзатына тиешеси бар маселелер боюнча соттук териштирүүгө катышууга укуктуу.

(2) Эксперт:

1) тергөөчүнүн, соттун чакырыгы боюнча келүүгө;

2) өзүнүн алдына коюлган маселелер боюнча объективдүү корутунду чыгарууга;

3) тергөөнүн материалдарын ачыкка чыгарбоого;

4) тергөө аракеттерин жүргүзүүдө жана сот заседаниесинин учурунда тартипти сактоого милдеттүү.

(3) Эксперт жүйөлүү себепсиз келбей койгон учурда, ага ушул Кодекстин 121, 122-статьяларында каралган тартипте эсептик көрсөткүчтөрдүн беш өлчөмүндө акчалай айып салынышы мүмкүн.

(4) Эксперт жүйөлүү себепсиз өз милдетин аткаруудан баш тарткан же четтеген учурда, ал Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 331-статьясы боюнча, ал эми билип туруп жалган корутунду чыгаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 330-статьясы боюнча жоопкерчилик тартат.

(5) Эксперт:

1) экспертиза жүргүзүүгө байланышкан маселелер боюнча процесстин катышуучулары менен сүйлөшүү жүргүзүүгө;

2) изилдөө жүргүзүү үчүн өз алдынча материалдарды жыйноого;

3) эгерде тергөөчүнүн, соттун атайын уруксаты болбосо, сунуш кылынган объектилерди толук же жарым-жартылай жок кылышы, же алардын тышкы түрүн же негизги касиеттерин өзгөртүүгө алып келиши мүмкүн болгон изилдөөлөрдү жүргүзүүгө укуксуз.

**64-статья. Адис**

Жазык ишине таламдаш болбогон, илимде, техникада, искусстводо, кол өнөрчүлүктө атайын ыкмаларын жана билимин пайдалануу менен тергөө же башка процесстик аракеттерди жүргүзүүгө көмөк көрсөтүү үчүн тергөөчү, сот тарткан адам адис болуп саналат. Жашы жетпеген жабырлануучуну, шектүүнү, айыпкерди, соттолуучуну күбөнү суракка алууга катышкан педагог да адис болуп саналат. Адис процесске катышып жаткандар сунуш кылган адамдардын ичинен дайындалышы мүмкүн.

**65-статья. Адистин укуктары жана милдеттери**

(1) Адис:

1) өзүн чакыруунун максатын билүүгө;

2) эгерде тиешелүү атайын билимге жана көндүмгө ээ болбосо, иш боюнча сот ишине катышуудан баш тартууга;

3) тергөөчүнүн, соттун уруксаты менен тергөө аракеттеринин катышуучуларына суроо берүүгө;

4) өзү катышып жаткан тергөө аракетинин протоколу менен таанышууга жана протоколго тийиштүү билдирүүсүн жана ага карата пикирлерин киргизүүгө;

5) тергөөчүнүн, соттун аракетине даттанууга;

6) аткарган иши үчүн акы алууга, жазык ишинин жүрүшүндө тарткан чыгымдарынын ордун толтуруп алууга укуктуу.

(2) Адис:

1) чакырган учурда келүүгө;

2) атайын билимин, көндүмдөрүн жана илимий-техникалык каражаттарды пайдаланып, тергөө аракеттерин жүргүзүүгө жана соттук териштирүүгө катышууга;

3) өзү аткарып жаткан аракеттерге байланыштуу түшүнүк берүүгө;

4) тергөө аракеттерин жүргүзүүдө жана сот заседаниесинин учурунда тартипти сактоого;

5) иштин жагдайлары жөнүндө маалыматтарды жана ишке катышкандыгына байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган башка маалыматтарды ачыкка чыгарбоого милдеттүү.

(3) Адис жүйөлүү себепсиз өз милдетин аткаруудан баш тартса же четтесе, ушул Кодекстин 120, 121-статьяларында каралган тартипте ага эсептик көрсөткүчтөрдүн беш өлчөмүнө чейин акчалай айып салынышы мүмкүн.

**66-статья. Тилмеч**

(1) Жазык ишине таламдаш болбогон, тил билген, ошондой эле тилмеч үчүн билүү зарыл болгон дүлөй же дудуктун жаңдашуусун түшүнгөн жана шектүү, айыпкер, соттолуучу алардын жактоочулары же жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер же алардын өкүлдөрү, ошондой эле күбөлөр жана процесстин башка катышуучулары иш боюнча сот иши жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген учурда тергөө жана соттук аракеттерге катышуу үчүн, ошого тете жазылган документтерди которуу үчүн тартылган адам тилмеч болуп саналат.

(2) Тилмечти дайындоо жөнүндө тергөөчү жана судья toktom, ал эми сот - аныктама чыгарат.

**67-статья. Тилмечтин укуктары жана милдеттери**

(1) Тилмеч:

1) изилдөөсүнө өзү катышкан тергөө аракеттеринин протоколу менен, ошондой эле сот заседаниесинин протоколу менен таанышууга жана протоколго жазууга тийиш болгон пикирлерин жазууга;

2) эгерде анын тилмечтик үчүн зарыл болгон билими жок болсо, иштин жүрүшүндө катышуудан баш тартууга;

3) алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин, тергөөчүнүн, прокурордун, соттун аракеттерине даттанууга;

4) аткарган иши үчүн акысын алууга, тарткан чыгымдарынын ордун толтуртуп алууга укуктуу.

(2) Тилмеч:

1) тергөөчүнүн, соттун чакыруусу боюнча келүүгө;

2) өзүнө тапшырылган котормону так жана толук аткарууга;

3) котормонун тууралыгын өзүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин протоколуна, ошондой эле процесстин катышуучуларына алардын эне тилине же алар билген тилге которулуп берилген процесстик документтерге өз колун коюу менен күбөлөндүрүүгө;

4) тилмеч катары тартылгандыгына байланыштуу өзүнө белгилүү болуп калган иштин жагдайларын же башка маалыматтарды ачыкка чыгарбоого;

5) тергөө аракеттерин жүргүзүүдө жана сот заседаниесинин учурунда тартипти сактоого милдеттүү.

(3) Тилмеч жүйөлүү себепсиз келбей калса же жүктөлгөн милдетти аткаруудан четтесе, ушул Кодекстин 120, 121-статьяларында каралган тартипте эсептик көрсөткүчтөрдүн беш өлчөмүнө чейин акчалай айып салынышы мүмкүн, билип туруп туура эмес которгон учурда тилмеч Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 330-статьясы боюнча жоопкерчилик тартат.

**68-статья. Күбө-калыс**

Иштин жыйынтыгына кызыкпаган, экиден кем эмес эрезеге жеткен адамдар, алардын макулдугу менен ушул Кодексте каралган учурларда тергөө аракеттерин жүргүзүүгө катышуу үчүн күбө-калыс катары чакырылат. Айыпкер, жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер туугандары, жактоочу, анын ичинде аталган жазык иши кароосунда турган ошол тергөө органынын, прокуратуранын жана соттун кызматкерлери, штаттан тышкары кызматкерлери күбө-калыс катары тартылышы мүмкүн эмес.

**69-статья. Күбө-калыстын укуктары жана милдеттери**

(1) Күбө-калыс:

1) өзүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн аракеттер жаатында өзүнүн пикирлерин протоколго киргизүүнү талап кылууга;

2) жазык ишинин жүрүшүнө катышуунун натыйжасында тарткан чыгымдарынын ордун толтуртуп алууга укуктуу.

(2) Күбө-калыс:

1) тиешелүү тергөө аракетинин жүрүшүнө башталгандан бүткөнгө чейин катышууга;

2) өзү катышкан иштин жүрүшүндөгү фактыларды, аракеттердин мазмунун жана натыйжаларын ырастоого;

3) тергөө аракетин жүргүзгөн адамдын мыйзамдуу талаптарына баш ийүүгө;

4) иштин материалдарын ачыкка чыгарбоого милдеттүү.

## 8-Глава
## Жазык процессине катышууну жокко чыгаруучу жагдайлар. Баш тартуулар

**70-статья. Ишти кароого катышуудан судьяны четтетүүчү жагдайлар**

Судья төмөндөгү учурларда:

1) эгерде ал жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер болуп саналса, ошондой эле ал бул ишке сот арачысы, күбө, эксперт, адис, тилмеч, тергөөчү, прокурор, жактоочу, сот заседаниесинин катчысы, айыпкердин соттолуучунун жабырлануучунун мыйзамдуу өкүлү, жарандык доогердин же жарандык жоопкердин өкүлү болуп саналса;

2) эгерде ал жабырлануучунун, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин же алардын өкүлдөрүнүн тууганы, айыпкердин, соттолуучунун же алардын мыйзамдуу өкүлүнүн тууганы, айыптоочунун, жактоочунун, тергөөчүнүн, сот заседаниесинин катчысынын тууганы болуп саналса;

3) эгерде судьянын келишпестигине шек келтирген башка жагдайлар болсо ишти кароого катыша албайт.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**71-статья. Ишти кароого судьялардын кайталап катышуусунун жол берилгистиги**

(1) Биринчи инстанцияда сотто ишти кароого катышкан судья ошол эле ишти апелляциялык жана кассациялык тартипте, көзөмөлдүк тартибинде кароого, ошондой эле ал чыгарган ишти кыскартуу жөнүндө өкүм же токтом (аныктама) бузулгандан кийин биринчи инстанциядагы сотто ошол эле ишти жаңыдан кароого катыша албайт.

(2) Апелляциялык жана кассациялык тартипте ишти кароого катышкан судья ошол эле ишти көзөмөлдүк тартибинде кароого катыша албайт.

(3) Анын катышуусу менен чыгарылган соттун чечими жокко чыгарылган учурда судья ишти апелляциялык жана кассациялык тартипте же көзөмөлдүк тартибинде кароого кайталап катыша албайт.

(4) Ишти апелляциялык, кассациялык же көзөмөлдүк тартибинде, болбосо жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кароого катышкан судья ошол эле ишти биринчи инстанциядагы сотто кароого катыша албайт.

5) Сот арачысынын катышуусу менен ишти кароого катышкан судья аны кассациялык же көзөмөлдүк тартипте кароодо, ошондой эле даттанууларды жана сунуштарды кассациялык, көзөмөлдүк тартипте кароонун натыйжасы боюнча сот арачысынын катышуусу менен соттун өкүмү алып салынган жана иш жаңы кароого жиберилген учурда аны кароого катыша албайт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2009-жылдын 17-июлундагы N234, 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**72-статья. Судьядан баш тартуу**

(1) Ушул Кодекстин 70, 71-статьяларында көрсөтүлгөн жагдайлар чыкканда судья ишке катышуудан баш тартууга милдеттүү. Ошол эле негиздер боюнча тараптар судьядан баш тартышы мүмкүн.

(2) Баш тартуу соттук териштирүү башталганга чейин, ал эми иш сот арачыларынын катышуусу менен каралган учурда - сот арачыларынын коллегиясы түзүлгөнгө чейин билдирилүүгө тийиш. Сот заседаниесинин андан аркы жүрүшүндө баш тартуу жөнүндө арызга ал үчүн негиздер мурда тарапка белгилүү болбогон учурда гана жол берилет.

*(КР 2008-жылдын 5-августундагы N 193, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**73-статья. Процесстин катышуучуларына билдирилген баш тартууну чечүү тартиби**

(1) Судьядан, ошондой эле процесстин катышуучуларынан баш тартуу жөнүндөгү маселе сот тарабынан өзүнчө бөлмөдө чечилет.

(2) Судьяга билдирилген баш тартуу баш тартылган судьяны катыштырбастан калган судьялар тарабынан чечилет, мындай судья калган судьяларга өзүнө билдирилген баш тартуунун жүйөсү боюнча өз түшүндүрмөсүн алдын ала ачык баяндап берүүгө укуктуу. Добуштар тең болуп калса, судьядан баш тартылды деп эсептелет.

(3) Бир нече судьяга же соттун бүткүл курамына билдирилген баш

тартуу, соттун толук курамында көпчүлүк добуш менен чечилет.

(4) Ишти өз алдынча карап жаткан судьяга билдирилген баш тартуу судья тарабынан жекече чечилип, токтом чыгарылат. Чыгарылган токтомго ушул Кодекстин 339-статьясында каралган эрежелер боюнча жекече даттануу берилиши мүмкүн. Жекече даттануу ал келип түшкөн күндөн тартып беш күндүн ичинде каралат.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2009-жылдын 23-июнундагы "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 73-беренесинин 4-бөлүгүн жекече даттанууну кароонун жыйынтыктары боюнча чыгарылган аныктама даттанууга жатпайт деп көрсөтүлгөн бөлүгүндө Конституцияга ылайык эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 13-беренесинин 3-пунктуна, 21-беренесинин 5 жана 6-пункттарына, 86-беренесинин 3-пунктуна жана 88-беренесинин 3-пунктуна карама-каршы келет деп табуу жөнүндө жарандар Исаков Исмаил Исаковичтин жана Каптагаев Эмилбек Саламатовичтин өтүнүчтөрү боюнча" Чечими*

(5) Эгерде бир эле мезгилде судьяга, прокурорго, жактоочуга, сот заседаниесинин катчысына, тилмечке, экспертке, адиске баш тартуу билдирилсе, судьядан баш тартуу жөнүндөгү маселе биринчи кезекте чечилет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 93, 2009-жылдын 12-октябрындагы N 268 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**74-статья. Прокурордон баш тартуу**

(1) Прокурор төмөнкү негиздер болгондо иш боюнча өндүрүшкө катыша албайт:

1) эгерде ал, жабыр тартуучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер болуп эсептелсе, ошондой ал бул ишке сот арачы, күбө, эксперт, адис, тилмеч, судья, коргоочу, сот заседаниесинин катчысы, айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү, соттолуучу, жабыр тартуучу, жарандык доогер же жарандык жоопкер катарында катышкан болсо;

2) эгерде ал жабыр тартуучунун, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин же анын өкүлдөрүнүн тууганы, айыпталуучунун, соттолуучунун же анын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн тууганы жана судьянын, коргоочунун, тергөөчүнүн, сот заседаниесинин катчысынын тууганы болуп эсептелсе;

3) эгерде прокурордун калыстыгына шек туудурган башка жагдайлар болсо.

(2) Баш тартуу үчүн негиз болгон учурда прокурор ишке катышуудан четтөөгө милдеттүү. Ушул эле негиздер боюнча шектүү, айыпкер, соттолуучу, жактоочу, ошондой эле жабырлануучу

жана анын өкүлү, жарандык доогер, жарандык жоопкер же алардын өкүлдөрү прокурорго баш тартуу билдириши мүмкүн.

*(3) Сотто прокурордон баш тартуу жөнүндөгү маселе ишти карап жаткан сот тарабынан чечилет. (КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**75-статья. Тергөөчүдөн баш тартуу**

(1) Ушул Кодекстин 70-статьясында каралган негиздер болгондо, ошого тете тергөөчү бул ишке судья катары катышкан учурда ал ишти кароого катыша албайт.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер болгон учурда, тергөөчү өзүн ишке катышуудан четтетүүгө милдеттүү. Ага ошондой эле шектүү, айыпкер, алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, жактоочу, ошондой эле жабырлануучу жана анын өкүлү, жарандык доогер, жарандык жоопкер же алардын өкүлдөрү баш тартуу билдириши мүмкүн.

(3) Өз алдынча четтөө жана тергөөчүдөн баш тартуу жөнүндө маселе прокурор тарабынан чечилет.

(4) Тергөөчүдөн баш тартуу жөнүндө билдирүүнү жыйырма төрт сааттан кечиктирилбестен прокурорго жөнөтүлөт, ал үч сутканын ичинде бул маселени чечүүгө милдеттүү.

(5) Тергөөчүнүн өз алдынча четтөөсү же андан баш тартуу жөнүндөгү маселе чечилгенге чейин тергөө иши жүргүзүлө берет.

**76-статья. Сот заседаниесинин катчысынан баш тартуу**

(1) Ушул Кодекстин 70-статьясында баяндалган эрежелер сот заседаниесинин катчысына да тиешелүү. Анын мурда сот заседаниесинин катчысы катары ишке катышуусу, баш тартуу үчүн негиз болуп саналбайт.

(2) Катчыдан баш тартуу жөнүндөгү маселе ишти карап жаткан, же сот арачыларынын катышуусу менен сотто төрагалык кылуучу судья же сот тарабынан чечилет.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**77-статья. Тилмечтен баш тартуу**

(1) Ушул Кодекстин 70-статьясында көрсөтүлгөн негиздер болгон учурда, ошого тете тилмечтин билбестиги байкалган учурда, ал ишти кароого катыша албайт.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер чыккан учурда, шектүү, айыпкер, соттолуучу, алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, жактоочу, айыптоочу, ошондой эле жабырлануучу жана анын өкүлү, жарандык доогер, жарандык жоопкер же алардын өкүлдөрү тарабынан тилмечтен баш тартуу билдирилиши мүмкүн.

(3) Эгерде тилмечтин билимсиздиги билинип калса, андан баш тартуу тилмеч көрсөтүүлөрүн которуп жаткан күбө тарабынан билдирилиши мүмкүн.

(4) Мурда тилмеч катары анын ишке катышуусу андан баш тартуу үчүн негиз болуп саналбайт.

(5) Тилмечтен баш тартуу жөнүндөгү маселе тергөө жүргүзүлүп жаткан учурда тергөөчү тарабынан, ал эми сотто - ишти карап жаткан сот, же болбосо сот арачыларынын катышуусу менен сотто төрагалык кылуучу судья тарабынан чечилет.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**78-статья. Эксперттен баш тартуу**

(1) Эксперт төмөндөгү учурларда:

1) ушул Кодекстин 70-статьясында көрсөтүлгөн негиздер чыккан учурда. Ишке эксперт катары анын мурдагы катышуусу баш тартуу үчүн негиз болуп саналбайт;

2) эгерде ал тергөөчүгө, прокурорго, судьяга, шектүү, айыпкерге, соттолуучуга, алардын жактоочуларына, мыйзамдуу өкүлдөрүнө, жабырлануучуга, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө кызматтык же башка жагынан көз каранды болуп келсе же болуп турса;

3) эгерде ал каралып жаткан иш боюнча текшерүү жүргүзсө;

4) эгерде анын билимсиздиги байкалса, ишти кароого катыша албайт.

(2) Эксперттин адамдын өлүгүн сыртынан карап чыгууда соттук медицина жагынан адис жана окуя болгон жерди карап чыгууда адис-криминалист катары ошол ишке катышуусу эксперттен баш тартуу үчүн негиз болуп саналбайт.

(3) Эксперттен баш тартуу жөнүндөгү маселе ушул Кодекстин 77-статьясынын бешинчи бөлүгүндө каралган тартипте чечилет.

**79-статья. Адистен баш тартуу**

(1) Ушул Кодекстин 70, 77-статьяларында каралган негиздер чыккан учурда адис ишти кароого катыша албайт. Ишке анын мурда адис катары катышуусу баш тартуу үчүн негиз болуп саналбайт.

(2) Адистен баш тартуу жөнүндөгү маселе ушул Кодекстин 77-статьясында каралган тартипте чечилет.

**80-статья. Жактоочунун, жабырлануучунун өкүлүнүн, жарандык доогердин же жарандык жоопкердин өкүлдөрүнүн ишке катышуусуна жол бербей турган жагдайлар**

(1) Жактоочу, ошондой эле жабырлануучунун, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин өкүлү төмөндөгү учурларда:

1) эгерде мурда ишке алар судья, прокурор, тергөөчү, сот заседаниесинин катчысы, күбө, эксперт, адис же тилмеч катары катышса;

2) эгерде алар ошол ишти тергөөгө же сотто кароого катышкан же катышып жаткан судья, прокурор, тергөөчү, сот заседаниесинин катчысы менен туугандык мамиледе болсо, же кызыкчылыгы юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө өзү менен келишим түзгөн процесстин катышуучусунун кызыкчылыгына карама-каршы келген адам менен туугандык мамиледе болсо;

3) эгерде алар жашы жетпеген шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун же аракетке жөндөмсүз адамдын мыйзамдуу өкүлү болуп саналгандан, же ал иштеген уюмдун өкүлү катары чыккандан башка учурларда, алар судьялык, прокурорлук, тергөөчүлүк кызматты ээлесе, эгерде алар жарандык доогер деп табылып же жарандык жоопкер катары ишке катышууга тартылса;

4) эгерде алардын кызыкчылыгы өзү актап жаткан шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун же алар өкүлү болгон жабырлануучунун, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин кызыкчылыгына карама-каршы келген адамга юридикалык жардам көрсөтүп жатса же мурда жардам көрсөткөн болсо, жазык ишин кароого катышууга укуксуз.

(2) Жактоочудан, жабырлануучунун, жарандык доогердин же жарандык жоопкердин өкүлүнөн баш тартуу жөнүндө маселе ушул Кодекстин 77-статьянын бешинчи бөлүгүндө каралган тартипте чечилет.

## III БӨЛҮМ
## ДАЛИЛДЕР ЖАНА ДАЛИЛДӨӨ

### 9-Глава
### Далилдер

**81-статья. Далилдер**

(1) Жазык ишинде ар кандай тактaлуу маалыматтар далилдер болуп саналат, анын негизинде мыйзамда аныкталган тартипте тергөөчү, прокурор, сот Жазык кодексинде каралган жосундардын болгонун же болбогонун, мындай жосунду шектүү, айыпкер, соттолуучу жасаганын же жасабаганын жана айыпкердин күнөөлүү же күнөөсүз экендигин, ошондой эле ишти туура чечүү үчүн мааниси болгон башка жагдайларды аныктайт.

(2) Бул маалыматтар:

1) шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун, жабырлануучунун, күбөнүн көрсөтмөлөрү;

2) эксперттин корутундусу;

3) заттык далилдер;

4) тергөө жана сот аракеттеринин протоколдору;

4-1) мыйзамда белгиленген тартипте алынган оперативдүү-издөө ишмердүүлүгүнүн натыйжалары менен;

5) башка документтер менен аныкталат.

(3) Ушул Кодекстин талаптарын бузуу жол берилгис болуп саналат, ошол жол менен алынган далилдер юридикалык күчкө ээ боло албайт деп табылат жана иш боюнча чечимдин негизине алынышы, ошондой эле ушул Кодекстин 82-статьясында көрсөтүлгөн ар кандай фактыны жана жагдайды далилдөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес.

(4) Жол берилгис далилдерге төмөнкүлөр кирет:

1) жазыктык жактан жазалануучу жосун жасагандыгы жөнүндө күнөөлөнгөн шектүүнүн жазык ишин тергөөнүн жүрүшүндө жактоочу жокто, анын ичинде жактоочудан баш тартылган учурда берген көрсөтүүлөрү, ошондой эле соттолуучунун жактоочу жокто сотто берген көрсөтүүлөрү;

2) жабырлануучунун, күбөнүн жоромолго, болжолдоого, имиш сөздөргө негизделген көрсөтүүлөрү, ошондой эле өзү маалымат алган булакты көрсөтүп бере албаган күбөнүн көрсөтүүлөрү, эгерде алар тергөөнүн же соттук териштирүүнүн жүрүшүндө изилденген далилдердин жыйындысы менен ырасталбаса;

2-1) "Кыргыз Республикасынын жарандарынын бирдиктүү салык декларациясын берүүсүнө даярдык көрүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзүлгөн декларация;

3) ушул Кодекстин талаптарын бузуу менен алынган ар кандай башка далилдер.

*(КР 2004-жылдын 24-мартындагы N 47, 2010-жылдын 25-февралындагы N 35, 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**82-статья. Жазык иши боюнча далилденүүгө тийиш болгон фактылар жана жагдайлар**

Төмөндөгүлөр:

1) кылмыш окуясы (жасалган кылмыштын убактысы, орду, ыкмасы жана башка жагдайлары, анын айынан келип чыккан зыяндуу кесепеттер);

2) күнөөнүн түрү, кылмыштын жүйөлөрү; күнөөсүз зыян келтирүү;

3) айыпкердин, соттолуучунун жоопкерчилик даражасына жана мүнөзүнө таасир берүүчү жагдайлар;

4) айыпкердин, соттолуучунун инсандыгын мүнөздөөчү жагдайлар;

5) кылмыштан улам келтирилген зыяндын мүнөзү жана өлчөмү;

6) жосундун кылмыштуулугун жокко чыгарган жагдайлар;

7) жазык жоопкерчилигинен жана жазадан бошотуучу жагдайлар, жазык иши боюнча далилденүүгө тийиш.

**83-статья. Күбөнүн, жабырлануучунун, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун көрсөтүүлөрү**

(1) Күбө жана жабырлануучу ошол иш боюнча далилдөө талап кылынган ар кандай фактылар жана жагдайлар, анын ичинде шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жана жабырлануучунун инсанын мүнөздөгөн маалыматтар жөнүндө, сурак берип жаткан адамдын шектүү, айыпкер, соттолуучу менен, ошондой эле күбөнүн жабырлануучу менен өз ара мамилелери жөнүндө суракка алынышы мүмкүн.

(2) Алынган булагы белгисиз болгон маалыматтар далил катары кызмат кыла албайт.

(3) Шектүү иштин жагдайлары жана өзүн кармоо менен байланыштуу жагдайлар жөнүндө сурак берет.

(4) Айыпкер, соттолуучу коюлуп жаткан айыптоо боюнча, ошондой эле иштеги ага белгилүү болгон бардык жагдайлар жана далилдер туурасында көрсөтмө берүүгө милдеттүү.

(5) Айыпкердин, соттолуучунун көрсөтмөлөрү, анын ичинде өзүнүн күнөөсүн мойнуна алышы иш боюнча бардык далилдердин жыйындысы милдеттүү текшерүүгө алынууга жана баа берилүүгө тийиш.

**84-статья. Эксперттин корутундусу**

(1) Эксперттин корутундусу - бул тергөөчү, сот эксперттин алдына койгон суроолор боюнча жазуу жүзүндө чыгарылган тыянак, ал эксперттин илим, техника, искусство, же кол өнөрчүлүк жагынан атайын билимине жана жазык ишинин материалдарын изилдөөгө, заттык далилдерге, үлгүлөргө жана башка объектилерге негизделет. Корутундуда ошондой эле эксперт изилдөө жүргүзүүдө колдонулган усулдар, коюлган суроолорго жооптордун негиздемелери, ошондой эле иш үчүн мааниси болгон жана эксперттин өзүнүн демилгеси менен аныкталган жагдайлар көрсөтүлөт.

(2) Ушул Кодекстин 200-статьясында көрсөтүлгөн учурларда экспертиза дайындоо милдеттүү болуп саналат.

(3) Эксперттин корутундусу тергөөчү, прокурор же сот үчүн милдеттүү болуп саналбайт, бирок корутунду менен алардын макул эместиги тиешелүү түрдө токтомдо, өкүмдө же аныктамада жүйөлөштүрүлүүгө тийиш.

**85-статья. Буюм далилдери**

Эгерде кандайдыр бир буюмдар жасалган кылмыштын куралы катары кызмат кылган же өзүндө кылмыштын изин сактап калган же кылмыш аракеттеринин объектилери болгон деп болжоого негиз берген буюмдар, ошондой эле акча жана башка баалуулуктар жана кылмышты табууга, иштин факты жүзүндөгү жагдайларын аныктоого, күнөөлүүлөрдү ашкерелөөгө же күнөөнү төгүндөөгө же жоопкерчиликти жеңилдетүүгө кызмат кылышы мүмкүн болгон башка бардык буюмдар жана документтер буюм далилдери деп табылышат.

**86-статья. Буюм далилдерин сактоо**

(1) Буюм далилдери карап чыгуу протоколдоруна кеңири жазылышы, зарыл учурда көргөзмө тасмага же сүрөткө тартылышы керек. Буюм далилдери тергөөчүнүн, судьянын токтому, соттун аныктамасы менен кошо ишке тиркелет жана жазык ишинде сакталууга тийиш.

(2) Эгерде тигил же бул буюмдар себебине карабастан, жазык иши менен чогуу сакталышы мүмкүн болбосо, анда сүрөткө тартылышы же көргөзмө тасмага түшүрүлүшү, мөөр басылып жана ошол түрүндө тергөөчү, сот көрсөткөн жерге сакталышы керек.

(3) Эгерде сактоо үчүн атайын кампаларды же сактоочу жайларды, сактоо боюнча чоң чыгымдарды талап кылган өтө чоң же көлөмдүү, тез бузулуп кетүүчү буюм далилдери процесстик аракеттерди өткөргөндөн кийин анын ээсине кайтарылбай турган болсо, сот аткаруучусунун катышуусу, прокурордун макулдугу менен максатына жараша пайдалануу же сатып өткөрүү үчүн тиешелүү уюмдарга дароо тапшырылат.

(4) Ишти бир тергөөчүдөн экинчисине өткөрүүдө, ошого тете ишти прокурорго же сотко жөнөтүүдө же ишти бир соттон экинчи сотко берүүдө буюм далилдери ушул статьянын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүндө каралгандан башка учурларда, иш менен бирге жөнөтүлөт.

**87-статья. Буюм далилдерин сактоо мөөнөтү**

(1) Буюм далилдери өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин же ишти кыскартуу жөнүндө токтомго же аныктамага даттануу мөөнөтү бүткөнгө чейин сакталат.

(2) Эгерде тергөө ишине же соттук териштирүү үчүн зыян келтирбесе, айрым учурларда заттык далилдер ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөтү бүткөнгө чейин эле, алардын ээлерине кайтарылышы мүмкүн.

**88-статья. Жазык ишин чечүүдө буюм далилдерине карата колдонулуучу чаралар**

Ишти токтотуу жөнүндө өкүмдө, аныктамада же токтомдо буюм далилдери жөнүндө чечим камтылууга тийиш, мында:

1) айыпкерге, соттолуучуга таандык болгон кылмыш куралы конфискацияланууга тийиш;

2) колдонууга тыюу салынган заттар берилбейт жана тиешелүү уюмга берилүүгө же жок кылынууга тийиш;

3) эч кандай баалуулугу болбогон жана пайдаланууга жараксыз болгон буюмдар жок кылынат, ал эми тиешелүү адамдар же мекемелер өтүнүч менен кайрылган учурда - аларга берилет.

4) кылмыш жолу менен алынган акчалар жана башка баалуу буюмдар соттун өкүмү, аныктамасы, судьянын токтому боюнча, ал эми иш айыпкердин өлүмүнө же анын акыл-эси ордунда эмес деп табылгандыгына байланыштуу кыскартылганда тергөөчүнүн токтому менен мамлекеттин кирешесине алынат; калган буюмдар мыйзамдуу ээлерине берилет, ал эми ээси чыкпаган учурда мамлекеттин менчигине өтөт. Бул буюмдардын кимге таандык экендиги тууралуу талаш маселе жарандык сот ишинин тартибинде чечилет;

5) паранын же контрабанда предмети болуп эсептелген акчалар жана башка баалуулуктар жазык мыйзамдарына ылайык соттун өкүмү боюнча мамлекеттин кирешесине жүгүртүлгөнгө алынууга тийиш. Эгерде адам өз ыктыяры менен аны пара берүүгө мажбурлап жаткандыгы жөнүндө билдирсе жана өз колу менен пара алуучуну кармоого мүмкүндүк түзсө, паранын предмети соттун чечими боюнча ага кайтарылып берилет;

6) иштеги буюм далили саналган документтер далилдер сакталууга тийиш болгон бүткүл мөөнөткө сакталат же тиешелүү уюмдарга же жарандарга берилет.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2006-жылдын 29-декабрындагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**89-статья. Башка документтер**

(1) Эгерде уюмдар, кызмат адамдары баяндаган же күбөлөндүргөн маалыматтар жазык иши үчүн мааниге ээ болсо, мындай документтер далил катары эсептелет.

(2) Документтер жазуу жүзүндөгү, оозеки маалыматтарды камтышы мүмкүн. Документтерге ушул Кодексте каралган тартипте алынган, талап кылынган же сунуш кылынган жана иш боюнча далил катары таанылган фото жана кино, үн жана көргөзмө жазуу материалдары да кирет.

Жазык ишине кошуу үчүн мамлекеттик жана ведомстволук архивдерден түп нуска документтерди алып коюуга тыюу салынат. Бул учурларда ишке тиркөө үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан документтердин түп нускаларынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү берилет.

(3) Документтер ишке тиркелет жана иш сакталган бүткүл мөөнөттүн ичинде сакталат. Эгерде алынып жана ишке тиркелген документтер жакын арадагы эсеп-кысап, отчет үчүн жана башка мыйзамдуу максатта пайдалануу үчүн талап кылынса, анда мыйзамдуу ээсине кайтарылышы же иш үчүн зыян келтирбесе, убактылуу пайдаланууга же алардын көчүрмөлөрү берилиши мүмкүн.

(4) Ушул Кодекстин 85-статьясында көрсөтүлгөн белгилерге ээ болгон документтер буюм далили болуп саналат.

*(КР 2014-жылдын 10-июлундагы N 127 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**90-статья. Тергөө жана сот аракеттеринин протоколдору**

Карап чыгууда, күбөлөндүрүүдө, алып коюуда, тинтүүдө, кармоодо, таанытуу үчүн көрсөтүүдө, сөөктү эксгумациялоодо, көрсөтмөлөрдү жеринде текшерүүдө, тергөө экспериментинде, телефондо жана башка сүйлөшүүлөрдү тыңшоодо аныкталган, жазык процессин жүргүзүүчү адам тарабынан тикелей кабылданган жагдайларды белгилөөчү, ушул Кодекстин эрежелерине ылайык түзүлгөн тергөө аракеттеринин, ошондой эле сот аракеттеринин жүрүшүн жана алардын натыйжаларын чагылдырган сот заседаниесинин документтери жазык иши боюнча протоколдор болуп саналат.

## 10-Глава
## Далилдерди жыйноо, текшерүү, баа берүү

**91-статья. Далилдөө**

(1) Далилдөө ишти мыйзамдуу, негиздүү жана адилеттүү чечүү үчүн мааниси болгон жагдайларды аныктоо максатында далилдерди жыйноодон, текшерүүдөн, баа берүүдөн турат.

(2) Далилдерди жыйноо, сурак жүргүзүү, көздөштүрүү, таанытуу үчүн көрсөтүү, алып коюу, тинтүү жана карап чыгуу, эксперимент жүргүзүү, ревизия, экспертиза жүргүзүү, документтерди талап кылуу жана мыйзамда каралган башка тергөө, оперативдүү-издөө жана сот аракеттери аркылуу тергөө жана ишти соттук териштирүү процессинде жүргүзүлөт.

(3) Тергөөчү, сот өз кароосунда турган иштер боюнча ушул Кодексте белгиленген тартипте сурак жүргүзүү үчүн же эксперт катары корутунду берүү үчүн ар кандай адамды чакырууга; карап чыгуу, тинтүү жана башка тергөө аракеттерин жүргүзүүгө; уюмдардан, алардын бирикмелеринен, кызмат адамдарынан жана жарандардан, ошондой эле изин суутпай издөө ишин жүргүзүүчү органдардан документтерди жана иш үчүн мааниси бар буюмдарды берүүнү талап кылууга; ыйгарым укуктуу органдардан жана кызмат адамдарынан ревизия жана текшерүү жүргүзүүнү талап кылууга укуктуу.

(4) Жактоочу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн зарыл болгон далилдерди келтирүүгө жана маалыматтарды чогултууга, анын ичинде ар түрдүү уюмдардан, алардын бирикмелеринен маалымдамаларды, мүнөздөмөлөрдү, башка документтерди суроого укуктуу, алар бул документтерди же алардын көчүрмөлөрүн белгиленген тартипте берүүгө милдеттүү; юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу пайда болгон атайын билимди талап кылган суроолорду түшүндүрүү үчүн өзү актап жаткан адамдын макулдугу менен адистердин, эксперттердин пикирин суроого; адвокаттык ишти жөнгө салуучу мыйзамда аныкталган тартипте ишке тиешеси бар маалыматтарды алуу үчүн жеке детективдердин же жеке детективдик уюмдардын кызматынан пайдаланууга укуктуу.

(5) Маалыматтар оозеки, ошондой эле жазуу жүзүндө, ошондой эле далил болуп саналышы мүмкүн болгон буюмдар жана документтер шектүү, айыпкер, жактоочу, айыпкер, соттолуучу, жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү, жарандар, уюмдар жана алардын бирикмелери тарабынан сунуш кылынышы мүмкүн.

(6) Айыпкердин, соттолуучунун күнөөсүн далилдөө милдети айыптоочуга жүктөлөт.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**92-статья. Далилдерди текшерүү**

Иш боюнча жыйналган далилдер ар тараптан жана объективдүү текшерилүүгө тийиш. Текшерүү алынган далилдерди талдоону, аны башка далилдер менен салыштырууну, жаны далилдерди жыйноону, далил алынган булактарды текшерүүнү билдирет.

**93-статья. Далилдерге баа берүү**

Тергөөчү, прокурор, сот, сот арачылары иштин бардык жагдайларынын жыйындысын ар тараптан, толук жана объективдүү карап чыгууга негизделген өзүнүн ички ынанымы боюнча далилдерди баалайт, мында ал мыйзамды жетекчиликке алат.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

# IV БӨЛҮМ
# ПРОЦЕССТИК МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫ

## 11-Глава
## Шектүүнү кармоо

**94-статья. Кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоонун негиздери**

(1) Эгерде:

1) Адам кылмыш жасалган мезгилде же ал жасалгандан кийин түздөн-түз колго түшсө;

2) көрүп тургандар, анын ичинде жабырлануучулар ошол адамды кылмыш жасаган адам катары ачык көрсөтүп турушса;

3) шектүү адамдан же анын кийиминен, анын жанынан же анын жашаган жеринен кылмыштын ачык белгилери табылса, кылмыш жасоодо шектүү болгон адам кармалышы мүмкүн.

(2) Адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо, ошондой эле анын туруктуу жашаган жери болбогондо, анын инсандыгы аныкталбаганда жана ал тарабынан качууга аракет жасалганда, ал кармалышы мүмкүн.

**95-статья. Кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоонун тартиби**

(1) Кылмыш жасоодо шектүү болгон адамды кармоо жөнүндө протокол кармалган адам жеткирилгенден тартып үч сааттан ашпаган мөөнөттө түзүлөт. Кармоо протоколунда кармоонун негиздери жана жүйөлөрү, орду жана убактысы (саатын жана минутасын көрсөтүү менен), жеке тинтүү жүргүзүүнүн натыйжалары көрсөтүлөт. Протокол шектүүгө жактоочунун көзүнчө жарыяланат, мында ага ушул Кодекстин 40-статьясында каралган укуктары түшүндүрүлөт. Кармоо протоколуна аны түзгөн адам, кармалган адам жана аны жактоочу кол коет.

(2) Кармалган адам ушул Кодекстин 191-статьясында каралган эрежелерге ылайык суракка алынууга тийиш.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 231 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**96-статья. Кармалган адамды жекече тинтүү**

Кармалган адамдын куралы бар деп эсептөөгө негиз болсо же кылмыш жасагандыгын ашкерелеген далилдерден арылууга аракет жасаса, ал жеке тинтүүгө алынышы мүмкүн. Кармоону жүзөгө ашырган адам ушул Кодекстин 185-статьясынын эрежелери боюнча кармалган адамды жекече тинтүүнү токтоосуз жүргүзүүгө укуктуу.

**97-статья. Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалган адамды бошотууга негиздер**

(1) Эгерде:

1) кылмыш жасады деген шектенүү ырасталбаса;

2) бөгөт коюу чарасы катары кармалган адамды камакка алууга негиз же зарылчылык болбосо;

3) кармоонун мыйзамда белгиленген мөөнөтү өтсө, кармалган адам соттун чечими боюнча, тергөөчүнүн же прокурордун токтому менен бошотулат.

(2) Эгерде кармалган учурдан тартып кырк сегиз сааттын ичинде адам кармалып турган жердин зардалына кармалган адамга карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө токтом түшпөсө, адам камалган жердин зардалы бул тууарасында прокурорго жазуу жүзүндө токтоосуз кабарлайт, ошондон кийин адам кармалып турган жердин зардалы кармалган адамды токтоосуз бошотот жана протокол түзөт.

(3) Кармалган адам бошотулганда адам кармалып турган жердин зардалы тарабынан ага маалымдама берилет, анда ким тарабынан кармалгандыгы, кармоонун негиздери, орду жана убактысы, бошотуунун негиздери жана убактысы көрсөтүлөт.

*(КР 2003-жылдын 13-мартындагы N 61, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 220 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**98-статья. Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалгандарды камакта кармоо тартиби**

Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалгандар убактылуу бөлөк кармоо жайында болушат. Кармалгандарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталат.

**99-статья. Шектүү адамдын жакындарына анын кармалгандыгы жөнүндө кабарлоо**

(1) Шектүүгө кармоо түрүндө процесстик мажбурлоо чаралары колдонулгандыгы туурасында тергөөчү он эки сааттын ичинде анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирине, ал эми алар жок учурда - башка туугандарына же жакын адамдарына кабарлоого милдеттүү.

(2) Эгерде кармалган адам башка мамлекеттин жараны болуп эсептелсе, көрсөтүлгөн мөөнөттө бул мамлекеттин элчилигине же консулдугуна билдирилүүгө тийиш. Жасалган билдирүү тууралу иш кагазга белги коюлат.

**100-статья. Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалган адамды суракка алуу**

(1) Кылмыш жасады деген шектенүү менен кармалган адам, жактоочунун катышуусу менен суракка алынууга тийиш.

(2) Сурактын алдында кармалган адамга анын ушул Кодекстин 40-статьясында каралган укуктары түшүндүрүлүп, кандай кылмыш жасагандыгы боюнча шек туудуруп жаткандыгы билдирилүүгө тийиш.

## 12-Глава
## Бөгөт коюу чаралары

**101-статья. Бөгөт коюу чаралары жана алардын түрлөрү**

(1) Жазык иши боюнча тергөө жана териштирүү ишин жүргүзүүдө айыпкердин туура эмес жүрүш-турушуна жол бербөө жана өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн ага карата колдонулуучу мажбурлоо чаралары бөгөт коюу чаралары деп аталат.

(2) Төмөндөгүлөр:

1) эч жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу;

2) жеке кепилдик;

3) аскердик бөлүктүн командованиесинин байкоо жүргүзүшүнө берүү;

4) жашы жетпегенди ата-энелеринин же аларды алмаштырган адамдардын жана уюмдардын көз салуусуна берүү;

5) күрөө алуу;

6) үй камагы;

7) камакка алуу бөгөт коюу чараларына кирет.

*(КР 2004-жылдын 24-мартындагы N 47 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**102-статья. Бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн негиздер**

(1) Айыпталуучу же соттолуучу тергөөдөн же соттон жашырынып кетет же болбосо күбөгө же жазык сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына коркунуч келтирет, далилдерди жок кылат, мамлекеттер аралык же эл аралык издөө жарыяланат, башка жол менен тергөөнү жана ишти сотто териштирүүнү объективдүү жүргүзүүгө тоскоолдук кылат же болбосо кылмыштуу иш менен алектенүүнү улантат деп болжоого жетиштүү негиздер болсо, ошондой эле өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн тергөөчү, прокурор жана сот өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде бул адамга карата ушул Кодекстин 101-статьясында каралган бөгөт коюу чараларынын бирин колдонууга укуктуу.

(2) Кайтарууда кармоо түрүндө бөгөт коюу чарасы адамга карата кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн аны кийин өткөрүп берүүнү камсыз кылуу же ушул Кодекстин 435-статьясында каралган тартипте соттун өкүмүн аткаруу максатында колдонулушу мүмкүн.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**103-статья. Бөгөт коюу чарасын тандоодо эске алынуучу жагдайлар**

Бөгөт коюу чараларынын кайсы түрүн колдонуу зарылчылыгы жөнүндө маселени чечүүдө тергөөчү, прокурор, сот ушул Кодекстин 102-статьясында көрсөтүлгөн жагдайлардан башка, ошондой эле коюлган күнөөнүн, жасалган кылмыштын оордугун, айыпкердин, соттолуучунун инсанын, анын кылган ишин, жашын, саламаттык абалын, үй-бүлөлүк абалын жана башка жагдайларды эске алат.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**104-статья. Бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө токтом жана аныктама чыгаруу**

(1) Бөгөт коюу чараларын тандоо жөнүндө тергөөчү, прокурор, судья жүйөлөштүрүлгөн токтом, ал эми сот - аныктама чыгарат, анда айыпкердин, соттолуучунун аты-жөнү, туулган жылы жана жери, коюлуп жаткан күнөөнүн маңызы, жазык мыйзамынын күнөө коюлуп жаткан статьясы, ага карата тандалган бөгөт коюу чарасынын түрү жана аны тандап алуу үчүн негиздер көрсөтүлөт.

(2) Бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө тергөөчүнүн токтому айыпкерге колкат алуу менен окуп берилип, көчүрмөсү прокурорго жөнөтүлөт. Бир эле учурда ага ушул Кодекстин 15-главасында каралган бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө чечимге даттануу тартиби түшүндүрүлөт.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**105-статья. Башка жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу**

(1) Эч жакка чыкпоо жөнүндө колкат алуу тергөөчүнүн, прокурордун, соттун уруксатысыз туруктуу же убактылуу жашаган жеринен эч жакка кетпөөгө айыпкерден, соттолуучудан жазуу жүзүндө милдеттенме алууну, объективдүү тергөө жүргүзүүнү жана сотто ишти териштирүүгө тоскоолдук кылбоону, белгиленген мөөнөтүндө чакырык боюнча келүүнү билдирет.

(2) Айыпкер, соттолуучу өзү кол коюп берген шарттарды бузган учурда, ага карата бөгөт коюунун мурдагыдан кыйла катаал чаралары колдонулушу мүмкүн, колкат алуу учурунда ага бул тууралу эскертилүүгө тийиш.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**106-статья. Жеке кепилдик**

(1) Жеке кепилдик айыпкер, соттолуучу ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн милдеттенмелерин аткарарына ишенимге арзый турган адамдардын кепил боло тургандыгы жөнүндө өздөрүнө жазуу жүзүндө милдеттенме алышын билдирет. Кепил болуучулардын саны экиден кем болбоого тийиш.

Мамлекеттик саясий жана муниципалдык саясий кызматты ээлеп турган адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңешинин мүчөлөрүнө жеке кепил болуп чыгууга тыюу салынат.

(2) Жеке кепилдикти бөгөт коюу чарасы катары тандап алууга кепил болуп жаткандардын жазуу жүзүндөгү өтүнүчү боюнча жана айыпкердин, соттолуучунун макулдугу менен гана жол берилет.

(3) Кепил болгон адам жеке кепилдиги тууралуу кол коюп берет, анда өзү кепилге алып жаткан адамга карата коюлуп жаткан күнөөнүн маңызы түшүндүрүлгөндүгүн жана айыпкер, соттолуучу алдын алуу үчүн бул бөгөт коюу чарасы колдонулуп жаткан ишти жасаган учурда, кепил болуп жаткан адамга акчалай айып салына тургандыгы тууралуу кепил болуучунун жоопкерчилиги жөнүндө ырастайт.

(4) Айыпкер алдын алуу үчүн жеке кепилдик колдонулган аракеттерди жасаган учурда, ар бир кепилге сот тарабынан ушул Кодекстин 120, 121-статьяларында каралган тартипте эсептик көрсөткүчтөрдүн жүздөн беш жүз өлчөмүнө чейин акчалай өндүрүп алуу колдонулушу мүмкүн.

*(КР 2013-жылдын 2-июлундагы N 109 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**107-статья. Аскер бөлүгүнүн командованиесинин аскер кызматчыларына байкоо жүргүзүүсү**

(1) Аскер кызматчысын же окуу жыйындарына чакырылган аскерге милдеттүү болуп эсептелген айыпкерди, соттолуучу аскер бөлүгүнүн байкоо жүргүзүүсү Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн уставдарында каралган жана бул адамдын туура жүрүш-турушун жана тергөөчү, прокурор же соттун чакыруусу боюнча келишин камсыз кылууга жарактуу чараларды көрүүнү билдирет.

(2) Аскер бөлүгүнүн командованиесине аталган бөгөт коюу чарасы тандалып алынган иштин маңызы жөнүндө билдирилет. Аскер бөлүгүнүн командованиеси айыпкерге, соттолуучуга байкоо жүргүзүү белгиленгендиги жөнүндө ушул бөгөт коюу чарасын тандап алган органга жазуу жүзүндө маалымдайт.

(3) Айыпкер, соттолуучу алдын алуу үчүн аталган бөгөт коюу чарасы тандалып алынган аракеттерди жасаган учурда, командование бөгөт коюу чарасын тандап алган органга бул туурасында дароо кабарлоого милдеттүү.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**108-статья. Жашы жетпегенди көз салууга берүү**

(1) Жашы жетпегенди ата-энесинин, камкорчулардын, көздөөчүлөрдүн же башка ишенимге арзыган адамдардын, ошондой эле атайын балдар мекемелеринин өкүлдөрүнүн көз салуусуна берүү аталгандардын биринин жашы жетпегендин туура жүрүш-турушун жана анын тергөөчүгө, прокурорго же сотко келип турушун камсыз кылууга жазуу жүзүндө милдеттенме алышын билдирет.

(2) Жашы жетпегенди ата-энесинин жана башка адамдардын көз салуусуна берүү алардын жазуу жүзүндөгү өтүнүчү боюнча гана мүмкүн болот.

(3) Көз салууга алуу жөнүндө кол коюп берген учурда ата-энелер, камкорчулар, көздөөчүлөр, атайын балдар мекемелеринин өкүлдөрү жашы жетпеген күнөөлөнүп жаткан кылмыштын мүнөзү жөнүндө жана көз салууга алуу боюнча алган милдеттенмелерин бузган учурдагы алардын жоопкерчилиги жөнүндө эскертилет.

(4) Жашы жетпегендерди көз салууга алгандар милдеттенмесин аткарбаган учурда, аларга карата ушул Кодекстин 106-статьясынын төртүнчү бөлүгүндө каралган жаза-чаралары колдонулушу мүмкүн.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**109-статья. Күрөө**

(1) Күрөө - бул ушул Кодекстин 101-статьясынын биринчи бөлүгүндө саналып өткөн аракеттерди айыпкер, соттолуучу жасабай тургандыгынын кепилдиги катары айыпкердин, соттолуучунун өзү же башка бирөө, же уюм атайын эсепке төлөөчү акчалай сумма.

(2) Күрөө бөгөт коюу чарасы катары тергөөчү, прокурор тарабынан көзөмөл жүргүзүүчү прокурордун санкциясы менен же соттун аныктамасы же судьянын токтому боюнча колдонулат.

(3) Өзгөчө оор кылмыш жасады деп айыпталып жаткан адамдарга карата күрөө колдонулбайт, ушул Кодекстин 110-статьясынын биринчи бөлүгүндөгү бешинчи абзацта каралган учурларды кошпогондо.

(4) Күрөөнүн суммасы эсептик көрсөткүчтөрдүн элүүдөн бир миң өлчөмүнө чейинки чектерде, аталган бөгөт коюу чарасын тандап алган орган тарабынан аныкталат.

Күрөөнү колдонуу учурунда ушул Кодекстин 110-статьясынын биринчи бөлүгүндөгү бешинчи абзацка ылайык анын өлчөмү тиешелүү жазык иши боюнча белгиленген зыяндын үч эселенген өлчөмүнө таянуу менен аныкталат, же болбосо, эгерде зыян белгиленбеген болсо, күрөө кеминде эки миң эсептик көрсөткүчтү түзгөн өлчөмдө аныкталат.

(5) Кабыл алынган күрөө жөнүндө протокол түзүлөт, анын көчүрмөсү күрөө коюучуга тапшырылат. Мында күрөө коюучуга ушул бөгөт коюу чарасы тандалып алынган иштин маңызы жөнүндө жана күрөөнү мамлекеттин пайдасына алып коюу негиздери жөнүндө эскертилүүгө тийиш, ал туурасында протоколдо көрсөтүлөт.

(6) Эгерде айыпкер, соттолуучу төмөндөгүлөрдүн бирине жол берсе:

1) тергөөчүнүн, соттун чакыруусу боюнча жүйөлүү себепсиз келбей койсо;

2) тергөөдөн же соттон качса;

3) жазык иши боюнча чындыкты тактоого тоскоолдук кылууга багытталган аракеттерди жасаса;

4) кайрадан атайылап жазык жагынан жазалануучу иш жасаса, коюлган күрөө мамлекеттин пайдасына чегерилет.

(7) Ушул статьянын алтынчы бөлүгүндө саналып өткөн тартип бузуулар жөнүндө тартип бузуунун жагдайларын жана анын жасалгандыгын ырастаган иш жүзүндөгү маалыматтарды баяндоо менен протокол түзүлөт. Протоколго айыпкер, соттолуучу күрөө коюучу жана протоколдо

баяндалган фактыларды ырастоочу адамдар кол коюуга тийиш. Айыпкер, соттолуучу көрсөтүлгөн тартип бузууларды сотто иш каралып жатканда жасаган учурда, тартип бузуунун жагдайы сот заседаниесинин протоколунда баяндалат.

(8) Эгерде айыпкер, соттолуучу тергөөдөн жана соттон качып жашырынса, протоколго ушул статьянын жетинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар кол коюшат.

(9) Күрөөнү кайтаруу же мамлекеттин пайдасына чегерүү жөнүндөгү маселе жазык иши боюнча токтом, аныктама, өкүм чыгарган учурда сот тарабынан чечилет. Тергөөнүн жүрүшүндө жазык иши кыскартылган учурда, күрөөнү кайтарып берүү жөнүндөгү маселе тергөөчү, прокурор тарабынан жүйөлөштүрүлгөн токтом чыгаруу аркылуу чечилет.

(10) Күрөө түрүндөгү бөгөт коюу чарасын камакка алуу менен алмаштыруу учурунда, эгерде бул шек саналгандын же айыпталгандын талаптагыдай эмес жүрүш-турушу менен байланышпаган болсо, күрөө берүүчүгө күрөө кайра кайтарылат.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2009-жылдын 24-июлундагы N 246 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**109-1-статья. Үй камагы**

(1) Үй камагы айыпкердин эркин жүрүүсүнө байланышкан чек коюуларды, ошондой эле:

1) белгилүү бир адамдар менен катнашууга;

2) кат кабар алууга жана жөнөтүүгө;

3) түнкүсүн турак жайын таштап кетүүгө;

4) жазык иши өндүрүшүндө турган тергөөчүнүн, соттун же органдын уруксатысыз администрациялык аймактын чегинен тышка чыгууга тыюу салууну билдирет.

(2) Бөгөт коюу чарасы катары үй камагы судьянын токтому боюнча айыпкерге карата ушул Кодекстин 102, 103, 111-статьяларында белгиленген негиздер болгондо жана тартипте анын жаш курагын, саламаттыгынын абалын, үй-бүлөлүк абалын жана башка жагдайларды эске алуу менен тандалып алынат.

(3) Соттун бөгөт коюу чарасын тандап алуу жөнүндө токтомунда айыпкерге карата жасалуучу айкын-ачык чектөөлөр көрсөтүлөт, ошондой эле белгиленген чектөөлөрдүн сакталышына контролдукту жүзөгө ашыруу жүктөлгөн орган же кызмат адамы көрсөтүлөт.

(4) Бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө соттун токтомуна прокурор, айыпталуучу жана анын коргоочусу тарабынан беш сутканын ичинде жогору турган сотко кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Анын чечилишине чейин сунушту же даттанууну берүү бөгөт коюу чарасы катары үй камагын колдонуу жөнүндө токтомдун күчүн токтото албайт жана үй камагын жокко чыгарууга алып келбейт.

*(КР 2004-жылдын 24-мартындагы N 47, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214, 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**110-статья. Камакка алуу**

(1) Бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу соттун чечими боюнча жазык мыйзамында үч жылдан ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган кылмышты жазагандыгы үчүн айыпталуучуга бөгөт коюу чарасынын башка кыйла жумшагын колдонуу мүмкүн болбогон учурда колдонулат. Өзгөчө учурларда бөгөт коюунун бул чарасы үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган кылмышты жасагандыгы үчүн айыпталуучуга карата төмөнкүдөй жагдайлар болгон учурда тандалып алынышы мүмкүн:

1) айыпталуучунун Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашоочу орду болбогондо:

2) анын инсандыгы аныкталбаганда;

3) ал тергөө органдарынан же соттон жашырынып кеткенде.

Экономика чөйрөсүндөгү кылмышты жасады деп айыпталганга карата жазалоо чарасы катарында камакка алуу ошол айыпталуучу, башка жак ушул Кодекстин 109-статьясынын төртүнчү

бөлүгүндөгү экинчи абзацта белгиленген күрөөнүн суммасын атайын эсепке төлөгөн шартта жазык мыйзамында каралган жазанын түрүнө жана мөөнөтүнө карабастан колдонулбайт.

(2) Бөгөт коюу чарасы катары камакка алууну тандоо зарыл болгондо прокурордун макулдугу менен тергөөчү тиешелүү деңгээлдеги сот алдында өтүнүч козгойт. Өтүнүч козгоо жөнүндө токтомдо айыпталуучуну камакка алуу жана бөгөт коюунун башка чарасын тандоо мүмкүн болбогондуктан улам келип чыккан жүйөөлөр жана негиздер баяндалат. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн бышыктоочу материалдар тиркелет. Эгерде өтүнүч ушул Кодекстин 94 жана 95-статьяларында белгиленген тартипте кармалган айыпталуучуга карата козголуп жатса, анда көрсөтүлгөн материалдар кармоо протоколу түзүлгөн учурдан тартып, кырк сегиз сааттын ичинде, бирок кармоонун мөөнөтү бүтөөрүнө эки саат калгандан кечиктирилбестен тергөөчү тарабынан сотко көрсөтүлүүсү тийиш.

(3) Бөгөт коюу чарасы катары камакка алууну тандап алуу тууралу өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтом райондук (шаардык) соттун судьясы же аскердик гарнизондук сот тарабынан айыпталуучунун, прокурордун, тергөөчүнүн жактоочунун катышуусунун (айыпталуучунун) тергөөнү жүргүзүү орду, болбосо кармалган жери боюнча материалдарды сотко берген учурдан тартып, эки сааттын ичинде жекече каралуусуна жатат. Ушул Кодекстин 94 жана 95-статьясында каралган тартипте кармалган айыпталуучу сот заседаниесине алынып келинет. Сот заседаниесине ошондой эле жашы жете элек айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү да катышууга укуктуу. Жактоочудан башка, сот заседаниесинин убактысы жөнүндө өз убагында кабарландырылган тараптардын жүйөөлүү себептерисиз келбей калуулары өтүнүчтү кароо үчүн тоскоол болуп саналбайт. Жактоочу сот заседаниесинде айыпталуучуну камакка алууга байланышпаган бөгөт коюу чараларын тандап алуунун зарылдыгы жөнүндө билдирүүнү жазуу же оозеки жүзүндө билдирүүгө укуктуу. Жазуу жүзүндөгү өтүнүч ишке тиркелет. Жактоочу жүйөөлүү себептер (оорусу, ишсапары ж.б.) боюнча гана катышпай калышы мүмкүн. Мындай учурда жактоочунун өтүнүчү жазык ишине кошулат. Жактоочунун катышуусуна мүмкүнчүлүк бербеген жагдайларда (катуу оору, өлүм) ал башка жактоочу менен алмаштырылат.

(4) Заседаниенин башталышында судья кандай өтүнүч каралууга жатаарын жарыя кылат, сот заседаниесине келген адамдарга алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. Андан кийин тергөөчү өтүнүчтү негиздейт, андан кийин сот заседаниесине келген башка адамдар угулат.

(5) Сот заседаниесинде судья төмөнкүдөй чечимдердин бирин чыгарат:

1) кармоонун мыйзамдуулугу жөнүндө;

2) кармоонун мыйзамсыздыгы жана кармалганды сот заседаниесинин залынан токтоосуз бошотуу жөнүндө;

3) кармоонун мыйзамдуулугу аныкталганда айыпталуучуну камакка алуу жөнүндө;

4) камакка алуу түрүндөгү жазалоо чарасын тандоо жана башка жазалоо чарасын тандоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө.

(6) Судьянын токтому өтүнүчтү козгогон адамга, прокурорго, айыпталуучуга жөнөтүлөт жана токтоосуз аткарылууга жатат.

(7) Бир эле адамды бир эле жазык иши боюнча бул бөгөт коюу чарасынан баш тартуу тууралу судья токтом чыгаргандан кийин аны камакка алуу өтүнүчү менен кайтадан кайрылуу ошол адамды камакка алуунун зарылдыгын негиздеген жаңы жагдайлар чыкканда гана болушу мүмкүн.

(8) Эгерде сотто соттолуучуга карата бөгөт коюу чарасы катары камакка алууну тандап алуу маселеси же башка чараны тандоо пайда болсо, анда бул тууралу чечимди сот өз демилгеси боюнча кабыл алат жана ал жөнүндө аныктама же токтом чыгарат.

(9) Эгерде бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу (камоо) адамга карата сыртынан же ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык колдонулса, анда ал аны тергөө органына иш жүзүндө алып келингенден тартып кырк сегиз сааттын ичинде камакка алуунун мыйзамдуулугун текшерүү үчүн сотко жеткирилүүгө тийиш.

(10) Жазык иши өз өндүрүшүндө турган адам же орган айыпталуучунун туугандарына, ал эми аскер кызматындагыларды камакка алууда - ошондой эле аскер бөлүгүнүн командачылыгына анын камакка алынган жери же камакка алынган жеринин өзгөрүшү тууралу токтоосуз кабарландырат.

Бөгөт коюу же бул тууралу баш тартуу чараларын тандап алуу жөнүндөгү соттун токтому беш сутканын ичинде жогору турган сотко даттанулуусу мүмкүн.

(11) Бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу тандалып алынган адамга туугандары же башка адамдар менен жолугушуу иш өндүрүшүндө турган адамдын же органдын уруксаты менен гана берилиши мүмкүн.

(12) Бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө же андан баш тартуу жөнүндө судьянын токтомуна прокурор, айыпталуучу жана анын коргоочусу тарабынан беш сутканын ичинде жогору турган сотко кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Камакка алынган адамды кармаган жердин администрациясы, камакка алуу (камоо) түрүндө бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө соттун токтомуна бул адамдын жогору турган сотко жиберген даттануусун алгандан кийин, кандай учур болбосун, аны алгандан баштап он эки сааттан кечикпестен, ал тууралуу прокурорго билдирүү менен даттанууну тийиштүү сотко тезинен жиберүүгө милдеттүү.

Анын чечилишине чейин даттанууну берүү бөгөт коюу чарасы катары камакка алууну колдонуу жөнүндө токтомдун күчүн токтото албайт жана адамды камактан бошотууга алып келбейт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2009-жылдын 24-июлундагы N 246, 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**111-статья. Камакта, үй камагында кармоо мөөнөттөрү жана аларды узартуу тартиби**

(1) Жазык ишин тергөөдө камакка, үй камагына алуу түрүндө бөгөт коюу чарасы соттун чечими боюнча эки айга чейинки мөөнөткө тандалып алынат.

(2) Тергөөнү эки айлык мөөнөткө чейин аяктоо мүмкүн болбосо жана бөгөт коюу чарасын өзгөртүү же бузуу үчүн негиз жок болсо бул мөөнөт райондук (шаардык) соттун судьясы же гарнизондук аскердик сот тарабынан:

1) алты айга чейин - көзөмөлдөөчү прокурордун макулдугу менен тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча;

2) тогуз айга чейин - Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басарынын макулдугу менен тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча;

3) бир жылга чейин - Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун макулдугу менен тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча узартылышы мүмкүн.

(3) Мөөнөттү андан ары узартууга жол берилбейт. Камакта кармалып турган айыпталуучу дароо бошотулууга жатат. Бошотулган адамга карата бөгөт коюунун башка чарасы тандалып алынат.

(4) Камакта, үй камагында кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо тууралу токтом камакта, үй камагында кармоонун мөөнөтү аяктаганга чейин, беш суткадан кечиктирбестен жазык ишин иликтөө жери боюнча сотко берилүүгө тийиш. Токтомдо мөөнөттү узартуунун зарылдыгына байланыштуу себептери, териштирүү зарылдыгынын шарттары, жана мындай бөгөт коюунун чараларын сактоо зарылдыгынын негизи чагылдырылууга тийиш. Өтүнүч судья тарабынан ушул Кодекстин 110-статьясынын бешинчи бөлүгүндө белгиленгенге ылайык каралат.

(5) Судья өтүнүч алынган күндөн үч суткадан кечиктирбестен төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алат:

1) айыпталуучуну камакта, үй камагында кармоо мөөнөтүн узартуу жөнүндө;

2) тергөөчүнүн айыпталуучуну камактан бошотуу, үй камагын алып салуу же өзгөртүү өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө.

(6) Камакта, үй камагында кармоо мөөнөтү айыпкерди кармаган учурдан тартып иш сотко жөнөтүлгөнгө чейин эсептелет. Айыпталуучунун ушул статьянын экинчи бөлүгүндө каралган учурлардагы иштин материалдары менен таанышуу мөөнөтү анын камакка, үй камагына алуу мөөнөтүнө кошулуп эсептелет.

(7) Камакта кармоо мөөнөтүнө төмөнкү убакыттар кошулуп эсептелет:

1) адам шек саналган катары кармалган убактысы;

2) үй камагы;

3) соттун чечими боюнча медициналык же психиатриалык мекемеде мажбурланып кармалган убактысы;

4) адамдын чет мамлекеттин аймагында укуктук жардам көрсөтүү талабы же Кыргыз Республикасына өткөрүп берүү талабы боюнча кармалып турган убактысы.

(8) Айыпталуучуну ошол эле жазык иши боюнча, ошондой эле ага бириктирилген же андан бөлүнүп алынган жазык иши боюнча кайталап камакка, үй камагына алган учурда камакка, үй камагына алуу мөөнөтүнө айыпталуучунун мурда камакта, үй камагында өткөргөн убактысы эске алынуу менен эсептелет.

(9) Айыпталуучуну камакта, үй камагында кармоо мөөнөтү бүткөн, бирок иштин жагдайлары боюнча камакта, үй камагында кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы сот тарабынан өзгөртүүсүз калтырылган ишти ушул Кодекстин 264-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган негиздер боюнча прокурорго ишти өткөрүп бергенде, айыпталуучуну кармоонун мөөнөтү прокурорго кайтарып берген учурдан баштап саналат жана бир айдан ашуусу мүмкүн эмес. Көрсөтүлгөн мөөнөттү андан ары узартуу ушул статьянын экинчи бөлүгүндө белгиленген чектерде жана тартипте жүзөгө ашырылат.

(10) Камакка алуунун, үй камагынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө же мындан баш тартуу жөнүндө судьянын токтомуна прокурор, айыпталуучу жана анын коргоочусу тарабынан беш сутканын ичинде жогору турган сотко кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Камакка алынган адамды кармаган жердин администрациясы, камакка алуунун мөөнөтүн узартуу жөнүндө соттун токтомуна бул адамдын жогору турган сотко жиберген даттануусун алгандан кийин, кандай учур болбосун, аны алгандан баштап он эки сааттан кечикпестен, ал тууралуу прокурорго билдирүү менен даттанууну тийиштүү сотко токтоосуз жиберүүгө милдеттүү.

(11) Мында адамды чет мамлекеттин аймагында камакта кармоо убактысы ал өткөрүп берилген учурда жаза дайындалганда камакта кармоонун жалпы мөөнөтүнө эсептелет.

*(КР 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**112-статья. Бөгөт коюу чарасын бузуу же өзгөртүү**

(1) Андан ары зарылчылыгы болбой калган учурда, бөгөт коюу чарасы жокко чыгарылат, же иштин жагдайына жараша андан катуураак же андан жеңилирээк чара менен өзгөртүлөт. Бөгөт коюу чарасын жокко чыгаруу же өзгөртүү тергөөчүнүн, прокурордун, судьянын жүйөлөштүрүлгөн токтому, соттун аныктамасы боюнча жүргүзүлөт. Камакта кармоо, күрөө түрүндөгү бөгөт коюу чарасын жокко чыгаруу же өзгөртүү сот тарабынан же көзөмөл жүргүзүүчү прокурордун макулдугу менен тергөөчүнүн, прокурордун токтому боюнча жүргүзүлөт.

(2) Бөгөт коюу чарасы төмөндөгү учурларда гана алда канча катаал чара менен алмаштырылышы мүмкүн:

эгерде айыпкерге Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин тиешелүү статьяларында каралган оор же өзгөчө оор кылмыш жасады деген жаңы айып коюлса;

эгерде айыпкер милдеттенмесин бузса же ушул Кодекстин 105-статьясынын биринчи бөлүгүндө же 109-статьясынын алтынчы бөлүгүндө көрсөтүлгөн укук бузуу жасаса.

(3) Соттук чечимдин негизинде тандалып алынган бөгөт коюу чарасы кылмыш иликтөөсү токтотулган, тергөө мөөнөттөрү, амнистия актысын колдонуу узартылбаган учурларда прокурордун макулдугу менен чечим кабыл алган сотко билдирүү менен соттун чечими, тергөөчүнүн, прокурордун токтому боюнча өзгөртүлүшү же жокко чыгарылышы мүмкүн.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2003-жылдын 13-мартындагы N 61, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**113-статья. Жашы жетпегендерди көздөөгө берүү жана камакка алынган адамдын мүлкүн сактоо боюнча чара көрүү**

(1) Тергөөчү, сот:

1) камакка алынган адамдын көзөмөлсүз калган жашы жетпеген балдары болгон учурда аларды тиешелүү адамдардын же уюмдардын көздөөсүнө берүүгө;

2) камакка алынган адамдын мүлкү же турак-жайы кароосуз калган учурда аларды сактоо жагынан чара көрүүгө милдеттүү.

(2) Көрүлгөн чаралар жөнүндө тергөөчү, сот камактагы айыпкерге, соттолуучуга маалымдайт.

**114-статья. Жашы жетпегендерди камакка алуу**

Бөгөт коюу чарасы катары жашы жетпегендерди камакка алуу өзгөчө учурларда гана, оор кылмыш катары квалификацияланган жаза чарасын колдонулуучу жосунду бир нече курдай жасагандыгы же өтө оор кылмыш жасагандыгы менен айыпталгандыгына байланыштуу колдонулушу мүмкүн.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 13-Глава
## Процесстик мажбурлоонун башка чаралары

**115-статья. Процесстик мажбурлоонун башка чараларын колдонуу үчүн негиздер**

(1) Жазык иштери боюнча ушул Кодексте каралган тергөө жана соттук териштирүү жүргүзүү тартибин камсыз кылуу, өкүмдү талаптагыдай аткаруу максатында тергөөчү, сот шектүүгө, айыпкерге, соттолуучуга процесстик мажбурлоонун: келип туруу жөнүндө колкат алуу, айдап келүү, кызматынан убактылуу четтетүү, мүлкүнө камак салуу түрүндөгү чараларын колдонууга укуктуу.

(2) Ушул Кодексте каралган учурларда, тергөөчү, сот жабырлануучуга, күбөгө жана процесстин башка катышуучуларына процесстик мажбурлоонун: келип туруу жөнүндө колкат алуу, айдап келүү, акчалай өндүрүп алуу түрүндөгү чараларын колдонууга укуктуу.

**116-статья. Келип туруу жөнүндө колкат алуу**

(1) Шектүү, айыпкер, соттолуучу ошондой эле жабырлануучу же күбө тергөө аракеттерине же соттук териштирүүгө катышуудан четтеши мүмкүн деп болжоого жетиштүү негиз болгон учурда, же чакырган учурда жүйөлүү себепсиз алар келбей коюшканда, бул адамдарды келип турууга милдеттендирип, колкат алынышы мүмкүн.

(2) Келип туруу жөнүндө кол койдуруп алуу шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун ошондой эле жабырлануучунун жана күбөнүн өздөрүнө тергөөчүнүн, соттун чакыруусу боюнча келип турууга жазуу жүзүндө милдеттенме алышын жана өздөрүнүн жашаган жерлеринин өзгөрүшү жөнүндө кабарлашын билдирет.

**117-статья. Айдап келүү**

(1) Шектүү, айыпкер, соттолуучу ошондой эле жабырлануучу жана күбө чакырганда жүйөлүү себепсиз келбей койгон учурда, тергөөчүнүн, судьянын жүйөлөштүрүлгөн токтому же соттун аныктамасы боюнча айдалып келиниши (мажбурлап алып келүү) мүмкүн. Ушул Кодекстин 215-статьясында көрсөтүлгөн жагдайлар келбей коюунун жүйөлүү себептери катары табылат. Чакырган учурда белгиленген мөөнөтүндө келүүгө тоскоол болгон жүйөлүү себептер бар экендиги тууралу шектүү, айыпкер, соттолуучу ошондой эле жабырлануучу жана күбө өздөрүн чакырган органга билдирип коюуга милдеттүү.

(2) Айдап келүү жөнүндө токтом (аныктама) шектүүгө, айыпкерге, соттолуучуга ошондой эле күбөгө жана жабырлануучуга жарыяланат, мунун өзү аларды токтомго (аныктамага) кол койдуруу менен күбөлөндүрүлөт.

(3) Айдап келүү түнкүсүн жүргүзүлүшү мүмкүн эмес.

(4) Он алты жашка чейинки курактагы жашы жетпегендерди, кош бойлууларды, ошондой эле саламаттыгына байланыштуу турган жеринен келе албаган же ал жерди таштап кете албаган оорулууларды айдап келүүгө болбойт.

(5) Айдап келүү алгачкы текшерүү органдары тарабынан жүргүзүлөт.

**118-статья. Кызматтан убактылуу четтетүү**

(1) Прокурор, прокурордун макулдугу менен тергөөчү, сот эгерде айыпталуучу, соттолуучу тергөөнү объективдүү жүргүзүүгө жана сотто ишти териштирүүгө, келтирилген зыяндын ордун толтурууга тоскоолдук кыла тургандыгы же ошол кызмат ордунда тургандыгына байланыштуу кылмыштуу ишин улантышы мүмкүн деген жетиштүү негиздер болгон кезде аларды ээлеген кызматтарынан убактылуу четтетүүгө укуктуу.

(2) Айыпталуучуну, соттолуучуну ээлеген кызматынан убактылуу четтетүү жөнүндө токтом алар иштеген жер боюнча уюмдун жетекчисине жиберилет, ал аны алгандан кийин үч күндүк мөөнөттө аны аткарууга жана бул тууральсында ал адамга же органга билдирүүгө милдеттүү.

(3) Айыпталуучуну, соттолуучуну ээлеген кызматынан убактылуу четтетүү бул чараларды колдонууга зарылчылык болбой калганда соттук чечимдин, тергөөчүнүн, прокурордун токтомунун негизинде жокко чыгарылат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**119-статья. Мүлккө камак салуу**

(1) Жарандык доо жагынан өкүмдүн аткарылышы үчүн башка мүлктүк жаза чараларын же мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоону камсыз кылуу максатында прокурор, ошондой эле тергөөчү сот алдында шектүүнүн, айыпталуучунун же мыйзам боюнча алардын аракети үчүн материалдык жоопкерчилик тартуучу адамдардын мүлкүнө прокурордун санкциясы менен камак салат.

(2) Мүлккө камак салуу менчик ээсине же мүлктүн ээсине даректелген ошол мүлккө ээлик кылуудан, ал эми зарыл учурларда пайдаланууга тыюу салуудан, болбосо мүлктү алып коюудан жана сактоого өткөрүп берүүдөн турат.

(3) Эгерде мүлк шектүүнүн, айыпталуучунун кылмыш аракеттеринин натыйжасында алынгандыгына жетиштүү негиздер болсо, башка адамдарда турган мүлктөргө да камак салынышы мүмкүн.

(4) Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинде каралган соттун чечими боюнча конфискацияланууга жатпаган мүлктөрдүн Тизмегинде көрсөтүлгөн мүлктөргө камак салынышы мүмкүн эмес.

(5) Мүлктөргө камак салууда адис катыша алат.

(6) Камак салынган мүлк камак салууну жүргүзгөн адамдын чечими боюнча алынып коюлушу, болбосо мүлктүн сакталышына жоопкерчилик тууралу эскертилүү менен ал тууралу тиешелүү протоколдо жазуу жүргүзүлүп, менчик ээсине же бул мүлктүн ээлик кылуучусуна, болбосо башка адамга өткөрүп берилиши мүмкүн.

(7) Шектүүгө, айыпталуучуга таандык болгон эсепте, аманатта же банктарда же башка кредиттик уюмдарда сакталып турган акча каражаттарына жана баалуулуктарга камак салынганда ошол эсептер боюнча аткарымдар толук же камак салынган акча каражаттарынын жана башка баалуулуктардын чектеринде жарым-жартылай токтотулат. Банктардын жана башка кредиттик уюмдардын жетекчилери соттун, ошондой эле прокурордун, болбосо прокурордун макулдугу менен тергөөчүнүн суроо-талабы боюнча бул акча каражаттары жана башка баалуулуктар тууралу маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

(8) Мүлккө камак салууда ушул Кодекстин 184 жана 186-статьяларынын талаптарына ылайык протокол түзүлөт. Камак салынууга жаткан мүлк жок болсо бул тууралу протоколдо көрсөтүлөт. Протоколдун көчүрмөсү мүлкүнө камак салынган адамга тапшырылат.

(9) Мүлккө камак салуу жазык иши өндүрүшүндө турган адамдын же органдын токтомунун, аныктамасынын негизинде, бул чараны колдонуунун зарылдыгы болбой калганда алынып салынат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**119-1-статья. Баалуу кагаздарга, алардын сертификаттарына камак салуу**

(1) Мүмкүн болуучу мүлктү конфискациялоо же кылмыштан улам келтирилген зыяндын ордун толтуруу максаттарында баалуу кагаздарга, болбосо алардын сертификаттарына камак салуу мүлктөрдүн турган жери боюнча же баалуу кагаздардын ээлик кылуучусунун эсептик укугунун жери боюнча, ушул Кодекстин 119-статьясынын талаптарын сактоо менен камак салынат.

(2) Акниет сатып алуучудагы аты документте жазылбаган баалуу кагаздар камак салууга жатпайт.

(3) Баалуу кагаздарга камак салуунун протоколунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) камак салынган баалуу кагаздардын жалпы саны, алардын түрү, категориясы (тиби) же сериясы;

2) номиналдык наркы;

3) мамлекеттик катталуу номери;

4) баалуу кагаздарды берген же баалуу кагаздарга ээлик кылуучунун укугун каттоону жүзөгө ашырган эмитент, болбосо адамдар тууралу, ошондой эле каттоо жүргүзүлгөн жер тууралу маалыматтар;

5) камак салынган баалуу кагаздарга менчик укугун ырастоочу документ жөнүндө маалыматтар.

(4) Камак салынган баалуу кагаздарды жоюу боюнча, алар боюнча пайдаларды төлөө, аларды конвертирлөө, алмаштыруу же алар менен башка аракеттерди жүргүзүүнүн тартиби мыйзамда белгиленет.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**120-статья. Акчалай айып өндүрүп алуу**

Ушул Кодекстин 50, 61, 63, 65, 67-статьяларында каралган учурларда, процесстик милдеттердин аткарылбагандыгы, ошондой эле сот заседаниесинде тартиптин бузулгандыгы үчүн жабырлануучудан, күбөдөн, адистен, тилмечтен ушул Кодекстин 121-статьясында белгиленген тартипте акчалай айып өндүрүлүп алышыны мүмкүн.

**121-статья. Акчалай өндүрүп алуунун жана күрөөнү мамлекеттин пайдасына чегерүүнүн тартиби**

(1) Ушул Кодекстин 120-статьясында көрсөтүлгөн учурлардагы акчалай өндүрүп алуулар сот тарабынан салынат.

(2) Эгерде сот жыйынынын жүрүшүндө тийиштүү бузууларга жол берилсе, анда өндүрүп алуулар сот заседаниесинде бул бузуулар белгиленген сот тарабынан салынат, ал тууралу соттун аныктамасына же токтомуна киргизилет.

(3) Эгерде бузууларга сотко чейинки өндүрүш жүрүшүндө жол берилсе, анда тергөөчү же прокурор бузуулар жөнүндө протокол түзөт, ал райондук сотко жөнөтүлөт жана анын сотко түшкөн учурунан тартып беш сутканын ичинде судья тарабынан каралууга жатат. Сот заседаниесине акчалай өндүрүп алуу салынышы мүмкүн болгон адам жана протоколду түзгөн адам чакырылат. Бузуучунун жүйөөлүү себептерсиз келбей коюшу протоколду кароого тоскоол болбойт.

(4) Протоколду кароонун жыйынтыктары боюнча судья акчалай өндүрүп алууну салуу же аны салуудан баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат. Токтомдун көчүрмөсү протоколду түзгөн адамга жана акчалай өндүрүп алуу салынган адамга жөнөтүлөт.

(5) Акчалай өндүрүп алууну салууда сот токтомдун аткарылышын кийинкиге калтырууга же үч айлык мөөнөткө чейин узартууга укуктуу.

(6) Күрөөнү мамлекеттин пайдасына чегерүү тууралу маселе ушул Кодекстин 109-статьясынын алтынчы бөлүгүндө каралган учурларда ушул статьянын үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө белгиленген тартипте чечилет.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## V БӨЛҮМ
## ӨТҮНҮЧТӨР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР

## 14-Глава
## Өтүнүчтөр

**122-статья. Өтүнүч билдирүүгө укуктуу адамдар**

Жазык процессинин катышуучулары, ошондой эле башка жарандар, уюмдар иш боюнча мааниси бар жагдайларды аныктоо үчүн тергөө, процесстик жана башка аракеттерди жүргүзүү, кайрылып жаткан адамдын же ал атынан чыгып жаткан адамдын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын камсыз кылуу жөнүндө өтүнүч менен тергөөчүгө, прокурорго жана сотко кайрылууга укуктуу.

Мамлекеттик саясий жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңешинин мүчөлөрүнө сотто бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө өтүнмө жасоого тыюу салынат.

*(КР 2013-жылдын 2-июлундагы N 109 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**123-статья. Өтүнүч билдирүү**

(1) Өтүнүч билдирүү процесстин жүрүшүнүн ар кандай учурунда болушу мүмкүн. Жазуу жүзүндөгү өтүнүч ишке тиркелет, оозеки өтүнүч - протоколго жазылат.

(2) Өтүнүчтү четке кагуу, анын ээсин кайрадан өтүнүч менен кайрылуу укугунан ажырата албайт.

**124-статья. Өтүнүчтү кароонун мөөнөттөрү**

Өтүнүч түшөрү менен түздөн-түз каралууга жана чечилүүгө тийиш. Тергөөдө билдирилгенден кийин өтүнүч боюнча дароо чечим кабыл алуу мүмкүн болбогон учурда, ал түшкөн учурдан тартып үч суткадан кечиктирилбестен чечилүүгө тийиш.

**125-статья. Өтүнүчтү чечүү**

(1) Эгерде өтүнүч иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөөгө, процесстин катышуучуларынын же башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын камсыз кылууга көмөк көрсөтө турган болсо, ал канааттандырылууга тийиш.

(2) Өтүнүчтү толук же жарым-жартылай канааттандыруу жөнүндө же аны канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө тергөөчү, прокурор, судья токтом чыгарат, ал эми сот - аныктама чыгарат. Ал өтүнүч билдирген адамга маалымдалат. Өтүнүч боюнча чечим ушул Кодексте белгиленгендей даттануу берүүнүн жана кароонун жалпы эрежелери боюнча даттанылышы мүмкүн.

## 15-Глава
## Жазык ишин териштирүүнүн жүзөгө ашырып жаткан мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын аракеттерине жана чечимдерине даттануу

**126-статья. Жазык иши боюнча кароону жүргүзүп жаткан соттун, кызмат адамдарынын аракеттерине жана чечимдерине даттануу укугу**

Эгерде жүргүзүлүп жаткан процесстик аракеттер алардын таламдарына таасир тийгизсе, ушул Кодекстин 25-статьясына ылайык тергөөчүнүн, прокурордун, соттун же алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракетине процесстин катышуучулары, ошондой эле жарандар, уюмдар ушул Кодексте белгиленген тартипте даттанышы мүмкүн.

**127-статья. Даттанууну берүү**

(1) Даттануу жазык ишин жүргүзүп жаткан, мыйзам боюнча аны кароого жана ал боюнча чечим кабыл алууга укуктуу болгон мамлекеттик органга же кызмат адамына берилет.

(2) Даттануу оозеки жана жазуу жүзүндө болушу мүмкүн. Оозеки даттануу протоколго түшүрүлөт, ага даттануучу жана аны кабыл алган кызмат адамы кол коет. Даттанууга кошумча материалдар тиркелиши мүмкүн.

(3) Жазык иши жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген адамга даттанууну эне тилинде же өзү билген тилде берүү укугу камсыз кылынат.

### 128-статья. Кармалган же камакка алынган адамдардын даттануусун жөнөтүү

(1) Камакка алган жердин администрациясы кылмыш жасады деген шектенүү боюнча кармалган адамдардын же камакта жаткандардын даттанууларын тиешелүү тергөөчүгө, прокурорго, сотко токтоосуз берүүгө милдеттүү.

(2) Алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракетине, тергөөчүнүн аракетине же чечимине кармалгандардын же камакта жаткандардын даттанууларын, камакка алган жердин администрациясы иш боюнча тергөөгө көзөмөл кылган прокурорго, же сотко ал эми прокурордун аракетине жана чечимине даттанууларды - жогору турган прокурорго дароо берүүгө милдеттүү. Башка даттануулар түшкөн учурдан тартып бир суткадан кечиктирилбестен камакка алган жердин администрациясы тарабынан иш кароосунда турган адамга же органга берилет.

### 129-статья. Даттанууну берүү мөөнөтү

Алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракетине, тергөөчүнүн, прокурордун, судьянын же соттун аракетине жана чечимине даттануулар тергөө жана соттук териштирүү жүргүзүлүп жаткан мезгилдин аралыгында берилиши мүмкүн. Жазык ишин кыскартуу жөнүндөгү чечимге, биринчи инстанциядагы соттордун чыгарган өкүмдөрүнө даттануулар ушул Кодексте белгиленген мөөнөттө берилет.

### 130-статья. Даттанууларды кароонун жалпы тартиби

(1) Аракети даттанылып жаткан прокурорго же судьяга, ошого тете даттанылып жаткан чечимди бекиткен кызмат адамына даттанууну кароону тапшырууга тыюу салынат.

(2) Даттанууну карап жатып, прокурор же судья анда баяндалган тыянактарды ар тараптан текшерүүгө, зарыл учурда даттанылып жаткан аракетке жана чечимге тиешелүү кошумча материалдарды талап кылууга милдеттүү.

(3) Даттанууну карап жаткан прокурор же судья өз ыйгарым укуктарынын чегинде жазык процессинин катышуучуларынын, ошондой эле башка адамдардын укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын бузулушун калыбына келтирүүгө карата токтоосуз чара көрүүгө милдеттүү.

(4) Эгерде даттанылып жаткан мыйзамга каршы аракеттер же чечимдер менен жаранга моралдык жагынан, дене боюна же мүлк жагынан зыян келтирилсе, анда ага зыяндын ордун толтуруунун же четтетүүнүн укугу жана бул укукту жүзөгө ашыруунун тартиби түшүндүрүлүп берилүүгө тийиш.

### 131-статья. Тергөөчүнүн, прокурордун аракеттерине жана чечимдерине даттануулар

(1) Тергөөчүнүн, прокурордун жазык ишин козгоо тууралу, жазык ишин токтотуу жөнүндө токтому, ошого тете алардын жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине зыян келтирүүгө жөндөмдүү же жарандардын сот адилеттигине жетишүүсүн кыйындатуучу чечимдери жана аракеттери (аракетсиздиктери) териштирүү өндүрүшүнүн жери боюнча сотко даттанылышы мүмкүн.

(2) Даттануу сотко арызданууучу, анын жактоочусу, мыйзамдуу өкүлү же өкүлү тарабынан түздөн-түз, болбосо тергөөчү же прокурор аркылуу берилиши мүмкүн.

(3) Судья тергөөчүнүн, прокурордун аракеттеринин (аракетсиздиктеринин) мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү даттануу түшкөн күндөн тартып беш суткадан кечиктирбестен сот заседаниесинде арызданууучунун жана анын жактоочусунун, эгер алар жазык ишине катышып жатышса, мыйзамдуу өкүлүнүн же өкүлүнүн жана даттанылып жаткан аракеттерде (аракетсиздиктерде) же чечимдерде кызыкчылыктарына түздөн-түз доо кетип жаткан жана башка адамдардын, ошондой эле прокурордун катышуусу менен текшерилет. Даттанууну кароонун убактысы жөнүндө өз убагында кабарландырылган жана алардын катышуусу менен каралуусун талап кылышпаган адамдардын келбей калуусу соттун даттанууну кароосу үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

(4) Соттук заседаниенин башталышында судья кандай даттануу карала тургандыгын жарыялайт, сот заседаниесине келген адамдарга өзүн тааныштырат, алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. Андан кийин арыздануучу, эгер ал сот заседаниесине катышып жатса, даттануусун негиздейт, андан кийин сот заседаниесине келген башка адамдар угулат. Арыздануучуга реплика берүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

(5) Даттанууну териштирүүнүн жыйынтыктары боюнча судья төмөнкүдөй токтомдордун бирин чыгарат:

1) тиешелүү кызмат адамынын аракеттерин (аракетсиздиктерин) же чечимдерин мыйзамсыз же негизсиз деп табуу жөнүндө жана анын жол берилген бузууларды четтетүү милдети жөнүндө;

2) даттанууну канааттандыруусуз калтыруу тууралу.

(6) Судьянын токтомунун көчүрмөсү арыздануучуга жана прокурорго жөнөтүлөт.

(7) Даттанууну алып келүү, эгерде аны тергөөчү, прокурор же судья керек деп таппаса, даттанылган аракеттердин өндүрүшүн жана даттанылган чечимдердин аткарылышын токтотпойт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**132-статья. Прокурордун, тергөөчүнүн чечимине даттанууну кароонун соттук тартиби**

*(1) (КР 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

(2) Даттануу ал түшкөн учурдан тартып үч сутканын ичинде судья тарабынан жекече каралат.

(3) Даттанууну карап көрүп, судья төмөндөгүдөй чечимдердин бирин кабыл алат:

1) негизсиз катары даттанууну канааттандыруудан баш тартуу;

2) даттанууну канааттандыруу;

*3) (КР 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

4) тергөөчүнүн, прокурордун жазык ишин козгоодон баш тартуу, жазык ишин кыскартуу жөнүндөгү чечимин мыйзамсыз деп табуу жана жазык ишине мыйзамдуу чечим кабыл алуу үчүн прокурорго жиберүү;

Судьянын токтому тергөө, прокуратура органдары тарабынан токтоосуз аткарылууга тийиш.

(4) Судьянын ушул статьяга ылайык чыгарылган чечими кассациялык жана көзөмөл тартибинде каралышы мүмкүн.

*(КР 2002-жылдын 16-октябрындагы N 141, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2008-жылдын 5-августундагы N 193, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**132-1-статья. Бөгөт коюу чарасы катары соттун камакка, үй камагына алууну колдонушуна даттанууну кароонун соттук тартиби**

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**133-статья. Соттун өкүмүнө, аныктамасына, токтомуна даттануу (сунуш)**

Биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордун өкүмүнө, аныктамасына жана токтомуна даттануу (сунуш) ушул Кодекстин 38-главасынын эрежелерине ылайык берилет. Мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечимин кайра кароо жөнүндө даттануу (сунуш) ушул Кодекстин 42-главасынын эрежелерине ылайык берилет.

## VI БӨЛҮМ
## БАШКА ЖОБОЛОР

### 16-Глава
### Жазык ишиндеги жарандык доо

**134-статья. Жазык процессинде каралуучу жарандык доолор**

(1) Жазык процессинде кылмыш же акыл-эси соо эмес адамдын Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тыюу салынган жосундары менен келтирилген зыянды өндүрүп берүү туурасында жарандардын жана юридикалык жактардын жарандык доолору каралат.

(2) Жазык ишиндеги жарандык доо, анын ичинде жарандык сот ишин жүргүзүү тартибинде кароо үчүн бөлүнгөн жарандык доо мамлекеттик алымдан бошотулат.

(3) Жазык ишинен келип чыккан жарандык доонун кайсы сот тарабынан карала тургандыгы, доо коюлган жазык ишинин кайсы сот тарабынан карала тургандыгына жараша аныкталат.

(4) Жазык иши боюнча коюлган жарандык доону далилдеп берүү ушул Кодексте жана Кыргыз Республикасынын Граждандык процесстик кодексинде белгиленген эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

**135-статья. Жарандык доо коюу**

(1) Акыл-эси ордунда эмес адамдын кылмышынан же Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тыюу салынган жосундарынан зыян тарткан адам же анын өкүлү жарандык доону жазык иши козголгон учурдан тартып, бирок соттук териштирүү башталганга чейин коюуга укуктуу.

(2) Жарандык доо жазуу жүзүндө, ошондой эле оозеки түрдө берилиши мүмкүн. Оозеки билдирүү сот заседаниесинин протоколуна түшүрүлөт.

(3) Жазык процессинде жарандык доо койбогон адам, ошого тете доосу сот тарабынан кароосуз калтырылган адам өзүнүн доосун жарандык сот ишинин тартибинде коюуга укуктуу.

(4) Жарандардын укуктарын, мамлекеттик же коомдук таламдарды коргоо талап кылынган учурда, жазык ишинде жарандык доо коюуга прокурордун укугу бар.

**136-статья. Жарандык доогер деп табуу**

(1) Эгерде жазык ишинин материалдарынан акыл-эси ордунда эмес адамдын кылмышынын же Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тыюу салынган жосундарынын кесепетинен жаранга же юридикалык жакка зыян келтирилгендиги көрүнүп турса, тергөөчү, судья, сот аларга же алардын өкүлдөрүнө жарандык доо коюу укугун түшүндүрүп берет.

(2) Доо койгон жаран же юридикалык жак жарандык доогер деп табылат. Доо койгон адамга, анын өкүлүнө жарандык доогер деп таануу туурасында токтом (аныктама) жарыяланат жана ушул Кодекстин 53-статьясында каралган укуктары түшүндүрүлүп берилет.

**137-статья. Жарандык доогер деп табуудан баш тартуу**

Жарандык доо коюу үчүн ушул Кодекстин 135-статьясында каралган негиздер болбогон учурда, доо койгон жаранды же юридикалык жакты жарандык доогер деп табуудан баш тартылышы мүмкүн, бул туурасында жүйөлөштүрүлгөн токтом же аныктама чыгарылат жана анын даттануу укугу түшүндүрүлүп берилет.

**138-статья. Ишке жарандык жоопкер катары катышууга тартуу**

Жазык ишинде жарандык доо коюлган учурда тергөөчү, сот акыл-эси ордунда болбогон адамдын кылмышынын же Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тыюу салынган жосунунун кесепетинен келтирилген зыян үчүн жооптуу адамды аныктап, ушул Кодекстин 55-статьясында белгиленген тартипте бул адамды жарандык жоопкер катары ишке тартат. Жарандык жоопкерге же анын өкүлүнө аны жарандык жоопкер катары тартуу жөнүндө токтом (аныктама) жарыяланат жана ушул Кодекстин 56-статьясында каралган укуктары түшүндүрүлүп берилет.

**139-статья. Зыяндын ордун толтуруунун негиздери, шарттары, көлөмү жана ыкмасы жөнүндө эрежелерди колдонуу**

Жазык ишинде коюлган жарандык доону кароодо зыяндын ордун толтуруунун негиздери, шарттары, көлөмү жана ыкмасы, жарандык, эмгек же башка укук ченемдерине ылайык аныкталат. Мыйзамда каралган учурларда эл аралык макулдашуулар колдонулат.

**140-статья. Жарандык доодон баш тартуу**

(1) Жаран же юридикалык жак өзү койгон жарандык доодон баш тартууга укуктуу.

(2) Доодон баш тартуу жөнүндө доогердин билдирүүсү тергөө аракеттеринин же сот заседаниесинин протоколуна жазылат. Эгерде доодон баш тартуу жазуу жүзүндөгү арыз менен билдирилсе, анда ал ишке тиркелет.

(3) Доодон баш тартуу тергөөчү тарабынан жазык иши боюнча тергөөнүн ар кандай учурунда кабыл алынат. Доодон баш тартуу соттук териштирүүнүн ар кандай учурунда аныктама, токтом чыгаруу менен, бирок өкүм чыгаруу үчүн сот кеңешүүчү бөлмөгө чыгып кеткенге чейин сот тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.

(4) Доодон баш тартуу чечимин кабыл алуу ал боюнча сот ишинин кыскартылышына алып келет.

(5) Доодон баш тартуу чечимин кабыл алганга чейин тергөөчү, сот доогерге ушул статьянын төртүнчү бөлүгүндө белгиленген баш тартуунун кесепетин түшүндүрүп берүүгө милдеттүү.

(6) Тергөөчү же сот эгерде мындай аракеттер мыйзамга карама-каршы келсе же кимдир-бирөөнүн укугун жана мыйзам тарабынан корголуучу таламдарын бузса, доогердин доодон баш тартуусун кабыл албайт, бул туурасында жүйөлөштүрүлгөн токтом же аныктама чыгарат.

**141-статья. Жарандык доо боюнча чечим кабыл алуу**

(1) Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын колдонуу жөнүндө айыптоо өкүмүн же аныктамасын чыгарган учурда сот жарандык доону толук же жарым-жартылай канааттандырат же аны канааттандыруудан баш тартат.

(2) Доо толук же жарым-жартылай канааттандырылган учурда сот өкүмдө жарандык доого тиешелүү бөлүгүн ыктыярдуу аткартуу үчүн мөөнөтүн белгилейт жана көрсөтөт. Мажбурлап аткартуу аракети жөнүндө мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

(3) Жазык ишин териштирүүнү жарандык доо боюнча кеңири эсеп-кысап жүргүзүү мүмкүн болбогон учурда, сот доону канааттандыруу тууралу жарандык доогердин укугун туура таап жана анын өлчөмү жөнүндөгү маселени жарандык сот ишин жүргүзүү тартибинде чечүүгө бере алат.

(4) Актоо өкүмүн чыгарууда, ошого тете эле медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча ишти токтотуу жөнүндө аныктама же токтом чыгарууда сот:

1) эгерде соттолуучунун жасаган кылмыш окуясы же Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тыюу салынган жосуну аныкталбаса же кылмыш жасагандыгы же Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде тыюу салынган жосун жасалгандыгы үчүн анын же медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндөгү маселе чечилип жаткан адамдын катышуусу далилденбесе, жарандык доону канааттандыруудан баш тартат;

2) айыпкер, соттолуучу өзү жасаган жосундун мүнөзү боюнча жана өзүнүн ал-абалы боюнча коом үчүн коркунуч келтирбеген жана мажбурлап дарылоого муктаж болбогон адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу үчүн негиз болбогондуктан акталган учурда доону кароосуз калтырат.

(5) Ушул Кодекстин 28, 29-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча иш токтотулган учурда, сот жарандык доону кароосуз калтырат.

(6) Эгерде ушул Кодекстин 28-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 9-пунктунда каралган негиздер боюнча жазык иши сотко чейинки териштирүү стадиясында токтотулса, жаран же юридикалык жак же алардын өкүлдөрү жарандык сот ишин жүргүзүү тартибинде доо коюуга укуктуу.

**142-статья. Жарандык доону жана мүлктү мыйзамда каралган конфискациялоону камсыз кылуу милдети**

(1) Кылмыштын кесепетинен мүлктүк зыян келтирилгендиги жөнүндө жетиштүү маалыматтар болгон учурда, алгачкы текшерүү органы, тергөөчү, прокурор жана сот коюлган же кийин коюлушу мүмкүн болгон жарандык доону камсыз кылуу чараларын көрүүгө милдеттүү.

(2) Жазык мыйзамында мүлкүн конфискациялоо каралган кылмыштар жөнүндөгү иштер боюнча тергөөчү же алгачкы текшерүү органы токтом түзүү менен мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоо жагынан өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

(3) Жарандык доону жана мүлктү мүмкүн болгон конфискацияны камсыз кылуу айыпкердин, соттолуучунун же алардын аракеттери үчүн мыйзам боюнча материалдык жоопкерчилик тарта турган адамдардын аманатына, баалуу буюмдарына жана башка мүлкүнө мүлктүн санакка алынышы боюнча камак салуу, ошондой эле камак салынган мүлктү алып коюу жолу менен жүргүзүлөт.

(4) Жарандык доо канааттандырылган учурда сот өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин мурда мындай чечим кабыл алына элек болсо, доону камсыз кылуу чараларын көрүү жөнүндө токтом кабыл алууга укуктуу.

### 143-статья. Жарандык доо боюнча өкүмдүн аткарылышы жана соттун аныктамасы

Сот жарандык доону канааттандырган учурда жарандык доо жагынан медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө өкүм, ошондой эле аныктама аткаруу иш-аракети жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте аткарылат.

## 17-Глава
## Процесстик мөөнөттөр. Процесстик чыгымдар

### 144-статья. Мөөнөттөрдү эсептөө

(1) Процесстик мөөнөттөр саат, сутка (күн), ай жана жылдар менен эсептелет.

(2) Мөөнөттү эсептөө төмөндөгү эрежелерди сактоо менен жүргүзүлөт:

1) бир күн мөөнөттү эсептөөдө жыйырма төрт саат деп эсептелет. Мөөнөттү суткалар менен эсептөөдө ал кийинки суткалардын жыйырма төрт саатында бүтөт;

2) мөөнөттү эсептөөдө мөөнөт башталган күн эсепке алынбайт;

3) ай менен жыл календар боюнча эсептелет; мөөнөттү ай жана жылдар менен эсептөөдө ал акыркы айдын, жылдын тийиштүү күнүндө бүтөт. Эгерде айлар боюнча эсептелген мөөнөттүн акыры ошол сыяктуу күнү болбогон айга туура келсе, анда мөөнөт ошол айдын акыркы күнү бүтөт;

4) эгерде мөөнөттүн акыры жумушчу эмес күнгө туура келсе, кармоодо, камакка, үй камагында алууда жана медициналык мекемеде болгон мөөнөттөрүн эсептегенден башка учурларда анда дем алыш же майрам күндөрүнөн кийинки биринчи иш күнү мөөнөттүн акыркы күнү деп эсептелет;

5) кармаган учурда анын мөөнөтү бул чараны иш жүзүндө колдонгон учурдан (сааттан) тартып эсептелет.

(3) Эгерде даттануу, өтүнүч же башка документ мөөнөтү бүткөнгө чейин почтага тапшырылса, аларды кабыл алууга тийиш болгон адамга берилсе же билдирилсе, ал эми камакта же медициналык мекемеде жаткандар үчүн даттануу же башка документ камакта кармоочу жердин же медициналык мекеменин администрациясына мөөнөтү бүткөнгө чейин тапшырылса, анда мөөнөт өтүп кетти деп эсептелбейт.

*(КР 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 145-статья. Өткөрүлгөн мөөнөтүн узартуу жана калыбына келтирүү

(1) Процесстик мөөнөттөр ушул Кодексте каралган учурларда жана тартипте гана узартылышы мүмкүн.

(2) Жүйөлүү себеп менен өтүп кеткен мөөнөтү иш кароосунда турган тергөөчүнүн же судьянын токтому менен калыбына келтирилүүгө тийиш. Мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартуу белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

(3) Тиешелүү адамдын өтүнүчү боюнча белгиленген мөөнөтү өтүп кеткендиктен даттанылган чечимдин аткарылышы өткөрүлгөн мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндөгү маселе чечилгенге чейин токтотула турушу мүмкүн.

### 146-статья. Процесстик чыгымдар

(1) Процесстик чыгымдар:

1) күбөлөргө, жабырлануучуларга жана алардын өкүлдөрүнө, эксперттерге, адистерге, тилмечтерге, алардын процесстик аракеттер өткөрүлгөн жерге келип кеткендеги, турак-жайды жалдоого, ошондой эле суткасына төлөнүүчү чыгымдарды жабууга төлөнгөн суммадан;

2) туруктуу алган айлыгы жок күбөлөргө, жабырлануучуларга жана алардын өкүлдөрүнө күндөлүк ишинен алагды кылгандыгы үчүн төлөнүп берилүүчү суммадан;

3) иштеген жана туруктуу эмгек акысы бар күбөлөргө, жабырлануучуларга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө аларды тергөөчүгө же сотко чакырууга байланыштуу кетирген убактысы үчүн кем төлөнгөн кызмат акыларынын ордун толтурууда төлөнгөн суммадан;

4) эксперттерге, тилмечтерге, адистерге тергөөдө же сотто өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн төлөнүп берилген каражаттардан, буга мындай милдеттер кызматтык тапшырма тартибинде аткарылган учурлар кошулбайт;

5) шектүү, айыпкер, соттолуучу жактоочунун көрсөткөн юридикалык жардамы үчүн акы төлөөдөн бошотулган же адвокат тергөөдө же сотто келишим түзбөстөн дайындоо боюнча катышкан учурда ага төлөнүп берилген суммадан;

6) буюм далилдерин сактоого жана жөнөтүүгө чыгымдалган суммадан;

7) тергөөдөн же соттон качкан шектүүнү, айыпкерди, соттолуучуну издөөгө байланыштуу чыгымдалган суммадан;

8) эксперт мекемелеринде экспертиза өткөрүүгө жумшалган суммадан;

9) жазык ишин жүргүзүүдө кеткен башка чыгымдардан куралат.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн 1-5, 8-пункттарында көрсөтүлгөн сумма тергөөчүнүн, судьянын токтому же соттун аныктамасы боюнча төлөнөт.

**147-статья. Процесстик чыгымдарды өндүрүү**

(1) Процесстик чыгымдар соттолгон адамдан өндүрүлөт же мамлекеттин эсебинен төлөнөт.

(2) Сот ушул статьянын бешинчи бөлүгүндө каралган учурда тилмечке, ошондой эле жактоочуга төлөнгөн суммадан башка, процесстик чыгымдарды соттолгон адамдан өндүрүүгө укуктуу. Процесстик чыгымдар жазадан бошотулган соттолгон адамга, ошондой эле жаза дайындалбастан соттолгон адамга да жүктөлүшү мүмкүн.

(3) Тилмечти ишке катыштыруу менен байланышкан процесстик чыгымдар мамлекеттин эсебинен төлөнөт. Эгерде тилмеч өз милдетин кызматтык тапшырма тартибинде аткарса, ага эмгек акы төлөө мамлекет тарабынан тилмеч иштеген уюмга өндүрүлүп берилет.

(4) Эгерде шектүү, айыпкер, соттолуучу жактоочудан баш тартуу билдирсе, бирок өтүнүчү канааттандырылбаса жана жактоочу ишке дайындоо боюнча катышса, адвокатка эмгек акы төлөө боюнча чыгымдар мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт.

(5) Ушул Кодекстин 28-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 1- жана 2-пункттарына жана 225-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 2-пунктуна жана 316-статьясына ылайык айыпкер, соттолуучу акталып же иш кыскартылган учурда процесстик чыгымдар мамлекеттин эсебинен төлөнөт. Эгерде айыпкер, соттолуучу жарым-жартылай гана акталса, анда сот аны ал күнөөлүү деп табылган айыптоо менен байланышкан процесстик чыгымдарды төлөп берүүгө милдеттендирет.

(6) Процесстик чыгымдарды төлөөгө тийиш болгон адамдын ага мүлк жагынан мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, мындай чыгымдар мамлекеттин эсебинен төлөнөт.

(7) Иш боюнча бир нече айыпкер, соттолуучу күнөөлүү деп табылганда, сот алардын ар кимисинен канча өлчөмдө процесстик чыгымдар кармалууга тийиш экендигин аныктайт. Бул жерде сот кылмыш үчүн ар кимдин күнөөсүнүн мүнөзүн, жоопкерчилик даражасын жана соттолгондордун мүлктүк абалын эске алат.

(8) Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн кылмыштары жөнүндөгү иштер боюнча сот процесстик чыгымдарды жашы жете элек өспүрүмдөрдүн ата-энелерине же аларды алмаштырган адамдарга жүктөшү мүмкүн.

(9) Соттолуучу жекече айыптоо иши боюнча акталган учурда сот процесстик чыгымдарды даттануусу боюнча иш башталган адамдан толук же жарым-жартылай өндүрүп берүүгө укуктуу.

Тараптар жарашкандыктан кыскартылган иш боюнча процессуалдык чыгымдар бир же эки тараптан тең өндүрүлөт.

## 18-Глава
## Жазык иштерин бириктирүү же бөлүп чыгуу

**148-статья. Жазык иштерин бириктирүү**

(1) Бир же бир нече кылмыш жасоодо, кылмышка кошо катышууда бир нече адамды айыптоо боюнча иштер, бир адамды бир нече кылмыш жасады деп айыптоо боюнча иштер, ошондой эле мындай кылмыштарды алдын ала билип туруп жашырууну айыптоо боюнча иштер бир ишке бириктирилиши мүмкүн.

(2) Иштерди бириктирүү иштердин бири кароосунда турган тергөөчүнүн, судьянын токтому, ошондой эле соттун аныктамасы менен жүргүзүлөт.

(3) Бир нече иш бириктирилген иш боюнча териштирүү ишин жүргүзүү мөөнөтү убактысы боюнча биринчи болуп козголгон иштин күнүнөн тартып эсептелет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**149-статья. Жазык иштерин бөлүп чыгуу**

(1) Тергөөчү, судья, сот турган жери белгисиз болгон же катуу оорулуу болгон айыпкерге, соттолуучуга карата башка жазык ишин өзүнчө ишке бөлүп чыгууга укуктуу.

(2) Тергелип жаткан иш боюнча айыпкер күнөөлөнүп жаткан жосундар менен байланышпаган башка адам жасаган кылмышты тергөөнүн жүрүшүндө белгилүү болуп калган жазык иши өзүнчө ишке бөлүнүүгө тийиш. Мындай учурда кошумча текшерүү, ошондой эле белгилүү болуп калган кылмыш жөнүндөгү жазык ишин козгоо жана тергөө жүргүзүү үчүн зарыл материалдар жазык ишинен бөлүнүшү мүмкүн.

Эгерде бир же бир нече айыпталуучулар сот арачыларынын катышуусу менен соттон баш тартса, анда бир же бир нече айыпталуучуларга карата жазык иши өзүнчө өндүрүшкө бөлүнүүгө тийиш. Жазык ишин өзүнчө өндүрүшкө бөлүүгө мүмкүн болбосо жазык иши сот арачыларынын катышуусу менен сот тарабынан бүтүндөй каралат.

(3) Эрезеге жеткендер менен бирге кылмыш жасоого катышкан жашы жетпегенге карата кылмыш иши өзүнчө өндүрүшкө бөлүнөт.

(4) Жазык ишинин материалдарын бөлүп чыгуу тергөөчүнүн, судьянын токтому, соттун аныктамасы боюнча жүргүзүлөт. Токтомго түп нускаларында же көчүрмөсүндө бөлүнүп чыгылуучу материалдардын тизмеси тиркелүүгө тийиш.

(5) Эгерде ишти бөлүп чыгуу тергөөнүн жана соттук териштирүүнүн ар тараптуулугуна жана объективдүүлүгүнө таасирин тийгизбесе, ишти бөлүп чыгууга жол берилет.

(6) Кылмышка шериктеш адамдын табылбагандыгына байланыштуу өзүнчө өндүрүшкө бөлүнгөн жазык иши боюнча тергөөчү, сот тарабынан алгачкы текшерүү органына аны издеп табуу жөнүндө тапшырма жөнөтүлөт.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

# ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮК

# VII БӨЛҮМ
# ЖАЗЫК ИШИН КОЗГОО

## 19-Глава
## Жазык ишин козгоонун жүйөлөрү жана негиздери

**150-статья. Жазык ишин козгоонун жүйөлөрү жана негиздери**

(1) Төмөндөгүлөр:

1) жарандардын арыздары;

2) күнөөсүн мойнуна алгандыгы жөнүндөгү арыз;.

3) уюмдун кызмат адамынын билдирүүсү;

4) массалык маалымат каражаттарында билдирүү жасоо;

5) кылмыш белгилеринин алгачкы текшерүү органы, тергөөчү, прокурор тарабынан тикелей табылышы жазык ишин козгоого жүйө болуп эсептелет.

(2) Кылмыштын жасалышын көрсөткөн жетиштүү маалыматтардын болушу жазык ишин козгоого негиз болуп эсептелет.

**151-статья. Жарандардын арыздары**

(1) Жарандардын кылмыш жөнүндөгү арыздары оозеки же жазуу жүзүндө болушу мүмкүн. Жазуу жүзүндөгү арызга аны жазган адамдын колу коюулууга тийиш.

(2) Оозеки арыздар протоколго жазылып, ага арыз берүүчүнүн, арызды кабыл алган кызмат адамынын (алгачкы текшерүү органы, тергөөчү, прокурор) колу коюлат. Протоколдо арыз берүүчү, ал жашаган жана иштеген жер жөнүндө маалыматтар камтылууга тийиш.

(3) Арыз берүүчүгө атайылап жалган билдирүү жасагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартыла тургандыгы жөнүндө эскертилет, бул тууралу протоколго белги коюлуп, ал арыз берүүчүнүн колун койдуруу менен күбөлөндүрүлөт.

*(КР 2014-жылдын 17-майындагы N 68 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**152-статья. Күнөөсүн мойнуна алып арыз берүү**

(1) Адамдын өзүнүн кылмышка даярданусу, кылмыш жасоого аракет кылуусу же жасаган кылмышы жөнүндө, бул тууралу алгачкы текшерүү органына, тергөөчүгө, прокурорго белгилүү боло электе өз ыктыяры менен билдириши, күнөөсүн мойнуна алып арыз берүү деп эсептелет.

(2) Күнөөсүн мойнуна алып арыз берүү жазуу жүзүндө да, ошондой эле оозеки түрдө да берилиши мүмкүн жана ал арыз берүүчү тарабынан алгачкы текшерүү органына, тергөөчүгө же прокурорго берилүүгө тийиш. Оозеки арыз протоколго жазылып, анда берилген арыз ар тараптан баяндалат. Протоколго күнөөсүн мойнуна алып келген адамдын жана арызды кабыл алган кызмат адамынын колу коюлат.

**153-статья. Уюмдун кызмат адамынын билдирүүсү**

(1) Уюмдун кызмат адамынын кылмыш жөнүндө билдирүүсү жазуу жүзүндө берилүүгө тийиш.

(2) Билдирүүгө кылмыштын жасалышынын жагдайларын ырастай турган документтер жана башка материалдар тиркелиши мүмкүн.

**154-статья. Массалык маалымат каражаттарындагы билдирүү**

(1) Билдирүү газетада же журналда жарыяланганда же радио же теле көрсөтүү аркылуу жайылтылганда, ал жазык ишин козгоо үчүн жүйө катары кызмат кылышы мүмкүн.

(2) Кылмыш жөнүндө билдирүүнү жарыялаган же жайылткан массалык маалымат каражатынын кызмат адамы жазык ишин козгоого толук укугу бар адамдын талабы жасалган билдирүүнү ырастай турган, өзүнүн карамагында болгон документтерди жана башка материалдарды өткөрүп берүүгө, ошондой эле мындай адам маалыматтарды алардын булагын жашыруун сактоо шарты менен бергенден башка учурларда, бул маалыматтарды берген адамдын ысымын атоого милдеттүү.

**155-статья. Кылмыш жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кабыл алуунун жана кароонун милдеттүүлүгү**

(1) Алгачкы текшерүү органы, тергөөчү жана прокурор жасалган же даярдалып жаткан ар кандай кылмыш жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алууга, каттоого жана кароого милдеттүү. Арыз берүүчүгө кылмыш жөнүндө кабыл алынган арыздын жана билдирүүнүн катталышы жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алган адамды, анын катталган убактысын көрсөтүү менен документ берилет.

(1-1) Кылмыштар жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү каттоонун, эсепке алуунун жана кыймылынын тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

(2) Кылмыш жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алуудан негизсиз баш тартылганда, ал ушул Кодекстин 131, 132-статьяларында белгиленген тартипте прокурорго же сотко даттанылышы мүмкүн.

(3) Сотко келип түшкөн кылмыш жөнүндө арыз же билдирүү прокурорго жиберилип, арыз берүүчүгө бул тууралу билдирилүүгө тийиш.

*(КР 2016-жылдын 6-майындагы N 55 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**156-статья. Кылмыш жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кароонун натыйжасында тергөөчү жана прокурор тарабынан кабыл алынуучу чечимдер**

(1) Даярдалып жаткан же жасалган кылмыш жөнүндө арыз же билдирүү алынган ар бир учурда же кылмышты түздөн-түз тапканда тергөөчү же прокурор тиешелүү текшерүү жүргүзгөндөн кийин жазык ишин козгойт же аны козгоодон баш тартат. Эгерде мындай арыздарды же билдирүүлөрдү кароо башка органдардын караштуулугуна тиешелүү болсо, алар ошолорго жиберилиши керек.

(1-1) Кылмыш иштери, ошондой эле кылмыш ишин козгоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынган материалдар катталууга жана эсепке алууга жатат.

Кылмыш иштерин, ошондой эле кылмыш ишин козгоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынган материалдарды каттоонун, эсепке алуунун жана кыймылынын тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

(2) Жазык ишин козгоо жөнүндө же аны козгоодон баш тартуу тууралуу чечим үч күндүк мөөнөттө, ал эми кошумча текшерүүнү талап кылган материалдар боюнча, - он күндөн ашпаган мөөнөттө кабыл алынууга тийиш.

Көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө чечим кабыл алуу мүмкүн болбогон учурда бул мөөнөт төмөнкүдөй жагдайлардын бири болгондо тергөөчүнүн жүйөлөштүрүлгөн токтому боюнча прокурор тарабынан бир айга чейин узартылышы мүмкүн:

1) узак убакытты талап кылган экспертизаны, кызматтык иликтөөнү, документтик ревизияны же башка текшерүүнү жүргүзүү дайындалган болсо;

2) алыс жерлерде жүргөн же чакыруу боюнча келүүдөн качкан адамдардын түшүндүрмөлөрүн суратып алуу зарыл болгондо;

3) кошумча текшерүүсүз чечим кабыл алууга мүмкүн эмес болгон жаңы жагдайлар белгиленген болсо.

Арызды кароонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө тергөөчү тарабынан арызрзрыздануучуга жазуу жүзүндө билдирилет.

(3) Жазык ишин козгоо жөнүндө же аны козгоодон баш тартуу тууралуу арыз же кылмыш жөнүндө билдирүү келип түшкөн адамга, уюмга же кызмат адамына билдирилет. Алардын өтүнүчү боюнча тиешелүү токтомдун көчүрмөсү берилет.

(4) Эгерде алынган арызда, кабарда административдик же дисциплинардык укук бузуулар жөнүндө маалыматтар болсо, тергөөчү, прокурор келип түшкөн арызды же кабарды административдик же дисциплинардык тартипте карооо жөнөтүүгө укуктуу.

(5) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатына карата жазык иши Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан гана козголот.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2011-жылдын 9-августундагы N 152, 2014-жылдын 20-февралындагы № 36, 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155, 2016-жылдын 6-майындагы N 55 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**156-1-статья. Жазык ишин козгоодон баш тартуу**

Жазык ишин козгоодон баш тартканда, даттануунун тартибин түшүндүрүү менен токтомдун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү арыз берүүчүгө жиберилет. Кабыл алынган чечим тиешелүү

кабарландыруу алынган учурдан тартып жети күндүк мөөнөттө арыз берүүчү тарабынан көзөмөлдөөчү прокурорго же сотко даттанылышы мүмкүн.

*(КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 181 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**157-статья. Жасалган кылмыш фактысы боюнча алгачкы текшерүү органынын аракети**

Алгачкы текшерүү органы жасалган кылмыш фактысы боюнча кылмыш жасаган адамды табуу, уурдалган мүлктү издеп табуу, далил катарында пайдаланылышы мүмкүн болгон иш жүзүндөгү маалыматтарды аныктоо максатында окуя болгон жерди коргоо, кылмыш издерин сактоо боюнча зарыл чараларды, изин суутпай издөө иштерин жүргүзөт жана кечиктирилгис аракеттерди көрөт.

Алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамы сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырат, ушул Кодекстин 416-1-статьясында каралган процесстик жана тергөө аракеттерин жүргүзөт.

*(КР 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 20-Глава
## Кылмыш ишин козгоонун тартиби

**158-статья. Ачык айып койгон жазык ишин козгоо**

(1) Ушул Кодекстин 150-статьясында каралган жүйөлөр жана негиздер болгондо, тергөөчү, прокурор жазык ишин козгоо жөнүндө токтом чыгарат.

(2) Токтомдо анын чыгарылган убактысы жана орду; ким тарабынан түзүлгөндүгү, жазык ишин козгоонун жүйөлөрү жана негиздери, жазык мыйзамынын ишти козгоого негиз болгон статьясы, ошондой эле иштин андан аркы жүрүшү көрсөтүлөт. Жазык ишин козгоо жөнүндө тергөөчүнүн токтомунун көчүрмөсү прокурорго жыйырма төрт сааттын ичинде жөнөтүлөт.

**159-статья. Жеке ачык айып койгон жазык ишин козгоо**

(1) Жеке ачык айып койгон кылмыштар жөнүндө иштер жабырлануучунун арызы боюнча гана козголот.

(2) Эгерде жосун:

1) мамлекеттин жана коомдун;

2) алсыз же көз каранды абалда болгон же башка себептер боюнча өзүнө таандык болгон укуктарды өз алдынча пайдаланууга жөндөмсүз болгон адамдардын таламдарына таасир тийгизсе, прокурор жана тергөчүү өзүнүн демилгеси боюнча жеке ачык койгон айып боюнча иш козгоого укуктуу.

(3) Тергөөчүнүн жазык ишин козгоо жөнүндөгү токтомунун көчүрмөсү прокурорго жыйырма төрт сааттын ичинде жөнөтүлөт.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**160-статья. Иш козголгондон кийинки анын багыты**

Жазык ишин козгоо жөнүндө токтом чыгарылгандан кийин:

1) тергөөчү тергөө жүргүзүүгө киришет же ишти караштуулугу боюнча жөнөтүү үчүн прокурорго өткөрүп берет;

2) прокурор ишти тергөө жүргүзүү үчүн тергөөчүгө жөнөтөт.

## 21-Глава
## Тергөө жүргүзүүнүн жалпы шарттары

**161-статья. Тергөө органдары**

Жазык иштери боюнча тергөө ушул Кодексте аныкталган тергөөнүн караштуулугуна ылайык прокуратуранын, ички иштер, улуттук коопсуздук, баңгизаттарды контролдоо боюнча жазык-аткаруу

тутуму, каржы полициясы органдарынын жана бажы органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

*(КР 2011-жылдын 9-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**162-статья. Тергөө жүргүзүүнүн милдеттүүлүгү**

(1) Жеке айып койгон кылмыштар жөнүндө иштерден башка бардык жазык иштери жана сотко чейинки тездетилген өндүрүш иштери боюнча тергөө милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

(2) Жашы жетпегендер же өзүнүн денесиндеги же психикасындагы кемчиликтерден улам өзүнүн укугун коргоону өзү жүзөгө ашыра албай турган адамдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө бардык жазык иштери боюнча тергөө милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

*(КР 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**163-статья. Тергөөнүн караштуулугу**

(1) Өмүргө жана саламаттыкка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 97-106, 111-статьялары, 112-статьянын биринчи бөлүгү, 113-122-статьялары), инсандын эркиндигине, ар-намысына жана кадыр-баркына каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 123-125-1-статьялары, 126-статьянын экинчи бөлүгү), инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 129-133-статьялары), адамдын жана жарандардын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 137-статьянын экинчи бөлүгү, 138-статья, 139-статьянын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрү, 140-1-145, 146-1-149, 152-статьялары), үй-бүлөгө жана жашы жетелектерге каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 153-158-статьялары, 160-163-статьялары), менчикке каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 164, 165, 167, 168, 169-1, 170, 172-172-2, 174-177-статьялары), коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 230, 234-240-статьялары, 241-статьясынын төртүнчү бөлүгү, 242-245-статьялары), калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 255, 256-статьялары, 257-статьясынын биринчи бөлүгү, 258-264-статьялары), экологиялык кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 265-279-1-статьялары), жолдо жүрүүнүн жана транспортту эксплуатациялоонун коопсуздугуна каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 280-288-статьялары), сот адилеттигине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 319-321-статьялары, 326-статьясынын биринчи жана үчүнчү бөлүктөрү, 336-339-статьялары), башкаруу тартибине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 340, 341-статьялары, 343-345, 347, 349, 351-353-статьялары) жазык иштери боюнча тергөө ички иштер органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(1-1) Өмүргө жана саламаттыкка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 112-статьясынын биринчи бөлүгү жана 118-статьясынын биринчи бөлүгү), үй-бүлөгө жана жашы жете электерге каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине 153-статьясы, 157-статьясынын биринчи бөлүгү, 162, 163-статьялары), менчикке каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 164-статьясынын биринчи бөлүгү, 165-статьясынын биринчи бөлүгү, 172-статьясынын биринчи бөлүгү, 172-1-статьясынын биринчи бөлүгү, 174-статьясынын биринчи бөлүгү, 175-статьясынын биринчи бөлүгү, 176-статьясынын биринчи бөлүгү, 177-статьясынын биринчи бөлүгү), коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 234-статьясынын биринчи бөлүгү, 235-статьясы, 241-статьясынын биринчи бөлүгү, 241-статьясынын төртүнчү бөлүгү, 243-статьясы), калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 256-статьясынын биринчи бөлүгү, 258-статьясынын биринчи бөлүгү, 260-статьясынын биринчи бөлүгү, 263-статьясынын биринчи бөлүгү, 263-статьясынын биринчи бөлүгү, 264-статьясы), экологиялык кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 276-статьясынын биринчи бөлүгү, 276-1-статьясынын биринчи бөлүгү, 278-статьясынын биринчи бөлүгү, 279-

статьясынын биринчи бөлүгү, 279-1-статьясынын биринчи бөлүгү), башкаруу тартибине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 349-статьясы, 353-статьясынын биринчи бөлүгү) жазык иштери боюнча сотко чейинки тездетилген өндүрүш сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген ички иштер органдарынын тергөөчүлөрү жана кызмат адамдары тарабынан жүргүзүлөт.

(2) Коомдук коопсуздукка, адамдын жана жарандын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 136-статьясы), жеке менчикке каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 171-статьясынын экинчи, үчүнчү жана төртүнчү бөлүгү), каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 226-229, 232, 233-статьялары), конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 292-299, 300-302-статьялары), мамлекеттик чегарадан мыйзамсыз өтүү жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 346-статьясы), тынчтыкка жана адамзат коопсуздугуна каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 373-376-статьялары) жазык иштери боюнча тергөө улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(3) Сот адилеттигине каршы кылмыштар (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 321-1-323-статьялары, 324-статьясынын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрү, 325-статья, 326-статьясынын экинчи бөлүгү, 328-статьясы), калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 257-статьясынын экинчи бөлүгү) жана мамлекеттик органдардын кызмат адамдары тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө жазык иштери боюнча тергөө прокуратура органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(3-1) Аскер кызматчылары, ошондой эле жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөр тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндөгү кылмыш-жаза иштери боюнча тергөө аскер прокуратурасынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(3-2) Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Өкмөт мүчөлөрү, судьялар, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө жазык иштери боюнча тергөө тергөөнүн караштуулугуна карабастан прокуратура органдары тарабынан гана жүргүзүлөт.

*(4) (КР 2011-жылдын 9-августундагы N 152 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

(5) Адамдын жана жарандын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 150-статьясы), экономикалык иш чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө, мамлекеттик эмес ишканалар менен уюмдарда кызматтын таламдарына каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 179-182, 184, 185, 186, 188-203, 208, 209, 211, 212, 213-статьянын биринчи бөлүгү, 215-225-статьялар жазык иштери боюнча тергөө экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(5-1) Экономикалык ишкердүүлүк чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 183-статьясы) кылмыш-жаза иштери боюнча тергөө экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча, баңги заттарын көзөмөлдөө боюнча органдарынын, улуттук коопсуздук жана ички иштер органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(6) Компьютердик маалымат чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 290, 291, экономикалык ишкердүүлүк чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 213-статьясынын 2-бөлүгү) жазык иштери боюнча экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча органдарынын жана улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(7) Экономикалык иш чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 205-207-статьялары) жазык иштери боюнча тергөө бажы органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(8) Экономикалык иш чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 210-статьясы) жазык иштери боюнча тергөө бажы органдарынын жана экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча органдарынын жана улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(9) Калктын саламаттыгына жана коомдук адеп-ахлакка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 246-254-статьялары) жазык иштери боюнча тергөө Кыргыз Республикасынын баңгизатка контролдук кылуу боюнча органдын, ички иштер органдарынын, бажы органдарынын жана улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(9-1) Коррупциялык жана кызматтык кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 303-316-статьялары) кылмыш-жаза иштери боюнча тергөө прокуратура жана улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(10) Оюн-зоок жайын уюштуруу жана (же) кармоо, ошондой эле оюн-зоок жабдууларын пайдалануу менен кумар оюндарын өткөрүү (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 259-1-статьясы), Тизмелөөгө же камак салынган, болбосо конфискацияланууучу мүлккө карата мыйзамсыз аракеттер жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 335-статьясы), башкаруу тартибине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 348, 350-статьялары), менчикке каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 166, 171-статьянын биринчи бөлүгү 173-статьялары) жазык иштери боюнча тергөө ички иштер жана финансы полициясынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(11) Жазык-аткаруу тутумунун мекемелеринин аймагында жасалган бардык кылмыштар жазык-аткаруу тутумунун органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

*(12) (КР 2011-жылдын 9-августундагы N 152 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(13) (КР 2011-жылдын 9-августундагы N 152 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

(14) Миграция чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 204-1 жана 204-2-статьялары), коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 231-статьясы, 241-статьясынын 1-3-бөлүктөрү), конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-1 - 299-3-статьялары) кылмыш иштери боюнча тергөө ички иштер жана улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(15) Экономикалык иш чөйрөсүндөгү кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 204-статьясы) жазык иштери боюнча тергөө экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча органдарынын, бажы жана улуттук коопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(15-1) Сот адилеттигине каршы кылмыштар жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 317-318-1, 327, 329-335-статьялары) жазык иштери боюнча тергөө ички иштер, улуттук коопсуздук, баңгизаттарды контролдоо боюнча, экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча органдарынын, жазык-аткаруу тутуму жана бажы органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт.

(16) Ар кандай органдардын кароосуна тийиштүү жазык иштери, ал ишти козгогон органдын тергөөчүсү тарабынан тергелет.

(17) Ушул статьяда каралган ар кандай органдардын кароосуна тийиштүү кылмыштар чогуу болгон учурда тергөөгө тийиштүүлүк кайсы кылмыш оор болсо ошого карата аныкталат.

(18) Тергөөнүн караштуулугуна тиешеси жок кылмыштар жөнүндө жазык иштерин тергөөгө, ушул Кодекстин 34-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган учурлардан тышкары, жол берилбейт.

*(КР 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2011-жылдын 9-августундагы N 152, 2011-жылдын 27-октябрындагы N 186, 2012-жылдын 16-июлундагы N 111, 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 24-июлундагы N 159, 2014-жылдын 11-январындагы N 4, 2014-жылдын 15-январындагы N 11, 2014-жылдын 28-майындагы № 80, 2016-жылдын 6-майындагы N 54 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**164-статья. Тергөө жүргүзүлүүчү жер**

(1) Тергөө кылмыш жасалган жерде жүргүзүлөт. Кыйла тездикти, объективдүүлүктү жана толуктукту камсыз кылуу максатында тергөө кылмыш жасалган жерде, ошондой эле шектүү адам, айыпкер же күбөлөрдүн көпчүлүгү турган жер боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

(2) Тергөөчү аталган иш өзүнө караштуу эместигин билген соң алгачкы кечиктирилгис тергөө аракеттерин жүргүзүүгө, андан кийин ишти тергөөгө караштуулугу боюнча жөнөтүү үчүн прокурорго берүүгө милдеттүү.

(3) Тергөө аракеттерин башка жерде жүргүзүү зарыл болгон учурда, тергөөчү аларды жеке өзү жүргүзүүгө же бул аракеттерди жүргүзүүнү ошол жердин тергөөчүсүнө же алгачкы текшерүү органына тапшырууга укуктуу. Тергөөчү айрым тергөө жана издөө аракеттерин тергөө жүргүзүлгөн жер же алар жүргүзүлгөн жер боюнча алгачкы текшерүү органына тапшырууга укуктуу. Тергөөчүнүн тапшырмасы он суткадан кечиктирилбеген мөөнөттө аткарылууга тийиш.

**165-статья. Тергөө ишинин башталышы**

(1) Тергөө жазык иши козголгондон кийин гана жүргүзүлөт. Окуя болгон жерди кароо жана экспертиза дайындоо өңдүү тергөө аракеттерин жүргүзүү жазык иши козголгонго чейин да болушу.

(2) Тергөөчү өзү козгогон же ага берилген иш боюнча тергөөгө токтоосуз киришүүгө милдеттүү. Ишти өзү жүргүзүүгө алгандыгы жөнүндө тергөөчү токтом чыгарат. Эгерде жазык иши тергөөчү тарабынан козголсо жана ишти өзү жүргүзүүгө алса, анда жазык ишин козгоо жана аны өзү жүргүзүүгө алгандыгы жөнүндө бир токтом түзүлөт. Тергөөчү жогоруда аталган токтомдордун көчүрмөсүн жыйырма төрт сааттан кечиктирбестен прокурорго жөнөтөт.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**166-статья. Тергөөнүн мөөнөтү**

(1) Чоң коркунуч келтирбеген кылмыштар боюнча тергөө бир айдан кечиктирилбестен, калган бардык иштер боюнча жазык иши козголгон күндөн тартып эки айлык мөөнөттө аяктоого тийиш.

(2) Ушул статьянын төртүнчү жана бешинчи бөлүктөрүндө, ошондой эле ушул Кодекстин 111-статьясынын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүндө каралган учурларда жактоочунун жана айыпталуучунун жазык ишинин материалдары менен таанышуу мөөнөтү тергөө мөөнөтүнө киргизилет.

(3) Ушул Кодексте каралган негиздер боюнча тергөө токтотулуп турган мезгил тергөө мөөнөтүнө киргизилбейт.

(4) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө белгиленген тергөө мөөнөтү областтын прокурору, Бишкек шаарынын прокурору тарабынан алты айга чейин узартылышы мүмкүн.

Иш сот тарабынан тергөөнүн кемчиликтерин толуктоо үчүн кайтарып берилгенде, ошондой эле токтотулган же кыскартылган иш жаңыртылганда мөөнөт тергөөгө көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу прокурор тарабынан өзүнө иш келип түшкөн учурдан тартып бир айга чейин белгиленет. Мөөнөттү андан ары узартуу жалпы негизде жүргүзүлөт.

(5) Тергөөсү өтө татаал болгон иштер боюнча тергөө мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басарлары тарабынан тогуз айга чейин, ал эми өзгөчө учурларда анын мөөнөтүн андан ары узартуу Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан жүргүзүлөт.

(6) Тергөөнүн мөөнөтүн узартуу зарыл болгондо тергөөчү бул жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн токтом чыгарууга жана аны тиешелүү прокурорго тергөөнүн мөөнөтү аяктаганга чейин жети сутка калгандан кечиктирбестен берүүгө милдеттүү.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**167-статья. Тергөөчүлөрдүн тобу тарабынан тергөө жүргүзүү**

(1) Жазык иши татаал же анын көлөмү чоң болгон учурда, ал боюнча тергөө тергөөчүлөрдүн тобуна (тергөө тобуна) тапшырылышы мүмкүн, бул тууралу жазык ишин козгоо жөнүндө токтомдо көрсөтүлөт же өзүнчө токтом чыгарылат. Токтомдо тергөө жүргүзүү тапшырылган бардык тергөөчүлөр, анын ичинде ишти өзү жүргүзүүгө алган жана башка тергөөчүлөрдүн аракетине жетекчилик кылган, топтун жетекчиси болгон тергөөчү көрсөтүлүүгө тийиш.

(2) Шектүү адамга, айыпкерге, жабырлануучуга, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге жана алардын өкүлдөрүнө тергөөчүлөрдүн тобу тарабынан жүргүзүлгөн тергөө жөнүндө токтом менен таанышууга жана аларга топтун курамындагы ар кандай тергөөчүдөн баш тартууга укуктуулугу түшүндүрүлөт.

**168-статья. Тергөө тобунун жетекчисинин ыйгарым укуктары**

(1) Тергөө тобунун жетекчиси болгон тергөөчү жазык ишин өз кароосуна алат, мында тергөөчүнүн ыйгарым укуктарынан пайдалануу менен тергөөнү жеке өзү жүргүзөт, тергөө тобунун ишин уюштурат, тергөөчүлөрдүн аракеттерине жетекчилик кылат.

(2) Иштерди кошуу жана бөлүп көрсөтүү, тергөөнүн мөөнөтүн узартуу, бөгөт коюу чарасы катарында камакка алуу, аны узартуу, иш боюнча тергөөнү токтото туруу же жаңыртуу жөнүндө чечим тергөө тобунун жетекчиси тарабынан гана кабыл алынат.

(3) Айыпкер катары тартуу жана ишти сотко жөнөтүү жөнүндө токтом тергөө тобунун жетекчиси тарабынан түзүлөт.

**169-статья. Тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн жалпы эрежелери**

(1) Тергөөчү мыйзамда каралган тергөө аракеттерин жүргүзүүгө киришүү менен тергөө аракеттерине катышуучулардын инсандыгын аныктайт, аларга укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле тергөө аракетин жүргүзүүнүн тартибин түшүндүрөт.

(2) Кечиктирүүгө болбогондон башка учурларда, тергөө аракетин түн ичинде жүргүзүүгө жол берилбейт.

(3) Тергөө аракеттерин жүргүзүүдө техникалык каражаттар колдонулушу жана кылмыш издерин жана буюм далилдерди табуунун, белгилөөнүн жана алуунун илимге негизделген ыкмалары пайдаланылышы мүмкүн.

(4) Тергөө аракеттерин жүргүзүүдө зомбулук көрсөтүүгө, коркутууга жана башка мыйзамсыз чараларды колдонууга, ошондой эле аларга катышкан адамдардын өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунуч келтирүүгө жол берилбейт.

**169-1-статья. Тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат алуунун соттук тартиби**

(1) Ушул Кодекстин 32-статьясынын экинчи бөлүгүндө каралган учурларда, тергөөчү прокурордун макулдугу менен тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө сотко өтүнүч кыла алат, ал туурасында токтом чыгарат.

(2) Тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүч тергөөнүн жүргүзүлгөн жери же тергөө аракеттеринин жүргүзүлгөн жери боюнча көрсөтүлгөн өтүнүчтүн түшкөн учурунан тартып жыйырма төрт сааттан кечиктирбестен райондук соттун же аскер горнизонунун сотунун судьясы тарабынан жеке каралууга жатат.

(3) Сот заседаниесине прокурор жана тергөөчү катышууга укуктуу.

(4) Көрсөтүлгөн өтүнүчтү карап чыгып, судья тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат берүү же баш тартуунун жүйөөсүн көрсөтүү менен аны жүргүзүүгө уруксат берүүдөн баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат.

(5) Ушул статьянын төртүнчү бөлүккө ылайык чыгарылган судьянын токтому токтоосуз мыйзамдуу күчүнө кирет, милдеттүү түрдө аткарылууга жатат. Кассациялык тартипте жана судьянын токтомун көзөмөлгө алуу тартибинде даттануу анын аткарылышын токтотпойт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**170-статья. Тергөө аракетинин протоколу**

(1) Тергөө аракетинин протоколу тергөө аракетинин жүрүшүндө же ал аяктагандан кийин түздөн-түз түзүлөт.

(2) Протокол кол менен жазылышы же машинкада басылышы же компьютердик ыкма менен даярдалышы мүмкүн. Протоколдун толуктугун камсыз кылуу үчүн стенография, кино, сүрөткө тартуу, үн жазуу жана көргөзмө жазуу колдонулушу мүмкүн. Стенографиялык жазуу, кино, сүрөткө тартуунун, үн жазуунун жана көргөзмө жазуунун материалдары иш менен кошо сакталат.

(3) Протоколдо: тергөө аракетинин жүргүзүлгөн орду жана датасы, анын башталган жана бүткөн мезгили, протоколду түзгөн адамдын кызматы жана аты-жөнү, тергөө аракетине катышкан ар бир адамдын аты-жөнү, ал эми зарыл учурларда анын дареги да көрсөтүлөт. Протоколдо процесстик аракеттер кандай кезекте жүргүзүлсө, аларды жүргүзүүдө аныкталган иш үчүн олуттуу болгон жагдайлар, ошондой эле тергөө аракетин жүргүзүүгө катышкан адамдардын арыздарда ошол катары менен баяндалат.

(4) Эгерде тергөө аракетин жүргүзүүдө сүрөткө тартуу, киного тартуу, үн жазуу жана көрмө жазуу колдонулса же издердин кептери жана көчүрмөлөрү даярдалса, чиймелер, схемалар, пландар түзүлсө, протоколдо тиешелүү тергөө аракетин жүргүзүүдө колдонулган техникалык каражаттар, аларды пайдалануунун шарттары жана тартиби, бул каражаттар колдонулган объектилер жана алынган натыйжалар да көрсөтүлүүгө тийиш. Протоколдо мындан тышкары техникалык каражаттарды колдонуунун алдында бул тууралу тергөө аракетин жүргүзүүгө катышкан адамдарга билдирилгендиги тууралу белгиленүүгө тийиш.

(5) Протокол тергөө аракетин жүргүзүүгө катышкан бардык адамдарга таанышуу үчүн берилет. Аларга протоколго киргизилүүгө тийиш болгон пикирлерди айтууга укугу бар экендиги түшүндүрүлөт. Протоколго киргизилген бардык пикирлер, толуктоолор жана түзөтүүлөр ошол адамдар тарабынан айтылууга жана алардын коюлган колдору менен ырасталууга тийиш.

(6) Протоколго тергөөчү, суралган адам, тилмеч, адис, күбө-калыс жана тергөө аракетин жүргүзүүгө катышкан башка адамдар кол коет.

(7) Протоколго тергөө аракетин жүргүзүүдө тартылган негативдер жана сүрөттөр, кино тасмалар, диапозитивдер, сурактын фонограммалары, көрмө жазуунун кассеталары, чиймелер, пландар, схемалар, издердин кептери жана көчүрмөлөрү тиркелет.

(8) Жабырлануучунун, анын өкүлүнүн, күбөнүн жана алардын жакындарынын коопсуздугун камсыз кылуу зарыл деп ойлоого негиздер болгондо тергөөчү жабырлануучу, анын өкүлү, күбө катышкан тергөө аракетинин протоколунда алардын ким экендиги жөнүндө маалыматтарды келтирбөөгө укуктуу. Мындай учурда тергөөчү токтом чыгарууга милдеттүү, анда тергөө аракетине катышуучунун ким экендиги жөнүндө маалыматтарды жашыруун сактоо жөнүндө кабыл алынган чечимдин себептери баяндалат, тергеме аты жана ал катышкан тергөө аракетинин протоколунда коюла турган колдун үлгүсү көрсөтүлөт. Токтом мөөр басылып чапталган конвертке жайгаштырылат, анын мазмуну менен тергөөчүдөн башка көзөмөл жүргүзгөн прокурор жана судья гана тааныша алат.

**171-статья. Тергөө аракетинин протоколуна кол коюудан баш тартуу же ага кол коюуга мүмкүн эместигинин фактысын күбөлөндүрүү**

(1) Эгерде шектүү адам айыпкер, тергөөчү же башка адам тергөө аракетинин протоколуна кол коюудан баш тартса, бул тууралу протоколго белги коюлуп, ал тергөө аракетин жүргүзгөн адамдын коюлган колу менен күбөлөндүрүлөт.

(2) Протоколго кол коюудан баш тарткан адамга баш тартуунун себептерин түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берилип, ал протоколго жазылат.

(3) Эгерде шектүү адам, айыпкер, жабырлануучу же күбө дене боюндагы кемчиликтерден улам же ден соолугунун абалына байланыштуу сурактын протоколуна кол кое албаса, тергөөчү башка адамды чакырат, ал суралып жаткан адамдын макулдугу менен анын көрсөтмөлөрүнүн жазылышынын тууралыгын өзүнүн коюлган колу менен күбөлөндүрөт. Бул протоколго сурак жүргүзгөн тергөөчү да кол коет. Эгерде ушул эле себептер боюнча ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдардын бири башка тергөө аракетинин протоколуна кол коюуга

мүмкүнчүлүгү болбосо, бул тууралу протоколго белги коюлуп, ал тергөөчүнүн коюлган колу менен күбөлөндүрүлөт.

**172-статья. Жазык процессине катышкандардын укуктарын түшүндүрүүнүн жана камсыз кылуунун милдеттүүлүгү**

Тергөөчү тергөө аракетине катышып жаткан шектүү адамга, айыпкерге, жабырлануучуга, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге жана алардын өкүлдөрүнө, ошондой эле башка адамдарга алардын укуктарын тушүндүрүүгө жана иш боюнча тергөөнүн жүрүшүндө бул укуктарды жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүктү камсыз кылууга милдеттүү. Ошол эле мезгилде аларга жүктөлгөн милдеттер жана аларды аткарбоонун терс кесепеттери түшүндүрүлүүгө тийиш. Ушул статьяда аталып өткөн адамдарга укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү алардын коюлган колдору менен күбөлөндүрүлөт.

**173-статья. Тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгаруунун жол берилгистиги**

(1) Жазык иштери боюнча тергөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар ачыкка чыгарылбоого тийиш.

(2) Тергөөчү күбөнү, жабырлануучуну, жактоочуну, жарандык доогерди, жарандык жоопкерди же алардын өкүлдөрүн, экспертти, адисти, тилмечти, күбө-калысты жана тергөө аракетин жүргүзүүгө катышып жаткан башка адамдарды тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга жол берилбей тургандыгы жөнүндө эскертет жана жоопкерчилик жөнүндө эскертүү менен алардан колкат алууга укуктуу.

**174-статья. Адистин катышуусу**

(1) Тергөөчү тергөө аракетин жүргүзүүгө катышуу үчүн иштин жыйынтыгына кызыкчылыгы жок адисти чакырууга укуктуу. Тергөөчүнүн адисти чакыруу жөнүндө талабы адис иштеген уюмдун жетекчиси тарабынан милдеттүү түрдө аткарылат.

(2) Тергөө аракетинин алдында тергөөчү адистин ким экендигин жана билимин аныктайт, анын айыпталуучу менен жабырлануучуга карата мамилесин тактайт. Тергөөчү адиске ушул Кодекстин 65-статьясында каралган анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт жана ушул статьяда белгиленген өз милдеттерин аткаруудан баш тарткандыгы же андан четтегендиги үчүн жоопкерчилиги жөнүндө эскертет, бул тууралу тергөө аракетинин протоколуна белги коюлуп, ал адистин коюлган колу менен күбөлөндүрүлөт.

**175-статья. Тилмечтин катышуусу**

(1) Ушул Кодекстин 23-статьясынын экинчи бөлүгүндө жана 66-статьясында каралган учурларда тергөөчү суракка жана башка тергөө аракеттерине тилмечти чакырууга милдеттүү.

(2) Тергөө аракетинин алдында тергөөчү тилмечке анын ушул Кодекстин 66-статьясында каралган укуктарын жана милдеттерин тушүндүрөт жана ушул статьяда белгиленген милдеттерди аткаруудан баш тартуу үчүн жоопкерчилик, ошондой эле атайылап туура эмес которгондугу үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө эскертет, бул тууралу тергөө аракетинин протоколуна белги коюлат жана ал тилмечтин коюлган колу менен күбөлөндүрүлөт.

**176-статья. Күбө-калыстардын катышуусу**

Ушул Кодексте каралган учурларда тергөө аракеттери кеминде эки күбө-калыстын катышуусу менен жүргүзүлөт, алар тергөө аракетин жүргүзүү фактысын, анын жүрүшүн жана натыйжаларын ырастоо үчүн чакырылат.

Тергөө аракети башталардын алдында тергөөчү күбө-калыстарга тергөө аракетинин максатын, ушул Кодекстин 68, 69-статьяларында каралган алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт.

## 22-Глава
## Карап чыгуу, көрүп аныктоо, тергөө эксперименти

**177-статья. Карап чыгууну жүргүзүүнүн негиздери жана тартиби**

(1) Карап чыгуу күбө-калыстардын катышуусу менен жүргүзүлөт. Өзгөчө учурларда (барууга кыйын болгон жерлерде, тиешелүү каражаттар жок болгондо, ошондой эле карап чыгууну жүргүзүү адамдардын өмүрү жана саламаттыгы үчүн коркунуч менен байланыштуу болгондо) карап чыгуу күбө-калыстарды катыштырбастан жүргүзүлөт.

(2) Окуя болгон жерди, ошол жергени, имарат жайды, буюмзаттарды жана документтерди карап чыгуу кылмыштын издерин, башка материалдык объектилерди табуу, иш үчүн мааниси бар башка жагдайларды тактоо максатында жүргүзүлөт.

(3) Тергөөчү шектүү адамды, айыпкерди, жабырлануучуну, күбөнү, ошондой эле адисти карап чыгууну жүргүзүүгө катышууга тартышы мүмкүн.

(4) Зарыл учурларда карап чыгууда өлчөө, сүрөткө тартуу, үн жана көрмө жазуу жүргүзүлөт, пландар жана схемалар түзүлүп, издердин кеби жана көчүрмөлөрү алынат, мүмкүн болсо бул үчүн мыйзамда жол берилген техникалык каражаттарды жана усулдарды пайдалануу менен издердин өзү ошол буюмзат жана анын бир бөлүгү менен чогуу алынат.

(5) Табылган издерди жана материалдык объектилерди карап чыгуу алар табылган жерде жүзөгө ашырылат. Эгерде карап чыгуу үчүн узак убакыт талап кылынса же аларды табылган жеринде карап чыгуу алда канча татаал болсо, объектилер алынууга, таңгакталууга, чапталууга жана карап чыгуу үчүн ыңгайлуу болгон башка жерге бузулбагыдай кылып жеткирилүүгө тийиш.

(6) Карап чыгууда табылгандардын жана алынгандардын бардыгы карап чыгууга катышкандарга көрсөтүлүүгө тийиш.

(7) Ишке тиешеси болушу мүмкүн болгон объектилер гана алынууга тийиш. Алынган объектилер таңгакталат жана чапталып коюлат.

(8) Карап чыгууга катышкан адамдар өздөрүнүн пикири боюнча иштин жагдайларын аныктоого көмөк көрсөтө тургандардын бардыгына тергөөчүнүн көңүлүн бурууга укуктуу.

(9) Турак жайды карап чыгуу анда жашаган адамдардын макулдугу менен же соттун токтому боюнча гана жүргүзүлөт.

(10) Эгерде турак жай же уюмдун жайы окуя болгон жер болуп саналса жана аны карап чыгууну кийинкиге калтырууга болбосо, имарат-жайды карап чыгуу тергөөчүнүн токтому боюнча, бирок кийин бир суткалык мөөнөттө сотко жана прокурорго кабарлоо менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

(11) Турак-жайды карап чыгууда ал жерде жашаган эрезеге жеткен адамдын катышуусу камсыз кылынууга тийиш. Анын катышуусу мүмкүн болбогон учурда турак-жайды пайдалануучу уюмдун же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү чакырылат.

(12) Уюмдардагы имарат жайларды карап чыгуу алардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жүргүзүлөт.

(13) Дипломатиялык өкүлчүлүктөр ээлеп турган имарат жайларды, ошондой эле дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн мүчөлөрү жана алардын үй-бүлөлөрү жашап турган имарат жайларды карап чыгуу дипломатиялык өкүлдүн өтүнүчү же макулдугу боюнча жана анын катышуусу менен гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Дипломатиялык өкүлдүн макулдугу Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги аркылуу алынат. Карап чыгууну жүргүзүүгө прокурор менен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрилигинин өкүлү милдеттүү түрдө катышат.

(14) Турак жайды жана башка объекттерди бийлик өкүлдөрүнүн карап чыгуусу, ага кирүүсү зарыл болгондо, тергөөчү прокурордун макулдугу менен соттун алдында өтүнүчтү козгойт. Эгерде өндүрүштү башка аракеттер менен жасоо мүмкүн болбосо, өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо карап чыгуунун же кирүүнүн зарылдыгы келип чыгышына себепчи болгон жүйөлөр жана негиздер баяндалат. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн тастыктоочу материалдар тиркелет. Өтүнүч келип түшкөн учурдан тартып бир сутканын ичинде судья тарабынан каралат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**178-статья. Өлүктү карап чыгуу. Эксгумация**

(1) Өлүк табылган жерде аны карап чыгууну тергөөчү күбө-калыстардын жана соттук-медициналык эксперттин, ал эми анын катышуусу мүмкүн болбогондо - врачтын катышуусу менен жүргүзөт. Зарыл болгондо өлүктү карап чыгууга башка адистер тартылышы мүмкүн.

(2) Таанылбаган өлүктөр милдеттүү түрдө сүрөткө тартылууга жана дактилоскопиядан өткөрүлүүгө тийиш.

(3) Өлүктү көмүлгөн жерден алып чыгуу зарыл болгондо тергөөчү эксгумациялоо тууралу токтом чыгарат жана бул тууралу маркумдун жакын туугандарына же туугандарына кабар кылат. Токтом тиешелүү өлүк көмүлгөн жердин администрациясы үчүн милдеттүү болот. Эгерде маркумдун жакын туугандары же туугандарына эксгумациялоого каршы болушса, аны жүргүзүүгө сот тарабынан уруксат берилет.

(4) Өлүктү эксгумациялоо жана карап чыгуу ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдардын катышуусу менен жүргүзүлөт.

(5) Өлүктү эксгумациялоо жана андан кийин көмүүгө байланышкан чыгымдардын орду маркумдун туугандарына ушул Кодекстин 146-статьясында белгиленген тартипте толтурулуп берилет.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**179-статья. Буюм далилдерин карап чыгуу**

Ушул Кодекстин 85-статьясына ылайык буюм далилдери болуп эсептелген жана окуя болгон жерди, ошол жергени же имарат жайды карап чыгууда табылган, тинтүү, алып коюу, тергөө экспериментин же башка тергөө аракеттерин жүргүзүүдө алынган же тергөөчүнүн талабы боюнча уюмдар жана жарандар тарабынан берилгендер ушул Кодекстин 177-статьясынын эрежелери боюнча каралып чыгууга тийиш.

**180-статья. Көрүп аныктоо**

(1) Эгерде бул үчүн экспертиза жүргүзүү талап кылынбаса, адамдын денесиндеги өзгөчө белгилерди, кылмыш издерин, денеге залал келтирүүлөрдү табуу, мас абалда экендигин же иш үчүн мааниси бар башка касиеттерди жана белгилерди аныктоо үчүн шектүү адамды, айыпкерди, жабырлануучуну жана күбөнү көрүп аныктоо жүргүзүлөт. Көрүп аныктоону жүргүзүү жөнүндө тергөөчү токтом чыгарат.

(2) Көрүп аныктоо тергөөчү тарабынан күбө-калыстарды катыштыруу, ал эми зарыл учурларда көрүп аныктоо врачтын же башка адистин катышуусу менен жүргүзүлөт.

(3) Эгерде көрүп аныктоо бул адамды чечиндирүү менен коштолсо, тергөөчү башка жыныстагы адамды көрүп аныктоого катышпайт. Мындай учурда көрүп аныктоо бир эле жыныстагы күбө-калыстын катышуусу менен врач тарабынан жүргүзүлөт.

**181-статья. Карап чыгуунун жана көрүп аныктоонун протоколу**

(1) Карап чыгуу жана көрүп аныктоо жөнүндө тергөөчү ушул статьянын жана ушул Кодекстин 177-статъясынын талаптарын сактоо менен протокол түзөт.

(2) Протоколдо тергөөчүнүн бардык аракеттери, ошого тете карап чыгуу жана көрүп аныктоодо табылгандардын бардыгы карап чыгуу жана көрүп аныктоо кандай жүргүзүлсө, ошондой ырааттуулукта жана карап чыгуу менен көрүп аныктоо учурунда кандай түрдө табылса ошол түрдө баяндалат. Карап чыгууда жана көрүп аныктоодо алынган бардык объектилер протоколдо саналып өтөт жана баяндалат.

(3) Протоколдо: карап чыгуу же көрүп аныктоо кайсыл мезгилде, аба ырайынын кандай учурунда жана кандай жарык берүү менен жүргүзүлгөндүгү; кандай техникалык каражаттар колдонулгандыгы жана кандай натыйжаларга жетишилгендиги; карап чыгууну же көрүп аныктоону жүргүзүүгө ким тартылгандыгы жана мындай катышуу эмнеге байланыштуу болгондугу; кандай объектилер чапталгандыгы жана кандай мөөр коюлгандыгы; карап чыгуудан кийин өлүк же иш үчүн мааниси бар буюмзаттар кайда жөнөтүлгөндүгү көрсөтүлүүгө тийиш.

**182-статья. Тергөө эксперименти, тергөө экспериментинин протоколу**

(1) Иш үчүн мааниси бар маалыматтарды текшерүү жана тактоо максатында тергөөчү белгилүү бир окуянын аракеттерин, кырдаалын же башка жагдайларын кайра кайталоо жана зарыл болгон тажрыйбалык аракеттерди жасоо аркылуу тергөө экспериментин жүргүзүүгө укуктуу. Мында кандайдыр-бир фактыларды кабылдоонун, белгилүү аракеттерди жасоонун, кандайдыр-бир

окуянын келип чыгышынын мүмкүнчүлүгү текшерилип, ошондой эле болгон окуянын ырааттуулугу жана из калтыруунун механизмдери аныкталат. Эгерде ага катышкан адамдардын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирилбесе жана алардын кадыр-баркы кемсинтилбесе, тергөө экспериментин жүргүзүүгө жол берилет.

(2) Тергөө экспериментин жүргүзүүгө күбө-калыстар катышууга тийиш. Зарыл учурда шектүү адам, айыпкер, жабырлануучу, тергөөчү, ошондой эле адис, эксперт жана тажрыйбалык аракеттерди жүргүзүүчү адамдар тартылышы мүмкүн. Тергөө экспериментинин катышуучуларына эксперимент өткөрүүнүн максаты жана тартиби түшүндүрүлөт.

(3) Зарыл учурда тергөө экспериментин жүргүзүүдө өлчөөлөр, сүрөткө тартуу, үн жана көрмө жазуу, киного тартуу жүргүзүлүп, пландар жана схемалар түзүлөт.

(4) Тергөө экспериментин жүргүзүүчү жөнүндө тергөөчү протокол түзөт, анда тергөө экспериментинин шарттары, жүрүшү жана натыйжалары баяндалат жана эксперимент кандай максатта, качан, кайда, жана кандай шарттарда жүргүзүлгөндүгү, окуянын кырдаалын жана жагдайларын кайталоо эмнеден улам болгондугу; кандай тажрыйбалык аракеттер, кандай ырааттуулукта, ким тарабынан жана канча жолу жүргүзүлгөндүгү; кандай натыйжалар алынгандыгы көрсөтүлөт.

**183-статья. Окуянын кырдаалын жана жагдайларын кайталоо. Көрсөтүүлөрдү жеринде текшерүү**

(1) Тергөөчү, сот карап чыгууда, көрүп аныктоодо, суракта таануу үчүн көрсөтүүдө жана башка тергөө аракеттеринде алынган маалыматтарды текшерүү, тактоо максатында күбө-калыстардын катышуусу менен белгилүү окуянын кырдаалын жана жагдайларын кайталоону жүзөгө ашырышы мүмкүн. Мында тергөөчү, сот зарыл учурларда өлчөөлөрдү, сүрөткө тартууну, киного тартууну, көрмө жазууну жүргүзөт, пландарды жана схемаларды түзөт. Эгерде бул аларга катышкан адамдардын жана айланадагылардын кадыр-баркын кемсинтпесе жана саламаттыгына коркунуч келтирбесе, тиешелүү аракеттерди аткарууга жол берилет.

(2) Окуянын кырдаалын жана жагдайларын кайталоодо зарыл болсо шектүү адам, айыпкер, соттолуучу, жабырлануучу, күбөлөр жана тиешелүү адистер да чакырылат.

(3) Шектүү адамдын, айыпкердин, соттолуучунун, жабырлануучунун же күбөнүн көрсөтүүлөрү жаңы фактылай маалыматтарды аныктоо, багытты жана текшерилип жаткан аракеттер жасалган жерди белгилөө үчүн, ошондой эле аларды окуянын жагдайы менен салыштыруу аркылуу көрсөтүүлөрдүн тактыгын аныктоо үчүн тергелип жаткан окуяга байланыштуу жерде текшерилиши же такталышы мүмкүн. Мында:

1) көрсөтүүлөрдү жеринде текшерүү көрсөтүү берген адамдын иликтенип жаткан окуяга байланыштуу жерде кайра кайталашын; иш үчүн мааниси бар буюмзаттарды, документтерди, издерди издеп табышын жана көрсөтүшүн; белгилүү аракеттерди көрсөтүшүн; тигил же бул буюмзат иликтенип жаткан окуяда кандай роль ойногондугун көрсөтүп беришин; окуя болгон жердин жагдайындагы өзгөртүүлөргө көңүл бурушун; өзүнүн мурдагы көрсөтүүлөрүн айкындаштырышын жана такташын билдирет. Бул аракеттерге кандайдыр-бир тышкаркы кийлигишүүгө жана багыттама суроолорду берүүгө жол берилбейт;

2) зарыл учурларда көрсөтүүлөрдү жеринде текшерүү адистин катышуусу менен жүргүзүлөт;

3) бир нече адамдын көрсөтүүлөрүн жеринде текшерүүгө жол берилбейт;

4) көрсөтүүлөрдү текшерүү ал адамга анын көрсөтүүлөрү текшериле турган багытты жана жерди көрсөтүү сунушунан башталат. Көрсөтүүлөрү текшерилип жаткан адам жайма-жай баяндап жана аракеттерин көрсөтүп бергенден кийин ага суроолор берилиши мүмкүн. Ушул адам, ошондой эле процесстин башка катышуучулары өткөрүлүп жаткан тергөө аракеттерине байланыштуу аларды кошумча суракка алууну талап кылууга укуктуу.

(4) Окуянын жагдайын жана кырдаалын каттоого жана көрсөтүүлөрдү жеринде текшерүү жөнүндө ушул Кодекстин 170 жана 171-статьяларынын талаптарын сактоо менен протокол түзүлөт. Протоколдо көрсөтүүлөрдү жеринде текшерүүнүн шарттары, жүрүшү жана натыйжалары чагылдырылууга тийиш.

## 23-Глава
## Тинтүү, алып коюу, почта-телеграф жөнөтүүлөрүнө камак салуу, сүйлөшүүлөрдү контролдоо жана жазып алуу

### 184-статья. Тинтүүнү жана алып коюуну жүргүзүүнүн негиздери жана тартиби

(1) Имарат жайда же башка жерде же адамда кылмыштын куралы, иш үчүн мааниге ээ боло турган буюмзаттар, документтер жана баалуулуктар бар деп ойлоого жетиштүү маалыматтардын болушу тинтүүнү жүргүзүү үчүн негиз болуп эсептелет, тинтүү ошондой эле издөө салынган адамдарды жана өлүктөрдү табуу үчүн да жүргүзүлүшү мүмкүн.

(2) Эгерде иш үчүн мааниси бар белгилүү бир буюмзаттар жана документтер кайсыл жерде жана кимде экендиги так белгилүү болсо, алып коюу зарылдыгы болгондо алар алынып коюлат.

(3) Тинтүү жана алып коюу соттун токтомунун негизинде тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча калыс күбөлөрдүн катышуусу менен жүргүзүлөт.

(4) Издөөгө салынган жана алынып коюуга тийиш болгон объект табылгандан кийин алып коюуну кечиктиргенде жок болуп кетиши, зыянга учурашы же кылмыштуу максатта пайдаланылышы мүмкүн же издөөгө салынган адам жашырынып калышы мүмкүн деген реалдуу коркунуч бар болгон өзгөчө учурларда, тинтүү соттун токтомусуз тергөөчүнүн токтому боюнча, бирок кийин бир суткалык мөөнөттө сотко жана көзөмөлдөөчү прокурорго кабарлоо менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Мындай аракеттердин мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү сот тарабынан каралууга жатат.

(5) Кечиктирүүгө болбогондон башка учурларда, тинтүү күндүз жүргүзүлөт.

(6) Зарыл учурларда тинтүү адистин жана тилмечтин катышуусу менен жүргүзүлөт.

(7) Тинтүүгө киришүү менен тергөөчү алынып коюлууга тийиш болгон буюмзаттарды жана документтерди өз ыктыяры менен берүүнү сунуш кылат.

(8) Тинтүү жүргүзүүдө анын ээси өз ыктыяры менен ачуудан баш тарткан, бекитилген имарат жайлар жана сактоочу жайлар ачылышы мүмкүн. Мында зарылдыктан улам келип чыкпаса, эшик тээктерин жана башка буюмзаттарды зыянга учуратууга жол берилбөөгө тийиш.

(9) Алып коюуну жүргүзүүдө тергөөчү алынууга тийиш болгон буюмзаттарды жана документтерди берүүнү сунуш кылат, ал эми берүүдөн баш тартылган учурда алып коюуну мажбурлоо түрүндө жүргүзөт.

(10) Тергөөчү тинтүүнү, алып коюуну жүргүзүү жөнүндө соттун алдында өтүнүч козгойт. Өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо тинтүүнү, алып коюуну жүргүзүү зарылдыгынын келип чыгышына себепчи болгон жүйөлөр жана негиздер баяндалат. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастаган материалдар тиркелет. Өтүнүч келип түшкөн учурдан тартып бир сутканын ичинде судья тарабынан каралат.

(11) Турак-жайларда, уюмдардын жана мекемелердин имарат жайларында тинтүү жана алып коюу ушул Кодекстин 177-статьясынын онунчу жана он биринчи бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн адамдардын катышуусу менен жүргүзүлөт.

(12) Дипломатиялык өкүлчүлүктөр ээлеп турган имарат жайларда, ошондой эле дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн мүчөлөрү жана алардын үй-бүлөлөрү жашап турган имарат жайларда тинтүү жана алып коюу ушул Кодекстин 177-статьясынын он экинчи бөлүгүндө белгиленген талаптарды сактоо менен жүргүзүлөт.

(13) Тергөөчү тинтүү жана алып коюуда аталган жайды ээлеп турган адамдын же башка адамдардын жеке турмушунун белгилүү болгон жагдайларын ачыкка чыгарбоого карата чаралар көрүүгө милдеттүү.

(14) Тергөөчү тинтүү жана алып коюу жүргүзүлүп жаткан жайда же ошол жерде болгон жана бул имарат жайга же жерге келген адамдарга андан кетүүгө, ошондой эле тинтүү жана алып коюу бүткөнгө чейин бири-бири менен же башка адамдар менен сүйлөшүүгө тыюу салууга укуктуу.

(15) Тинтүү жана алып коюу жүргүзүүдө тергөөчү ишке тиешеси болушу мүмкүн болгон буюмзаттарды жана документтерди гана алып коюу менен чектелүүгө тийиш. Пайдаланылууга

тыюу салынган буюмзаттар жана документтер алардын ишке тиешелүү же тиешелүү эместигине карабастан алынып коюуга тийиш.

(16) Алынган бардык буюмзаттар жана документтер катышкан адамдарга көрсөтүлөт жана тинтүү жана алып коюу жүргүзүлгөн жерде таңгакталат жана мөөр басылып чапталып, буга катышкан адамдардын коюлган колдору менен күбөлөндүрүлөт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**185-статья. Жекече тинтүү**

(1) Ушул Кодекстин 184-статьясында каралган негиздер болгондо жана ушул статьянын талаптарын сактоо менен шектүүнү, айыпталуучуну жекече тинтүү, тинтилүүчү адамдын денесинде, кийиминде жана анын буюмдарында болгон буюмзаттарды жана документтерди табуу жана алып коюу максатында тергөөчүнүн тапшыруусу боюнча алгачкы текшерүү органынын кызматкери же башка адам тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

(2) Жекече тинтүү тинтилип жаткан адам менен бир жыныстагы адам тарабынан жана күбө-калыстардын катышуусу, ал эми зарыл учурда адистин катышуусу менен жүргүзүлөт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**186-статья. Тинтүүнүн же алып коюунун протоколу**

(1) Жүргүзүлгөн тинтүү же алып коюу жөнүндө ушул Кодекстин 170 жана 171-статьяларынын талаптарын сактоо менен протокол түзүлөт.

(2) Протоколдо буюмзаттар жана документтер кайсыл жерде жана кандай жагдайларда табылгандыгы, алар өз ыктыяры менен берилгендиги же мажбурлап алынгандыгы көрсөтүлүүгө тийиш. Бардык алынган буюмзаттар протоколдо алардын санын, ченин, салмагын, жекече белгилерин жана мүмкүн болушунча наркын так көрсөтүү менен саналып өтүүгө тийиш.

(3) Эгерде тинтүү же алып коюу жүргүзүүдө алынып коюлууга тийиш болгон буюмзаттарды же болбосо документтерди жок кылууга же катууга аракет жасалса, ал көрүлгөн чараларды көрсөтүү менен протоколдо чагылдырылууга тийиш.

(4) Тинтүүнүн жана алып коюунун протоколунун көчүрмөсү кол койдуруу менен алар алынган адамга, же болбосо анын үй-бүлөсүнүн эрезеге жеткен мүчөсүнө, ал эми алар жок болгондо турак-жайды пайдалануу уюмунун өкүлүнө же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына тапшырылат. Эгерде тинтүү жана алып коюу уюмда жүргүзүлсө протоколдун көчүрмөсү кол койдуруу менен алардын өкүлдөрүнө берилет.

**187-статья. Почта-телеграф жөнөтүүлөрүнө камак салуу, аларды карап чыгуу жана алып коюу**

(1) Жазык иши үчүн мааниси бар предметтер, документтер же маалыматтар тийиштүүлүгүнө жараша бандеролдордо, посылкаларда же башка почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдө, болбосо телеграммаларда же радиограммаларда болушу мүмкүн деген жетиштүү негиздер болгондо, аларга камак салынышы мүмкүн.

(2) Почта-телеграфтык жөнөтүүлөргө камак салуу, аларды карап чыгуу жана байланыш мекемелеринен алып коюу прокурордун санкциясы менен тергөөчүнүн токтому боюнча жүргүзүлөт.

(3) Тергөөчүнүн почта-телеграфтык жөнөтүүлөргө камак салуу жана аларды карап чыгуу жана алып коюу жөнүндө токтомунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) почта-телеграфтык жөнөтүүсү кармалууга тийиш болгон адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты жана дареги;

2) камак салуунун, карап чыгуунун жана алып коюу жүргүзүүнүн негиздери;

3) камак салууга тийиш болгон почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдүн түрлөрү;

4) тийиштүү почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдү кармоо милдети жүктөлгөн байланыш мекемесинин аталышы.

(4) Сот тарабынан прокурордун санкциясын алгандан кийин тергөөчү токтомду анын көчүрмөсү почта-телеграфтык жөнөтүүнү кармоо тапшырылган тиешелүү байланыш бөлүмүнө жөнөтүлөт жана ал жөнүндө токтоосуз тергөөчүгө кабарландырылат.

(5) Кармалган почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдү карап чыгуу, алып коюу жана көчүрмөлөрүн алуу тергөөчү тарабынан тийиштүү байланыш бөлүмүндө ошол мекеменин кызматкерлеринин ичинен тартылган күбө-калыстардын катышуусу менен жүргүзүлөт. Тергөөчү зарыл учурларда почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдү карап чыгуу жана алып коюуну жүргүзүүгө катышуу үчүн адисти, ошондой эле тилмечти тартууга укуктуу. Почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдү карап чыгуунун ар бир учурунда протокол түзүлөт, анда кандай почта-телеграфтык жөнөтүүлөр ким тарабынан каралганы, көчүрүлгөнү жана кимге жөнөтүлгөнү же кармалганы көрсөтүлөт.

(6) Почта-телеграфтык жөнөтүүлөргө камак салуу тергөөчү тарабынан прокурорго милдеттүү түрдө кабарландыруу менен, бул чаранын зарылдыгы болбой калган учурда, бирок ошол жазык иши боюнча тергөө аяктаганынан кечиктирбестен жокко чыгарылат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**188-статья. Сүйлөшүүлөрдү тыңшоо**

(1) Шектүүнүн, айыпталуучунун жана башка адамдардын телефон жана башка сүйлөшүүлөрү жазык иши үчүн мааниси бар маалыматтарды камтышы мүмкүн деп болжолдоого жетиштүү негиздер болгондо, аларды контролдоо жана жазып алуу анча оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыштар боюнча жазык иштеринин өндүрүшүндө ушул Кодекстин 169-1-статьясында белгиленген тартипте кабыл алынуучу соттук чечимдин негизинде кийин жыйырма төрт сааттын ичинде көзөмөл жүргүзүүчү прокурорго кабарлоо менен жол берилет.

Видео-аудиотехниканы же башка атайын техникалык каражаттарды пайдалануу менен сүйлөшүүлөрдү тымызын тыңшоо жана жазып алуу шектүүгө, айыпталуучуга жана башка адамдарга карата оор жана өзгөчө оор кылмыштар жөнүндө жана (же) конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар жөнүндө жазык иштеринин өндүрүшүндө соттук чечимдин негизинде гана кийин жыйырма төрт сааттын ичинде көзөмөл жүргүзүүчү прокурорго кабарлоо менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

(2) Жабырлануучуга, күбөгө же алардын жакын туугандарына, туугандарына, жакын адамдарына карата зомбулук, опуза талап жана башка кылмыштуу аракеттерди жасоо коркунучу болгондо телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдү контролдоого жана жазып алууга көрсөтүлгөн адамдардын жазуу түрүндөгү арызы боюнча, ал эми андай арыз болбосо соттук чечимдин негизинде кийин жыйырма төрт сааттын ичинде көзөмөл жүргүзүүчү прокурорго кабарлоо менен жол берилет.

(3) Телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдү контролдоо жана жазып алууну жүргүзүү жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) ушул чараларды өндүрүштө колдонуу зарыл болгон жазык иши;

2) ушул тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн негиздери;

3) телефондук жана башка сүйлөшүүлөрү контролго алынууга жана жазылууга жаткан адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты;

4) контролдоону жана жазып алууну жүзөгө ашыруунун мөөнөтү;

5) контролдоону жана жазып алууну техникалык жактан жүзөгө ашыруу тапшырылган органдын аталышы.

(4) Телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдү контролдоону жана жаздырып алууну жүргүзүү жөнүндөгү токтом тергөөчү тарабынан аткаруу үчүн тийиштүү органга жөнөтүлөт.

(5) Телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдү контролдоо жана жазып алууну жүргүзүү алты айлык мөөнөткө чейин белгилениши мүмкүн. Ал тергөөчүнүн токтому боюнча, эгерде бул чаранын зарылдыгы болбой калганда, бирок ошол жазык иши боюнча алдын ала тергөөлөрдүн аякташынан кечиктирилбей токтотулат.

(6) Тергөөчү телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдү контролдоо жана жазуу жүргүзүүнүн бардык мөөнөт ичинде каалаган учурунда аларды ишке ашырып жаткан органдан фонограмманы

карап чыгуу жана угуу үчүн талап кылууга укуктуу. Ал тергөөчүгө көрсөтүлгөн сүйлөшүүлөрдү жазуунун башталган жана аяктаган убактысы жана күнү көрсөтүлгөн, мөөр басылып чапталып жабылган коштоочу кат жана мында пайдаланылган техникалык каражаттардын кыскача мүнөздөмөсү менен берилет.

(7) Тергөөчү күбөлөрдүн жана зарыл болгондо адистин, ошондой эле телефондук жана башка сүйлөшүүлөрү жазылып алынган адамдардын катышуусу менен фонограммаларды карап чыгуунун жана угуунун жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт, анда фонограмманын тергөөчүнүн пикири боюнча ошол жазык ишине тиешеси бар бөлүгү сөзмөсөз баяндалууга тийиш. Фонограмманы карап чыгууга жана угууга катышкан адамдар ошол эле протоколдо же өзүнчө протоколго карата өздөрүнүн пикирлерин баяндоого укуктуу.

(8) Фонограмма толук өлчөмдө, тергөөчүнүн токтомунун негизинде, буюмдай далил катары жазык ишинин материалдарына кошулат жана мөөр басылган боюнча, башка адамдар тарабынан фонограмманын угулушуна жана нускасынын көбөйтүлүшүнө жол бербей турган абалында жана сот заседаниесинде кайталап угуу үчүн жарактуу сакталышын жана техникалык жарамдуулугун камсыз кылуучу шарттарда сакталат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 2-июлундагы N 142, 2013-жылдын 11-июлундагы N 129 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**188-1-статья. Абоненттер жана абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар жөнүндө маалыматты алуу**

(1) Абоненттердин жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалыматты жазык иши үчүн мааниси бар деп болжолдоого жетиштүү негиздер болгондо, тергөөчү тарабынан көрсөтүлгөн маалыматты алууга ушул Кодекстин 169-1-статьясында белгиленген тартипте кабыл алынуучу соттук чечимдин негизинде кийин жыйырма төрт сааттын ичинде көзөмөл жүргүзүүчү прокурорго кабарлоо менен жол берилет.

(2) Абоненттердин жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалыматты алууга тиешелүү болгон тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) аны жүргүзүүдө ушул тергөө аракетин аткаруу зарыл болгон жазык иши;

2) алар боюнча ушул тергөө аракети жүргүзүлүп жаткан негиздер;

3) тиешелүү маалымат алуу зарыл болгон мезгил жана (же) ушул тергөө аракетин жүргүзүүнүн мөөнөтү;

4) көрсөтүлгөн маалыматты алуу зарыл болгон уюмдун аталышы.

(3) Абоненттердин жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалыматты алуу жөнүндө сот тарабынан чечим кабыл алынган учурда, анын көчүрмөсү тергөөчү тарабынан көзөмөл жүргүзүүчү прокурорго жана байланыш кызматтарын жүзөгө ашырган тиешелүү уюмга жыйырма төрт сааттын ичинде жиберилет, көрсөтүлгөн маалыматты анын жетекчиси маалыматты кандай болбосун материалдык алып жүрүүчүдө жаздырып берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн маалымат коштоочу кат менен, мөөр басылып чапталган түрүндө берилет, анда маалымат берилген мезгил жана абоненттердин жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн номерлери көрсөтүлөт.

(4) Абоненттер жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалыматты тергөөчү тарабынан алуу алты айга чейинки мөөнөткө белгилениши мүмкүн. Байланыш кызматын көрсөтүүнү жүзөгө ашырган тиешелүү уюм ушул тергөө аракетин жүргүзүүнүн бардык мөөнөтү ичинде тергөөчүгө көрсөтүлгөн маалыматты берүүгө милдеттүү.

(5) Тергөөчү абоненттер жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалымат камтылган берилген документтерди күбө-калыстардын жана (зарыл болгондо) адистин катышуусу менен карайт, ал жөнүндө токтом түзөт, анда тергөөчүнүн пикири боюнча жазык ишине тиешеси бар маалыматтын ошол бөлүгү (абоненттер жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулардын датасы, убактысы, узактыгы, абоненттердин номерлери жана башка маалыматтар) көрсөтүлүшү керек. Протокол түзүүдө катышкан адамдар ошол эле протоколдо же андан өзүнчө өзүнүн сын-пикирлерин баяндоого укуктуу.

(6) Абоненттер жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалымат камтылган берилген документтер заттык далил катары тергөөчүнүн токтомунун негизинде толук көлөмдө жазык ишинин материалдарына кошо тиркелет жана алар менен башка адамдардын танышуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жана алардын сакталышын камсыз кылган шарттарда мөөр басылып чапталган түрүндө сакталат.

(7) Эгерде ушул тергөө аракетин жүргүзүүнүн зарылчылыгы болбой калса, анын өндүрүшү жазык иши боюнча тергөө аяктагандан кечиктирилбестен тергөөчүнүн токтому боюнча токтотулат.

*(КР 2013-жылдын 11-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 24-Глава
## Сурак, көздөштүрүү, таанытуу

### 189-статья. Сурактын орду жана убактысы

(1) Сурак тергөө болгон жерде жүргүзүлөт. Эгерде тергөөчү зарыл деп эсептесе, суракты суралып жаткан адам турган жерде жүргүзүүгө укуктуу.

(2) Сурак үзгүлтүксүз түрдө төрт сааттан ашык жүргүзүлүшү мүмкүн эмес. Эс алуу жана тамак ичүү үчүн кеминде бир саат тыныгуудан кийин суракты улантууга жол берилет, анын үстүнө сурактын бир күндүн ичиндеги узактыгы сегиз сааттан ашпоого тийиш. Медициналык көрсөткүчтөр болгондо сурактын узактыгы врачтардын корутундусунун негизинде белгиленет.

### 190-статья. Суракка чакыруунун тартиби

(1) Күбө, жабырлануучу, ошондой эле эркиндикте жүргөн шектүү адам, айыпкер суракка чакыруу кагазы аркылуу чакырылат. Анда ким жана кандай сапатта, кимге жана кайсыл дарекке чакырылып жаткандыгы, суракка келүүнүн убактысы, ошондой эле жүйөлүү себепсиз келбей коюунун кесепеттери көрсөтүлүүгө тийиш.

(2) Чакыруу кагазы чакырылып жаткан адамга кол койдуруп алуу менен берилет. Чакырылып жаткан адам жок болгондо чакыруу кагазы ага берүү үчүн анын үй-бүлөсүнүн эрезеге жеткен мүчөлөрүнүн бирине, ал эми алар жок болгондо турак-жайды пайдалануу уюмуна же ал жашаган жердеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же иштеген жериндеги администрацияга кол койдуруп алуу менен тапшырылат, алар суракка чакырылып жаткан адамга чакыруу кагазын берүүгө милдеттүү. Суралып жаткан адам байланыштын башка каражаттарын пайдалануу менен да чакырылышы мүмкүн.

(3) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар чакыруу боюнча суракка келүүгө милдеттүү. Жүйөлүү себептерсиз келбей койгондо, аларга ушул Кодекстин 120, 121-статьяларында каралган процесстик мажбурлоо чаралары колдонулушу мүмкүн.

(4) Камакта жаткан адамдар суракка камалып жаткан жердин администрациясы аркылуу чакырылат.

(5) Он алты жашка толо элек адамды, күбө же жабырлануучу катарында чакыруу анын ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү аркылуу жүргүзүлөт. Башкача тартипте чакырууга эгерде бул иштин жагдайларынан улам келип чыккан учурда гана жол берилет.

### 191-статья. Сурак жүргүзүүнүн жалпы эрежелери

(1) Сурактын алдында тергөөчү суралып жаткан адамдын ким экендиги жөнүндө маалыматтарды аныктоого тийиш. Эгерде суралып жаткан адам иш боюнча териштирүү жүргүзүлүп жаткан тилде сүйлөөрүнө шектенүү пайда болсо, ал кайсыл тилде көрсөтмө берүүнү каалай тургандыгы аныкталат.

(2) Суракка чакырылган адамга ал ким катарында, кайсыл жазык иши боюнча сурала тургандыгы билдирилет, ушул Кодексте каралган укуктары жана милдеттери түшүндүрүлүп, бул жөнүндө протоколго белги коюлат. Күбө же жабырлануучу катарында суракка чакырылган адамдар көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыгы же четтегендиги, ошондой эле атайылап жалган көрсөтмөлөрдү бергендиги үчүн жазык жоопкерчилигине тартыла тургандыгы жөнүндө эскертилет.

(3) Сурак иштин жагдайлары жөнүндө суралып жаткан адамга белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө айтып берүүнү сунуш кылуудан башталат. Эгерде суралып жаткан адам ишке такыр эле тиешеси жок жагдайлар жөнүндө айтса, ага бул тууралу эскертилет.

(4) Эркин аңгемелешүүдөн кийин суралып жаткан адамга көрсөтмөлөрдү тактоого жана толуктоого багытталган суроолор берилиши мүмкүн. Багыттама суроолорду берүүгө тыюу салынат.

(5) Эгерде көрсөтүүлөр эстеп калууга кыйын болгон цифралык маалыматтар же башка маалыматтар менен байланыштуу болсо, суралып жаткан адам документтерди жана жазууларды пайдаланууга укуктуу, алар тергөөчүнүн демилгеси боюнча жана суралып жаткан адамдын макулдугу менен же суралып жаткан адамдын өтүнүчү боюнча протоколго тиркелиши мүмкүн.

(6) Сурактын жүрүшүндө тергөөчү суралып жаткан адамга буюм далилдерин жана документтерди көрсөтүшү, ал эми эркин аңгемелешүү аяктагандан кийин жазык ишинин материалдарында болгон көрсөтмөлөрдү окуп бериши, үн жана көрмө жазууну же киного тартылган материалды көрсөтүшү мүмкүн.

(7) Сурак үзгүлтүккө учураганда протоколдо тыныгуунун себеби чагылдырылып, мунун өзү суралып жаткан адамдын, буга катышкан адамдардын жана тергөөчүнүн коюлган колдору менен күбөлөндүрүлөт.

**192-статья. Күбөнү жана жабырлануучуну суракка алуунун тартиби**

(1) Бир эле иш боюнча чакырылган күбөлөр жана жабырлануучулар өзүнчө жана башка күбөлөр менен жабырлануучуларды катыштырбастан суракка алынат. Тергөөчү бир иш боюнча күбөлөр жана жабырлануучулар өз ара сүйлөшө албагыдай болуш үчүн чараларды көрөт.

(2) Сурактын алдында тергөөчү күбөнүн же жабырлануучунун ким экендигин билет, алардын шектүү адамга же айыпкерге карата мамилесин аныктайт, аларга процесстик укуктары жана милдеттери жөнүндө түшүндүрөт, көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тарткандыгы же качкандыгы үчүн жана атайылап жалган маалыматтарды бергендиги үчүн жазык жоопкерчилигине тартыла турагандыгы тууралу эскертет. Мында тергөөчү күбө же жабырлануучу алардын өздөрүнүн же жакын туугандарынын кылмыш жасагандыгынын бетин ачкан көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартууга укуктуу экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү. Ушул укуктан пайдаланбаган күбөгө же жабырлануучуга атайылап жалган маалымат бергендиги үчүн жазык жоопкерчилигине тартыла тургандыгы жөнүндө эскертилет. Күбөгө же жабырлануучуга алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү, көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартуу же четтөө үчүн ошондой эле атайылап жалган маалыматтарды бергендиги үчүн жазык жоопкерчилигине тартыла тургандыгы жөнүндө эскертилгендиги тууралу протоколго белги коюлуп, ал суралып жаткан адамдын колун койдуруу менен күбөлөндүрүлөт.

(3) Күбөнү же жабырлануучуну суракка алуу ушул Кодекстин 191-статьясында каралган эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

**193-статья. Жашы жете элек өспүрүм күбөнү же жабырлануучуну суракка алуунун өзгөчөлүктөрү**

(1) Он төрт жаш куракка чейинки күбөнү же жабырлануучуну, ал эми тергөөчүнүн кароосу боюнча он төрт жаштан он алты жашка чейинки курактагы күбөнү же жабырлануучуну суракка алууда педагог чакырылат. Жашы жете элек өспүрүм күбөнү же жабырлануучуну суракка алууда анын мыйзамдуу өкүлдөрү катышууга укуктуу.

(2) Он алты жашка чейинки курактагы күбөлөргө жана жабырлануучуларга көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартуу үчүн жана атайылап жалган көрсөтүүлөрдү берүү үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертилбейт. Мындай күбөлөргө жана жабырлануучуларга процесстик укуктарды жана милдеттерди түшүндүрүүдө аларга чындыкты гана айтуунун зарылдыгы көрсөтүлөт. Жашы жете элек өспүрүм күбөгө жана жабырлануучуга алардын өздөрүнүн же жакын туугандарынын жасаган кылмыштарынын бетин ачкан көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартууга укуктуулугу түшүндүрүлөт. Укуктарынын жана милдеттеринин түшүндүрүлүшү жөнүндө протоколго белги коюлуп, ал күбөнүн же жабырлануучунун колун койдуруу менен күбөлөндүрүлөт.

(3) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн суракка катышып жаткан адамдарга суралып жаткандардын укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын бузулушу жөнүндө

протоколго киргизиле турган пикирлерди айтууга, ошондой эле тергөөчүнүн уруксаты менен суралып жаткан адамга суроолорду берүү укуктуулугу түшүндүрүлөт. Тергөөчү суроону четке кагууга укуктуу, бирок аны протоколго киргизүүгө жана четке кагуунун себебин көрсөтүүгө тийиш.

**194-статья. Суракта үн жана көрмө жазууну колдонуу**

(1) Тергөөчүнүн чечими боюнча шектүү адамды, айыпкерди, жабырлануучуну же күбөнү суракка алууда үн жана көрмө жазуу колдонулушу мүмкүн. Үн жана көрмө жазуу ошондой эле шектүү адамдын, айыпкердин, жабырлануучунун жана күбөнүн өтүнүчү боюнча да колдонулушу мүмкүн.

(2) Тергөөчү үн жана көрмө жазууну жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат жана бул тууралу суралып жаткан адамга сурак башталганга чейин билдирет.

(3) Үн жана көрмө жазууда ушул Кодекстин 170-статьясынын үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн маалыматтар жана сурактын бүткүл жүрүшү чагылдырылууга тийиш. Сурактын бир бөлүгүн үн жана көрмө жазууга, ошондой эле бир гана сурактын жүрүшүндө берилген көрсөтүүлөрдү жазып алуу үчүн атайылап кайталоого жол берилбейт.

(4) Сурак аяктагандан кийин үн жана көрмө жазуу суралып жаткан адамга толугу менен уктурулат. Көрүү же угуу аяктагандан кийин суралып жаткан адамдын өзү айткандарга кошумчасы бар же жок экендиги, анын жазуунун тууралыгын күбөлөндүрө тургандыгы аныкталат. Суралып жаткан адамдын үн жана көрмө жазууга кошумчаланган көрсөтүүлөрү да фонограмма менен көрмө жазууга киргизилет. Үн жана көрмө жазуу суралып жаткан адамдын алардын тууралыгын күбөлөндүргөн билдирүүсү менен аяктайт.

(5) Үн жана көрмө жазууну колдонуу менен сурактын жүрүшүндө алынган көрсөтүүлөр ушул Кодекстин эрежелерине ылайык сурак протоколуна киргизилет. Сурак протоколунда: үн жана көрмө жазууну колдонуу жөнүндө жана бул тууралу суралып жаткан адамга кабарлангандыгы жөнүндө; техникалык каражаттар, үн жана көрмө жазуунун шарттары жөнүндө маалыматтар; суралып жаткан адамга карата үн жана көрмө жазууну колдонуу жаатында суралып жаткан адамдын билдирүүсү; протоколдун жана үн жана көрмө жазуунун тууралыгын суралып жаткан адам менен тергөөчүнүн күбөлөндүрүлүшү камтылууга тийиш. Фонограмма жана көргөзмө жазуу иш учурунда сакталып, тергөө аяктагандан кийин мөөр коюлуп бекитилет.

**195-статья. Сурак протоколу**

(1) Сурактын жүрүшү жана натыйжалары ушул Кодекстин 90 жана 170-статьяларынын талаптарын сактоо менен түзүлгөн протоколдо чагылдырылат. Көрсөтүүлөр суралып жаткандын өзүнөн жана мүмкүн болушунча сөзмө-сөз жазылып алынат. Суроолор жана аларга берилген жооптор суракта болгон ырааттуулукта жазылат. Протоколдо суракка катышкан адамдардын тергөөчү тарабынан четке кагылган же суралып жаткан адам жооп берүүдөн баш тарткан суроолор да четке кагуунун же баш тартуунун жүйөлөрүн көрсөтүү менен чагылдырылууга тийиш.

(2) Тергөө аракеттеринин буюм далилдерин жана документтерин келтирүү, протоколдорун окуп берүү жана үн жана көрмө жазууну, киного тартууну көрсөтүү, ошондой эле ушул суралып жаткан адамга байланыштуу берилген көрсөтүүлөр протоколдо милдеттүү түрдө чагылдырылууга тийиш.

(3) Суралып жаткан адам тарабынан тергөө аракеттеринин жүрүшүндө схемалар, чиймелер, диаграммалар даярдалышы мүмкүн, алар протоколго тиркелип, бул тууралу анда белги коюлат.

(4) Эркин аңгемелешүүдөн кийин суралып жаткан адам өзүнүн көрсөтүүлөрүн өз колу менен жазып берүүгө укуктуу. Көрсөтүүлөр өз колу менен жазылгандан жана ага суралып жаткан адамдын колу коюлгандан кийин тергөөчү толуктоочу жана тактоочу суроолорду бере алат.

(5) Сурак аяктагандан кийин протокол окуп чыгуу үчүн суралып жаткан адамга көрсөтүлөт же анын өтүнүчү боюнча окуп берилет. Суралып жаткан адамдын протоколго толуктоолорду жана тактоолорду киргизүү жөнүндө талабы милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

(6) Суралып жаткан адамдын көрсөтүүлөр жана алардын жазылышынын тууралыгы менен иш жүзүндө таанышкандыгы протоколдун аягына өзүнүн колун коюушу менен күбөлөндүрүлөт. Суралып жаткан адам тарабынан протоколдун ар бир барагына да кол коюлат.

(7) Эгерде суракка тилмеч катышса, ал дагы протоколдун ар бир барагына жана жалпы протоколго кол коет. Ал суралып жаткан адамдын өз колу менен жазган көрсөтүүлөрүнүн котормосуна да кол коет.

(8) Протоколдо суракка катышкан бардык адамдар көрсөтүлөт. Алардын ар бири протоколго кол коюуга тийиш.

**196-статья. Көздөштүрүү**

(1) Тергөөчү көрсөтүүлөрүндө карама-каршылыгы бар мурда суралган эки адамды көздөштүрүүгө укуктуу.

(2) Көздөштүрүүнүн алдында тергөөчү анын катышуучуларынын укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле ушул тергөө аракетин жүргүзүүнүн тартибин аларга түшүндүрөт. Эгерде көздөштүрүү күбө менен жабырлануучунун катышуусу менен жүргүзүлсө, аларга көрсөтүү берүүдөн баш тарткандыгы же четтегендиги үчүн жана атайылап жалган көрсөтүүлөрдү бергендиги үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертилет, бул тууралу протоколго белги коюлат.

(3) Тергөөчү көздөштүрүлүп жаткан адамдардын бири-бирин биле тургандыгын жана өз ара кандай мамиледе экендигин аныктайт. Көздөштүрүү аныктоо талап кылынып жаткан жагдайларды ырастаган адамды суракка алуудан башталат. Ишке катышуучуларга аныктоо үчүн көздөштүрүү жүргүзүлүп жаткан жагдайлар боюнча кезеги менен көрсөтүү берүү сунуш кылынат. Көрсөтүүлөр берилгенден кийин тергөөчү суралып жаткандардын ар бирине суроо бере алат. Бири-бири менен көздөштүрүлүп жаткан адамдар тергөөчүнүн уруксаты менен бири-бирине суроо бере алышат, бул тууралу протоколго белги коюлат.

(4) Көздөштүрүүнү жүргүзүүдө тергөөчү ишке тиркелген буюм далилдерин жана документтерди көрсөтүүгө укуктуу.

(5) Көздөштүрүүгө катышкандардын сурактын мурдагы протоколдорунда камтылган көрсөтүүлөрүн окуп берүүгө, ошондой эле бул көрсөтүүлөрдүн үн жазмасын уктурууга жана көрмө жазмаларын көргөзүүгө, алар көздөштүрүүдө көрсөтүү бергенден кийин жана алар протоколго жазылгандан кийин гана жол берилет.

(6) Көздөштүрүүнүн протоколунда суралып жаткан адамдардын көрсөтүүлөрү алар кандай кезекте берилсе, ошондой жазылат. Көздөштүрүүнүн ар бир катышуучусу өзүнүн көрсөтүүсүнө, ошондой эле протоколдун ар бир барагына өзүнчө кол коет.

**197-статья. Таануу үчүн көрсөтүү**

(1) Тергөөчү күбөгө, жабырлануучуга, шектүү адамга же айыпкерге таануу үчүн адамды же буюмзатты көрсөтүшү мүмкүн. Таануу үчүн өлүк дагы көрсөтүлүшү мүмкүн.

(2) Тааный тургандар алар тиешелүү адамды же буюмзатты байкагандыгынын жагдайлары жөнүндө, алар тааный турган белгилер жана өзгөчөлүктөр жөнүндө алдын ала суралууга тийиш.

**198-статья. Таануу үчүн көрсөтүүнүн тартиби**

(1) Адам таануу үчүн таанытыла турган адам менен сырткы кебетеси, курагы жана кийими боюнча окшош болгон башка адамдар менен чогуу көрсөтүлөт. Таануу үчүн көрсөтүлүүчү адамдардын жалпы саны үчтөн кем болбоого тийиш. Бул эреже өлүктү таанытууда колдонулбайт.

(2) Таануу үчүн көрсөтүүнүн алдында таанытыла турган адамга көрсөтүлүүчү адамдардын арасындагы каалаган жерге туруу сунуш кылынат, бул протоколдо белгиленет.

(3) Таануу үчүн адамдын өзүн көрсөтүү мүмкүн болбогондо, адамды таануу анын фото сүрөтү боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Адамдын фото сүрөтү таануу үчүн көрсөтүлүп жаткан адам менен сырткы кебетеси окшош болгон адамдардын кеминде үчөөнүн фото сүрөтү менен кошо көрсөтүлөт.

(4) Буюмзат саны үчтөн кем эмес окшош буюмзаттын тобу менен көрсөтүлөт.

(5) Эгерде тааный турган адам күбө же жабырлануучу болсо, ага көрсөтүү берүүдөн баш тартуу же четтөө үчүн жана билип туруп жалган көрсөтүүлөрдү берүү үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертилип, бул протоколдо белгиленет.

(6) Тааный турган адамга ал көрсөтүү берген адамды же буюмзатты көрсөтүү сунуш кылынат. Багыттама суроолорго жол берилбейт.

(7) Эгерде тааный турган адам өзүнө көрсөтүлгөн адамдардын бирин же буюмзаттардын бирин көрсөтсө, ага аталган адамды же ошол буюмзатты кайсы белгилер же өзгөчөлүктөр боюнча таанығандыгын түшүндүрүү сунуш кылынат.

(8) Тааный турган адамдын коопсуздугун камсыз кылуу максатында таанытчу адамды көрсөтүү таануучунун аны тааный турган адамды көрүшүн жокко чыгарган шарттарда жүргүзүлүшү мүмкүн. Тааный турган адамга таанытуу үчүн көрсөтүлгөн адамдарды сырттан байкоо мүмкүнчүлүгү камсыз кылынууга тийиш.

(9) Адамды же буюмзатты таануу үчүн көрсөтүү жөнүндө ушул Кодекстин 170 жана 171-статьяларынын талаптарын сактоо менен протокол түзүлөт. Протоколдо таануунун шарттары, жүрүшү, натыйжалары көрсөтүлөт жана тааный турган адамдын түшүндүрмөлөрү мүмкүн болушунча сөзмө-сөз баяндалат. Эгерде таануу үчүн адамды көрсөтүү таануучу адамдын тааный турган адамды көрүшүн жокко чыгарган шарттарда жүргүзүлсө, бул дагы протоколдо белгиленет.

## 25-Глава
## Экспертиза жүргүзүү

**199-статья. Экспертиза белгилөөнүн тартиби**

(1) Соттук экспертиза өткөрүү зарыл деп тапкандан кийин тергөөчү бул тууралу токтом чыгарат, ал эми ушул Кодекстин 32-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган учурларда сот алдында өтүнүч козгойт, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) соттук экспертизаны дайындоонун негиздери;

2) соттук экспертиза жүргүзүүчү эксперттик мекеменин аталышы же эксперттин фамилиясы, аты, атасынын аты;

3) эксперттин алдына коюлган суроолор;

4) эксперттин карамагына берилген материалдар.

(2) соттук экспертиза мамлекеттик эксперттер тарабынан жана атайын билимге ээ адамдардын ичиндеги башка эксперттер тарабынан жүргүзүлөт.

(3) Тергөөчү шектүүнү, айыпталуучуну, анын жактоочусун соттук экспертизаны дайындоо жөнүндө токтом менен тааныштырат жана ушул Кодекстин 202-статьясында белгиленген алардын укуктарын түшүндүрөт. Бул тууралу токтом менен таанышкан адамдар жана тергөөчү кол койгон протокол түзүлөт.

(4) Жабырлануучуга карата соттук экспертиза, ушул Кодекстин 200-статьясынын 2 жана 4-пункттарында каралгандан башка учурларда, ошондой эле күбөгө карата алардын жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жазуу жүзүндөгү макулдуктары менен жүргүзүлөт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**200-статья. Экспертизаны белгилөөнүн жана аны жүргүзүүнүн милдеттүүлүгү**

Эгерде иш боюнча:

1) өлүмдүн себебин, ден соолукка келтирилген зыяндын мүнөзүн жана оор экендигинин даражасын аныктоо зарыл болгондо;

2) бул иш үчүн мааниге ээ болгондо, ал эми курагы жөнүндө документтер жок болгондо же шектенүүнү пайда кылганда, шектүү адамдын, айыпкердин, жабырлануучунун курагын белгилөө зарыл болгондо;

3) алардын акыл-эсинин соо экендиги же жазык процессинде өз укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын өз алдынча коргоого мүмкүнчүлүгү жаатында шектенүү пайда болгондо, шектүү адамдын, айыпкердин психикалык абалын аныктоо зарыл болгондо;

4) жабырлануучунун, күбөнүн иш үчүн мааниси бар жагдайларды туура кабылдоого жана алар жөнүндө көрсөтмө берүүгө жөндөмдүү экендиги тууралу шектенүү пайда болгондо, алардын

психикалык абалын аныктоо зарыл болгондо экспертизаны дайындоо жана жүргүзүү милдеттүү болуп эсептелет.

**201-статья. Экспертиза жүргүзүүгө тергөөчүнүн катышуусу**

Тергөөчү экспертиза жүргүзүүгө катышууга укуктуу.

**202-статья. Шектүү адамдын, айыпкердин, жабырлануучунун, күбөнүн экспертиза белгилөөдөгү жана жүргүзүүдөгү укуктары**

(1) Экспертиза дайындоодо жана жүргүзүүдө шектүү адам, айыпкер жана жабырлануучу:

1) экспертиза белгилөө жөнүндө токтом менен таанышууга;

2) иш билги адам иштеген эксперттик уюмдун иштин жыйынтыгына кызыкпай тургандыгына шектенүүнү пайда кылган жагдайлар белгиленген учурда, эксперттик четке кагууну билдирүүгө же эксперттик уюмду экспертиза жүргүзүүдөн четтетүү жөнүндө өтүнүч берүүгө;

3) өздөрү көрсөткөн адамдарды, соттук-эксперттик айкын уюмдардын адистерин эксперт катарында ишке тартуу жөнүндө өтүнүүгө;

4) алар боюнча эксперттин корутундусун алуу үчүн кошумча маселелерди берүүгө;

5) экспертиза жүргүзүүгө катышууга, экспертке түшүндүрмөлөрдү берүүгө, ага суроолор менен кайрылууга;

6) эксперттин корутундусу менен таанышууга укуктуу.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн укуктарга экспертизага тартылган күбө дагы ээ болот.

(3) Жабырлануучуларга жана күбөлөргө карата экспертиза жүргүзүү алардын макулдугу менен жүзөгө ашырылат, алардын макулдугу жазуу жүзүндө берилет. Эгерде бул адамдар он алты жашка толо элек же сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылса, экспертиза жүргүзүүгө жазуу жүзүндө макулдук алардын мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан берилет.

(4) Ушул статьянын биринчи жана экинчи бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн адам тарабынан берилген өтүнүч канааттандырылган учурда, тергөөчү экспертиза дайындоо жөнүндө өзүнүн токтомун тиешелүү түрдө өзгөртөт же толуктайт. Өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартылган учурда тергөөчү токтом чыгарат, ал өтүнүч берген адамдын колун койдуруп алуу менен ага билдирилет.

**203-статья. Эксперттик уюмда экспертиза жүргүзүү**

(1) Экспертиза эксперттик уюмда жүргүзүлгөндө тергөөчү бул уюмга өзүнүн токтомун жана зарыл материалдарды жөнөтөт.

(2) Эксперттик уюмдун жетекчиси экспертиза жүргүзүүнү бир же бир нече экспертке тапшырат, бул тууралу тергөөчүгө билдирет, ошондой эле эксперттерге ушул Кодекстин 63-статьясында каралган алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт, атайын жалган корутунду бергендиги үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө эскертет, бул тууралу алардын колун койдуруп алат, ал болсо эксперттин корутундусу менен тергөөчүгө жөнөтүлөт.

**204-статья. Экспертизаны эксперттик уюмдан тышкары жүргүзүү**

(1) Эгерде экспертиза эксперттик уюмдан тышкары жүргүзүлсө, тергөөчү экспертиза белгилөө жөнүндө токтом чыгарганга чейин өзү экспертиза жүргүзүүнү тапшырууга ниеттенип жаткан адамдын ким экендигин, анын компетенттүүлүгүн аныктап билүүгө, анын айыпкер, шектүү адам, жабырлануучу жана экспертизага тартылган адам менен мамилесин аныктоого жана экспертти четке кагууга карата негиздердин бар же жок экендигин текшерүүгө тийиш.

(2) Зарыл маалыматтарды аныктагандан кийин, тергөөчү экспертиза белгилөө жөнүндө токтом чыгарат, аны экспертке тапшырат, ага ушул Кодекстин 63-статьясында каралган укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт, атайын жалган корутунду бергендиги үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө эскертет. Бул аракеттердин аткарылышы жөнүндө тергөөчү экспертиза белгилөө жөнүндө токтомго белги коет, ал эксперттин колун койдуруу менен күбөлөндүрүлөт.

**205-статья. Комиссиялык экспертиза**

(1) Комиссиялык экспертиза татаал эксперттик иликтөөлөрдү жүргүзүү зарыл болгон учурларда белгиленет жана бир адистиктеги (профилдеги) бир нече эксперт тарабынан жүргүзүлөт.

(2) Комиссиялык экспертизаны жүргүзүүдө эксперттер алынган натыйжаларга биргелешип талдоо жүргүзүшөт жана бир пикирге (тыянакка) келгенден кийин, бир корутунду (же корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө акт) түзүшөт жана ага кол коюшат.

(3) Эксперттердин ортосунда пикир келишпестиктер чыккан учурда алардын ар бири же эксперттердин бир бөлүгү өзүнчө корутунду берет, же болбосо өзүнүн пикири көпчүлүк эксперттер менен ылайык келбеген эксперт өзүнүн пикирин корутундуда өзүнчө жол-жоболоштуруп берет.

**206-статья. Комплекстүү экспертиза**

(1) Комплекстүү экспертиза иликтөөлөрдү жүргүзүү илимдин ар кандай тармактарын таанып билүү зарыл болгон учурларда белгиленет. Ал ар кандай адистиктеги эксперттер тарабынан өз компетенциясынын чектеринде жүргүзүлөт.

(2) Комплекстүү экспертизанын корутундусунда ар бир эксперт кандай иликтөөлөрдү канча көлөмдө жүргүзгөндүгү жана кандай тыянактарга келгендиги көрсөтүлүүгө тийиш. Ар бир эксперт корутундунун өзүнүн иликтөөлөрү жана жалпы тыянак камтылган бөлүгүнө кол коет. Эксперттерде пикир келишпестиктер болгон учурда иликтөөлөрдүн натыйжалары ушул Кодекстин 205-статьясынын үчүнчү бөлүгүнүн эрежелери боюнча жол-жоболоштурулат.

**207-статья. Салыштырып иликтөө үчүн үлгүлөрдү алуу**

(1) Тергөөчү салыштырып иликтөө үчүн шектүү адамдын же айыпкердин кол жазмасынын үлгүсүн же башка үлгүлөрдү алууга укуктуу.

(2) Тергөөчү ошондой эле салыштырып иликтөө үчүн күбөнүн же жабырлануучунун кол жазмасынын үлгүсүн же башка үлгүлөрдү алууга укуктуу, бирок бул алардын макулдугу менен жана окуя болгон жерде же болбосо заттык далилдерде издин алар тарабынан калтырылгандыгын текшерүү зарылдыгы пайда болгон учурларда гана жүргүзүлөт.

(3) Салыштырып иликтөө үчүн үлгүлөрдү алууда адамдын өмүрү, ден соолугу үчүн коркунучтуу болгон же анын ар-намысы менен кадыр-баркын кемсинтүүчү усулдар колдонулбоого тийиш.

(4) Салыштырып иликтөө үчүн тирүү адамдардан үлгүлөрдү алуу жөнүндө тергөөчү токтом чыгарат. Зарыл учурларда үлгүлөрдү алуу адистердин катышуусу менен жүргүзүлөт, бул тууралу ушул Кодекстин 170 жана 171-статьяларынын талаптарын сактоо менен протокол түзүлөт.

(5) Эгерде үлгүлөрдү алуу эксперттик иликтөөнүн бир бөлүгү болуп эсептелсе, ал эскперт тарабынан жүргүзүлөт. Мындай учурда бул аракет жөнүндө маалыматты эксперт өзүнүн корутундусунда чагылдырат.

**208-статья. Экспертиза жүргүзүү үчүн адамдарды медициналык мекемеге жаткыруу**

(1) Эгерде соттук-медициналык же соттук-психиатриалык экспертизаны дайындоодо же жүргүзүүдө шектүүнү же айыпталуучуну стационардык изилдөөнүн зарылдыгы пайда болсо, анда ал медициналык же психиатриалык стационарга жаткырылышы мүмкүн.

(2) Камакта жатпаган шектүү же айыпталуучу соттук-медициналык же соттук-психиатриалык экспертизалардан өтүү үчүн, ушул Кодекстин 169-1-статьясында белгиленген тартипте кабыл алынуучу соттук чечимдин негизинде медициналык же психиатриалык стационарга жаткырылат.

(3) Шектүүнү соттук психиатриалык экспертизадан өткөрүү үчүн психиатриалык стационарга жаткырган учурда, ушул Кодекстин 39-статьясына ылайык айыптоо тагылышы мүмкүн болгон мөөнөт эксперттердин корутундусун алганга чейин токтотулуп турат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**209-статья. Эксперттин корутундусунун мазмуну, корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү**

(1) Иликтөө жүргүзүлгөндөн кийин, анын натыйжаларын эске алуу менен эксперт же эксперттер өз атынан корутунду чыгарышат, анда: экспертиза качан, кайда, ким тарабынан (аты-

жөнү, билими, адистиги, ишинин стажы, окумуштуулук даражасы жана илимий наамы, ээлеген кызматы), кандай негизде жүргүзүлгөндүгү; эксперттин корутунду берүүдөн баш тартышы же четтеши же атайын жалган корутунду бергендиги үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө эскертилгендиги жөнүндө эксперттин коюлган колу менен күбөлөндүрүлгөн белги; эксперттин кандай материалдарды пайдалангандыгы жана кандай иликтөөлөрдү жүргүзгөндүгү; экспертке берилген суроолор жана анын жүйөлөштүрүлгөн жооптору көрсөтүлүүгө тийиш. Эгерде экспертиза жүргүзүүдө эксперт иш үчүн мааниси бар бирок маселе коюлбаган жагдайларды аныктаса, ал аларды иликтөөгө жана өзүнүн корутундусунда баа берүүгө укуктуу.

(2) Эгерде эксперт коюлган маселелер анын атайын билимдеринин чегинен тышкары экендигине же ага берилген материалдар корутунду берүү үчүн жараксыз же жетишсиз экендигине жана аткарылышы мүмкүн эместигине болбосо илимдин абалы же эксперттик практика коюлган маселелерге жооп берүүгө мүмкүнчүлүк бербестигине ынанса, ал корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө жүйөлүү билдирүү түзөт жана аны экспертиза белгилеген органга же адамга жиберет.

**210-статья. Экспертти суракка алуу**

(1) Тергөөчү эксперт тарабынан берилген корутундуну түшүндүрүү үчүн экспертти суракка алууга укуктуу. Эксперт өзүнүн жоопторун өзү жазып баяндап бере алат. Экспертти суракка алуунун протоколу ушул Кодекстин 170 жана 195-статьяларында баяндалган эрежелерди сактоо менен түзүлөт.

(2) Экспертти ал корутунду бергенге чейин суракка алууга жол берилбейт.

**211-статья. Шектүү адамга, айыпкерге, жабырлануучуга же күбөгө экспертизанын корутундусун көрсөтүү**

(1) Эксперттин корутундусу же корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө анын билдирүүсү, ошондой эле экспертти суракка алуунун протоколу тергөө аяктаганга чейин экспертизага тартылган шектүү адамга, айыпкерге, жабырлануучуга, ошондой эле күбөгө көрсөтүлөт, алар экспертизанын тыянактары боюнча өздөрүнүн түшүндүрмөлөрүн берүүгө жана каршы пикирлерин билдирүүгө укуктуу. Мындай өтүнүч канааттандырылган же четке кагылган учурда тергөөчү тиешелүү токтом чыгарат,ал өтүнүч берген адамга андан колкат алуу менен билдирилет.

(2) Эксперттин корутундусу жана аны суракка алуунун протоколу менен таанышуу жөнүндө протокол түзүлүп, анда жасалган билдирүүлөр жана каршы пикирлер чагылдырылат.

(3) Ушул статьянын эрежелери адамды айыпкер же аны шектүү, болбосо жабырлануучу катарында таанууга чейинки убакта эле жүргүзүлгөн экспертизанын учурларында да колдонулат.

**212-статья. Кошумча жана кайталанган экспертиза**

(1) Корутунду анчалык так же толук болбогондо, ошондой эле мурда иликтенген жагдайлар жаатында жаңы маселелер келип чыкканда, кошумча экспертиза дайындалышы мүмкүн, ал ошол же башка экспертке тапшырылат.

(2) Эксперттин корутундусунун тууралыгына шектенүү пайда болгондо, башка экспертке же эксперттерге тапшыруу менен кайталап экспертиза жүргүзүү белгиленет.

(3) Кошумча жана кайталанган экспертиза ушул Кодекстин 199, 202, 206, 209-статьяларынын талаптарын сактоо менен дайындайт жана жүргүзүлөт.

## 26-Глава
## Айыпкер катарында тартуу. Айып коюу

**213-статья. Айыпкер катарында тартуу**

Аталган адам тарабынан кылмыш жасалгандыгын көрсөткөн жетиштүү далилдер болгондо тергөөчү ал адамды айыпкер катарында тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн токтом чыгарат.

**214-статья. Айыпкер катарында тартуу жөнүндө токтом**

(1) Айыпкер катарында тартуу жөнүндө токтомдо:

1) ал түзүлгөн убакыт жана жер, токтом ким тарабынан түзүлгөндүгү, айыпкер катарында тартылып жаткан адамдын аты-жөнү, туулган күнү, айы, жылы жана жери;

2) аны жасоонун убактысын, ордун, ошондой эле ушул Кодекстин 82-статьясына ылайык далилденүүгө тийиш болгон башка жагдайларын көрсөтүү менен айыпкерге тагылып жаткан кылмыштын баяндамасы;

3) аталган кылмыш үчүн жоопкерчиликти караган жазык мыйзамы (статьясы, бөлүгү, пункту) көрсөтүлүүгө тийиш.

(2) Жазык мыйзамынын ар кандай статьяларын колдонууга туура келген бир нече кылмыштар боюнча айыптоодо, адамды айыпкер катарында тартуу жөнүндө токтомдо жазык мыйзамынын ар бир статьясы боюнча айыпкерге кандай айкын аракеттер тагылып жаткандыгы көрсөтүлүүгө тийиш.

(3) Токтомдо адамды айыпкер катарында тартуу жөнүндө чечим камтылууга тийиш.

**215-статья. Айыпкердин келишинин милдеттүүлүгү**

(1) Эркиндикте жүргөн айыпкер суракка чакыруу кагазы менен чакырылат. Чакыруу телефонограмма же телеграмма аркылуу да берилиши мүмкүн.

(2) Чакыруу кагазында айыпкер катарында ким, кайда, кайсыл күнү жана кайсыл саатка чакырылгандыгы, ошондой эле келбей коюунун кесепеттери көрсөтүлүүгө тийиш.

(3) Чакыруу кагазы айыпкерге андан колкат алуу менен, ал эми ал убактылуу жок болгон учурда, ал үй-бүлөнүн эрезеге жеткен мүчөсүнө же ал иштеген же окуган жердеги администрациянын өкүлүнө же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлүнө айыпкерге берип коюу үчүн тапшырылат.

(4) Эркиндикте жүргөн айыпкер тергөөчүнүн чакыруусу боюнча белгиленген мөөнөттө келүүгө милдеттүү.

(5) Төмөндөгүлөр:

1) айыпкерди келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан оору;

2) жакын тууганДарынын өлүмү;

3) табигый кырсыктар;

4) чакыруу кагазын албай калуу;

5) айыпкерге белгиленген мөөнөттө келүүгө мүмкүнчүлүк бербеген башка жагдайлар тергөөчүнүн чакыруусу боюнча айыпкердин келбей калышынын жүйөлүү себептери деп таанылат.

(6) Белгиленген мөөнөттө келбей калуунун себептери жөнүндө айыпкер тергөөчүгө билдирүүгө милдеттүү.

(7) Жүйөлүү себептерсиз келбей койгон учурда айыпкер мажбурлап алынып келиши мүмкүн.

(8) Камакта отурган айыпкер камалган жердин администрациясы аркылуу чакырылат.

**216-статья. Айып коюу**

(1) Адамды айыпкер катарында тартуу жөнүндө токтом чыгарылган учурдан тартып үч суткадан кечиктирилбестен айып коюу жактоочунун катышуусу менен жүргүзүлөт. Айыпкер же анын жактоочусу келбей калган учурда, айып үч сутка өткөндөн кийин да коюлушу мүмкүн.

(2) Алынып келинген айыпкерге айып коюу ал алынып келген күнү жүргүзүлөт.

(3) Тергөөчү айыпкердин ким экендигине ынангандан кийин, айыпкерге жана анын жактоочусуна айыпкер катарында тартуу жөнүндө токтомду билдирет.

(4) Тергөөчү айыпкерге коюлган айыптын маңызын түшүндүрүүгө милдеттүү.

(5) Ушул статьянын үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруу, айып коюлган күндү жана саатты көрсөтүү менен тергөөчүнүн айыпкер катары тартуу жөнүндө токтомуна айыпкердин, жактоочунун жана тергөөчүнүн колдорун койдуруу менен күбөлөндүрүлөт.

(6) Айыпкер кол коюудан баш тартканда, тергөөчү жана жактоочу айыпкер катары тартуу жөнүндө токтомдо ага токтомдун тексти билдирилгендиги тууралу ырасташат.

(7) Айыпкерге аны айыпкер катары тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсү тапшырылат.

(8) Токтомдун көчүрмөсү прокурорго жөнөтүлөт.

**217-статья. Тергөөдө айыпкерге анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

Айыпкер катарында тартуу жөнүндө токтом менен айыпкерди тааныштыргандан кийин, тергөөчү ага ушул Кодекстин 42-статьясында каралган айыпкердин укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүүгө милдеттүү, бул тууралу токтомго жазылат. Жазуу айыпкердин, ошондой эле анын жактоочусунун коюлган колдору менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Тергөөчү айыпталуучуга тергөө аяктагандан кийин жана жазык ишинин материалдары ага таанышуу үчүн берилгенде анын жазык иши сот арачыларынын катышуусу менен карала тургандыгы жөнүндө өтүнүч кылууга укуктуу экендиги тууралу түшүндүрүүгө милдеттүү.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**218-статья. Айыпкерди суракка алуу**

(1) Тергөөчү айыпкерди, ага айып коюлгандан кийин токтоосуз түрдө суракка алууга милдеттүү.

(2) Айыпкерди суракка алууга анын жактоочусу катышат.

(3) Денесиндеги же психикасындагы кемчиликтерден улам коргонуу укугун өзү жүзөгө ашыра албаган же иш боюнча өндүрүш жүргүзүлгөн тилди билбеген жашы жете элек өспүрүм айыпкерге айып коюуда жана суракка алууда, ошондой эле адамды он беш жылдан ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу белгилениши мүмкүн болгон кылмыш жасагандыгы үчүн айыптоодо жактоочунун катышуусунан баш тартууга жол берилбейт.

(4) Айыпкерди суракка алуу ушул Кодекстин 189-193-статьяларынын эрежелери боюнча жүргүзүлөт.

(5) Бир эле иш боюнча чакырылган айыпкерлер өзүнчө суракка алынат, мында тергөөчү алар бири-бири менен сүйлөшө албагыдай чараларды көрөт.

(6) Сурактын алдында тергөөчү айыпкердин өзүнүн күнөөсүн толугу менен же жарым-жартылай мойнуна ала тургандыгын же ага коюлган айып боюнча күнөөсүн четке кага тургандыгын аныктайт, бул тууралу сурактын протоколуна тиешелүү жазуу жазылат.

(7) Тергелип жаткан иштин жагдайлары боюнча мурда берилген көрсөтүүлөрдү тактоонун же толуктоонун зарылдыгы келип чыккан учурда, айыпкерди экинчи жолу (кошумча) суракка алуу жүргүзүлөт.

**219-статья. Айыпкерди суракка алуунун протоколу**

Айыпкерди ар бир суракка алуу жөнүндө тергөөчү ушул Кодекстин 195-статьясынын талаптарын сактоо менен протокол түзөт.

**220-статья. Айыпты өзгөртүү жана толуктоо. Ишти жарым-жартылай токтотуу**

(1) Эгерде тергөө жүргүзүүдө, коюлган айыпты өзгөртүү же толуктоо үчүн негиздер келип чыкса, тергөөчү ушул Кодекстин 214-статьясынын талаптарын сактоо менен аны айыпкер катарында тартуу жөнүндө жаңы токтом түзүүгө жана аны айыпкерге ушул Кодекстин 216 жана 217-статьяларында белгиленген тартипте көрсөтүүгө милдеттүү.

2) Эгерде тергөөнүн жүрүшүндө, коюлган айып кайсы бир жагынан ырасталбаса, тергөөчү өзүнүн токтому менен айыптоонун бул жагында жазык ишин кыскартат, бул жөнүндө айыпкерге билдирет.

## 27-Глава
## Тергөөнү токтото туруу жана кайра баштоо

**221-статья. Тергөөнү токтото туруунун негиздери, тартиби жана мөөнөттөрү**

(1) Тергөө, аны улантууга жана бүтүрүүгө тоскоол болгон төмөндөгү негиздердин бири болгондо:

1) айыпкердин турган жери белгилүү болбосо;

2) айыпкер психикалык же башка оор дартка чалдыккандыгы мамлекеттик медициналык мекемеде иштеген врач тарабынан күбөлөндүрүлгөндө;

3) айыпкер катарында тартууга тийиш болгон адамды аныктоого мүмкүн болбогондо;

4) айыпкердин турган жери белгилүү болуп, бирок айыпкерди иммунитеттен ажыратуу жөнүндө же анын чет мамлекет тарабынан берилиши жөнүндө маселени чечүүгө байланыштуу анын ишке катышуусуна чыныгы мүмкүнчүлүк болбогондо токтотула турат.

(2) Тергөөнү токтото туруу жөнүндө тергөөчү жүйөлөштүрүлгөн токтом чыгарат, анын көчүрмөсүн прокурорго жөнөтөт.

(3) Эгерде иш боюнча эки же бир нече айыпкер тартылса, ал эми токтото туруу айыпкерлердин бардыгына таандык болбосо, тергөөчү айрым айыпкерлер жагындагы ишти өзүнчө өндүрүшкө бөлүүгө жана токтото турууга, эгерде иш боюнча тергөөнү улантуу бардык айыпкерлердин катышуусуз улантылышы мүмкүн болбосо, бүткүл иш боюнча өндүрүштү токтоттурууга укуктуу.

(4) Ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн 1 жана 3-пункттарында каралган учурларда тергөө анын өндүрүшүнө кеткен мөөнөт аяктагандыгы боюнча гана токтотула турат; ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган учурларда ал тергөөнүн мөөнөтү аяктаганга чейин да токтотула турушу мүмкүн.

(5) Тергөөнү токтото турууга чейин тергөөчү айыпкер жок болгондо, ишти жүргүзүүгө мүмкүн болгон бардык тергөө аракеттерин аткарууга, кылмышты жасаган адамды табууга, ошого тете, аны аныктоого карата бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.

**222-статья. Тергөөчүнүн тергөөнү токтото тургандан кийинки аракеттери**

1) Ушул Кодекстин 221-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган учурларда, тергөө токтотулгандан кийин, тергөөчү түздөн-түз, ошондой эле алгачкы текшерүү органдары аркылуу жазык жоопкерчилигине тартылууга тийиш болгон адамды аныктоого карата чара көрүүгө милдеттүү жана зарыл учурда тергөө аракеттерин жүргүзө алат.

2) Тергөөнү токтото тургандан кийин, тергөөчү бул тууралу жабырлануучуга, анын өкүлүнө, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө жазуу жүзүндө билдирүүгө жана ошол эле мезгилде аларга тергөөнү токтото туруу жөнүндө токтомго прокурорго беш сутканын ичинде даттанууга мүмкүн экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү. Тергөө ушул Кодекстин 221-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган негиздер боюнча токтотула турган учурда, бул тууралу айыпкерге жана анын жактоочусуна да билдирилет.

**223-статья. Айыпкерди издөө**

(1) Айыпкердин турган жери белгисиз болгондо, тергөөчү издөө жүргүзүүнү алгачкы текшерүү органдарына тапшырат. Бул тапшырма тууралу тергөөнү токтото туруу жөнүндө токтомдо көрсөтүлөт же өзүнчө токтом чыгарылат.

(2) Айыпкерди издөө тергөө жүргүзүү убагында да, ошондой эле аны токтото туруу менен бир мезгилде да жарыяланышы мүмкүн.

(3) Ушул Кодекстин 102-статьясыыда көрсөтүлгөн негиздер болгондо, издөө салынган айыпкерге карата бөгөт коюу чарасы белгилениши мүмкүн.

**224-статья. Токтотулган тергөөнү кайра баштоо**

(1) Токтото туруу үчүн негиздер жоюлгандан кийин токтотулган тергөө тергөөчүнүн жүйөлөштүрүлгөн токтому менен кайра башталат.

(2) Тергөөчүнүн токтото туруу жөнүндө токтомун жокко чыгарууга байланыштуу токтотулган тергөө прокурордун жүйөлөштүрүлгөн токтому менен да кайра башталышы мүмкүн.

(3) Тергөөнүн кайра башталышы жөнүндө айыпкерге жана жактоочуга, ошондой эле жабырлануучуга, анын өкүлүнө, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө билдирилет.

## 28-Глава
## Ишти токтотуу

**225-статья. Жазык ишин кыскартууга карата негиздер**

(1) Жазык иши тергөөчү тарабынан:

1) ушул Кодекстин 28-статьясында көрсөтүлгөн негиздер болсо;

2) эгерде кошумча далилдерди чогултуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жумшалып бүтүп, айыпкердин кылмыш жасагандыгын көрсөтүүчү жетиштүү далилдер болбосо кыскартылат.

(2) Ушул Кодекстин 28-статьясында көрсөтүлгөн негиздер боюнча иш токтотулган учурда, тергөөчү адамды актоо жана мыйзамсыз кармоонун же камоонун натыйжасында ага келтирилген мүлктүк зыяндын ордун толтуруу боюнча мыйзамда каралган бардык чараларды көрүүгө тийиш.

*(КР 2009-жылдын 12-октябрындагы N 267 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**226-статья. Ишти кыскартуунун тартиби**

(1) Ишти кыскартуу жөнүндө тергөөчү жүйөлөштүрүлгөн токтом түзөт, анда айыпкердин инсандыгы жөнүндө маалыматтар келтирилет, иштин маңызы жана аны токтотуунун негиздери баяндалат.

(2) Токтомдо ушул Кодекстин 88-статьясынын эрежелерине жараша заттык далилдер жөнүндөгү жана бөгөт коюу чарасын бузуу жөнүндөгү маселе, ошого тете жарандык доону камсыздоо жана мүлктү конфискациялоо чаралары чечилүүгө тийиш.

(3) Токтомго, ал түзүлгөн жерди жана убакытты көрсөтүү менен тергөөчү кол коет.

(4) Ишти кыскартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн тергөөчү прокурорго жөнөтөт, ошол эле убакта, кыскартуунун негиздерин көрсөтүү менен жоопкерчиликке тартылган адамга, арызы боюнча жазык иши козголгон жабырлануучуга жана уюмга маалымдайт.

(5) Жарандык доогердин, жарандык жоопкердин, жабырлануучунун же алардын өкүлдөрүнүн өтүнүчү боюнча тергөөчү, прокурор аларды кыскартылган иштин материалдары менен тааныштырат.

**227-статья. Жазык ишин кыскартуу жөнүндөгү токтомго даттануу**

Тергөөчүнүн, прокурордун жазык ишин кыскартуу жөнүндөгү токтомуна карата шектүү, айыпкер, анын жактоочусу, жабырлануучу жана анын өкүлү, жарандык доогер, жарандык жоопкер же алардын өкүлдөрү, ошондой эле арызы боюнча иш козголгон адам же уюмдун өкүлү тергөөгө көзөмөлдүктү жүзөгө ашырган прокурорго же сотко даттанышы мүмкүн.

**228-статья. Кыскартылган жазык ишин кайра баштоо**

(1) Жазык ишин кыскартуу жөнүндө тергөөчүнүн токтому жокко чыгарылганда, кыскартылган иш боюнча өндүрүш прокурордун токтому менен кайра башталат.

(2) Эгерде адамды жазык жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү өтпөгөн учурда гана токтотулган иш боюнча иш кайра башталышы мүмкүн.

(3) Иш боюнча өндүрүштүн кайра башталышы жөнүндө айыпкерге, анын жактоочусуна, жабырлануучуга жана анын өкүлүнө, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө, ошондой эле арызы боюнча иш каралган адамга же уюмга маалымдалат.

**Статья 228-1. Жоголгон жазык ишин калыбына келтирүү**

(1) Жоголгон жазык ишин же болбосо анын материалдарын калыбына келтирүү тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, алгачкы текшерүү органынын начальнигинин токтому боюнча, ал эми сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө жазык иши же материалдары жоголгон учурда - тергөө бөлүмүнүн жетекчисине же алгачкы текшерүү органынын начальнигине аткаруу үчүн жиберилүүчү соттун чечими боюнча жүргүзүлөт.

(2) Жазык ишин калыбына келтирүү ушул Кодексте белгиленген тартипте далилдер деп табылышы мүмкүн болгон жана процесстик аракеттерди жүргүзүү жолу менен жазык ишинин материалдарынын сакталып калган көчүрмөлөрү боюнча жүргүзүлөт.

Жоголгон жазык ишин калыбына келтирүү боюнча бардык тергөө аракеттери тергөө өндүрүшүнүн аракеттери башталган учурдагы дата менен жүргүзүлөт.

(3) Жазык ишин калыбына келтирүүдө тергөөнүн жана камакта кармоонун мөөнөттөрү ушул Кодекстин 111 жана 166-статьяларында белгиленген тартипте эсептелет.

(4) Эгерде жоголгон жазык иши боюнча камакта кармоонун чектелген мөөнөтү өтсө, анда айыпкер токтоосуз бошотулууга жатат.

*(КР 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 29-Глава
## Жазык ишин прокурорго жөнөтүү

### 229-статья. Жабырлануучуну, жарандык доогерди, жарандык жоопкерди жана алардын өкүлдөрүн иштин материалдары менен тааныштыруу

(1) Тергөөчү жабырлануучуну жана анын өкүлүн, жарандык доогерди, жарандык жоопкерди же алардын өкүлдөрүн иштин бардык материалдары менен же ал материалдардын алар таанышкысы келген бөлүгү менен тааныштырат.

(2) Тааныштыруу ушул Кодекстин 231-статьясында каралган тартипте жүргүзүлөт.

### 230-статья. Прокурорго жөнөтүлүүчү иш боюнча тергөөнүн аякталышы жөнүндө билдирүү

(1) Иш боюнча бардык тергөө аракеттери аткарылды, ал эми чогултулган далилдер жетиштүү деп тапкандан кийин тергөөчү бул жөнүндө айыпкерге билдирүүгө, ага иштин милдеттүү тартипте көктөлгөн, номерленген жана тизмеленген түрдөгү (тизмектөө барактары) бардык материалдары менен жеке өзү да, ошондой эле жактоочунун жардамы менен да таанышууга укуктуулугун, ошого тете тергөөнү толуктоо же иш боюнча башка чечимдерди кабыл алуу жөнүндө өтүнүч билдирүү укуктугун түшүндүрүүгө милдеттүү. Айыпкерге тергөөнүн аяктагандыгы жөнүндө билдирилгендиги жана укуктары түшүндүрүлгөндүгү тууралу ушул Кодекстин 170 жана 171-статьяларынын талаптарын сактоо менен протокол түзүлөт.

(2) Тергөөнүн аяктагандыгы жөнүндө жана иштин материалдары менен таанышуу жана өтүнүчтөр билдирүү укугу тууралу, тергөөчү, айыпкердин жактоочусуна, ошондой эле жабырлануучуга жана анын өкүлүнө, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге жана алардын өкүлдөрүнө билдирүүгө милдеттүү.

(3) Эгерде айыпкердин жактоочусу же жабырлануучунун, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин өкүлү иш менен таанышуу үчүн жүйөлүү себептер боюнча дайындалган убакта келе албаса, тергөөчү тааныштырууну беш суткадан ашпаган мөөнөткө кийинкиге калтырат. Жактоочу же өкүл бул мөөнөттүн ичинде келбеген учурда, тергөөчү айыпкерге башка жактоочуну же жабырлануучунун башка өкүлүн чакырууну сунуш кылат, же болбосо адвокаттардын кесиптик уюму аркылуу башка жактоочуну же өкүлдү дайындайт.

(4) Айыпкерди, анын жактоочусун, жабырлануучуну, жарандык доогерди, жарандык жоопкерди жана алардын өкүлдөрүн иш менен тааныштыргандан кийин тергөөчү тергөөнүн бүткөндүгү жөнүндө токтом түзөт, анда бардык тергөө аракеттери аткарылгандыгы, чогултулган далилдер ишти сотко жөнөтүү үчүн жетиштүү экендиги тууралу көрсөтөт.

*(КР 2002-жылдын 16-октябрындагы N 141 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 231-статья. Айыпкерди жана анын жактоочусун иштин бардык материалдары менен тааныштыруу

(1) Ушул Кодекстин 230-статьясынын талаптарын аткарып, тергөөчү айыпкерге жана анын жактоочусуна, милдеттүү тартипте көктөлүүгө, номерленүүгө жана тизмектелүүгө (тизмектөө барактары) тийиш болгон иштин бардык материалдарын берет. Таанышуу үчүн, ошондой эле заттык далилдер берилет жана айыпкердин же анын жактоочусунун суроосу боюнча, эгерде алар тергөө аракеттеринин протоколдоруна тиркелсе фонограммалар, көргөзмө жазуулар, слайддар кайталанып берилет. Айыпкердин же анын жактоочусунун өтүнүчү боюнча алар иштин материалдары менен чогуу же өзүнчө тааныша алышат. Бул талаптар тергөөчү же тергөө

жүргүзүүчү адам тарабынан аткарылбаганда коргоочу жана айыпкер жазык ишинин материалдары менен таанышуудан баш тартууга укуктуу, бул жөнүндө протоколго белги коюлат жана тиешелүү прокурорго, ошондой эле жогору турган прокурорго жазуу жүзүндө (кат, телетайпограмма, телеграмма, факс, ж.у.с.) билдирүүгө укуктуу.

(2) Айыпкер жана жактоочу иштин материалдары менен таанышуу процессинде, документтерден маалыматтар жазып алууга, алардын көчүрмөлөрүн алууга укуктуу болушат. Мамлекеттик, коммерциялык же мыйзам тарабынан корголгон башка сырларды түзгөн маалыматтарды иштен жазып алуулар жана документтердин көчүрмөлөрү иштин өзүндө сакталат жана коопсуздуктарын камсыз кылуу зарыл болгон адамдар тууралу маалыматтардан башкалары, айыпкерге жана анын жактоочусуна соттук тергөө убагында тапшырылат.

(3) Айыпталуучу менен коргоочуну иштин материалдары менен тааныштырууну аяктагандан кийин тергөөчү аларда жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндө өтүнүч, башка өтүнүчтөр жана алар кандай же эмне арыз берүүнү каалай тургандыгын аныктоого милдеттүү.

Мында тергөөчү сот тарабынан жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароонун өзгөчөлүктөрүн, сот заседаниеси дайындалганга чейин сот алдына мындай өтүнүп билдирүү мүмкүн экендиги жөнүндө түшүндүрөт, ошондой эле айыпталуучу жана анын коргоочусунан суракка алынып жаткан күбөлөрдүн жана ишке катышкан эксперттердин, адистердин ичинен кимисин сурак берүү жана коргоонун позициясын ырастоо үчүн соттук заседаниеге чакыртууну каалай тургандыгын аныктайт.

(4) Айыпкердин жана жактоочунун иштин бардык материалдары менен таанышуусу үчүн аларга зарыл болгон убакыт чектелиши мүмкүн эмес. Эгерде айыпкер жана жактоочу иштин материалдары менен таанышууну ачык эле создуктурушса, тергөөчү өзүнүн жүйөлөштүрүлгөн токтому менен, иштин материалдары менен таанышуу үчүн жетишүү болгон белгилүү бир мөөнөттү белгилөөгө укуктуу. Айыпталуучунун жана анын жактоочусунун жазык ишинин материалдары менен тааныштыруу убактысы, ушул Кодекстин 166-статьясынын төртүнчү жана бешинчи бөлүктөрүндө жана 111-статьясынын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүндө каралган учурларда, айыпталуучунун тергөө, камакта, үй камагында кармоо мөөнөтүнө эсептелет.

(5) (КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамына ылайык алынып салынды)

*(КР 2002-жылдын 16-октябрындагы N 141, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234, 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**232-статья. Жазык ишинин материалдары менен тааныштыруу жөнүндө протокол**

(1) Жазык ишинин материалдары менен айыпкердин жана анын жактоочусунун, ошондой эле жабырлануучунун жана анын өкүлүнүн, жарандык доогердин жана жарандык жоопкердин же алардын өкүлдөрүнүн таанышуусу тууралу ушул Кодекстин 170 жана 171-статьяларынын талаптарын сактоо менен протоколдор түзүлөт. Протоколдордо: таанышуу үчүн кандай материалдар берилгендиги; өтүнүчтөр берилген-берилбегендиги жана башка билдирүүлөр жасалган-жасалганбагандыгы көрсөтүлөт.

(2) Эгерде айыпкер иш менен таанышуудан баш тартса, бул жөнүндө протоколдо көрсөтүлөт жана айыпкердин баш тартуусунун жүйөлөрү баяндалат.

**233-статья. Өтүнүчтөр билдирүү жана аларды чечүү**

(1) Айыпкердин жана анын жактоочусунун, ошондой эле, жабырлануучунун, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин жана алардын өкүлдөрүнүн иштин материалдары менен таанышкандан кийинки оозеки билдирилген өтүнүчтөрү тааныштыруу жөнүндөгү протоколго киргизилет.

(2) Процесстин катышуучусу өтүнүчтү кат түрүндө билдирүүнү каалагандыгы тууралу билдирген учурларда, аны даярдоо үчүн зарыл болгон убакыт берилиши мүмкүн, бул жөнүндө протоколго белги коюлат, ал эми кат түрүндөгү өтүнүч кийин ишке тиркелет.

(3) Ушул Кодекстин 125-статьясына ылайык тергөөчү иш үчүн маанилүү болгон жагдайларды аныктоо тууралу өтүнүчтөрдү канааттандыруудан баш тартууга укуксуз. Мындай учурларда

тергөөчү тергөөнү толуктоого милдеттүү, мында жазык ишинин материалдары менен процесстин башка катышуучуларын тааныштыруунун улантылышы өтүнүчтөрдү чечүүгө жана алар канааттандырылган учурда тергөө аракеттерин өткөрүүгө тоскоолдук кылбайт.

(4) Кошумча тергөө аракеттери жүргүзүлгөндөн кийин, тергөөчү процесстин катышуучуларына тергөөнүн аяктагандыгы жөнүндө кайрадан маалымдоого, аларга иштин кошумча материалдары менен, ал эми алардын суроосу боюнча - иштин бардык материалдары менен таанышууга мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.

(5) Билдирилген өтүнүчтөрдү канааттандыруудан толук же жарым-жартылай баш тартылган учурда, тергөөчү бул жөнүндө токтом чыгарат, анын көчүрмөсүн билдирүүчүгө жөнөтөт.

(6) Баш тартуу тууралу токтомдун көчүрмөсүн билдирүүчү алган учурдан тартып, үч сутканын ичинде, өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартууга карата прокурорго даттанылышы мүмкүн. Даттануу берүү ал чечилгенге чейин ишти прокурорго жөнөтүүнү токтото турат.

**234-статья. Тергөөнүн аякташы**

Тергөө тергөөчү тарабынан айыптоо корутундусун түзүү жана иштин маңызы боюнча соттук териштирүү үчүн сотко ишти жиберүү же медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө маселелерди чечүү же болбосо ушул Кодексте каралган тартипте ишти токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу менен аяктайт.

*(КР 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**235-статья. Айыптоо корутундусу**

(1) Эгерде айыпталуучуну сотко өткөрүп берүү үчүн негиздердин жетиштүүлүгү жөнүндө тыянагы өзгөрбөгөн учурда, ушул Кодекстин 229-231-статьяларында көрсөтүлгөн адамдар иштин материалдары менен таанышкандан кийин тергөөчү айыптоо корутундусун түзөт.

Айыптоо корутундусунда тергөөчү төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

1) айыпталуучунун же айыпталуучулардын фамилиясын, аты-жөнүн;

2) алардын ар биринин инсандыгы жөнүндө маалыматтарды;

3) айыптоонун маңызын, кылмыш жасалган жерин жана убактысын, анын ыкмаларын, жүйөлөрүн, максатын, кесепеттерин жана ал жазык иши үчүн мааниси бар дагы башка жагдайларды;

4) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде бул кылмыш үчүн жоопкерчиликти караган пунктун, бөлүгүн, статьясын же статьяларын көрсөтүү менен коюлган айыптоонун чечилишин;

5) кылмыштын бар экендигин жана айыпталуучунун күнөөсүн тастыктаган далилдерди;

6) айыпталуучунун өзүн жактоого келтирген далилдерди жана ошол далилдерди текшерүүнүн натыйжасын;

7) айыпталуучунун күнөөсүн жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды;

8) жабырлануучу, кылмыш менен ага келтирилген зыяндын мүнөзү жана өлчөмү жөнүндө маалыматтарды;

9) жарандык доогер жана жарандык жоопкер жөнүндө маалыматтарды.

(2) Айыптоо корутундусу жазык ишинин томдоруна жана барактарына шилтемени камтууга тийиш.

(3) Тергөөчү айыптоо корутундусун түзүүнүн ордун жана датасын көрсөтүү менен кол коет.

(4) Айыптоо корутундусуна жашаган жерин жана (же) жүргөн жерин көрсөтүү менен айыптоо жана коргоо тарабынан соттук заседаниеге чакырууга жаткан адамдардын тизмеси тиркелет.

(5) Айыптоо корутундусуна тергөөнүн мөөнөттөрү жөнүндө, камакта жана үй камагында кармоонун убактысын көрсөтүү менен тандап алынган бөгөт коюу чаралары, буюм далилдери, жарандык доо, жарандык доону камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар жана мүлктү конфискациялоонун мүмкүн экендиги, процесстик сарптоолор тууралуу, ал эми айыпталуучунун, жабырлануучунун багуучу адамдары болгондо - алардын укуктарын камсыз кылуу боюнча көрүлгөн

чаралар жөнүндө маалымдама да тиркелет. Маалымдамада жазык ишинин тиешелүү барактары көрсөтүлүүгө тийиш.

(6) Тергөөчү айыптоо корутундусуна кол койгондон кийин жазык иши тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин макулдугу менен токтоосуз прокурорго жиберилет. Ушул Кодексте каралган учурларда, тергөөчү айыптоо корутундусунун котормосун камсыз кылат.

*(КР 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**236-статья. Кылмыш ишин прокурорго жөнөтүү**

(1) Тергөө аяктагандан кийин тергөөчү тарабынан кылмыш иши айыптоо корутундусу менен бирге бул иш боюнча көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу прокурорго жөнөтүлөт.

(2) Кылмыш ишине айыпталуучунун ким экенин ырастоочу документтер тиркелиши керек.

Айыпталуучуда - Кыргыз Республикасынын жаранында ким экенин ырастоочу документи жок болгон учурда, ал ыйгарым укуктуу орган тарабынан иши боюнча териштирүү бүткөнгө чейин кылмыш-жаза процессин жүргүзүүчү органдын кайрылуусу боюнча документтештирилиши керек.

Айыпталуучуда - чет өлкөнүн жаранында ким экенин билдирүүчү документи жок болсо, кылмыш ишине өзгөчө учурларда башка документ тиркелиши мүмкүн.

Эскертүү. Ушул беренеде инсандыгын ырастоочу документтер болуп төмөнкүлөр таанылат:

1) жарандын паспорту;

2) инсандыгын ырастоочу күбөлүк;

3) чет өлкөлүк жарандын туруктуу же убактылуу жашап турууга укугу;

4) жарандыгы жок адамдын күбөлүгү;

5) айдоочунун күбөлүгү;

6) аскердик билет;

7) туулгандыгы тууралуу күбөлүк;

8) жарандын туулгандыгы жөнүндө актылык жазуу;

9) ыйгарым укуктуу органдын башка документи.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 30-Глава
## Айыптоо корутундусу менен келип түшкөн иш боюнча прокурордун аракеттери жана чечимдери

*(Главанын аталышы КР 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**237-статья. Айыптоо корутундусу менен келип түшкөн иш боюнча прокурор тарабынан чечилүүчү маселелер**

*(Статьянын аталышы КР 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

Прокурор келип түшкөн жазык ишин беш суткадан ашпаган мөөнөттө изилдеп чыгууга жана төмөндөгүлөрдү:

1) айыпкерге тагылган жосун болгон-болбогондугун жана бул жосунда кылмыш курамы камтылган-камтылбагандыгын;

2) иште аны токтотууга алып келүүчү жагдайлардын бар-жогун;

3) коюлган айыптоонун негиздүүлүгүн, ал иште болгон далилдер менен ырасталган-ырасталбагандыгын;

4) иш боюнча аныкталган жана далилденген бардык кылмыштуу жосундар боюнча айыпкерге айыптоо коюлган-коюлбагандыгын;

5) иш боюнча алардын кылмыш жасагандыктары жөнүндө далилдер табылган бардык адамдар айыпкерлер катары жоопко тартылган-тартылбагандыгын;

6) айыпкердин жосуну туура же туура эмес квалификациялангандыгын;

7) бөгөт коюу чарасы туура же туура эмес тандалып алынгандыгын жана иште аны өзгөртүү же аны бузуу үчүн негиздердин бар же жогун;

8) жарандык доону жана мүлктү конфискациялоонун мүмкүнчүлүгүн камсыздоого чаралар көрүлгөн-көрүлбөгөндүгүн;

9) тергөө жүргүзүүдө Жазык-процесстик мыйзамын олуттуу бузууга жол берилгендигин же берилбегендигин текшерүүгө милдеттүү.

*(КР 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**238-статья. Айыптоо корутундусу менен келип түшкөн иш боюнча прокурордун чечими**

Прокурор же анын орун басары айыптоо корутундусу менен тергөөчүдөн келип түшкөн ишти карап чыгып, төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алууга укуктуу:

1) айыптоо корутундусун бекитүүгө;

2) эгерде айыптоонун жол-жобосу өзгөртүлбөсө, жеңилирээк кылмыш жөнүндөгү мыйзамды колдонуп, өзүнүн токтому менен айыптоонун айрым пункттарын жокко чыгарууга же айыпкердин аракеттерин кайра квалификациялоого;

3) ишти токтотуу же кошумча тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өзүнүн жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү менен ишти тергөөчүгө кайтарып берүүгө;

4) ишти кыскартууга укуктуу болот.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**239-статья. Ишти сотко жөнөтүү**

(1) Айыптоо корутундусу бекитилгенден кийин прокурор айыпкерге жана анын жактоочусуна айыптоо корутундусунун көчүрмөсүн тапшырууну камсыз кылат. Эгерде ал бул жөнүндө өтүнсө, көчүрмө жабырлануучуга тапшырылат. Айыптоо корутундусунун көчүрмөсүн алгандыгы жөнүндө айыпкердин жана жабырлануучунун тилкаттары ишке тиркелет.

(2) Прокурор ишти сотко жөнөтөт, ошол эле убакта бул тууралу айыпкерге, жактоочуга, жабырлануучуга жана анын өкүлүнө, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге жана алардын өкүлдөрүнө маалымдайт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## VIII БӨЛҮМ
## БИРИНЧИ ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТ ИШИН ЖҮРГҮЗҮҮ

### 31-Глава
### Сотко караштуулук

**240-статья. Жазык иштеринин сотко караштуулугу**

(1) Райондук (шаардык) сотторго ушул статьянын экинчи, бешинчи бөлүктөрүндө каралган иштерден тышкары бардык кылмыштар жөнүндөгү жазык иштери караштуу.

(2) Гарнизондордун аскер сотторуна аскер кызматчылары, ошондой эле аскерге милдеттүүлөрдүн жыйынына чакырылгандар жасаган бардык кылмыштар жөнүндөгү жазык иштери караштуу.

(3) Бир адамды же адамдардын тобун бир нече кылмыш жасады деп айыптоодо, эгерде иштеги кылмыштардын бири эле аскердик сотуна, ал эми башкалары райондук (шаардык) сотторго караштуу болсо, бардык кылмыштар жөнүндөгү иш аскердик сот тарабынан каралат.

(4) Адамдардын тобун бир же бир нече кылмыш жасады деп айыптоодо, эгерде ал адамдардын биринин эле иши аскердик сотко, ал эми калгандарыныкы райондук (шаардык) сотко караштуу болсо, аскер кызматчысына тиешелүү ишти өзүнчө бөлүү мүмкүн болбогондо, бардык айыпталуучуга карата иш аскердик сот тарабынан каралат.

(5) Райондор аралык соттор иш сот арачыларынын катышуусу менен карала турган учурларда биринчи инстанциядагы сот катары Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 97-статьясынын экинчи бөлүгүндө, 129-статьясынын төртүнчү бөлүгүндө 294, 319, 340 жана 373-статьяларында каралган кылмыштар жөнүндө иштерди карайт.

(6) Бир же бир нече кылмыштарды жасаган топтогу адамдарды айыптаганда, эгерде бул адамдардын бирөөнүн гана иши райондор аралык сотко, ал эми калгандарына карата - райондук (шаардык) сотко же аскердик сотко тиешелүү болсо, бардык айыпталуучуларга карата иш райондор аралык сот тарабынан каралат.

(7) Бир нече кылмыштарды жасаган бир адамды же топ адамдарды айыптаганда, эгерде кылмыштардын бирөө жөнүндө гана иш райондор аралык сотко, ал эми башкалары жөнүндө - бөлөк сотко тиешелүү болсо, бардык кылмыштар жөнүндө иш райондук сот тарабынан каралат.

(8) Айыпталуучу (соттолуучу) ишти сот арачыларынын катышуусу менен кароодон баш тартканда, эгерде ушул статьянын алтынчы жана жетинчи бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн жагдайлар жок болсо, жазык иши райондук (шаардык) соттун же горнизондун аскердик сотунун кароосуна берилет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**241-статья. Жазык иштеринин аймактык сотко караштуулугу**

(1) Жазык иши кылмыш жасалган жердеги сотто каралууга тийиш.

(2) Эгерде кылмыш бир сот иштеген жерде башталып, экинчи бир сот иштеген жерде аякталса, иш тергөө аякталган жердеги сотко караштуу.

(3) Эгерде кылмыш жасалган жерди аныктоого мүмкүн болбосо же эгерде кылмыш ар кайсы жерлерде жасалса, иш тергөө аяктаган жердеги сотто каралат.

**242-статья. Жазык ишин сотко караштуулугу боюнча өткөрүп берүү**

(1) Судья сот заседаниесин дайындоо тууралу маселени чечүүдө келип түшкөн иш ошол сотко караштуу эместигин аныктап, аны өзүнүн токтому менен сотко караштуулугу боюнча жөнөтөт.

(2) Ишти соттук заседаниеге дайындаганга чейин сот арачылардын катышуусу менен каралууга жаткан кылмыш жасалгандыгы үчүн айыпталып жаткан соттолуучудан сотко ишти сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндө өтүнүч түшкөн учурда, судья жазык ишин тиешелүүлүгү боюнча тиешелүү сотко жөнөтөт.

(3) Ушул Кодекстин 70, 71-статьяларында көрсөтүлгөн жагдайлар болгон учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасы же анын орунбасары өзүнүн токтому менен ишти кароо үчүн бир соттон экинчисине өткөрүп берет. Ушундай эле негиздер боюнча облосттык соттун, Бишкек шаардык сотунун төрагасы ишти бир райондук (шаардык) соттон экинчисине, Кыргыз Республикасынын Аскердик сотунун төрагасы ишти гарнизондун бир аскердик сотунан экинчисиие өткөрүп берүүгө укуктуу, бул туурасында токтом чыгарылат.

(4) Жогору турган сот төмөн турган соттун чечимин бузуу менен ушул Кодекстин 70, 71-статьяларында көрсөтүлгөн жагдайлар болгон учурда, ишти жаңыдан кароого башка сотко жиберүүгө укуктуу.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**243-статья. Сотко караштуулугу тууралу талаш-тартышка жол бербөө**

Сотко караштуулук жөнүндө соттор ортосунда талаш-тартышка жол берилбейт. Ушул Кодекстин 241, 242-статьяларында каралган тартипте бир соттон экинчи сотко жөнөтүлгөн ар кандай иш, ал жөнөтүлгөн сот тарабынан сөзсүз каралууга тийиш.

## 32-Глава
## Сот заседаниесине даярдык көрүү аракеттери

**244-статья. Сотко келип түшкөн иш боюнча судьянын ыйгарым укуктары**

(1) Соттук териштирүү башталганга чейин судья келип түшкөн иш боюнча төмөндөгүдөй чечимдердин бирин кабыл алат:

1) сотко караштуулугун аныктайт;

2) сот ишин жүргүзүүнү кабыл алуу менен:

- ал сот арачыларынын катышуусу менен каралган учурда алдын ала угууларды дайындайт;

- аны токтото турат;

- аны мыйзамдарда каралган негиздер боюнча кыскартат;

- ишти соттук териштирүүгө дайындайт.

(2) Судья иш боюнча чечимди токтом түрүндө кабыл алат, анда:

1) токтом чыгарылган убакыт жана жер;

2) токтом чыгарган соттун аты-жөнү;

3) кабыл алынган чечимдердин негиздери жана маңызы көрсөтүлүүгө тийиш.

(3) Чечим иш сотко келип түшкөн учурдан тартып, он төрт суткадан кечиктирилбей кабыл алынууга тийиш.

*(КР 2004-жылдын 24-мартындагы N 47, 2008-жылдын 18-июлундагы N 144, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**245-статья. Сотко келип түшкөн иш боюнча айкындалуучу маселелер**

(1) Сот заседаниесин дайындоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени чечүүдө судья ушул Кодекстин 244-статьясында көрсөтүлгөн жагдайлардан башка айыпкерлердин ар бирине карата төмөндөгүлөрдү:

- тергөө жүргүзүүдө сот заседаниесин дайындоого тоскоолдук кылуучу, Жазык-процесстик мыйзамын бузууларга жол берилген-берилбегендигин;

- айыпталуучу катарында тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсү өз убагында тапшырылган-тапшырылбагандыгын;

- айыпкерге карата тандалып алынган бөгөт коюу чарасы өзгөртүлүүгө же бузулууга тийиш же тийиш эместигин;

- кылмыштын аркасында келтирилген зыяндын ордун толтурууну жана мүлктү конфискациялоонун мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн чаралар көрүлгөн же көрүлбөгөндүгүн;

- арыздар жана өтүнүчтөр канааттандырылууга тийиш же тийиш эместигин айкындоого тийиш.

(2) Арыздарды жана өтүнүчтөрдү чечүүдө судья өтүнүч билдирген адамды же уюмдун өкүлүн түшүндүрмө берүү үчүн чакыртууга укуктуу. Эгерде алар иш үчүн маанилүү болсо, кошумча күбөлөрдү чакыруу жөнүндө, ошондой эле, башка далилдерди тиркөө жөнүндө өтүнүчтөр канааттандырылууга тийиш.

*(КР 2009-жылдын 26-октябрындагы N 288 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**246-статья. Ишти токтото туруу**

(1) Судья төмөндөгүдөй учурларда:

1) айыпкер жашырынып калса жана анын турган жери белгисиз болсо;

2) айыпкер сотко катыша албагандай абалда ооруп калып, аны мамлекеттик медициналык мекеменин дарыгери күбөлөндүргөндө;

3) Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан, ошол жазык ишинде колдонулган же колдонууга тийиш болгон жазык мыйзамы менен жарандардын укуктары жана эркиндиктери бузулгандыгына карата арыз кароого алынганда;

4) ошол жазык ишинде колдонулган же колдонулууга тийиш болгон мыйзамдын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө сот Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна сурама жөнөткөндө;

5) экспертизаны дайындоодо иш боюнча өндүрүштү токтото турат.

(2) Иш боюнча сот ишин жүргүзүүнү токтото туруу жөнүндө судья токтом чыгарат.

(3) Ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн биринчи пунктунда каралган негиз боюнча сот ишин жүргүзүү токтотула турганда, ушул Кодекстин 259-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөндөн башка учурларда, иш прокурорго кайтарылып берилет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**247-статья. Сот заседаниесин, сот арачыларынын катышуусу менен иш боюнча алдын ала угууну дайындоо**

*(Статьянын аталышы КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

(1) Судья, тергөө жүргүзүүдө жарандын укуктарын камсыздоо боюнча ушул Кодекстин бардык талаптары сакталгандыгы жана ишти сотто кароого тоскоолдук кылуучу башка негиздер жоктугу тууралу тыянакка келип, сот заседаниесин, сот арачыларынын катышуусу менен иш боюнча алдын ала угууну дайындоо тууралу чечим кабыл алат.

(2) Сот заседаниесин, сот арачыларынын катышуусу менен иш боюнча алдын ала угууну дайындоо жөнүндө токтомдо, ушул Кодекстин 244, 245-статьяларында көрсөтүлгөндөрдөн тышкары:

1) соттук териштирүүнүн, алдын ала угуунун орду жана убактысы жөнүндө;

2) сот заседаниесине, алдын ала угууга сот процессинин катышуучуларын чакыруу жөнүндө;

3) ушул Кодекстин 22-статьясында жана 254-статьясынын биринчи, экинчи, үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө каралган учурларда ишти жабык сот заседаниесинде, алдын ала угууда кароо жөнүндө маселелер чечилет.

(3) Ушул статьянын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн маселелер менен катар, токтомдо сот заседаниесин, сот арачылардын катышуусу менен иш боюнча алдын ала угууну дайындоо, иш боюнча айыпталган адамга карата бөгөт коюу чарасы жөнүндө чечимдер, анын инсандыгы жөнүндө маалыматтар жана ага тагылган кылмыштын квалификациясы камтылууга тийиш.

(4) Сот заседаниесинин, сот арачылардын катышуусу менен иш боюнча алдын ала угуунун башталышы жөнүндө тараптарга кеминде он сутка мурда билдирилүүгө тийиш.

*(КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**248-статья. Жарандык доону жана мүлктү конфискациялоону камсыздоо чаралары**

Тергөөчү тарабынан кылмыш келтирген зыяндын ордун толтурууну жана мүлктү конфискациялоонун мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу чаралар көрүлбөгөн учурда, судья тергөө органдарын камсыздоонун зарыл чараларын көрүүгө милдеттендирет.

**249-статья. Ишти кыскартуу**

(1) Ушул Кодекстин 28-статьясында көрсөтүлгөн негиздер боюнча судья ишти кыскартуу жөнүндө токтом чыгарат. Ишти кыскартуу жөнүндө чечим кабыл алып, судья бөгөт коюу чарасын, жарандык доону жана мүлктү конфискациялоону камсыздоо чараларын бузат жана заттык далилдер жөнүндөгү маселени чечет. Ишти кыскартуу жөнүндөгү соттун токтомунун көчүрмөсү прокурорго жөнөтүлөт, ошондой эле жазык жоопкерчилигине тартылган адамга жана жабырлануучуга тапшырылат.

(2) Ишти кыскартуу жөнүндө маселе судья (сот) тарабынан соттук заседаниеде прокурордун, жабырлануучунун, айыпталуучунун, жактоочунун, мыйзамдуу өкүлдүн, жарандык доочунун, жарандык жоопкердин катышуусу менен чечилет. Ишке катышуучу адамдардын кимдир бирөөсүнүн келбей калышы сот заседаниесин өткөрүүгө тоскоолдук кылбайт. Ушул Кодекстин 28-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 10 жана 11-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти

кыскартууга айыпталуучунун макулдугу боюнча гана жол берилет. Айыпталуучунун күнөөсүнүн далилденгендиги жөнүндө маселе соттук заседаниеде талкууланбайт, далилдер иликтенбейт.

(3) Төрагалык кылуучу процесстин келген катышуучуларына сот заседаниесин өткөрүүнүн максаты жөнүндө маалымдайт. Судья (сот) заседаниенин ар бир катышуучусунун сөзүн угат жана өзүнчө бөлмөгө чыгып кетет. Судья (сот) ушул Кодекстин 268-статьясынын талаптарына ылайык токтом (аныктама) чыгарат. Соттук заседаниеде соттук заседаниенин катчысы протокол жүргүзөт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 18-июлундагы N 144 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**250-статья. Тараптарга иштин материалдары менен таанышуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо**

Сот заседаниесин дайындагандан кийин, судья тараптарга иштин бардык материалдары менен таанышууга, алардын көчүрмөсүн алууга же керектүү маалыматтарды жазып алууга мүмкүнчүлүк берет.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**251-статья. Сот жыйынына чакыруу**

Судья сот процессинин катышуучулары болгон адамдарды сот жыйынына чакыруу жөнүндө тескеме берет, ошондой эле сот жыйынын даярдоо үчүн башка чараларды көрөт.

Ушул адамдар жүйөлүү себептерсиз келбей койгон учурда, алып келүү судьялардын жүйөлөштүрүлгөн токтому же соттун аныктамасы боюнча жазык ишин тергеген орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(КР 2007-жылдын 13-июнундагы N 87, 2014-жылдын 14-июлундагы N 133 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**252-статья. Соттук териштирүүнүн мөөнөтү**

(1) Судья (сот) жазык ишин кароону соттук териштирүүгө ишти дайындоо жөнүндө токтом чыгарылган күндөн баштап 14 суткадан кечиктирбестен, ал эми сот арачыларынын катышуусу менен каралган жазык иштери боюнча, - 30 суткадан кечиктирбестен баштоого тийиш.

(2) Анча оор эмес же жеңил кылмыш жөнүндө жазык иши судья (сот) тарабынан маңызы боюнча бир айлык мөөнөттө, ал эми оор же өзгөчө оор кылмыштар жөнүндө иш ал келип түшкөн күндөн тартып эки айлык мөөнөттө, ал эми сот арачыларынын катышуусу менен каралган жазык иштери боюнча, - үч айлык мөөнөттөн кечиктирбестен чечилүүгө тийиш.

(3) Ушул Кодекстин 250-статьясына ылайык иштин бардык материалдары менен таанышууга тараптарга берилген убакыт, ошондой эле соттук териштирүү ушул Кодекстин 265-статьясынын негизинде токтотула турган убакыт соттук териштирүүнүн мөөнөтүнө кирбейт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 33-Глава
## Соттук териштирүүнүн жалпы шарттары

**253-статья. Соттук териштирүүнүн түздөн-түз жана оозеки болушу**

(1) Иштi соттук териштирүүдө бардык далилдер түздөн-түз изилденүүгө тийиш. Сот соттолуучунун, жабырлануучунун, күбөлөрдүн түшүндүрмөлөрүн, эксперттин корутундуларын угат, заттык далилдерди карап чыгат, протоколдорду жана башка документтерди жарыялайт, далилдерди изилдөө боюнча башка сот аракеттерин жүргүзөт.

(2) Соттун өкүмү сот заседаниесинде изилденген далилдерге гана негизделүүгө тийиш.

**254-статья. Соттук териштирүүнүн маалымдуулугун камсыздоо**

(1) Сот мыйзам тарабынан корголгон мамлекеттик, аскердик, коммерциялык же башка жашыруун сырларды таратууга алып келиши мүмкүн болгондон башка учурларда, иштерди соттук ачык териштирүүнү камсыздоого тийиш.

(2) Мындан тышкары соттук жабык териштирүүгө, жыныстык жана башка кылмыштар жөнүндөгү иштер боюнча ишке катышкан адамдардын турмушунун ички купуя жактары жөнүндөгү маалыматтардын же алардын кадыр-баркын кордоочу маалыматтардын ачыкка чыгарылышын болтурбай коюу максатында, ошондой эле, процесстин катышуучуларынын жана күбөлөрдүн, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн же жакын тууғандарынын коопсуздугун камсыздоонун кызыкчылыктары талап кылган учурларда соттун жүйөлөштүрүлгөн аныктамасы (судьянын токтому) боюнча жол берилет.

(3) Ишти соттук жабык заседаниеде териштирүү сот ишин жүргүзүүнүн бардык эрежелерин сактоо менен жүзөгө ашырылат. Ишти жабык заседаниеде териштирүү жөнүндөгү соттун аныктамасы (судьянын токтому) бүткүл териштирүүгө же анын айрым бөлүктөрүнө карата чыгарылышы мүмкүн.

(4) Кат алышуунун жана телеграфтык кабарлашуулардын жашырындуулугун сактоо максатында жарандардын жекече кат алышуулары жана жекече телеграфтык кабарлашуулары ачык соттук заседаниеде, мындай кат алышууларды жана телеграфтык кабарлашууларды жүргүзгөн адамдардын макулдугу боюнча гана жарыяланышы мүмкүн. Башка учурда мындай кат алышуулар жана телеграфтык кабарлашуулар соттук жабык заседаниеде жарыяланат жана изилденет. Көрсөтүлгөн эрежелер жекече мүнөздөгү үн жана көргөзмө жазууларды изилдөөдө да колдонулат.

(5) Ачык соттук заседаниеге катышуучулар жазуу жүзүндө жана магнитофонго жазып алууларды жүргүзүүгө укуктуу. Фото сүрөткө, киного тартууга жана көргөзмө жазып алууга иш боюнча төрагалык кылуучунун уруксаты жана тараптардын макулдугу менен жол берилет.

(6) Соттун өкүмү ачык жарыяланат.

**255-статья. Сот заседаниесиндеги төрагалык кылуучу**

Төрагалык кылуучу сот заседаниесине жетекчилик кылат, объективдүүлүктү жана келишпестикти сактоо менен тараптардын теңдигин камсыздоо үчүн ушул Кодексте каралган бардык чараларды көрөт, иштин жагдайларын ар тараптуу жана толук изилдөө үчүн зарыл шарттарды түзөт, далилдерде келип чыккан карама-каршылыктарды айкындап-тактоого укуктуу. Төрагалык кылуучу, ошондой эле сот заседаниесинин күн тартибинин сакталышын камсыздайт, соттук териштирүүнүн катышуучуларынын бардыгына алардын укуктарын жана милдеттерин жана аларды жүзөгө ашыруунун тартибин түшүндүрүп берет. Соттук териштирүүгө катышкан адамдардын кимдир-бирөөсү төрагалык кылуучунун аракеттерине каршылык билдирген учурда, мындай каршылыктар сот заседаниесинин протоколуна жазылат.

**256-статья. Соттук териштирүүдөгү тараптардын укуктарынын теңдиги**

Айыптоочу, соттолуучу, жактоочу, ошондой эле жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү баш тартуу жана өтүнүчтөр билдирүүдө, далилдер келтирүүдө, аларды изилдөөгө катышууда, соттогу жарыш сөздөргө чыгууда, ошондой эле, соттук териштирүүдө келип чыккан бардык маселелерди кароого катышууда тең укуктардан пайдаланышат.

**257-статья. Сот заседаниесинин катчысы**

(1) Сот заседаниесинин катчысы сот заседаниесине катышууга тийиш болгон адамдардын сотко келүүсүн текшерет, төрагалык кылуучунун тапшырмасы боюнча ушул Кодексте каралган башка аракеттерди жүзөгө ашырат.

(2) Сот заседаниесинин катчысы сот заседаниесинин протоколун жүргүзөт. Протоколдо соттун аракеттерин жана чечимдерин, ошого тете процесске катышуучулардын заседаниенин жүрүшүндөгү жасаган аракеттерин толук жана туура чагылдырууга милдеттүү.

(3) Протоколдун мазмуну боюнча төрагалык кылуучу менен пикир келишпестик келип чыккан учурда, катчы протоколго өзүнүн пикирлерин тиркөөгө укуктуу, алар ушул Кодекстин 273-статьясында каралган тартипте каралат.

**258-статья. Айыптоочунун соттук териштирүүгө катышуусу**

(1) Прокурор сот алдында жеке айыптоо каралган иштерден башка, бардык жазык иштери боюнча мамлекеттик айыптоону колдойт, соттолуучунун күнөөлүүлүгү жөнүндө далилдерди келтирет, аларды изилдөөгө катышат, жазык мыйзамын колдонуу боюнча өзүнүн тыянактарын сотко сунуштайт.

(2) Эгерде муну мамлекеттин же коомдун кызыкчылыктарын же жарандардын укуктарын коргоо талап кылынса, прокурор жарандык доо коет же жабырлануучу койгон жарандык доону колдойт.

(3) Прокурор айыптоону жеңилирээк айыптоого өзгөртө алат же айыптоодон толук же жарым-жартылай баш тарта алат.

(4) Сотто коюлгандан кыйла оор айыптоо аныкталганда, тергөөнүн мүчүлүштүктөрүн жоюу жана процесстин катышуучуларынын укуктарын камсыздоо үчүн сот прокурордун өтүнүчү боюнча ага убакыт берет, ошондон кийин ишти териштирүү улантылат.

(5) Эгерде соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жазык жоопкерчилигине тартылбаган адамдардын кылмыш жасагандыгын көрсөтүүчү жагдайлар аныкталса, прокурор бул адамдарга карата жазык ишин козгоо боюнча чаралар көрөт. Ишти бөлөк кароого мүмкүн болбогондо, ал бир ишке бириктирилүүгө тийиш.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**259-статья. Соттолуучунун соттук териштирүүгө катышуусу**

(1) Биринчи инстанциядагы сотто ишти териштирүү сотко келүүсү милдеттүү болгон соттолуучунун катышуусу менен өтөт.

(2) Соттолуучунун катышуусуз соттук териштирүүгө төмөнкүдөй учурларда жол берилет, эгерде:

1) соттолуучу Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары болгондо жана сотко келүүдөн баш тартканда;

2) соттолуучу экинчи жолу чакырылганда соттук заседаниеге келбей койгондо жана келбеген себеби жөнүндө сотко билдирүү бербегенде.

(3) Соттолуучу келбей калганда иш кийинкиге калтырылууга тийиш. Мындай учурда судья же сот жазык ишин тергеген органга соттолуучунун келүүсүн камсыздоону милдеттендирет.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2014-жылдын 14-июлундагы N 133 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**260-статья. Соттук териштирүүгө жактоочунун катышуусу**

(1) Жактоочу далилдөөлөрдү келтирет жана далилдөөлөрдү изилдөөгө катышат, айыптоонун маңызы жана анын далилдүүлүгү боюнча, айыпкердин, соттолуучунун жоопкерчилигин жеңилдетүүчү же аны жактоочу жагдайлар жөнүндө, жазалоо чарасы жөнүндө, ошондой эле соттук териштирүүдө пайда болгон башка маселелер боюнча өз пикирин сотко баяндап берет.

(2) Жактоочу келбегенде жана аны алмаштырууга мүмкүн болбогондо, ишти териштирүү кийинкиге калтырылат. Жактоочуну алмаштыруу ушул Кодекстин 44-статьясынын бешинчи бөлүгүндө жана 45-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

(3) Ишке жаңы киришкен жактоочуга соттук териштирүүгө катышууга даярдануу үчүн зарыл болгон убакыт берилет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**261-статья. Жабырлануучунун соттук териштирүүгө катышуусу**

(1) Биринчи инстанциядагы сотто ишти териштирүү жабырлануучунун, анын өкүлүнүн катышуусу менен өтөт.

(2) Жабырлануучу келбегенде сот ишти караштыруу же аны кийинкиге калтыруу жөнүндөгү маселени, жабырлануучу жокто иштин бардык жагдайларын толук айкындоонун жана анын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун мүмкүн же мүмкүн эместигине жараша чечет. Эгерде сот заседаниесине жабырлануучунун өкүлү келсе, сот бул маселени өкүлдүн ой-пикирин эске алуу менен чечет.

(3) Жабырлануучунун өтүнүчү боюнча сот аны сот заседаниесине катышуудан, түшүндүрмөлөр берүү үчүн белгилүү бир убакытка келүүгө милдеттендирүү менен бошотушу мүмкүн.

(4) Жекече күнөө коюу иштери боюнча жабырлануучунун биринчи инстанциядагы соттун заседаниесине жүйөлүү себептерсиз келбей коюушу ишти кыскартууга алып келет.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**262-статья. Жарандык доогердин же жарандык жоопкердин соттук териштирүүгө катышуусу**

(1) Соттук териштирүүгө жарандык доогер, жарандык жоопкер, алардын өкүлдөрү катышат.

(2) Сот жарандык доону жарандык доогердин же анын өкүлүнүн келген-келбегендигине карабастан карайт.

(3) Ишти териштирүүнү кийинкиге калтырбастан жарандык доо боюнча толук эсептөө мүмкүн болбогон өзгөчө учурларда, сот доогердин доону канааттандыруу укугун таанышы жана анын өлчөмдөрү жөнүндө маселени жарандык сот өндүрүшү тартибинде кароого бериши мүмкүн.

(4) Жарандык жоопкердин же анын өкүлүнүн келбей коюушу жарандык доону кароого тоскоолдук кылбайт.

**263-статья. Эксперттин, адистин соттук териштирүүгө катышуусу**

Эксперт, адис соттук териштирүүгө ушул Кодекстин 62, 63, 64 жана 65-статьяларында каралган тартипте катышат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**264-статья. Соттук териштирүүнүн чектери**

(1) Ишти сотто териштирүү соттолуучуга карата гана жана иш боюнча ага коюлган айыптоо боюнча гана жүргүзүлөт.

(2) Сотто айыптоону өзгөртүүгө, эгерде мында айыптоо жана коргоо боюнча тараптардын далилдүү талаш-тартышынын жана тең укуктуулугунун принциптери бузулбаса жол берилет.

(3) Соттук заседаниеде айыптоо кыйла оор же коюлган айыптоодон олуттуу айырмаланган айыптоого өзгөрткөн учурда, кылмыштын башка катышуучуларын жоопко тартуу, ошондой эле тергөөнүн башка мүчүлүштүктөрүн жоюу зарылчылыгы болгон учурда прокурор ишти тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн өткөрүп берүү жөнүндө өтүнүч кылууга милдеттүү, ал эми жабырлануучулар жана процесстин башка катышуучулары ал тууразында расмий өтүнүч билдирүүгө укуктуу. Судья расмий өтүнүчтү карап көрүп, өзүнүн токтому менен ишти прокурорго кайра кайтарууга, болбосо өтүнүчтү четке кагууга жана соттук териштирүүнү улантууга укуктуу. Сот тергөөнүн мүчүлүштүктөрүн сотто жоюу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда ишти прокурорго өткөрүп берүүгө укуктуу. Зарыл тергөө аракеттери жасалгандан кыйын тергөөчү жана прокурор ушул Кодекстин 229-239-статьяларында каралган процесстик аракеттерди аткарат жана соттук териштирүү жалпы тартипте улантылат.

*(КР 2001-жылдын 28-июнундагы N 62, 2004-жылдын 24-майындагы N 68, 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**265-статья. Соттук териштирүүнү кийинкиге калтыруу жана жазык ишин токтото туруу**

(1) Соттук териштирүүгө чакырылган адамдардын кимдир-бирөөсү келбегендигинен улам же тараптардын өтүнүчү боюнча жаңы далилдерди талап кылуунун зарылдыгына байланыштуу ишти териштирүү мүмкүн болбогондо, сот өзүнүн аныктамасы (судья өзүнүн токтому) менен териштирүүнү кийинкиге калтырат. Ошол эле убакта сот (судья) тараптарды талап кылынган далилдерди берүүгө, ал эми жазык ишин тергеген органды келбей койгон адамдардын келишин камсыз кылууга карата чараларды көрүүгө милдеттендирет..

(2) Соттолуучу ооруп калып, анын сот заседаниесине келүүсү мүмкүн болбогон учурда, сот бул соттолуучуга карата ишти жүргүзүүнү ал айыкканга чейин токтото турат жана калган соттолуучулар боюнча ишти териштирүүнү уланта берет. Эгерде өз-өзүнчө териштирүү мүмүкүн болбосо, иш жалпысынан токтотулууга тийиш.

(3) Иш боюнча бир нече соттолуучу тартылганда жана алардын бири жашырынган учурда, сот бул соттолуучуга карата материалдарды өзүнчө өндүрүшкө бөлөт жана калган соттолуучуларга карата териштирүүнү уланта берет. Эгерде өз-өзүнчө териштирүү ишти туура чечүүнү оорлотсо, ал прокурорго кайтарылып берилет.

(4) Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна колдонула турган мыйзамдын конституциялуулугу жөнүндө маселе боюнча суроо-талап менен кайрылууда, сот Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту чечим кабыл алганга чейин ал боюнча иш жүргүзүүнү токтото турат.

(5) Экспертизаларды дайындоодо сот экспертизанын корутундусу сотко түшкөнгө чейин иш боюнча өндүрүштү токтото турат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2014-жылдын 14-июлундагы N 133 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**266-статья. Ишти сот заседаниесинде кыскартуу**

(1) Эгерде соттук териштирүү убагында ушул Кодекстин 28-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 3-14-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлар аныкталса, иш сот заседаниесинде кыскартылууга тийиш.

(2) Сот ишти ушул Кодекстин 29-статьясында көрсөтүлгөн негиздер боюнча сот заседаниесинде кыскартууга укуктуу.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 18-июлундагы N 144 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**267-статья. Бөгөт коюу чарасы жөнүндө маселени чечүү. Камакта, үй камагында кармоонун мөөнөтү жана аларды узартуу тартиби**

(1) Ишти жүргүзүүгө кабыл алган учурдан тартып өкүмдү (аныктаманы, токтомду) аткарууга чейин судья (сот) айыпталуучуга (соттолуучуга, акталганга) карата бөгөт коюу чарасын тандоого, өзгөртүүгө же бузууга укуктуу.

(2) Айыпталуучуну (соттолуучуну) камакка, үй камагына алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы соттук териштирүү мөөнөтүндө колдонулушу мүмкүн. Бул мөөнөт, эгерде тергөөчү, прокурор тандаган камакка, үй камагына алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы судья тарабынан өзгөрүүсүз калтырылган болсо, иш сотко келип түшкөн күндөн баштап эсептелет.

(3) Өзгөчө учурларда соттук териштирүүнү аяктоо мүмкүн болбогондо жана бөгөт коюу чарасын өзгөртүү же бузуу үчүн негиздер жок болгон учурда судьянын жүйөлүү токтому менен соттолуучуну камакта, үй камагында кармоо мөөнөтү иш каралып бүткөнчө узартылышы мүмкүн.

(4) Бир эле иш боюнча, ошондой эле ошол ишке бириктирилген же андан бөлүнгөн жазык иши боюнча соттолуучуну кайталап камакка, үй камагына алуу учурунда камакта, үй камагында болгон мөөнөт ал мурда камакта, үй камагында болгон убакытты эске алуу менен эсептелет.

(5) Соттолуучуну камакта, үй камагында кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө мөөнөт аяктаганга чейин жети суткадан кечиктирбестен сот аныктама, ал эми судья - токтом чыгарат. Кабыл алынган чечим жүйөлүү болууга тийиш.

*(КР 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**268-статья. Соттук заседаниеде токтом жана аныктама чыгаруунун тартиби**

(1) Соттук териштирүүнүн учурунда сот чече турган бардык маселелер боюнча судья токтом чыгарат, сот аныктама чыгарат, алар соттук заседаниеде жарыя кылынат.

(2) Ишти прокурорго кайра кайтаруу, ишин кыскартуу, бөгөт коюу чарасын тандоо, өзгөртүү же бузуу жөнүндө, четке кагуу жөнүндө, экспертиза дайындоо жөнүндө токтом (аныктама) өзүнчө бөлмөдө чыгарылат жана өзүнчө документ катары баяндалат.

(3) Судьянын бардык башка токтомдору, соттун аныктамалары, болбосо ушул статьянын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн тартипте, болбосо ошол жерде - соттук заседание залында токтомду (аныктаманы) соттук заседаниенин протоколуна киргизүү менен чыгарылат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**269-статья. Сот заседаниесинин иш тартиби**

(1) Соттук териштирүү соттун кадимкидей иштөөсүн жана процесстин катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылган шарттарда өтөт.

(2) Судья киргенде сот заседаниесинин залындагы болгондордун баары орундарынан турушат.

(3) Соттук териштирүүнүн бардык катышуучулары төрагалык кылуучуга кайрылганда, көрсөтүүлөрдү бергенде жана билдирүүлөрдү жасаганда ордунан турат. Мындай эрежелерден четтөөгө төрагалык кылуучунун уруксаты менен жол берилиши мүмкүн.

(4) Соттук териштирүүнүн бардык катышуучулары, ошого тете сот заседаниесинин залында болгондордун бардыгы төрагалык кылуучунун сот заседаниесинде тартипти сактоо жөнүндөгү буйруктарына баш ийүүгө тийиш. Алкоголдук мас абалындагы же баңги же уулуу каражаттарды пайдалануудан келип чыккан абалда болгон адамдар сот залына киргизилбейт.

**270-статья. Сот сакчысы**

Сот сакчысы сот заседаниесинде тартипти камсыз кылат, төрагалык кылуучунун буйруктарын аткарат жана мыйзам тарабынан ага жүктөлгөн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. Сот сакчысынын талаптары сот заседаниесинде болгон адамдар үчүн милдеттүү болот.

**271-статья. Сот заседаниесинде тартип бузгандыгы үчүн таасир кылуу чаралары**

(1) Процесстин катышуучусу сот заседаниесинде тартип бузганда ал төрагалык кылуучунун буйругу тартипти кайталап бузса, сот заседаниесинин залынан чыгарыла тургандыгы же эң аз эмгек акынын беш өлчөмүнө чейин акчалай айып төлөөгө кириптер кылына тургандыгы жөнүндө эскертилет. Залдан чыгаруу айыптоочу менен жактоочудан тышкаркы процесстин катышуучусунун кимисине болбосун колдонулушу мүмкүн, акчалай айып салуу айыптоочуга, жактоочуга жана соттолуучуга салынышы мүмкүн эмес.

(2) Эгерде сот заседаниесинин залынан айыпкер чыгарылса, өкүм анын катышуусу менен жарыяланууга же жарыялангандан кийин дароо ага билдирилүүгө тийиш.

(3) Процесстин катышуучусун сот заседаниесинин залынан чыгаруу жана акчалай айып салуу жөнүндө сот токтом чыгарат.

(4) Сот заседаниесинин залында болушкан, бирок процесстин катышуучулары эмес адамдар тартип бузган учурда, алар төрагалык кылуучунун буйругу боюнча сот заседаниесинин залынан чыгарылат. Андан тышкары сот тарабынан аларга эң аз эмгек акынын экиге чейинки өлчөмүндө акчалай айып салынышы мүмкүн.

(5) Соттук териштирүүнүн катышуучусу же сот заседаниесинин залында болгон адам тарабынан сотту ачыктан-ачык урматтабоого байланышкан административдик укук бузуу жасалгандыгын таануу менен, сот укук бузуучуну суракка алып жана анын далилдерин текшерип, ошол эле сот заседаниесинде ага карата Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинде каралган административдик жазалардын бирин колдонуу жөнүндө аныктама (токтом) чыгарууга укуктуу.

**272-статья. Сот заседаниесинин протоколу**

(1) Биринчи инстанциядагы сотто протокол жазылат.

(2) Протокол кол менен жазылышы же машинкада басылышы, болбосо компьютердик ыкма менен даярдалышы мүмкүн. Протоколдун толуктугун камсыз кылуу үчүн үн жазып алуу колдонулушу мүмкүн.

(3) Сот заседаниесинин протоколунда: заседаниенин орду жана күнү, анын башталышынын жана аякташынын убактысы; соттун аталышы, төрагалык кылуучу - судьянын, катчынын, тилмечтин, айыптоочунун, жактоочунун, соттолуучунун, ошондой эле жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү, сот тарабынан чакырылган башка адамдар; каралып жаткан иш; соттолуучунун инсандыгы жөнүндө маалыматтар жана бөгөт коюу чарасы; соттун аракеттери кандай жүргүзүлсө ошол тартипте; ишке катышкан адамдардын арыздары, каршылыктары жана өтүнүчтөрү; соттун өзүнчө бөлмөгө кетпестен чыгарган судьянын токтомдору; өзүнчө бөлмөдө чыгарылган токтомдорго карата көрсөтүүлөр; ишке катышкан адамдарга алардын

укуктары жана милдеттерин түшүндүрүүлөр; алардын түшүндүрмөлөрүнүн толук мазмуну; аларга берилген суроолор жана алардын жооптору; далилдерди изилдөө боюнча сот заседаниесинин залында жүргүзүлгөн карап чыгуулардын жана башка аракеттердин натыйжалары; ишке катышкан адамдар протоколдо ырастоону сураган фактыларды көрсөтүүлөр; тараптардын соттук жарыш сөздөгү сөздөрүнүн жана соттолуучунун акыркы сөзүнүн негизги мазмуну; өкүмдү жарыялоо жана ага даттануу тартибин жана мөөнөтүн түшүндүрүү жөнүндөгү көрсөтүүлөр милдеттүү түрдө көрсөтүлөт. Мындан тышкары, эгерде алар орун алса, сотту урматтабоону күбөлөгөн фактылар жана укук бузуучунун инсандыгы жана укук бузуучуга карата сот тарабынан колдонулган таасир чаралары да көрсөтүлөт.

(4) Протокол сот заседаниеси аяктагандан кийин беш суткадан кечиктирилбестен төрагалык кылуучу жана катчы тарабынан даярдалууга жана кол коюлууга тийиш.

(5) Төрагалык кылуучу тараптардын сот заседаниесинин протоколу менен таанышуусун камсыздайт.

**273-статья. Сот заседаниесинин протоколуна карата пикирлер жана аларды кароо**

(1) Протоколго кол коюлгандан кийинки үч сутканын ичинде айыптоочу, жактоочу, соттолуучу, жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү протоколго карата өздөрүнүн пикирлерин бере алышат.

(2) Сот заседаниесинин протоколуна карата пикирлер судья (сот) тарабынан каралып чыгат, ал зарыл учурларда пикирлерин билдирген адамдарды чакыртып алууга укуктуу болот.

(3) Пикирлерди караштыруунун натыйжасында судья алардын тууралыгын ырастоо же аларды четке кагуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн токтом, сот-аныктама чыгарат. Протоколго карата пикирлер жана судьянын токтому, соттун аныктамасы сот заседаниесинин протоколуна тиркелет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 34-Глава
## Сот заседаниесинин даярдык бөлүгү

**274-статья. Сот заседаниесинин ачылышы**

Дайындалган убакытта төрагалык кылуучу сот заседаниесин ачат жана кайсы жазык иши териштириле тургандыгын жарыялайт.

**275-статья. Сотко келүүнү текшерүү**

Катчы сотко чакырылган адамдардын келгендиги жөнүндө баяндайт жана жоктордун келбегендигинин себептерин билдирет.

**276-статья. Тилмечке анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

(1) Төрагалык кылуучу тилмечке, ушул Кодекстин 67-статьясынын биринчи, экинчи бөлүктөрүндө каралган укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт.

(2) Төрагалык кылуучу тилмечке атайылап туура эмес которгондук үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө эскертет, бул жөнүндө андан колкат алынып, ал сот заседаниесинин протоколуна тиркелет. Тилмечке өз милдеттерин аткаруудан четтеген учурда, ушул Кодекстин 67-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө белгиленген тартипте ага акчалай айып төлөм салына тургандыгы жөнүндө да эскертилет.

**277-статья. Күбөлөрдү сот заседаниесинин залынан чыгаруу**

Келген күбөлөр алар суралганга чейин сот заседаниесинин залынан сыртка чыгарылат, төрагалык кылуучу сот тарабынан суракка алына элек күбөлөр суралган күбөлөр менен, ошондой эле, сот заседаниесинин залындагы башка адамдар менен сүйлөшпөгөндөй кылууга карата чараларды көрөт.

**278-статья. Соттолуучунун инсандыгын аныктоо жана ага айыптоо корутундусунун көчүрмөсүн өз убагында тапшыруу**

(1) Төрагалык кылуучу соттолуучунун инсандыгын аныктайт, анын фамилиясын, аты-жөнүн, жаш курагын, туулган жерин, жашаган жерин, иштеген ишин жана анын инсандыгы жөнүндөгү башка маалыматтарды белгилейт.

(2) Төрагалык кылуучу соттолуучудан айыптоо корутундусунун көчүрмөсү ага берилгендигин жана качан берилгендигин сурайт.

(3) Айыптоо корутундусунун көчүрмөсү берилбеген учурда ишти териштирүү кийинкиге калтырылууга тийиш, ал эми прокурор айыптоо корутундусунун көчүрмөсүн айыпкерге токтоосуз берүү үчүн чараларды көрөт. Мындай учурда ишти териштирүү көрсөтүлгөн документ берилген учурдан тартып үч суткадан эрте башталууга тийиш эмес.

*(КР 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**279-статья. Төрагалык кылуучуну, процесстин башка катышуучуларын жарыялоо жана баш тартуу укугун түшүндүрүү**

Төрагалык кылуучу соттун курамы жөнүндө жарыялайт, айыпкер, жактоочу, жабырлануучу жана анын өкүлү, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү, ошондой эле сот заседаниесинин катчысы, эксперт, адис жана тилмеч ким экендигин билдирет. Төрагалык кылуучу тараптарга, алардын ушул Кодекстин 8-главасынын эрежелери боюнча төрагалык кылуучудан ошого тете процесстин ушул статьяда саналып өткөн катышуучуларынын кимисинен болсун баш тартуу билдирүү укугун түшүндүрөт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**280-статья. Соттолуучуга анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

Төрагалык кылуучу соттолуучуга, анын мыйзамдуу өкүлүнө, ушул Кодекстин 42-43-статьяларында каралган, соттук териштирүүдөгү алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт.

**281-статья. Жабырлануучуга, жарандык доогерге жана жарандык жоопкерге жана алардын өкүлдөрүнө укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

Төрагалык кылуучу жабырлануучуга, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге жана алардын өкүлдөрүнө, тийиштүүлүгүнө жараша ушул Кодекстин 50, 53, 56-статьяларында каралган укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. Жеке күнөөлөө иштери боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 66-статьясында көрсөтүлгөн чоң коркунуч келтирбеген кылмыштар жана анча оор эмес кылмыштар жөнүндөгү иштер боюнча жабырлануучуга анын соттолуучу менен жарашууга укуктуулугу түшүндүрүлөт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**282-статья. Экспертке анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

Төрагалык кылуучу экспертке, ушул Кодекстин 63-статьясында каралган анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт жана атайылап жалган корутунду берүү үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө эскертет, бул жөнүндө эксперттен колкат алынып, ал сот заседаниесинин протоколуна тиркелет.

**283-статья. Адиске анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

Төрагалык кылуучу адиске, ушул Кодекстин 65-статьясында каралган анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт жана өз милдеттерин аткаруудан баш тарткандыгы же четтегендиги үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертет.

**284-статья. Өтүнүчтөрдү билдирүү жана аларды чечүү**

(1) Төрагалык кылуучу тараптардан жаңы күбөлөрдү, эксперттерди жана адистерди чакыруу жөнүндө жана заттык далилдерди жана документтерди тиркөө жөнүндө алардын өтүнүчтөрү бар-жогун сурайт. Өтүнүч билдирген адам кошумча далилдер, атап айтканда кайсы жагдайларды аныктоо үчүн зарыл экендигин көрсөтүүгө милдеттүү.

(2) Сот процессинин калган катышуучуларынын ой-пикирин уккандан кийин сот билдирилген ар бир өтүнүчтү караштырууга, эгерде айкындалууга тийиш болгон жагдайлар иш үчүн маанилүү болсо, аны канааттандырууга же өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн токтом чыгарууга тийиш.

(3) Сот өтүнүчүн канааттандыруудан баш тарткан адам, кийин өтүнүч билдирүүгө укуктуу болот.

**285-статья. Ишке катышкан адамдардын кимдир-бирөөсү жокто ишти териштирүү мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү маселени чечүү**

(1) Сот процессинин катышуучуларынын кимдир-бирөө, ошого тете күбө, эксперт же адис келбей калганда, сот ишти териштирүү жөнүндө тараптардын ой-пикирин угат жана териштирүүнү улантуу жөнүндө же аны кийинкиге калтыруу жөнүндө токтом чыгарат.

(2) Териштирүүнү кийинкиге калтыруу жөнүндө маселени чечкенге чейин сот келген күбөлөрдү, экспертти же адисти, жабырлануучуну, жарандык доогерди, жарандык жоопкерди жана алардын өкүлдөрүн суракка алып, андан кийин ишти териштирүүнү кийинкиге калтыруу жөнүндө токтом чыгара алат. Эгерде мына ошондон кийин иш соттун ошол эле курамында карала турган болсо, суралган адамдарды сот заседаниесине кайталап чакыруу зарыл учурларда гана жүргүзүлөт.

## 35-Глава
## Соттук териштирүү

**286-статья. Соттук териштирүүнүн башталышы**

(1) Соттук териштирүү айыптоо корутундусунун маанисин айыптоочунун жарыялоосу менен, ал эми жеке айыптоонун иштери боюнча - арыз берген адамдын же анын өкүлүнүн арызын баяндоосу менен башталат.

(2) Төрагалык кылуучу соттолуучудан айыптоо ага түшүнүктүү-түшүнүктүү эместигин сурайт, зарыл учурларда ага айыптоонун маани-маңызын, коюлган айыптоого карата мамилесин түшүндүрөт.

*(КР 2009-жылдын 26-октябрындагы N 288, 2014-жылдын 18-ноябрындагы N 155 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**287-статья. Далилдерди изилдөө тартибин белгилөө**

(1) Ушул Кодекстин 286-статьясынын талаптары аткарылгандан кийин төрагалык кылуучу тараптардын пикирин угат, далилдерди изилдөөнүн тартибин аныктайт.

(2) Айыпкер соттук териштирүүнүн кайсы учурунда болсун көрсөтүү берүүгө укуктуу.

**288-статья. Соттолуучуну суракка алуу**

(1) Соттолуучуну суракка алуунун алдында төрагалык кылуучу ага коюлган айып жана иштин башка жагдайлары боюнча көрсөтүү берүү же бербөө укугун жана ал айткандын бардыгы ага каршы пайдаланылышы мүмкүн экендигин түшүндүрөт. Соттолуучу биринчи болуп көрсөтүү берүүгө макул болгондо, аны жактоочу жана процесстин актоо тарабындагы катышуучулары, андан кийин мамлекеттик айыптоочу жана процесстин айыптоочу тарабындагы катышуучулары суракка алышат. Төрагалык кылуучу багыттама суроолорду жана ишке тиешеси жок суроолорду четке кагат.

(2) Тараптар сурагандан кийин, төрагалык кылуучу соттолуучуга суроолор берет, бирок жактоочу суроолор аны суракка алуунун кайсы учурунда болбосун берилиши мүмкүн.

(3) Эгерде соттолуучу өзүн күнөөлүү экендигин толук мойнуна алса жана коюлган айып боюнча эркин аңгеме түрүндө көрсөтүү берүүнү кааласа, анын көрсөтүүлөрүн ишке тиешеси болбогондон башка учурларда, сот анын сөзүн бөлбөй угат.

(4) Соттолуучуну башка соттолуучу жокто суракка алууга соттун демилгеси же тараптардын өтүнүчү боюнча жол берилет, бул жөнүндө сот аныктама (токтом) чыгарат. Мындай учурда соттолуучу сот заседаниесинин залына кайра келгенден кийин төрагалык кылуучу ага ал жокто

берилген көрсөтүүлөрдүн мазмунун билдирет жана ага ал жокто суралган соттолуучуга суроолор берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**289-статья. Соттолуучунун көрсөтүүлөрүн жарыялоо**

(1) Төмөндөгүдөй учурларда:

1) тергөөнүн жүрүшүндө соттолуучу берген көрсөтүүлөрдүн жана сотто берилген көрсөтүүлөрдүн ортосунда олуттуу карама-каршылыктар болгондо;

2) соттолуучу сотто көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартканда;

3) иш соттолуучу жокто каралганда, тараптардын өтүнүчү боюнча айыпкердин тергөө жүргүзүүдө берген көрсөтүүлөрү жарыяланышы, ошондой эле суроктун протоколуна тиркелген анын көрсөтүүлөрүнүн үн жазуулары, көргөзмө жазуулары же киного тартылып алынгандары кайра кайталанышы мүмкүн.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган эрежелер соттолуучунун мурда сотто берген көрсөтүүлөрүн жарыялоо учурларына да тиешелүү болот.

(3) Тийиштүү суроктун протоколунда же сот заседаниесинин протоколунда камтылган көрсөтүүлөрдү алдын-ала жарыялабай туруп үн, көргөзмө жазууларды жана киного тартылгандарды кайра кайталоого жол берилбейт. Үн, көргөзмө жазууларды, киного тартылгандарды кайра кайталоо жөнүндө сот заседаниесинин протоколунда белгиленет.

**290-статья. Жабырлануучуну суракка алуу**

Жабырлануучу ушул Кодекстин 291-статьясынын экинчи, үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи бөлүктөрүндө каралган күбөлөрдү суракка алуу эрежелери боюнча суракка алынат.

**291-статья. Күбөлөрдү суракка алуу**

(1) Күбөлөр бөлөк-бөлөк жана сурала элек күбөлөр жокто суракка алынат.

(2) Төрагалык кылуучу суроктун алдында күбөнүн инсандыгын аныктайт, анын соттолуучуга жана жабырлануучуга карата мамилесин айкындайт, иш боюнча туура көрсөтүүлөрдү берүү жагындагы жарандык парзды жана милдетти, ошондой эле көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартуу жана атайылап жалган көрсөтүүлөрдү берүү үчүн жоопкерчиликти түшүндүрөт. Мыйзам боюнча көрсөтүүлөрдү берүү милдетинен бошотулган адамдарга, атайылап жалган көрсөтүүлөрдү берүү үчүн гана жоопкерчилиги түшүндүрүлөт. Күбөдөн, ага милдеттери жана жоопкерчилиги түшүндүрүлгөндүгү жөнүндө колкат алынат. Колкат сот заседаниесинин протоколуна тиркелет.

(3) Күбөнү прокурор, жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана алардын өкүлдөрү, соттолуучу жана анын жактоочусу суракка алат. Бул күбөгө биринчи болуп, аны сот заседаниесине өтүнүч билдирип чакыртып алган тарап суроолор берет.

(4) Төрагалык кылуучу багыттама суроолорду жана ишке тиешеси жок суроолорду четке кагат, күбөнүн көрсөтүүлөрүн, аны тараптар сурап бүткөндөн кийин тактайт. Андан кийин төрагалык кылуучу күбөгө суроо бере алат.

(5) Суралган күбөлөр сот заседаниесинин залында калышат жана соттун уруксатысыз жана тараптардын макулдугусуз соттук териштирүү бүткөнгө чейин андан чыгып кете алышпайт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**292-статья. Жабырлануучунун жана күбөнүн кыскача жазууларды жана документтерди пайдалануусу**

(1) Жабырлануучу жана күбө кыскача жазуулардан пайдалана алышат. Мындай кыскача жазуулар соттун талабы боюнча ага көрсөтүлүүгө тийиш.

2) Жабырлануучуга жана күбөгө аларда болгон, алардын көрсөтүүлөрүнө тийиштүү документтерди окуп берүүгө уруксат берилет. Бул документтер сотко көрсөтүлөт жана анын токтому боюнча ишке тиркелиши мүмкүн.

**293-статья. Жашы жетпеген жабырлануучуну жана күбөнү суракка алуунун өзгөчөлүктөрү**

(1) Он төрт жашка чейинки жабырлануучуну жана күбөнү суракка алууда, ал эми соттун кароосу боюнча - он төрттөн он алты жашка чейинкилерди суракка алууда да педагог чакыртылат. Зарыл учурда ата-энелер же жашы жетпегендин башка мыйзамдуу өкүлдөрү чакыртылат. Көрсөтүлгөн адамдар төрагалык кылуучунун уруксаты менен жабырлануучуга жана күбөгө суроолор бере алышат.

(2) Он алты жашка чыга элек жабырлануучуну жана күбөнү суракка алуунун алдында төрагалык кылуучу аларга толук жана туура көрсөтүүлөрдүн иш үчүн маанилүүлүгүн түшүндүрөт. Көрсөтүүлөрдү берүүдөн баш тартуу үчүн жана атайылап жалган көрсөтүүлөрдү берүү үчүн жоопкерчилик жөнүндө аларга эскертилбейт жана алардан колкат алынбайт.

(3) Тараптардын өтүнүчү боюнча же соттун демилгеси боюнча жашы жетпеген жабырлануучуну жана күбөнү суракка алуу соттолуучунун катышуусуз өткөрүлүшү мүмкүн, сот бул жөнүндө токтом чыгарат. Соттолуучу сот заседаниесинин залына кайра алынып келгенден кийин ага булардын берген көрсөтүүлөрү окулуп берилүүгө жана аларга суроолор берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүүгө тийиш.

(4) Он алты жашка чыга элек жабырлануучу жана күбө, сот алардын андан ары катышуусун зарыл деп тапкандан башка учурларда, алар суралып бүткөндөн кийин сот заседаниесинин залынан чыгарылышат.

**294-статья. Жабырлануучунун жана күбөнүн көрсөтүүлөрүн жарыялоо**

(1) Сотто жабырлануучунун жана күбөнүн тергөөнүн жүрүшүндө берген көрсөтүүлөрүн жарыялоого, ошондой эле алардын көрсөтүүлөрүнүн үн жазууларын, сурактын көргөзмө жазууларын же киного тартылгандарын кайталоого тараптардын өтүнүчү боюнча төмөндөгүдөй учурларда:

1) мындай көрсөтүүлөр менен сотто берилген көрсөтүүлөрдүн ортосунда олуттуу карама-каршылыктар болгондо;

2) анын сотко келүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган себептер боюнча сот заседаниесине жабырлануучу же күбө катышпаганда;

3) алар көрсөтүүлөр берүүдөн баш тартканда жол берилет.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн эрежелер жабырлануучунун жана күбөнүн сотто мурда берген көрсөтүүлөрүн жарыялоо учурларына да тиешелүү болот.

(3) Сот заседаниесинде сот тарабынан ушул Кодекстин 285-статьясынын экинчи бөлүгүнө ылайык суралган жабырлануучунун жана күбөнүн көрсөтүүлөрү да жарыяланышы мүмкүн.

(4) Жабырлануучунун жана күбөнүн көрсөтүүлөрүнүн үн жазуулары, аларды суракка алуунун көргөзмө жазуулары жана киного тартылгандары ушул Кодекстин 289-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө белгиленген эрежелер боюнча кайталанышы мүмкүн.

**295-статья. Сотто экспертиза жүргүзүү**

(1) Сот тараптардын өтүнүчү боюнча сот заседаниесинде экспертиза дайындоого укуктуу. Экспертиза тергөөдө корутунду беришкен эксперттер же сот дайындаган башка эксперттер тарабынан жүргүзөт.

(2) Сотто экспертиза ушул Кодекстин 25-главасында баяндалган эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

(3) Экспертиза дайындоо жөнүндө чыгарылган токтомду жарыялоо менен төрагалык кылуучу тараптарга алардын эксперттен баш тартуу билдирүүгө, эксперттердин ичине тарап көрсөткөн адамды кошуу тууралу, экспертизаны башка эксперттик уюмдун өкүлдөрү жүргүзүшү тууралу, экспертизаны тараптардын катышуусу алдында жүргүзүү тууралу өтүнүч кылууга укуктуу экендиктерин түшүндүрөт.

(4) Сот заседаниесинде эксперт суракка алынган адамдарга суроо берүүгө, жазуу жүзүндө далилдер, тергөө аракеттеринин протоколдору, башка эксперттердин корутундулары менен

таанышууга, карап чыгууларга, эксперименттерге жана экспертизага тиешелүү соттук башка аракеттерге катышууга укуктуу.

(5) Экспертке салыштырып изилдөө үчүн үлгүлөрдү берүү зарыл болгондо ушул Кодекстин 207-статьясынын эрежелери колдонулат.

(6) Корутунду берүү үчүн мааниге ээ болгон бардык жагдайлар айкындалгандан кийин төрагалык кылуучу тараптарга экспертке суроолорун кат түрүндө берүүнү сунуш кылат. Берилген суроолор жарыялануугa жана алар боюнча соттук териштирүүнүн катышуучуларынын ой-пикирлери угулууга тийиш. Сот бул суроолорду карап чыгат жана өзүнүн токтому менен алардын ичинен ишке же эксперттин компетенциясына тиешеси жокторун четке кагат, ошондой эле жаңы суроолорду түзөт, мына ошондон кийин эксперт экспертиза өткөрүүгө жана корутунду түзүүгө киришет.

(7) Корутунду эксперт тарабынан жазуу жүзүндө берилип, сот заседаниесинде ал тарабынан жарыяланат жана суроолор менен кошо ишке тиркелет. Эксперт өз корутундусуна иштин өзүнүн компетенциясына тийиштүү болгон, алар тууралу анын алдына коюлбаган маселелер боюнча тыянактарын киргизүүгө укуктуу.

(8) Эгерде сотко тергөөдө корутунду берген эксперт чакыртылса, сот корутунду жарыялангандан кийин, эгерде ал тараптардын каршылыгын туудурбаса, экспертиза дайындабай эле экспертти суракка алуу менен чектеле алат.

**296-статья. Экспертти суракка алуу**

(1) Эксперт корутундусун жарыялагандан кийин ал берген корутундуну түшүндүрүү же толуктоо үчүн ага суроолор берилиши мүмкүн.

(2) Экспертке тараптар суроолор берет, мында суроолорду өтүнүчү боюнча экспертиза дайындалган тарап биринчи болуп берет. Төрагалык кылуучу экспертке суракка алуунун кайсы учурунда болсун суроолор берүүгө укуктуу.

**297-статья. Кошумча же экинчи экспертиза жүргүзүү**

(1) Ушул Кодекстин 212-статьясында каралган учурларда, сот кошумча же экинчи экспертиза дайындай алат, бул жөнүндө токтом чыгарат.

(2) Кошумча же экинчи экспертиза ушул Кодекстин 199-статьясында белгиленген эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

**298-статья. Заттык далилдерди карап чыгуу**

(1) Тергөөдө ишке тиркелген, ошондой эле жаңыдан сунуш кылынган далилдер сот тарабынан каралып чыгууга жана тараптарга көрсөтүлүүгө тийиш.

(2) Заттык далилдерди карап чыгуу тараптардын өтүнүчү боюнча да, төрагалык кылуучунун демилгеси боюнча да соттук териштирүүнүн кайсы учурунда болсун жүргүзүлүшү мүмкүн. Заттык далилдер карап чыгуу үчүн күбөлөргө, экспертке жана адиске көрсөтүлүшү мүмкүн. Заттык далилдер көрсөтүлгөн адамдар, карап чыгууга байланышкан жагдайларга соттун көңүлүн бура алышат. Карап чыгуунун натыйжалары сот заседаниесинин протоколунда чагылдырылат.

(3) Заттык дилилдерди карап чыгуу ушул статьянын биринчи бөлүгүндө белгиленген эрежелерди сактоо менен сот тарабынан алар табылган жердин өзүндө жүргүзүлүшү мүмкүн.

**299-статья. Тергөө аракеттеринин протоколдорун жана документтерди жарыялоо**

(1) Карап чыгууда, көрүп аныктоодо, алып коюуда, тинтүүдө, мүлккө камак салууда, кармоодо, таанытуу үчүн көрсөтүүдө, тергөө экспериментинде айыпкердин, же кылмышка катышы бар башка адамдардын телефондогу же башка сүйлөшүүлөрүн тыңшоодо аныкталган жагдайларды жана фактыларды ырастаган тергөө аракеттеринин протоколу, ошондой эле, ишке тиркелген же сот заседаниесинде сунуш кылынган документтер, эгерде аларда иш үчүн маанилүү болгон жагдайлар баяндалса же ырасталса, толук же жарым-жартылай жарыялануугa тийиш.

(2) Сот заседаниесине берилген документтер ишке тиркелиши мүмкүн.

**300-статья. Жерди жана имарат жайды карап чыгуу**

(1) Сот кайсы бир имарат жайды же жерди карап чыгууну зарыл деп тапса, тараптардын катышуусу менен карап чыгууну жүргүзөт. Зарыл болгон учурда, карап чыгуу күбөлөрдүн, эксперттин жана адистин катышуусу менен жүргүзүлөт. Бул тууралу сот токтом чыгарат.

(2) Карап чыгылуучу жерге келгенден кийин төрагалык кылуучу сот заседаниесинин улантылышы жөнүндө жарыялайт жана сот карап чыгууга киришет, мында соттолуучуга, жабырлануучуга, күбөлөргө, экспертке жана адиске карап чыгууга байланыштуу суроолор берилиши мүмкүн.

(3) Карап чыгуунун натыйжалары сот заседаниесинин протоколунда чагылдырылат.

**301-статья. Эксперимент жүргүзүү**

(1) Эгерде иште болгон маалыматтарды текшерүү же тактоо үчүн аракеттерди, белгилүү бир окуянын кырдаалын же башка жагдайларын кайталоо жана тажрыйбалык аракеттерди жасоо зарыл болсо, сот эксперимент жүргүзүүгө укуктуу.

(2) Эксперимент тараптардын катышуусу менен сот тарабынан жүргүзүлөт. Зарыл болгон учурда экспериментке катышууга күбө же адис тартылат.

(3) Сот ушул Кодекстин 182-статьясында каралган эрежелерди сактоо менен эксперимент жүргүзөт.

**302-статья. Таанытуу үчүн көргөзүү**

Сотто адамды же буюмзатты таануу үчүн көрсөтүү зарыл болсо, ал ушул Кодекстин 198-статьясында белгиленген эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

**303-статья. Көрүп аныктоо**

(1) Сот заседаниесинде көрүп аныктоо, ушул Кодекстин 180-статьясынын биринчи бөлүгүндө каралган учурларда судьянын токтому боюнча жүргүзүлөт.

(2) Чечинтүү менен коштолгон көрүп аныктоо врач же башка адис тарабынан өзүнчө жайда жүргүзүлөт, ал көрүп аныктоо аяктагандан кийин көрүп аныктоо актысын түзөт жана ага кол коет. Андан кийин көрсөтүлгөн адамдар сот заседаниесине кайра келишет, анда алар тараптардын жана көрүп аныкталган адамдын катышуусу алдында, эгер алар табылса, көрүп аныкталган адамдын денесиндеги тактар жана белгилер тууралу сотко билдиришет, тараптардын жана төрагалык кылуучунун суроолоруна жооп беришет. Көрүп аныктоо актысы ишке тиркелет.

**304-статья. Соттук изилдөөнүн аякталышы**

(1) Бардык далилдерди изилдөө аяктагандан кийин төрагалык кылуучу тараптардан, алар соттук териштирүүгө толуктоо жана атап айтканда толуктоо каалаган-каалабагандыктарын сурайт. Соттук териштирүүгө толуктоо жөнүндө өтүнүчтөр билдирилген учурда, сот бул өтүнүчтөрдү талкуулайт жана аларды чечет.

(2) Өтүнүчтөр чечилгенден жана зарыл болгон соттук аракеттер аткарылгандан кийин, төрагалык кылуучу соттук изилдөөнү аякталды деп жарыялайт.

**305-статья. Тараптардын соттогу жарыш сөзүнүн мазмуну жана тартиби**

(1) Соттук изилдөө аяктагандан кийин, сот тараптардын жарыш сөзүнө өтөт, ал айыптоочунун, жабырлануучунун же анын өкүлүнүн, жарандык доогердин жана жарандык жоопкердин же алардын өкүлдөрүнүн, соттолуучунун жана жактоочунун сөздөрүнөн турат. Соттогу жарыш сөзгө катышуучулардын чыгып сүйлөөлөрүнүн ырааттуулугу алардын сунуштары боюнча сот тарабынан белгиленет, бирок бардык учурларда мамлекеттик же жеке айыптоочу биринчи болуп сүйлөйт, ал соттук териштирүүнүн натыйжаларына таянуу менен айыпкердин күнөөлүүлүгү, ал жасаган жосунду квалификациялоо жөнүндө тыянакты негиздөөгө жана белгиленүүгө тийиш болгон жазалоо жөнүндө өз пикирин баяндоого тийиш же айыптоодон баш тартууга укуктуу.

(2) Тараптардын жарыш сөзүнө катышкандар тараптардын сот заседаниесинде изилденбеген далилдерге таянууга укуксуз болушат, изилдөө үчүн сотко жаңы далилдер келтирүү зарыл болгондо, алар соттук териштирүүнү кайра жаңыртуу жөнүндө өтүнүч билдире алышат.

(3) Сот тараптардын жарыш сөздөрүнүн узактыгын белгилүү бир убакыт менен чектей албайт, бирок төрагалык кылуучу, эгерде алар каралып жаткан ишке тиешеси жок жагдайларды козгошсо, жарыш сөзгө катышкан адамдарды токтотууга укуктуу.

(4) Тараптардын жарыш сөзүнө катышуучулардын бардыгы сүйлөп бүткөндөн кийин алардын ар бири тараптардын өкүлдөрүнүн сөздөрүндөгү айтылгандарга карата пикирлери (кыстырмалары) менен дагы бир жолудан сүйлөп чыга алышат. Акыркы пикир айтуу укугу соттолуучуга же анын жактоочусуна таандык болот.

(5) Тараптардын жарыш сөзүнө катышкандардын ар бири ушул Кодекстин 312-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 1-6-пункттарында көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечимдин өзү сунуш кылган чечилишин жазуу жүзүндө бере алат. Сунуш кылынган чечилиш сот үчүн милдеттүү күчкө ээ болбойт.

**306-статья. Соттолуучунун акыркы сөзү**

(1) Тараптардын жарыш сөзү аяктагандан кийин төрагалык кылуучу соттолуучуга акыркы сөз берет. Соттолуучуга, анын акыркы сөзүнүн убагында суроолор берүүгө жол берилбейт.

(2) Сот айыпкердин акыркы сөзүнүн узактыгын белгилүү бир убакыт менен чектей албайт, бирок төрагалык кылуучу соттолуучу каралып жаткан ишке тиешеси жок жагдайларды козгогон учурларда, аны токтотууга укуктуу.

**307-статья. Соттук изилдөөнү кайра баштоо**

Эгерде тараптардын жарыш сөзүндө чыгып сүйлөгөн адамдар же соттолуучу акыркы сөзүндө иш үчүн маанилүү болгон жаңы жагдайлар жөнүндө билдиришсе, же мурда изилденбеген, бирок ишке тиешелүү далилдерге таянышса, сот тараптардын өтүнүчү боюнча же өзүнүн демилгеси боюнча соттук изилдөөнү кайра баштайт. Жаңыртылган соттук изилдөө аякталгандан кийин сот тараптардын жарыш сөзүн кайрадан ачат жана соттолуучуга акыркы сөз берет.

**308-статья. Соттун өкүм чыгаруу үчүн кетиши**

Соттолуучунун акыркы сөзүн уккандан кийин, төрагалык кылуучу (соттун курамы) өкүм чыгаруу үчүн дароо кетет, бул жөнүндө сот заседаниесинин залында катышкандарга жарыялайт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 36-Глава
## Өкүм чыгаруу

**309-статья. Кыргыз Республикасынын атынан өкүм чыгаруу**

Кыргыз Республикасынын соту Кыргыз Республикасынын атынан өкүм чыгарат.

**310-статья. Өкүмдүн мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү**

(1) Соттун өкүмү мыйзамдуу жана негиздүү болууга тийиш.

(2) Эгерде өкүм мыйзамдын бардык талаптарын сактоо менен жана мыйзамдын негизинде чыгарылса, ал мыйзамдуу деп таанылат.

(3) Эгерде өкүм сотко берилген далилдерди ар тараптан жана объективдүү изилдөөнүн негизинде чыгарылса, ал негиздүү деп таанылат.

(4) Өкүм адилеттүү болууга тийиш.

**311-статья. Өкүм чыгаруу**

(1) Өкүм сот тарабынан өзүнчө жайда чыгарылат. Бул жайда өкүм чыгаруу учурунда, ошол иш боюнча соттун курамы гана боло алышат. Башка адамдардын болушуна жол берилбейт.

(2) Түнкү мезгилдин кириши менен, ал эми зарыл болсо күндүз да сот эс алуу үчүн танапис жасоого укуктуу. Өкүмдү чыгаруу дем алыш жана майрам күндөрүндө да токтотула турат.

(3) Өкүмдү чыгаруу убагы сот процессинин катышуучуларына жарыяланууга тийиш.

*(4) (КР 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамына ылайык алып салынды)*

(5) Өзгөчө пикирде калган судья же соттук заседатель аны жазуу жүзүндө баяндоого укуктуу. Өзгөчө пикир өкүмдү угузууда жарыя кылынбайт, бирок ишке тиркелет.

*(6) (КР 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамына ылайык алып салынды)*

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**312-статья. Өкүм чыгаруу учурунда сот тарабынан чечилүүчү маселелер**

(1) Өкүм чыгарууда сот төмөндөгүдөй маселелерди:

1) соттолуучу айыпталып жаткан жосундун жасалган-жасалбагандыгын;

2) жосунду соттолуучу жасагандыгынын далилденген-далилденбегендигин;

3) бул жосун кылмышка жатаар-жатпасын жана ал жазык мыйзамынын кайсы статьясында каралгандыгын;

4) соттолуучу бул кылмышты жасоодо күнөөлүү-күнөөлүү эместигин жана анын жоопкерчилигин жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайлардын бар-жогун;

5) соттолуучу өзү жасаган кылмыш үчүн жазаланууга тийиш же тийиш эместигин;

6) соттолуучуга кандай жаза белгиленүүгө тийиштигин;

7) жаза белгилебей же андан бошотуу менен өкүм чыгаруу үчүн негиздин бар-жогун;

8) эркиндигинен ажыратууга соттолгон адам кандай түрдөгү абакта жазасын өтөөгө тийиш экендигин;

9) жарандык доо кимдин пайдасына жана кандай өлчөмдө канааттандырылууга тийиш экендигин, ошондой эле, эгерде жарандык доо коюлбаса, мүлктүк зыяндын орду толтурулууга тийиш экендигин;

10) жарандык доону же конфискациялоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн камак салынган мүлктү эмне кылуу керектигин;

11) заттык далилдерди эмне кылуу керектигин;

12) процесстик чыгымдар кимге жана кандай өлчөмдө жүктөлүүгө тийиштигин;

13) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 51-статьясында каралган учурларда сот соттолуучуну атайын же аскердик наамдан ажыратууга тийиш же тийиш эместигин;

14) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 91-статьясында каралган учурларда медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө;

15) соттолуучуга (акталып жаткан адамга) карата бөгөт коюу чарасы жөнүндө чечүүгө тийиш.

(2) Эгерде кылмыштарды жасоодо бир нече соттолуучу айыпталса, сот ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн 1-6-пункттарында көрсөтүлгөн маселелерди ар бир кылмыш боюнча өзүнчө чечет.

(3) Эгерде кылмыш жасоодо бир нече айыпкер айыпталса, сот бул маселелерди ар бир айыпкерге карата, анын жосунду жасоодогу ролун жана даражасын аныктоо менен өзүнчө чечет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**313-статья. Соттолуучунун аракетке жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү маселени чечүү**

(1) Сот өкүм чыгарууда соттолуучунун аракетке жөндөмдүүлүгү жөнүндө маселени талкуулоого тийиш.

(2) Соттолуучу жосунду жасаган убакта акыл-эси соо эмес абалда болгондугун же кылмыш жасагандан кийин, аны өзүнүн аракеттеринин иш жүзүндөгү мааниси, алардын зыяндуулугун аңдап билүү, же аларды башкаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан жин оорусу менен ооруп калгандыгын таануу менен сот жазык ишин кыскартуу жөнүндө жана ага карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларды колдонуу тууралу токтом чыгарат.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**314-статья. Өкүмдөрдүн түрлөрү**

(1) Соттун өкүмү айыптоочу же актоочу өкүм болушу мүмкүн.

(2) Айыптоочу өкүм:

1) соттолгон адам өтөөгө тийиш болгон жазык жазасын белгилөө менен;

2) жазык жазасын белгилөө жана аны өтөөдөн бошотуу менен;

3) жазык жазасын белгилебестен эле чыгарылышы мүмкүн.

**315-статья. Айыптоочу өкүм чыгаруунун негиздери**

(1) Айыптоочу өкүм, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө соттолуучунун кылмышты жасоодогу күнөөлүүлүгү изилденген далилдердин жыйындысы менен ырасталган шартта гана чыгарылат жана божомолдорго негизделүүгө тийиш эмес.

(2) Соттолгон адам өтөөгө тийиш болгон жазаны белгилөө менен айыптоочу өкүм чыгарууда сот анын түрүн, өлчөмүн жана өтөө мөөнөтүн эсептөөнүн башталышын так аныктоого тийиш.

(3) Эгерде өкүм чыгарылган учурга карай:

1) ошол өкүм менен соттолгон адамга белгиленген жазаны колдонуудан бошотуучу мунапыс актысы чыгарылса;

2) ошол иш боюнча соттолуучунун камакта болуу убактысы, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 61-статьясында белгиленген алдын ала камоону кошо эсептөө эрежелерин эске алганда, сот белгилеген жазанын мөөнөтүнө эсептелсе, сот жаза белгилөө жана аны өтөөдөн бошотуу менен айыптоочу өкүм чыгарат.

(4) Эгерде өкүм чыгарылган учурга карай:

1) адам коомго коркунуч келтирбей калса;

2) адам жазаны өтөөгө тоскоолдук кылуучу катуу ооруга чалдыкса;

3) ошол кылмыш үчүн адамды жазык жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү өтүп кетсе, сот жаза белгилебестен, айыптоочу өкүм чыгарат.

**316-статья. Актоочу өкүм чыгаруунун негиздери**

(1) Төмөндөгүдөй учурларда, эгерде:

1) кылмыш окуясы болбосо;

2) соттолуучунун жосунунда кылмыш курамы жок болсо;

3) соттолуучунун кылмышты жасоого катышуусу далилденбесе, актоочу өкүм чыгарылат;

4) жазык мыйзамына жараша зыян келтирген жосун (зарыл коргонуу, өзгөчө зарылчылык, кылмыш жасаган адамды кармоодо, буйрукту же башка тескемени аткарууда келтирилген зыян, негиздүү тобокелдик) укук ченемдүү болот;

5) соттолуучуга карата сот арачыларынын коллегиясы актоо вердигин чыгарса.

(2) Саналып өткөн негиздердин кайсынысы боюнча болсун актоо соттолуучунун күнөөсүздүгүн таануу дегендикке жатат жана анын толук акталышына алып келет.

(3) Эгерде соттолуучунун кылмышты жасоого катышуусу далилденбегендиктен жактоочу өкүмдү чыгарууда, бул кылмышты жасаган адам аныкталбай калса, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин, сот кылмыш жасаган адамды аныктоо боюнча чаралар көрүү үчүн ишти прокурорго жөнөтөт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**317-статья. Өкүмдү түзүү**

(1) Ушул Кодекстин 312-статьясында көрсөтүлгөн маселелерди чечкенден кийин сот өкүм түзүүгө өтөт. Өкүм мамлекеттик же орус тилинде баяндалат жана кириш, баяндоочу-жүйөлөштүрүүчү жана корутунду бөлүктөрдөн турат.

(2) Өкүм судья тарабынан кол менен жазылууга же техникалык каражаттардын жардамы менен даярдалууга, жана кол коюлууга тийиш. Өкүмгө оңдоолор киргизүүдө, алар белгиленүүгө жана өкүм жарыялангана чейин кеңеш бөлмөсүндө бардык судьялар тарабынан кол коюлуп күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

(3) Өкүмгө судья кол коет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**318-статья. Өкүмдүн кириш бөлүгү**

Өкүмдүн кириш бөлүгүндө:

1) өкүмдүн Кыргыз Республикасынын атынан чыгарылгандыгы:

2) өкүм чыгарылган убакыт жана жер;

3) өкүм чыгарган соттун аталышы, төрагалык кылуучунун, соттук заседаниенин катчысынын, айыптоочунун, жактоочунун, жабырлануучунун, мыйзамдуу өкүлдүн, жарандык доочунун, жарандык жоопкердин фамилиясы, аты-жөнү;

4) соттолуучунун аты-жөнү, анын туулган жылы, айы, күнү жана туулган жери, жашаган жери, иштеген жери, кесиби, билими, үй-бүлөлүк абалы жана айыпкердин инсандыгы жөнүндөгү иш үчүн мааниси бар башка маалыматтар;

5) соттолуучу жасагандыгы үчүн айыпталып жаткан кылмыш каралган жазык мыйзамы көрсөтүлөт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**319-статья. Айыптоочу өкүмдүн баяндоочу-жүйөлөштүрүүчү бөлүгү**

(1) Айыптоочу өкүмдүн баяндоочу-жүйөлөштүрүүчү бөлүгү сот тарабынан далилденген деп таанылган кылмыштуу жосун, ал жасалган жер, убакыт, ыкма, күнөөлүүлүктүн түрлөрү, кылмыштын жүйөлөрү, максаттары жана кесепеттери көрсөтүлгөн баяндоону камтууга тийиш. Өкүмдө айыпкерге карата соттун тыянактары негизделген далилдер жана башка далилдерди сот четке каккан жүйөлөр келтирилет. Жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайлар, ал эми айыптоонун бир бөлүгү негизсиз деп табылганда же кылмышты квалификациялоонун туура эместиги белгиленгенде - айыптоону өзгөртүүнүн негизи жана жүйөлөрү көрсөтүлөт.

(2) Сот жазык жазаны белгилөөгө, андан же аны чыныгы өтөөдөн бошотууга, таасир тийгизүүнүн башка чараларын колдонууга тийиштүү бардык маселелерди чечүүнүн жүйөлөрүн да келтирүүгө милдеттүү.

(3) Баяндоочу-жүйөлөштүрүүчү бөлүктө, ушул Кодекстин 312-статьясында көрсөтүлгөн маселелер боюнча кабыл алынган чечимдерди негиздөө камтылууга тийиш.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**320-статья. Айыптоочу өкүмдүн корутунду бөлүгү**

(1) Айыптоочу өкүмдүн корутунду бөлүгүндө:

1) соттолуучунун аты-жөнү;

2) соттолуучуну кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табуу жөнүндөгү чечим;

3) жазык мыйзамынын соттолуучу күнөөлүү деп табылган статьясы;

4) соттолуучуга, жасагандыгы үчүн ал күнөөлүү деп табылган ар бир кылмыш үчүн белгиленген жазанын түрү жана өлчөмү; Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин статьяларынын негизинде өтөлүүгө тийиш болгон акыркы жаза-чарасы; эркиндигинен ажыратылууга соттолгон адам жазасын өтөөгө тийиш болгон абактын түрү;

5) шарттуу соттолгондогу сынак мөөнөтүнүн узактыгы жана соттолгонго жүктөлүүчү милдеттер;

6) атайын же аскердик наамдан ажыратуу тууралу чечим;

7) эгерде соттолуучу өкүм чыгарылганга чейин кармалса же ага карата камакта кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы колдонулса же ал психиатриялык мекемеге жаткырылса, алдын ала камоо убактысын кошо эсептөө жөнүндөгү чечим;

8) өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин айыпкерге карата бөгөт коюу чарасы жөнүндөгү чечим көрсөтүлүүгө тийиш.

(2) Эгерде соттолуучуга жазык мыйзамынын бир нече статьясы боюнча айып коюлса, өкүмдүн корутунду бөлүгүндө соттолуучу алардын кайсылары боюнча акталгандыгы, кайсылары боюнча соттолгондугу так көрсөтүлүүгө тийиш.

(3) Соттолуучу жазаны өтөөдөн бошотулган учурда же жаза белгиленбестен өкүм чыгарылса, бул жөнүндө өкүмдүн корутунду бөлүгүндө көрсөтүлөт.

**321-статья. Актоочу өкүмдүн баяндоочу-жүйөлөштүрүүчү бөлүгү**

(1) Актоочу өкүмдүн баяндоочу-жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө: коюлган айыптын маңызы, иштин сот аныктаган жагдайлары; соттолуучуну актоо үчүн негиз болуп кызмат өтөгөн далилдер; сот айыптоонун далилдерин так эмес жана жетишсиз деп тапкан жүйөлөр; жарандык доого карата чечимдин жүйөлөрү баяндалат.

(2) Актоочу өкүмгө акталгандын күнөөсүздүгүнө шек келтирүүчү түшүнүктөрдү киргизүүгө жол берилбейт.

**322-статья. Актоочу өкүмдүн корутунду бөлүгү**

Актоочу өкүмдүн корутунду бөлүгүндө:

1) соттолуучунун аты-жөнү;

2) соттолуучуну күнөөлүү эмес деп табуу жана аны актоо жөнүндөгү чечим, актоонун негиздери;

3) эгерде бөгөт коюу чарасы тандалып алынса, аны жокко чыгаруу жөнүндө чечим;

4) эгерде мындай чаралар көрүлсө, мүлктү конфискациялоону камсыздоочу чаралар, ошондой эле зыяндын ордун толтурууну камсыздоо чараларын жокко чыгаруу жөнүндө чечим камтылууга тийиш.

**323-статья. Өкүмдүн корутунду бөлүгүндө чечилүүгө тийиш болгон башка маселелер**

Айыптоочу да, актоочу да өкүмдүн корутунду бөлүгүндө, ушул Кодекстин 320 жана 322-статьяларында саналып өткөн маселелерден башка:

1) коюлган жарандык доо боюнча чечим;

2) заттык далилдер жөнүндө маселени чечүү;

3) процесстик чыгымдарды бөлүштүрүү жөнүндө чечим;

4) өкүмгө даттануунун тартибин жана мөөнөттөрүн түшүндүрүү камтылууга тийиш.

**324-статья. Өкүмдү жарыялоо**

(1) Сот өкүмгө кол коюлгандан кийин сот заседаниесинин залына кайтып келет жана өкүмдү жарыялайт. Сот заседаниесинин залында болгондордун бардыгы өкүмдү ордунан туруп угушат.

(2) Эгерде өкүм соттолуучу билбеген тилде баяндалса, ал өкүм жарыяланаары менен же ага удаалаш эле соттолуучунун эне тилинде же ал билген тилде тилмеч тарабынан угуза которулуп берилүүгө тийиш.

(3) Төрагалык кылуучу соттолуучуга, процесстин катышуучуларына өкүмдүн мазмунун, ага даттануунун тартибин жана мөөнөттөрүн түшүндүрөт. Эгерде соттолуучу өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолсо, ага кечирим берүү жөнүндө өтүнүч билдирүү укугу да түшүндүрүлөт.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**325-статья. Соттолуучуну кайтарууда кармоодон бошотуу**

(1) Соттолуучу акталганда, камакка алынган соттолуучу сот залында токтоосуз бошотулууга тийиш. Актаган өкүмдү чыгарган сот ошол эле учурда акталган адамга карата өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакка алуу менен байланышпаган бөгөт коюу чарасын тандайт.

(2) Жаза дайындалбастан же жазаны өтөөдөн бошотуу, же шарттуу соттоо менен, же эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазага соттоо, же өндүрүш тарабынан жазык ишин токтотуу менен айыптоо өкүмү чыгарылганда камакка алынган соттолуучу сот актысы мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып бошотулууга тийиш.

*(КР 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**326-статья. Өкүмдүн көчүрмөсүн тапшыруу**

Өкүм жарыялангандан үч суткадан кечиктирилбестен, анын көчүрмөсү соттолгон же акталган адамга, жактоочуга жана айыптоочуга тапшырылууга тийиш. Өкүмдүн көчүрмөсү ошол эле мөөнөттө, эгерде көрсөтүлгөн адамдардан сураныч келип түшсө, жабырлануучуга, жарандык доогерге, жарандык жоопкерге жана алардын өкүлдөрүнө тапшырылат.

**327-статья. Өкүмдү чыгаруу менен бир убакта сот тарабынан чечилүүчү маселелер**

(1) Эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамдын жашы жете элек өспүрүм балдары, карыган ата-энеси, кароосуз калуучу башка багуусундагылары болсо, сот айыптоочу өкүмдү чыгаруу менен бир эле убакта көрсөтүлгөн адамдарды туугандарынын же башка адамдардын, болбосо уюмдардын камкордугуна же көздөөсүнө берүү жөнүндөгү, ал эми соттолгон адамдын кароосуз калуучу мүлкү жана турак-жайы болсо - аларды коргоо үчүн чаралар көрүү жөнүндөгү маселени чечет жана токтом чыгарат.

(2) Жактоочу ишке дайындоо боюнча катышкан учурда, сот өкүм чыгаруу менен бир эле убакта адвокаттардын кесиптик уюмуна төлөнүүгө тийиш болгон акынын өлчөмү жөнүндө токтом чыгарат.

(3) Ушул Кодекстин 19-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган негиздер болсо, сот аныктама, жеке аныктама чыгарат.

(4) Ушул статьяда аталган бардык процесстик чечимдер сот заседаниесинин залында өкүм жарыялангандан кийин окуп берилүүгө тийиш.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**328-статья. Соттолгон адам менен көрүшүүгө жол берүү**

Өкүм аткарылууга алынганга чейин төрагалык кылуучу же соттун төрагасы камакта кармалган соттолгон адамдын жакын туугандарынын өтүнүчү боюнча аны менен көрүшүүгө уруксат берет.

## 36-1-Глава
## Айыпкердин өзүнө коюлган айыптоого макул болгон учурдагы соттук териштирүүнүн жана сот чечимин кабыл алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби

**328-1-статья. Өтүнүч билдирүү тартиби**

(1) Чоң коркунуч келтирбеген жана анча оор эмес кылмыштар жөнүндө жазык иши боюнча коюлган айыптоого макулдугуна байланыштуу жалпы тартипте соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн жаза берүүнү дайындоо жөнүндө өтүнүчүн айыпкер жактоочунун катышуусу алдында билдирүүгө акылуу. Жашы жетпеген айыпкер, соттолуучу өтүнүчүн жактоочу менен кеңешкенден кийин анын катышуусу алдында билдирет. Эгерде жактоочу соттолуучунун өзү, анын өкүлү, мыйзамдуу өкүлү же алардын тапшыруусу боюнча башка адамдар тарабынан чакырылбаса мындай учурда жактоочунун катышуусун тергөө органы, сот камсыз кылууга тийиш.

(2) Айыпкер өтүнүчүн:

1) жазык ишинин материалдары менен таанышкан учурда билдирүүгө акылуу, ал жөнүндө ушул Кодекстин 231-статьясынын үчүнчү бөлүгүнө ылайык жазык ишинин материалдары менен таанышкандыгы жөнүндө протоколго тийиштүү жазуу жазылат;

2) ушул Кодекстин 280-статьясына ылайык сот заседаниесинин даярдык бөлүгүндө билдирүүгө акылуу.

(3) Сотко чейинки тездетилген өндүрүш тартибинде аяктаган жазык иштери ушул главанын эрежелерине ылайык каралат.

*(КР 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**328-2-статья. Жаза дайындоону соттук териштирүү жүргүзбөстөн жалпы тартипте дайындоо жөнүндө айыпкердин, соттолуучунун өтүнүч билдирүүсүнө байланыштуу соттун аракеттери**

(1) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган учурда сот, эгерде:

1) айыпкер өзүнө коюлган айыпты толук мойнуна алганын, өзү билдирген өтүнүчтүн мүнөзүн жана натыйжаларын аңдап түшүнгөндүгүн;

2) өтүнүч ыктыярдуу түрдө билдиргенин аныктап тактаса, жалпы тартипте сот териштирүүсүн жүргүзбөстөн өкүм чыгарат.

3) мамлекеттик же жеке айыптоочу, ошондой эле жабырлануучу айыпталуучунун өтүнүчүнө каршы болушпайт.

(2) Эгерде сот ушул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган шарттар айыпкер өтүнүч билдиргенде сакталбагандыгын аныктаса, анда ал жалпы тартипте соттук териштирүүнү дайындайт. Айыпкердин, соттолуучунун өтүнүчүн канааттандыруу же өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө сот жүйөлөштүрүлгөн токтом, аныктама чыгарат.

(3) бир эле айыпкер, соттолуучу жазык иши боюнча өзүнө коюлган күнөөнү макул көрбөсө ушул статьянын талаптары жазык ишине таралбайт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**328-3-статья. Өкүм чыгаруу тартиби жана ага даттануунун чектери**

(1) Коюлган күнөөлөргө макул болууга байланыштуу жалпы тартипте соттук териштирүүнү жүргүзбөстөн жаза берүүнү дайындоо жөнүндө өтүнүч боюнча сот заседаниеси ушул Кодекстин 36-главасынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

(2) Сот заседаниеси соттолуучунун жана анын жактоочусунун милдеттүү түрдө катышуусу менен жүргүзүлөт.

(3) Соттолуучунун өкүмдүн токтомун соттук териштирүүсүз чыгаруу жөнүндө өтүнүчү мамлекеттик айыптоочунун соттолуучуга коюлуп жаткан айыптарды баяндоосу менен, ал эми жазык иштери боюнча жеке айыптоо жеке айыптоочунун айыптоону баяндоосу менен башталат.

(4) Судья соттолуучудан тагылган айыптар ага түшүнүктүүбү-жокпу, анын тагылган айыптоо менен макулдугун жана өзүнүн өкүмдүн токтомун соттук териштирүүсүз чыгаруу жөнүндө өтүнүчүн колдоорун, бул өтүнүч ыктыярдуу жана жактоочусу менен кеңешкенден кийин билдирилгенби, өкүмдүн токтомун соттук териштирүүсүз чыгаруунун натыйжаларын түшүнө билеби, ушуларды сурайт. Соттук заседаниеде жабырлануучу катышып олтурганда судья андан соттолуучунун өтүнүчүнө карата мамилесин сурап билет.

(5) Судья жазык иши боюнча чогулган далилдерди жалпы тартипте иликтөөнү жана баа берүүнү жүргүзбөйт. Мында соттолуучунун инсандыгын мүнөздөөчү жагдайлар жана жазаны жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жагдайлар иликтениши мүмкүн. Судья тараптардын жарыш сөздөрүн, соттолуучунун акыркы сөзүн угат, андан кийин өкүмдүн токтомун чыгаруу үчүн дароо чыгып кетет.

(6) Соттолуучу, мамлекеттик же жеке айыптоочу, жабырлануучу өкүмдүн токтомуна каршы болгондо судья соттук териштирүүсүз же өз демилгеси менен соттук териштирүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин токтотуу жөнүндө жана жазык ишин жалпы тартипте кароону белгилөө жөнүндө токтом чыгарат.

(7) Эгерде судья соттолуучу макул болгон айыптоо жазык иши боюнча топтолгон далилдер менен бышыкталат деген жыйынтыкка келсе, анда ал айыптоо өкүмүнүн токтомун чыгарат жана соттолуучуга эң жогорку мөөнөттүн үчтөн экисинен ашпаган же жасалган кылмыш үчүн каралган бир кыйла катуу жаза түрүнүн өлчөмүнөн ашпаган жазаны белгилейт.

(8) Айыптоочу өкүмдүн баяндама-жүйөөлөмө бөлүгү соттолуучу макул болгон кылмыштуу жосунду сыпаттоодон, ошондой эле соттук териштирүүсүз өкүмдүн токтомунун шарттарын сактоо жөнүндө соттун жыйынтыктарынан турат. Судьянын далилдерди талдоосу жана аларга баа берүүсү өкүмдө чагылдырылбайт.

(9) Сот өкүм чыгаруунун алдында соттолуучуну, жабырлануучуну суракка алат, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүн, эксперттик корутундуларды жарыялайт, мамлекеттик айыптоочунун, жактоочунун же өкүлдүн (мыйзамдуу өкүлдүн) ой-пикирлерин угат.

(10) Эгерде сот соттолуучу макул болуусунун негиздүүлүгү жөнүндө тыянакка келсе, ал айыптоо өкүмүн чыгарат жана соттолуучуга кылмыш жасагандыгы үчүн каралган максималдуу мөөнөттүн үчтөн экисинен же жаза берүүнүн эң катуу түрүнүн өлчөмүнөн ашпай турган жаза дайындайт.

(11) Өкүм жарыялангандан кийин судья тараптарга ушул Кодекстин 38-главасында каралган ага карата даттануу укугун жана тартибин түшүндүрөт.

(12) Ушул Кодекстин 147-статьясында каралган процесстик чыгымдар соттолуучудан өндүрүлүп алынбайт.

(13) ушул Кодекстин 328-3-статьясына ылайык чыгарылган өкүм ушул Кодекстин 349-статьясынын 1-пунктунда каралган негиздер боюнча апелляциялык, кассациялык жана көзөмөл тартибинде даттанылышы мүмкүн эмес.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 37-Глава
## Жекече айыптоо иштери боюнча өндүрүш

### 329-статья. Жекече айыптоо иштерин козгоо

(1) Жекече айыптоо иши адам тарабынан башка адамды жазык жоопкерчилигине тартуу жөнүндө сотко арыз берүү жолу менен козголот.

(2) Арызда ал берилген соттун аталышы; кылмыш окуясынын баяндалышы, далилдерди, ал жасалган жерди жана убакытты көрсөтүү менен; ишти жүргүзүүгө алуу жөнүндө сотко кайрылган өтүнүү; жазык жоопкерчилигине тартылуучу адам жөнүндө маалыматтар; сотко чакыруу зарыл болгон күбөлөрдүн тизмеси камтылууга тийиш. Ага арыз берген адамдын колу коюлат.

(3) Арыз жекече айыптоо иши козголуп жаткан адамдардын санына жараша көчүрмөлөрү менен сотко берилет.

(4) Сот арызды өзүнө алган учурдан тартып, арыз берген адам жекече айыптоочу болуп саналат жана ага ушул Кодекстин 27 жана 50-статьяларында каралган укуктар түшүндүрүлүп берилүүгө тийиш.

### 330-статья. Жекече айыптоо иши боюнча судьянын соттук териштирүүнүн башталышына чейинки ыйгарым укуктары

(1) Берилген арыз ушул Кодекстин 329-статьясынын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүнүн талаптарына жооп бербеген учурларда, судья арыз берген адамга далилдер келтирүүнү, кемчиликтерди жоюуну сунуш кылат жана бул үчүн мөөнөт белгилейт. Көрсөтмөлөр аткарылбаган учурда, судья өзүнүн токтому аркылуу арызды алуудан баш тартат жана бул жөнүндө арыз берген адамга маалымдайт.

(2) Жекече айыптоочунун өтүнүчү боюнча судья далилдер чогултууга көмөк көрсөтүүгө тийиш.

(3) Сот заседаниесин дайындоо үчүн негиздер болгондо, судья арыз сотко келип түшкөн учурдан тартып, жети суткага чейинки мөөнөттө, өзүнө карата арыз берилген адамды чакырууга, аны иштин материалдары менен тааныштырууга, берилген арыздын көчүрмөсүн тапшырууга жана соттолуучунун ушул Кодекстин 42-статьясында каралган сот заседаниесиндеги укуктарын түшүндүрүүгө жана ал адамдын ою боюнча жактоочу күбөлөр катары сотко кимдерди чакыруу зарыл экендигин айкындоого милдеттүү.

(4) Судья тараптарга жарашуу мүмкүндүгүн түшүндүрөт. Алардан жарашуу жөнүндө арыздар түшкөн учурда, ушул Кодекстин 29-статьясынын негизинде иш жүргүзүү судьянын токтому боюнча токтотулат.

(5) Эгерде тараптар ортосунда жарашууга жетишилбесе, судья ушул статьянын үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүнүн талаптары аткарылгандан кийин ушул Кодекстин 247-статьясынын эрежелери боюнча ишти кароону дайындайт.

**331-статья. Ишти сот заседаниесинде териштирүү**

(1) Жекече айыптоо иши боюнча арызды кароо карыш берилген арызды кароо менен бир өндүрүшкө бириктирилиши мүмкүн. Бириктирүүгө соттук териштирүүгө чейин судьянын токтому боюнча жол берилет. Арыздарды бир өндүрүшкө бириктирүүдө арыз берген адамдар процесске бир эле убакта жекече айыптоочу жана соттолуучу катары катышышат. Каршы даттануу түшкөндүгүнө жана каршы арыз берилген адамдын өтүнүчү боюнча өндүрүштөр бириктирилгендигине байланыштуу актанууга даярдануу үчүн иш үч суткадан ашпаган мөөнөткө кийинкиге калтырылышы мүмкүн. Бул адамдарды, алардын өздөрүнүн даттанууларында баяндалган жагдайлар жөнүндө суракка алуу жабырлануучуну суракка алуу эрежелери боюнча, ал эми каршы берилген даттанууларда баяндалган жагдайлар жөнүндө - соттолуучуну суракка алуу эрежелери боюнча жүргүзүлөт.

(2) Жекече айыптоо иштери боюнча сот заседаниесинде айыптоону жекече айыптоочу же анын өкүлү жактайт.

(3) Жекече айыптоо иштери боюнча соттук териштирүү арыз берген адам же анын өкүлү тарабынан арызды баяндап берүү менен башталат.

(4) Жекече айыптоочунун же анын өкүлүнүн сот заседаниесине жүйөлүү себептерсиз келбей коюушу, берилген арыздан баш тартууну билдирет жана иш боюнча өндүрүштү токтотууга алып келет.

## 37-1-глава
## Сот арачыларынын катышуусу менен сотто иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү

**331-1-статья. Сот арачыларынын катышуусу менен иштерди кароонун тартиби**

Сот арачыларынын катышуусу менен иштерди кароонун тартиби ушул главада каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен ушул Кодексте белгиленген жалпы эрежелер менен аныкталат.

**331-2-статья. Сот арачылары менен карым-катнаштын чектелгендиги**

Мамлекеттик айыптоочуга, жапа чегүүчүгө, соттолуучуга жана анын коргоочусуна, ошондой эле процесстин башка катышуучуларына сот арачыларынын катышуусу менен соттук териштирүүнүн бүткүл убактысында ушул Кодекс менен белгиленген тартиптен тышкары ошол ишти кароого катышкан сот арачылары менен карым-катнаш түзүүгө тыюу салынат.

**331-3-статья. Алдын ала угууларды өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү**

(1) Алдын ала угуу судья тарабынан тараптардын катышуусу менен сот заседаниесинде жекече өткөрүлөт.

Тараптар алдын ала угууларды өткөрүү күнү жөнүндө үч суткадан кечиктирбестен кабардар кылынат.

Алдын ала угууларга талаптагыдай маалымдар кылынган жапа чегүүчүнүн, анын коргоочусунун келбей калышы алдын ала угууларды өткөрүү үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

(2) Алдын ала угууларды ачуу менен судья кайсы иш карала тургандыгын жарыялайт, катышуучуларга өзүн тааныштырат, мамлекеттик айыптоочу, коргоочу, катчы ким экендигин билдирет, соттолуучунун ким экендигин тастыктайт, берилген баш тартууларды чечет. Мамлекеттик айыптоочу айыпталуучу катары тартуу жөнүндө токтомдун корутунду бөлүгүн жарыя кылат. Судья соттолуучуга айып түшүнүктүү экендигин тактайт, зарыл болгон учурда ага айыптын маңызын түшүндүрөт жана андан анын ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндө өтүнүчүн ырастай тургандыгын сурайт.

(3) Эгерде соттолуучу анын ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндөгү өтүнүчүн ырастаса, анда судья ал өтүнүчтү канааттандыруу жөнүндө жарыялайт жана мамлекеттик

айыптоочунун, жапа чегүүчүнүн, соттолуучунун, алардын коргоочуларынын өтүнүчтөрүн, ошондой эле мурдатан билдирилген башка өтүнүчтөрдү кароого өтөт. Судья тараптардын пикирлерин угуу менен өтүнүчтөрдү чечет. Айыптоо жана коргоо тарабынын өтүнүчтөрү судьялардын аларды кароосу үчүн милдеттүү болуп саналат.

(4) Алдын ала угуу зарыл болгон учурда далил катары алардын жеткиликтүүлүгүн текшерүү үчүн ишке тиркелген документтер, ошондой эле башка далилдер жарыя кылынышы мүмкүн.

(5) Эгерде соттолуучу анын ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндөгү өз өтүнүчүн ырастабаса, судья алдын ала угуу аяктады деп жарыялайт жана ишти ушул Кодекстин 34-главасында каралган эрежелер боюнча андан ары кароо үчүн биринчи инстанциядагы тийиштүү сотко жөнөтөт.

**331-4-статья. Алдын ала угуулардын натыйжалары боюнча чыгарылган чечимдердин түрлөрү**

(1) Алдын ала угуулардын натыйжалары боюнча судья токтом формасында чыгарылган төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алат:

1) сот тарабынан сот арачыларынын катышуусу менен угууларга жазык ишин дайындоо жөнүндө;

2) ушул Кодекстин 34-главасында каралган эрежелер боюнча андан ары кароо үчүн биринчи инстанциядагы тийиштүү сотко жазык ишин жөнөтүү жөнүндө.

(2) Судья сот тарабынан сот арачыларынын катышуусу менен жазык ишин угууга дайындоо жөнүндө токтомдо:

1) сот арачыларынын коллегиясын түзүү үчүн сотко чакырылууга тийиш болгон сот арачылыкка талапкерлердин санын аныктайт, ал элүүдөн кем болбоого тийиш;

2) сот арачыларынын коллегиясын түзүү үчүн сот заседаниесин өткөрүүнүн датасын аныктайт.

(3) Сот арачыларынын катышуусу менен сотто угууга жазык ишин дайындоо менен бир учурда тараптардын пикирин эске алуу менен алдын ала угуулардын натыйжалары боюнча ушул Кодекстин 81-статьясына ылайык далил катары жол берилгис болгон иш жүзүндөгү маалыматтарды ишти териштирүүдөн жокко чыгаруу жөнүндө маселени карайт.

(4) Сот арачыларынын катышуусу менен сот тарабынан угууга жазык ишин дайындоо жөнүндө судьянын токтому биротоло болуп саналат. Соттолуучунун ишти сот тарабынан сот арачыларынын катышуусу менен кароодон баш тартышынын себеби боюнча кийин токтом кайра каралууга тийиш эмес.

**331-5-статья. Сот арачылыкка талапкерлердин алдын ала курамын түзүүнүн тартиби**

(1) Сот арачылардын катышуусу менен угууга жазык ишин дайындоо жөнүндө токтом чыгарылган күнү соттун администратору төрагалык кылуучунун буйругу боюнча, кокусунан тандап алуу жолу менен, мамлекеттик айыптоочунун жана соттолуучунун коргоочусунун катышуусунда саны элүүдөн кем эмес сот арачыларынын коллегиясына талапкерлердин алдын ала курамын түзөт.

(2) Жазык иштерин коргоого катышуу үчүн сот арачылыкка талапкерлерди тандоону аяктоо боюнча фамилиясын, аты-жөнүн көрсөтүү менен сот арачылыкка талапкерлердин алдын ала курамы жөнүндө тизме түзүлөт, ага сот администратору жана тараптар кол коет. Сот арачылыкка талапкерлердин фамилиялары тизмеге кокусунан тандап алуу кандай өтсө, ошол тартипте киргизилет.

Сот арачыларынын коллегиясынын алдын ала курамы маалыматтык автоматташтырылган системанын жардамы менен сот арачылыкка талапкерлердин ар жылдык акыркы тизмесинен түзүлөт.

(3) Сот арачыларынын коллегиясын түзө баштоо үчүн сот заседаниесине келген сот арачысына отуз беш талапкердин болушу жетиштүү.

(4) Сот арачыларынын коллегиясынын алдын ала курамына киргизилген сот арачылыкка талапкерлерге сот заседаниеси башталганга чейин жети суткадан кечиктирбестен сот

арачыларынын коллегиясын түзүү үчүн сот арачылардын эскерткичи жана анкетасы, ошондой эле сот заседаниесине келүүнүн күнү жана убактысы көрсөтүлгөн билдирме тапшырылат.

**331-6-статья. Соттук териштирүүгө катышуу үчүн сот арачыларынын коллегиясын түзүү боюнча сот заседаниесин өткөрүүнүн тартиби**

(1) Төрагалык кылуучу сот заседаниесин ачат, өзүн тааныштырат жана процесстин башка катышуучуларын тааныштырат, тараптардын келишин текшерет, процесстин катышуучуларына ушул Кодекс менен белгиленген алардын укуктарын, анын ичинде алардын судьяга, прокурорго, сот заседаниесинин катчысына, сот арачылыкка талапкерлерге наразылык билдирүү укуктарын, ошондой эле бул укукту пайдаланбоонун кесепеттерин түшүндүрөт жана соттун администраторуна сөз берет, ал сот арачыларынын коллегиясынын алдын ала курамына киргизилген жарандардын келгендиги жөнүндө билдирет.

Төрагалык кылуучу сот арачысына талапкерлердин алдында кыскача кириш сөз сүйлөйт, анда ал:

1) кандай иш карала тургандыгын билдирет;

2) сот арачыларынын милдеттери жана ал ишти кароого алардын катышуусунун шарттары жөнүндө билдирет;

3) "Кыргыз Республикасынын сотторундагы сот арачылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган сот арачыларынын милдеттерин аткаруудан бошотуунун негиздерин түшүндүрөт.

(2) Сот арачыларынын алдын ала курамына киргизилген адамдардын эсебинен сот арачыларынын коллегиясын түзүү төмөнкүдөй жол менен жүзөгө ашырылат:

1) төрагалык кылуучу судьянын "Кыргыз Республикасынын сотторундагы сот арачылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган негиздер жана башка негиздер боюнча сот арачылыкка талапкерлерди ишти кароого катышуудан бошотуу;

2) баш тартуу жөнүндө маселени чечүү;

3) сот арачысына талапкерлерден тараптардын жүйөлүү себепсиз баш тартышын канааттандыруу.

(3) Сот арачыларынын коллегиясын түзүү соттун жабык заседаниесинде жүргүзүлөт.

(4) Сот заседаниесине келген сот арачылыкка талапкерлердин тизмеси тараптарга тапшырылат. Тизмеде сот арачылыкка талапкерлердин фамилиясы жана атын көрсөтүү менен бирдикте алардын жаш курагы, кылган кесибинин түрү, билими көрсөтүлөт.

(5) Сот арачыларынын коллегиясы негизги курамдагы тогуз сот арачысынан жана запастагы курамдагы сот арачыларынан турат.

(6) Бир эле киши бир жылдын ичинде сот заседаниесине сот арачысы катары бир жолудан ашык катыша албайт.

(7) Сот арачылыкка талапкерди ишти кароого катышуудан бошотуу жөнүндө маселени калыс чечүү максатында сот арачыларын тандоодо тараптар төрагалык кылуучу аныктаган кезектүүлүк менен талапкерлерге суроо берүүгө укуктуу.

Төрагалык кылуучу судьянын уруксаты менен сот арачылыкка талапкерлерге багытталган суроолордун баары же бөлүгү тараптар тарабынан жазуу жүзүндө түзүлүшү мүмкүн. Тараптардын суроолору менен анкета ал төрагалык кылуучу тарабынан жактырылгандан кийин толтуруу үчүн сот арачылыкка талапкерлерге сунуш кылынат.

(8) Сот арачылыкка талапкер төрагалык кылуучунун, айыптоочу жана коргоочу тараптын ишти кароого катышуу үчүн тандоодо берилген суроолоруна туура жооп берүүгө, ошондой эле төрагалык кылуучунун талабы боюнча өзү жөнүндө жана ишке катышкан башка адамдар менен мамилеси жөнүндө башка зарыл маалыматтарды берүүгө тийиш. Алардын мыйзам менен корголгон укуктарын жана таламдарын козгогон суроолор төрагалык кылуучу тарабынан четке кагылат.

(9) Сот арачысына талапкерди ишти кароого катышуудан бошотуу менен байланышкан бардык суроолор, ошондой эле сот арачылыкка талапкерлерге жасалган баш тартуулар кеңешүү бөлмөсүнө чыгып кетпестен төрагалык кылуучу судья тарабынан жекече чечилет.

(10) Баш тартуулар жөнүндө маселени чечүүдө же сот арачыларынын коллегиясын түзүүдө аны түзүүнүн тууралыгына таасир тийгизген кандайдыр бир бузууларга жол берилген учурда төрагалык кылуучу сот арачыларынын коллегиясынын түзүлүшүн анык эмес деп жарыялайт жана сот арачылыкка талапкерлерди толук көлөмүндө же болбосо жарым-жартылай кайрадан тандоо жүргүзөт.

(11) Сот арачыларын ант бергенге чейин тараптар каралып жаткан жазык ишинин өзгөчөлүгүнүн натыйжасында сот арачыларынын түзүлгөн коллегиясы объективдүү вердикт чыгарууга негизинен жөндөмсүз болуп калаарын билдирүүгө укуктуу.

(12) Эгерде сотко келген сот арачылыкка талапкерлердин саны отуз бештен кем болсо, анда төрагалык кылуучу сот арачылыкка талапкерлердин жетпеген санын кошумча тандоо жөнүндө буйрук берет.

Кошумча тандоо үчүн чакырылган сот арачылыкка талапкерлердин саны жана аны өткөрүү мөөнөтү төрагалык кылуучу тарабынан аныкталат. Мында төрагалык кылуучу сот заседаниесине тыныгуу жарыялайт.

**331-7-статья. Сот арачылыкка талапкерлерди сот арачысынын милдеттеринен бошотуу жөнүндө маселени чечүү**

(1) Төрагалык кылуучу сот арачылыкка талапкерлердин кимдир-бирөөсүн ишти кароого катышуудан бошотуу үчүн мыйзамда каралган себептерди тактайт жана маңызы боюнча чечим кабыл алат. Сот арачысына келген ар бир талапкер "Кыргыз Республикасынын сотторундагы сот арачылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган негиздерди, ошондой эле сот арачылыкка талапкерлерди ишти кароого катышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан башка жүйөлүү себептерди көрсөтүүгө укуктуу. Сот арачылыкка талапкерлерди ишти кароого катышуудан бошотуу жөнүндө чечими кеңешүү бөлмөсүнө чыгын кетпестен судья тарабынан кабыл алынат.

(2) Сот арачылыкка талапкерлердин бошотулгандары алдын ала курамдан чыгарылат жана сот заседаниесинин залынан чыгарылат.

**331-8-статья. Сот арачылыкка талапкерлерден баш тартуу жөнүндө маселени чечүү**

(1) Сот арачыларынын коллегиясынын алдын ала курамынан сот арачысына ар бир талапкерге тараптар ушул Кодекстин 72-статьясында каралган тартипте жана төмөнкүдөй учурларда баш тартуу билдирүүгө тийиш:

1) эгер сот арачылыкка талапкер ушул иш боюнча жапа чегүүчү, жарандык доогер, жарандык жоопкер болуп саналса, күбө катары чакырылса же болбосо чакырылышы мүмкүн болсо;

2) эгер сот арачылыкка талапкер ошол жазык иши боюнча өндүрүшкө эксперт, адис, котормочу, калыс күбө, сот заседаниесинин катчысы, тергөөчү, прокурор, коргоочу, айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү, жапа чегүүчүнүн өкүлү, жарандык доогер же жарандык жоопкер болсо;

3) сот арачылыкка талапкер жапа чегүүчүнүн, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин же алардын өкүлдөрүнүн, айыпталуучунун же анын мыйзамдуу өкүлүнүн, прокурордун, коргоочунун, тергөөчүнүн тууганы болуп саналса;

4) сот арачылыкка талапкер ушул иштин натыйжасына жеке, тикелей же кыйыр таламдаш, ошондой эле башка себептер боюнча калыс боло албайт деп эсептөөгө негиз берген башка жагдайлар болгондо.

(2) Тараптар төрагалык кылуучуга баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү жүйөлүү өтүнүчтү жарыя кылбастан берет. Тараптардын өтүнүчтөрүн канааттандыруу сот арачылыкка талапкерлерди алдын ала курамдан чыгарып салууга алып келет. Мында төрагалык кылуучу өз чечимин тараптарга жеткирет.

*(КР 2012-жылдын 8-майындагы N 48 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**331-9-статья. Сот арачылыкка талапкерликтен жүйөсүз баш тартуу**

(1) Сот арачылыкка талапкерлердин саны он сегиз жана андан ашыкты түзсө, ушул Кодекстин 331-8-статьясына ылайык билдирилген баш тартуулар канааттандырылгандан кийин төрагалык кылуучу тараптарга жүйөсүз баш тартууну билдирүүнү сунуш кылат.

(2) Жүйөсүз баш тартуу тараптардын жүйөсүз баш тартууга жаткан сот арачылыкка талапкерлердин тизмесин берүү аркылуу жүргүзүлөт. Тизмеге прокурор жана (же) жапа чегүүчү, соттолуучу жана (же) коргоочу жеке өзү кол коюуга тийиш.

Сот арачылыкка талапкерлерди жүйөсүз баш тартууну биринчи прокурор жүзөгө ашырат, андан кийин алар берген тизме төрагалык кылуучуга жана коргоочулар тарабына көрсөтүлөт.

Ар бир тарапка сот арачылыкка талапкерлердин бирдей санын, бирок сот арачылыкка экиден кем эмес талапкерди коюу мүмкүнчүлүгү берилет. Жүйөсүз баш тартуу жөнүндө маселе тийиштүү түрдө прокурор жана жапа чегүүчүнүн жана соттолуучу менен коргочуунун ортосунда макулдашылат. Соттолуучу өзүнүн коргоочусуна сот арачылыкка талапкерден баш тартуу укугун жүзөгө ашырууну тапшырууга укуктуу.

(3) Эгерде бир нече соттолуучулар болсо жана алардын ортосунда жүйөсүз баш тартууну бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу жок болсо, анда алардын саны чучукулак өткөрүү, ар бир соттолуучуга бирден билетти урнага салуу жолу менен соттолуучулардын ортосунда бөлүштүрүлөт, бардык билеттер алынып бүткөндө жол-жоболор кайталанат. Соттолуучу анын фамилиясы бар билетти төрагалык кылуучу канча жолу урнадан алып чыкса, ошончо сот арачылыкка талапкерден баш тартууга укуктуу.

(4) Прокурор, соттолуучу жана анын коргоочусу төрагалык кылуучу аркылуу сот арачылыкка талапкердин кимдир-бирөө өздөрүн тааныштырышын өтүнүүгө укуктуу.

(5) Соттолуучулардын кимдир-бирөөнүн сот арачылыкка талапкерлерден жүйөсүз баш тартуу укугунан баш тартышы сот арачылыкка талапкерлердин санын бөлүп коюу боюнча башка соттолуучулардын укуктарын чектөөгө алып келбейт.

(6) Эгерде бөлүп коюлбаган сот арачылыкка талапкерлердин саны төрагалык кылуучу тарабынан аныкталган сот арачылардын санынан ашса, анда төрагалык кылуучунун көрсөтмөсү боюнча сот заседаниесинин протоколуна төрагалык кылуучу тарабынан аныкталган, талапкерлердин тизмесинде биринчи бараткан сот арачыларынын саны киргизилет.

(7) Тараптар жүйөсүз баш тарткан сот арачылыкка талапкерлердин тизмеси жазык ишинин материалдарына тиркелет.

**331-10-статья. Сот арачыларынын коллегиясынын алдын ала курамына кошумча тандоонун тартиби**

(1) Ушул Кодекстин 331-8-статьясына ылайык баш тартуу канааттандырылгандан кийин сот арачылыкка талапкерлердин саны он сегизге жетпей калса, төрагалык кылуучу ушул Кодекстин 331-5-статьясынын биринчи бөлүгүндө белгиленген тартипте сот арачыларынын коллегиясынын алдын ала курамына сот арачылыкка талапкерлердин жетпеген санына кошумча тандоо жүргүзүү жөнүндө жарыялайт.

(2) Кошумча тандоонун натыйжасында тандалып алынган сот арачылыкка талапкерлер ушул Кодекстин 331-7 жана 331-8-статьясында каралган жол-жоболордон өтөт.

(3) Кошумча тандоо үчүн чакырылган сот арачылыкка талапкерлердин саны төрагалык кылуучу тарабынан аныкталат.

(4) Сот арачыларынын коллегиясынын алдын ала курамына кошумча тандоо жарыяланган учурда ушул Кодекстин 331-5-статьясында каралган жол-жоболор аяктаганга чейин сот заседаниесине тыныгуу жарыяланат.

**331-11-статья. Сот арачыларынын коллегиясын түзүүнү аяктоо боюнча төрагалык кылуучунун аракеттери**

(1) Сот арачыларынын коллегиясын түзүүнү аяктоо боюнча төрагалык кылуучу сот арачылыкка тигил же бул талапкерлерди алдын ала курамдан чыгарып салуунун негиздерин көрсөтпөстөн тандап алуунун натыйжасын жарыя кылат, калган сот арачылыкка талапкерлерге ыраазычылык билдирет.

(2) Төрагалык кылуучу сот заседаниесинин протоколуна киргизилген сот арачыларынын фамилиясын, аты-жөнүн жарыя кылат, мында биринчи тогуз сот арачысы сот арачыларынын коллегиясын түзөт, ал эми кийинкилери запастагылар катары ишти кароого катышат.

**331-12-статья. Сот арачыларынын улугу**

(1) Сот арачыларынын коллегиясын түзүү аяктагандан кийин төрагалык кылуучу негизги курамдагы сот арачыларына улукту шайлоо үчүн кеңешүү бөлмөсүнө чыгууну сунуш кылат. Улук негизги курамдагы сот арачыларынын ичинен көпчүлүк добуш менен ачык добуш берүү аркылуу шайланат.

(2) Сот арачылары сот заседаниесинин залына кайтып келгенден кийин улук төрагалык кылуучуга жана тараптарга ал сот арачыларынын чечими менен шайлангандыгын билдирет.

(3) Сот арачыларынын улугу сот арачыларынын кеңешмесинин жүрүшүнө жетекчилик кылат, алардын тапшыруусу боюнча төрагалык кылуучуга суроо жана өтүнүч менен кайрылат, сот берген суроолорду жарыя кылат, аларга жоопторду жазып алат, добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарат, вердиктти жол-жоболоштурат жана төрагалык кылуучунун көрсөтмөсү боюнча аны сот заседаниесинде жарыя кылат.

(4) Сот арачыларынын улугу шайлангандан кийин төрагалык кылуучу сот арачыларынын коллегиясын сот арачыларынын отургучунан аларга бөлүнгөн орунду ээлөөнү сунуш кылат.

**331-13-статья. Сот арачыларынын ант бериши**

(1) Төрагалык кылуучу сот арачыларына ант берүү сунушу менен кайрылат жана төмөнкүдөй мазмундагы текстти окуп берет: "Сот арачысынын милдеттерин аткарууга киришип жатып өз милдеттеримди адилет, ак ниет жана калыс аткарууга, сотто каралган соттолуучуну каралаган, ошондой эле аны актаган бардык далилдерди, жүйөлөрдү, иштин жагдайларын көңүлгө алууга, ишти күнөөлүүнү актабастан жана күнөөсүздү айыптабастан өзүмдүн ички ынанымдарым жана абийирим боюнча чечүүгө ант беремин."

(2) Ант жарыя кылынгандан кийин төрагалык кылуучу сот арачыларынын, анын ичинде жана запастагылардын фамилияларын атайт, алардын ар бири: "Ант беремин" деп жооп берет.

(3) Сот арачыларынын ант бергендиги жөнүндө сот заседаниесинин протоколуна жазуу жазылат.

(4) Ант берилгенден кийин төрагалык кылуучу сот арачыларына ушул Кодекстин 32-2-статьясында каралган алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүп берет жана соттук териштирүүгө киришет.

**331-14-статья. Соттук териштирүүгө сот арачыларынын катышуусунун жалпы шарттары**

(1) Сот арачыларынын орундары сот заседаниесинин залында катышып отургандардан бөлүнүп жана, эреже катары, соттолуучулардын отургучунун каршысынан орун алууга тийиш. Сот арачыларынын запастагы курамы төрагалык кылуучу алар үчүн атайын бөлгөн сот арачыларынын отургучтарынан орун алат.

(2) Сот арачыларынын кимдир-бирөөнүн сот заседаниесине катышуу мүмкүнчүлүгү болбой калган учурда запастагы курамдын сот арачылары вердикт чыгарылганга чейин сот арачыларынын негизги курамына киргизилиши мүмкүн. Чыгып калган сот арачыларын запастагылар менен алмаштыруу жазык иши боюнча сот арачыларынын коллегиясын түзүүдөгү тизмеде көрсөтүлгөн ырааттуулукта жүргүзүлөт. Эгерде чыгып калган сот арачыларды запастагылар менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгү жок калган учурда төрагалык кылуучу болуп өткөн соттук териштирүүнү анык эмес деп жарыялайт жана соттук териштирүүнү ушул Кодекстин 331-5-статьясына ылайык сот арачылыкка талапкерлерди алдын ала тандоо этабына кайра кайтарат.

(3) Эгерде соттук териштирүүнүн жүрүшүндө сот арачыларынын улугу чыгып калса, аны алмаштыруу ушул Кодекстин 331-12-статьясынын 1-бөлүгүндө белгиленген тартипте кайталап шайлоо жолу менен жүргүзүлөт.

**331-15-статья. Төрагалык кылуучунун жана сот арачыларынын ыйгарым укуктары**

(1) Жазык ишин соттук териштирүүнүн жүрүшүндө ушул статьянын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөндөрдөн тышкары бардык маселелер ушул Кодексте белгиленген талаптарга ылайык төрагалык кылуучу тарабынан жеке чечилет.

(2) Жазык ишин соттук териштирүүнүн жүрүшүндө сот арачылары ушул Кодекстин 312-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 1, 2, 4-пункттарында каралган жана суроо баракчасында баяндалган маселелерди чечет. Соттолуучу күнөөлүү деп табынган учурда сот арачылары соттолуучу күнөөсүн жеңилдетүүгө арзый тургандыгын көрсөтүүгө укуктуу.

(3) Төрагалык кылуучу сот арачылары жок болгондо тараптардын өтүнүчтөрү боюнча ишти териштирүүдөн ушул Кодекстин 81-статьясына ылайык далил катары жол берилгис болгон иш жүзүндөгү маалыматтарды чыгарып салуу жөнүндө маселени чечүүгө милдеттүү.

(4) Тараптар сот арачылары катышкан сотто ишти териштирүүдөн чыгарып салынган далилдер бар экендиги жөнүндө эске салууга, өзүнүн позициясын негиздөө үчүн аларга таянууга укуксуз.

(5) Төрагалык кылуучу сот арачыларын жол берилгис деп таанылган далилдер менен тааныштырууга укуксуз.

Эгерде төрагалык кылуучу сот арачыларына, алар ушундай тартипте алган маалыматтарды эсепке албоого милдеттүү экендигин түшүндүрсө, сот арасыларынын катышуусунда изилденгенге чейин жол берилгис деп таанылган же кийин жазыктык-процесстик мыйзамды орчундуу бузгандык болбогон далилдер менен сот арачыларын тааныштыруу.

**331-16-статья. Сот арачыларынын катышуусу менен сотто соттук териштирүүнүн өзгөчөлүктөрү**

(1) Сот арачыларынын катышуусу менен соттук териштирүү ушул статьянын талаптарын эске алуу менен ушул Кодекстин 286-304, 307-статьяларында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

(2) Төрагалык кылуучу соттолуучуга, жапа чегүүчүгө жана соттук териштирүүнүн башка катышуучуларына суроо берүүгө, ошондой эле изилденген далилдерге карата өз пикирин билдирүүгө укуксуз. Иш боюнча бардык далилдер соттук териштирүүнүн жүрүшүндө түздөн-түз жана оозеки изилденет. Тергөө өндүрүшүнүн стадиясында берилген процесстин катышуучуларынын көрсөтмөлөрүн жарыя кылууга ал адам өлгөн, катуу ооруп калган же ал Кыргыз Республикасынан сырткары чыгып кеткен же болбосо сотто көрсөтмө берүү мүмкүнчүлүгү болбой калган башка жагдайларда жол берилет. Соттук тергөөнүн жүрүшүндө эксперттин корутундусу талашка түшкөн учурда экспертти суракка алуу милдеттүү тартипте жүргүзүлөт.

(3) Соттолуучуну, жапа чегүүчүнү жана соттук териштирүүнүн башка катышуучуларын суракка алууну айып коюучу жана коргоочу тараптар жүргүзөт.

Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө сот арачыларынын катышуусу менен далилдениши сот арачыларынын ушул Кодекстин 331-15-статьясында каралган ыйгарым укуктарына ылайык белгилене турган жазык ишинин иш жүзүндөгү жагдайлары гана изилденет.

(4) Мамлекеттик айыптоочу айып коюу корутундусунун чечимдик бөлүгүн жарыя кылууда соттолуучунун соттолгондугунун фактылары жөнүндө эске салууга укуксуз.

(5) Сот арачылары төрагалык кылуучу аркылуу соттолуучуга, жапа чегүүчүгө, күбөлөргө, эксперттерге жана адистерге бул адамдар тараптар тарабынан суралгандан кийин суроо бере алышат. Суроолор сот арачылары тарабынан жазуу жүзүндө баяндалат жана улук аркылуу төрагалык кылуучуга берилет. Төрагалык кылуучу ишке тиешеси жок деп эсептеген, ошондой эле таңууланган же мазактоочу мүнөздөгү суроолорду четке кагууга укуктуу.

(6) Сот арачыларынын катышуусу менен соттолуучунун мурдагы соттолгондугуна байланышкан, аны өнөкөт аракеч же баңги деп таануу жөнүндөгү жагдайлар, ошондой эле соттолуучуга карата сот арачысынын бир жактуу мамилесин пайда кылышы мүмкүн болгон башка жагдайлар изилдөөгө жатпайт.

(7) Сот арачыларынын катышуусу менен сотто каралып жаткан жазык иштерин тергөөдөгү кемчиликтердин ордун толтуруу үчүн кайра кайтарууга жол берилбейт, коргоочу тараптын өтүнүчү боюнча ишти кайтаруу учурларын кошпогондо.

**331-17-статья. Соттук жарыш сөздөр**

(1) Соттук териштирүү аяктагандан кийин сот сот арачыларынын катышуусу менен соттук жарыш сөздөргө өтөт.

(2) Сотто сот арачыларынын катышуусу менен соттук жарыш сөздөр эки бөлүктөн турат.

(3) Жарыш сөздөрдүн биринчи бөлүгү прокурордун, жапа чегүүчүнүн, коргоочунун жана соттолуучунун сөздөрүнөн турат, алар соттолуучунун мурдагы соттолгондугу жөнүндө эске албастан, анын күнөөсүнүн далилденгендиги же далилденбегендиги боюнча өз позицияларын баяндайт. Тараптар сот арачыларынын катышуусу менен каралууга жатпай турган жагдайларды эскерте алышпайт жана сот заседаниесинде изилденбеген далилдерге таяна алышпайт. Төрагалык кылуучу мындай сөздөрдү токтотот жана сот арачыларына вердикт чыгарууда алар ушул жагдайларды эске алууга тийиш эместигин түшүндүрөт.

(4) Жарыш сөздөрдүн экинчи бөлүгү прокурордун, ошондой эле жапа чегүүчүнүн, жарандык доогердин жана жоопкердин же алардын өкүлдөрүнүн, коргоочунун жана соттолуучунун сөздөрүнөн турат, анда соттолуучунун аракеттерин квалификациялоо, жаза дайындоо, жарандык доо маселелери боюнча позициялар баяндалат. Жарыш сөздөрдүн экинчи бөлүгү вердикт жарыялангандан кийин сот арачыларынын катышуусуз жүргүзүлөт.

**331-18-статья. Сот арачыларынын катышуусу менен соттолуучунун соттогу репликалары жана соңку сөзү**

(1) Сүйлөп бүткөндөн кийин жарыш сөздүн бардык катышуучулары репликага укугу бар. Коргоочу жана соттолуучу акыркы репликага укугу бар.

(2) Ушул Кодекстин 306-статьясына ылайык соттолуучу акыркы сөз сүйлөөгө укуктуу.

**331-19-статья. Сот арачылары тарабынан чечилүүгө тийиш суроолордун коюлушу**

(1) Соттолуучу акыркы сөз сүйлөгөндөн кийин сот арачыларына чечүү үчүн бериле турган суроолорду түзүү үчүн зарыл болгон убакытка сот арачылары сот заседаниесинин залынан чыгып кетишет.

(2) Төрагалык кылуучу соттук териштирүүнүн, тараптардын жарыш сөздөрүнүн натыйжаларын эске алуу менен сот арачылары чечүүгө тийиш болгон суроолорду жазуу жүзүндө түзөт, аларды жарыя кылат жана тараптарга берет.

(3) Тараптар суроолордун мазмуну жана баяндалышы боюнча өз пикирлерин билдирүүгө жана сунуш киргизүүгө укуктуу.

(4) Тараптардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен төрагалык кылуучу сот арачылары чечүүгө тийиш болгон суроолорду биротоло түзөт, аларды суроо баракчаларына киргизет жана ага кол коет.

(5) Суроо баракчасынын мазмуну сот арачыларынын катышуусу менен жарыя кылынат жана суроо баракчасы сот арачылардын улугуна берилет.

(6) Кеңешүү бөлмөсүнө чыгып кетүүнүн алдында сот арачылары төрагалык кылуучудан коюлган суроолорго байланыштуу аларда пайда болгон так эместиктер боюнча түшүндүрмөлөрдү алууга, мында бул суроолорго мүмкүн болуучу жооптордун маңызына жана алардын укуктук жагына токтолбоого укуктуу.

**331-20-статья. Сот арачылары чечүүгө тийиш болгон суроолордун мазмуну**

(1) Соттолуучу жасады деп айыпталып жаткан ар бир жосун боюнча үч негизги суроо берилет:

1) жосун орун алгандыгы далилдендиби;

2) ошол жосунду соттолуучу жасагандыгы далилдендиби;

3) ошол жосунду жасоого соттолуучу күнөөлүүбү.

(2) Суроо баракчасында ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн негизги үч суроо бир суроого бириктирилиши мүмкүн.

(3) Суроо баракчасында эгер муну менен соттолуучунун абалы начарлабаса жана анын коргонуу укугу бузулбаса, сот арачыларынын соттолуучунун анча оор эмес кылмыш жасагандыгынын күнөөсүн таанышына багытталган жеке суроолорго да жол берилет. Айыптоо кызыкчылыгында да жеке суроолорго жол берилет.

(4) Соттолуучу кылмыш жасагандыгынын күнөөсү таанылган учурда сот арачылардын алдына ал анын күнөөсүн жеңилдетүүгө арзыйбы деген суроо коюлат.

(5) Суроолордун түзүлүшү мамлекеттик айыптоочу ага айып койбогон же суроо берилген учурга карата айыптоону колдобогон жосунду жасагандыгына соттолуучунун күнөөсүн таанууга кандайдыр бир жоопко жол берүүгө тийиш эмес.

(6) Бир нече соттолуучулар айыпталып жаткан жазык иши боюнча сот арачылары чечүүгө тийиш болгон суроолор ар бир соттолуучуга карата өзүнчө берилет.

(7) Суроолор сот арачыларына түшүнүктүү болгондой коюлат.

**331-21-статья. Төрагалык кылуучунун багыттоочу сөзү**

(1) Сот арачыларынын коллегиясы вердикт кабыл алуу үчүн кеңешүү бөлмөсүнө чыгып кетээрдин алдында төрагалык кылуучу сот арачыларына багыттоочу сөзү менен кайрылат.

(2) Багыттоочу сөз сүйлөөдө төрагалык кылуучуга сот арачыларынын коллегиясынын алдына коюлган маселелер боюнча өз пикирин кандайдыр бир формада билдирүүгө тыюу салынат.

(3) Төрагалык кылуучу багыттоочу сөзүндө:

1) айыптоонун мазмунун баяндайт;

2) соттолуучу айыпталып жаткан жосун жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти караган жазык мыйзамынын мазмунун билдирет;

3) өзүнүн ал далилдерге катышын билдирбестен жана алар боюнча тыянак чыгарбастан соттолуучунун айыбын ачкан, ошондой эле аны актаган далилдерди сотто изилдөө жөнүндө эске салат;

4) мамлекеттик айыптоочунун жана коргоочунун позицияларын баяндайт;

5) сот арачыларына далилдерге жалпысынан баа берүүнүн негизги эрежелерин; күнөөсүздүк презумпция принцибинин маңызын; соттолуучунун пайдасында четтетилбеген шек саноолорду чечмелөө жөнүндө жобону; алардын вердикти сот заседаниесинде түздөн-түз изилденген далилдерге гана негизделиши мүмкүн экендиги жөнүндө, алар үчүн эч кандай далилдер мурдатан белгиленген күчкө ээ эмес экендиги, алардын тыянактары божомолдорго, ошондой эле сот тарабынан жол берилгис деп таанылган далилдерге негизделбей тургандыгын түшүндүрөт;

6) сот арачыларынын коллегиясынын көңүлүн соттолуучунун сотто көрсөтмө берүүдөн баш тартышы же анын үн катпай коюшу юридикалык күчкө ээ эмес экендигине жана соттолуучунун күнөөлүү экендигинин далили катары чечмелениши мүмкүн экендигине бурат;

7) сот арачыларынын кеңешмесинин, коюлган суроолорго жооптуу даярдоонун, жооптор боюнча добуш берүүнүн жана вердикт кабыл алуунун тартибин түшүндүрөт;

8) сот арачыларына алар берген анттын мазмуну жөнүндө эскертет.

(4) Сот арачылары төрагалык кылуучунун багыттоочу сөзүн угуу жана алардын алдына коюлган суроолор менен таанышуу менен бирге, андан кошумча түшүндүрмөлөрдү алууга укуктуу. Багыттоочу сөздүн көчүрмөсү тараптарга жана сот арачыларына жарыя кылынгандан кийин дароо тапшырылат.

(5) Тараптар сот заседаниесинде төрагалык кылуучунун багыттоочу сөзүнүн мазмунуна байланыштуу ал объективдүүлүк принцибин бузгандыгынын жүйөөсү боюнча билдирүүгө укуктуу, алар сот заседаниесинин протоколуна киргизилүүгө тийиш.

(6) Багыттоочу сөздү түзүү үчүн төрагалык кылуучу сот заседаниесине жарыялоого укуктуу.

**331-22-статья. Сот арачыларынын кеңешмесинин купуялуулугу**

(1) Төрагалык кылуучунун багыттоочу сөзүнөн кийин сот арачылары вердикт кабыл алуу үчүн кеңешүү бөлмөсүнө чыгып кетишет.

(2) Сот арачыларынан тышкары кеңешүү бөлмөсүндө башка адамдардын болушуна жол берилбейт.

(3) Кеңешүү бөлмөсүндө байланыш каражаттарынын болушуна жана пайдаланылышына тыюу салынат.

(4) Сот арачылары вердиктти талкуулоодо жана кабыл алууда орун алган пикирлерди ачыкка чыгарууга укуксуз.

(5) Сот арачыларынын сот заседаниесинде жүргүзгөн жазууларын алар кеңешүү бөлмөсүндө сот арачыларынын алдына коюлган суроолорго жоопторду даярдоо үчүн пайдаланышы мүмкүн.

(6) Түнкү убакыттын кириши менен жумуш убактысынын аякташы боюнча, ошондой эле төрагалык кылуучунун уруксаты менен сот арачылары кеңешмени эс алуу үчүн токтотууга укуктуу. Эс алуу мезгилинде сот арачыларына ушул статьянын бешинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн жазууларды кеңешүү бөлмөсүнөн алып чыгууга тыюу салынат.

(7) Кеңешүү бөлмөсү соттук жасоол тарабынан анда сот арачылары турган бардык мезгилде кайтарууга алынат.

**331-23-статья. Кеңешүү бөлмөсүндө кеңешме өткөрүүнүн жана добуш берүүнүн тартиби**

(1) Сот арачыларынын кеңешмесине улук жетекчилик кылат, ал чечилүүгө тийиш болгон суроолорду талкууга катары менен коюп турат, аларга жооптор боюнча добуш берүүнү өткөрөт жана добуш берүүнүн эсебин жүргүзөт.

(2) Добуш берүү ачык жүргүзүлөт. Сот арачылары добуш берүүдө калыс калууга укуксуз. Сот арачылары алар сот арачыларынын тизмесинде көрсөтүлгөн кезектүүлүк боюнча добуш беришет.

(3) Улук акыркы болуп добуш берет.

**331-24-статья. Вердиктти кабыл алуу**

(1) Сот арачылары өздөрүнүн алдына коюлган суроолорду талкуулоодо чечимди бир добуштан кабыл алууга умтулуулары тийиш. Эгерде сот арачысы үч саат аралыгында талкуулоо убагында бир чечимге келе албаса, анда чечим добуш берүү аркылуу кабыл алынат.

(2) Сот арачыларынын вердикттери айыптоочу же актоочу болушу мүмкүн.

(3) Сот арачыларынын жетиден кем эмеси ушул Кодекстин 331-20-статьясынын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн үч суроонун жок дегенде бирөөнө терс жооп берген учурда актоочу вердикт чыгарылат.

(4) Сот арачыларынын көпчүлүгү ушул Кодекстин 331-20-статьясынын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн үч суроого сот арачыларынын жетиден кем эмеси оң жооп берген учурда айыптоочу вердикт чыгарылат.

(5) Эгер актаган да, айыптабаган да вердикттер кабыл алынбаса, анда вердикт чыгарылбаган болуп эсептелет, ал эми коллегия таркатууга жатат.

Прокурор бир айдын ичинде сот арачылардын жаңы курамынын алдында процессти кайра баштоо жөнүндө же болбосо жазык ишин токтотуу жөнүндө сотко сунуш киргизиши керек.

Прокурордон процессти кайра баштоо жөнүндө сунуш түшкөн учурда сот ушул главанын талаптарына ылайык коллегиянын жаңы курамын түзүүгө киришет.

(6) Сот арачыларынын алдына коюлган суроолорго жооптор ("Ооба, күнөөлүү", "Жок, күнөөлүү эмес" жана башка ушул сыяктуу жооптор) жооптун маңызын ачуучу же тактоочу, милдеттүү түрдө бышыктоону же четке кагууну түшүндүрүүчү сөз же сөз тизмеги болуусу тийиш. Алдыңкы суроого берилген жооп андан кийинки суроолорго жооп берүүнүн зарылдыгын жокко чыгарган учурда улук ал жооптон кийин "жоопсуз" деген сөздү жазат.

Соттолуучунун күнөөлүүлүгү жөнүндө оң жооп бергенде же анын жосуну далилденгенде, сот арачылары жооптон кайсы бир фразаны алып салууга эскертүү кылууга укуктуу.

(7) Суроолорго жооптор түздөн-түз ар бир тиешелүү суроолордон кийин, сот арачыларынын улугу тарабынан суроо баракчасына киргизилет.

(8) Суроо баракчасында жооптон кийин улук добуштарды эсептөөнүн жыйынтыгын көрсөтөт. Коюлган суроолорго берилген жоопторду киргизүү менен суроо баракчасына улук тарабынан кол коюлат.

**331-25-статья. Соттук териштирүүнү кайра баштоо**

(1) Төрагалык кылуучу сот арачыларынын коллегиясынын улук аркылуу берилген өтүнүчү боюнча тараптардын ой-пикирин угуп, төмөнкүдөй учурларда соттук териштирүүнү кайра баштоо жөнүндө маселени чечет:

1) эгерде кеңешүүчү бөлмөдө сот арачылары суроо баракчасында коюлган суроолор боюнча кошумча түшүндүрмөлөрдү алуу зарылдыгы жөнүндө чечимге келишсе;

2) эгерде кеңешүү учурунда сот арачыларында жазык ишинин кандайдыр бир иш жүзүндөгү жагдайлары боюнча коюлган суроолорго жооптор үчүн олуттуу мааниге ээ жана кошумча иликтөөнү талап кылган шектенүүлөр пайда болсо.

(2) Төрагалык кылуучу соттук териштирүү кайра башталгандан кийин тараптардын катышуусунда коюлган суроолор боюнча түшүндүрмөлөрдү берет, ал эми зарыл болгон учурларда кырдаалды кошумча изилдөө өткөрүлөт.

(3) Кайра башталган соттук териштирүү бүткөндөн кийин төрагалык кылуучу тарабынан суроо баракчасындагы сот арачыларынын алдына коюлган суроолорго тактоолор киргизилиши мүмкүн. Тараптар суроо баракчасына кошумча суроолорду киргизүү же мурда коюлган суроолорду тактоо жөнүндө өтүнүүгө укуктуу.

(4) Кошумча түшүндүрмөлөр жана (же) жаңыдан изилденген жагдайлар боюнча тараптардын сөздөрүн жана репликаларын, соттолуучунун акыркы сөзүн жана төрагалык кылуучунун кыскача багыттоочу сөзүн угуп, сот арачылары вердикт кабыл алуу үчүн кеңешүүчү бөлмөгө кайрадан кайтып келишет.

**331-26-статья. Вердиктти жарыялоо**

(1) Коюлган суроолорго жооптор киргизилген суроо баракчасына улук тарабынан кол коюлгандан кийин сот арачылары сот заседаниесинин залына кайтып келишет.

(2) Сот арачыларынын улугу төрагалык кылуучуга жооптор киргизилген суроо баракчасын берет. Сын-пикирлер болбосо төрагалык кылуучу жарыялоо үчүн сот баракчасын сот арачыларынын улугуна кайтарып берет.

(3) Төрагалык кылуучу вердиктти түшүнүксүз же карама-каршылыктуу деп тапса, сот арачыларынын коллегиясына анын түшүнүксүздүгүн же карама-каршылыктарын көрсөтөт жана аларга суроо баракчасына тактоолорду киргизүү же карама-каршылыктарды жоюу үчүн кеңешүүчү бөлмөгө кайтып барууну сунуш кылат.

(4) Төрагалык кылуучунун суроо баракчасына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы боюнча кыскача багыттоочу сөзүн угуп, сот арачыларынын коллегиясы биринчи кабыл алынган вердиктти кайра кароо же күчүндө калтыруу зарылдыгы жөнүндө көпчүлүктүн добушу менен чечим чыгаруу үчүн кеңешүүчү бөлмөгө кайтып келет.

(5) Сот арачыларынын улугу суроо баракчасы боюнча аларга сот арачылары тарабынан коюлган суроолорду жана аларга сот арачыларынын жоопторун окуу менен вердиктти жарыя кылат.

(6) Вердиктти сот залындагылардын баардыгы орундарынан туруп угушат.

(7) Жарыяланган вердикт жазык ишинин материалдарына кошуу үчүн төрагалык кылуучуга берилет.

**331-27-статья. Төрагалык кылуучунун вердикт жарыя кылынгандан кийинки иш аракети**

(1) Сот арачыларынын коллегиясы соттолуучунун күнөөсү жок экендиги жөнүндө вердикт кабыл алганда төрагалык кылуучу аны акталды деп жарыялайт. Мында кайтарууда турган соттолуучу сот заседаниесинин залынан токтоосуз бошотулат.

(2) Вердикт жарыялангандан кийин төрагалык кылуучу сот арачыларга ыраазычылык билдирет жана алардын соттук териштирүүгө катышуусу аяктаганы тууралу жарыялайт.

(3) Вердикттин кийинки натыйжалары сот арачыларынын катышуусуз талкууланат. Сот арачылары жазык ишин кароо аяктаганга чейин сот заседаниесинин залындагы жалпы эл үчүн бөлүнүп коюлган орундарда калууга укуктуу.

**331-28-статья. Вердикттин кийинки натыйжаларын талкуулоо**

(1) Вердикттин кийинки натыйжаларын талкуулоо тараптардын катышуусу менен улантылат.

(2) Сот арачылары актоочу вердикт чыгарган учурда жарандык доону чечүүгө, сот чыгымдарын бөлүштүрүүгө, буюмдук далилдерге байланышкан суроолор гана иизилденет жана талкууланат.

Сот арачыларынын актоочу вердиги, ал кандай гана негизде чыгарылбасын, жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде жапа чеккендерге өз укугун коргоого тоскоол болбойт.

(3) Айыптоочу вердикт чыгарылган учурда соттолуучу жасаган жосунду квалификациялоого, ага жаза чектөөгө, жарандык доону чечүүгө байланышкан жагдайлар жана башка суроолор изилденет.

(4) Көрсөтүлгөн жагдайларды изилдөө аяктагандан кийин тараптардын жарыш сөзү жүргүзүлөт, анын убагында жактоочу жана соттолуучу акыркы болуп сүйлөйт.

(5) Тараптар өз сөздөрүндө сот тарабынан өкүмгө токтом кылынганда чечилүүгө жаткан укуктун бардык маселелерине токтоло алышат. Мында тараптарга сот арачылары тарабынан чыгарылган вердикттин тууралыгынан шек саноого тыюу салынат.

(6) Тараптардын жарыш сөзү аяктагандан кийин соттолуучуга акыркы сөз берилет, андан кийин төрагалык кылуучу жазык иши боюнча чечим чыгаруу үчүн чыгып кетет.

**331-29-статья. Вердикттин милдеттүүлүгү**

(1) Сот арачыларынын коллегиясынын вердиктти төрагалык кылуучу үчүн милдеттүү жана ал актоочу же айыптоочу өкүмдүн токтомунун чыгарылышына алып келет.

(2) Сот арачылары айыптоочу вердикт кабыл алган учурда төрагалык кылуучу соттолуучунун жосунун ушул вердиктке, ошондой эле вердиктти кабыл алууда сот арачылары тарабынан каралууга жатпаган жана юридикалык баа берүүнү талап кылуучу соттук тергөөнүн жүрүшүндө белгиленген жагдайларга ылайык квалификациялайт.

(3) Эгерде сот арачыларынын коллегиясы соттолуучу кечирип коюуга татыктуу деп тапса, анда төрагалык кылуучунун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин тийиштүү статьясы менен белгиленген жазалоонун максимум өлчөмүнүн үчтөн экисинен жогору жаза дайындоого укугу жок.

(4) Эгерде төрагалык кылуучу күнөөсүзгө карата айыптоочу вердикт чыгарылганын, соттолуучу вердикт менен күнөөлүү деп табылган жосунда кылмыштын курамы жоктугун жана актоочу өкүмгө токтом кылууга жетиштүү негиздер бар экенин тааныса, анда ал сот арачыларынын коллегиясын таркатуу жана алдын ала угуу стадиясынан тартып жазык ишин соттун башка курамында жаңыдан кароого жөнөтүү жөнүндө токтом чыгарат. Бул токтом даттанууга жатпайт.

**331-30-статья. Төрагалык кылуучу кабыл алуучу чечимдердин түрлөрү**

Сотто сот арачыларынын катышуусу менен жазык ишин териштирүү төрагалык кылуучу тарабынан төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алуу менен аяктайт:

1) жазык ишин токтотуу жөнүндө токтомду - ушул Кодекстин 28-статьясынын 1-бөлүгүнүн 14-пунктунда, 225-статьясында каралган учурларда;

2) актоочу өкүмдү - ушул Кодекстин 316-статьясына ылайык, сот арачылары ушул Кодекстин 331-20-статьясынын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн үч суроонун жок дегенде биреөнө терс жооп берген учурларда;

3) айыптоочу өкүмдү - ушул Кодекстин 315-статьясы менен каралган учурларда.

**331-31-статья. Өкүм токтому**

Өкүм ушул Кодекстин 317-324-статьяларынын талаптарына ылайык төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр менен токтом кылынат:

- өкүмдүн киришүү бөлүгүндө сот арачыларынын фамилиялары көрсөтүлбөйт;

- актоочу өкүмдүн баяндама-жүйөлөмө бөлүгүндө айыптоонун маңызы жана ал боюнча кабыл алынган актоочу вердиктке же эгерде баш тартуу болсо, мамлекеттик айыптоочунун айыптоодон баш тартуусуна шилтеме берилет. Далилдерди келтирүү сот арачыларынын коллегиясы кабыл алган вердикттен келип чыкпаган бөлүгүндө гана талап кылынат;

- актоочу өкүмдүн баяндама-жүйөлөмө бөлүгүндө сот арачыларынын коллегиясынын катышуусу менен сот жасалды деп тааныган кылмыштуу жосундун баяндамасы, кылынган жосундун квалификациясы, белгиленген жазанын жүйөлөрү жана соттун жарандык доого же кылмыш менен келтирилген материалдык зыяндын ордун толтурууга карата чечиминин негиздемеси болушу керек;

- өкүмдүн корутунду бөлүгүндө өкүмдү ушул Кодексте белгиленген тартипте кассациялык жана көзөмөл инстанциясына даттануунун тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө түшүндүрмө болушу керек.

**331-32-статья. Соттолуучунун жаза тартууга болбостугу аныкталгандыгына байланыштуу жазык ишин кароону токтотуу**

(1) Эгерде сот арачыларынын катышуусу менен сот ишин териштирүүнүн процессинде соттолуучу өзүнүн психикалык абалына байланыштуу жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн эмес же соттук-психиатриалык экспертизанын тийиштүү корутундусу менен ырасталган, жазаны белгилөөнүн же аткаруунун мүмкүн эместигине алып келген жин оорусу менен ооруп калган деп эсептелген негиз берген кырдаалдар болсо, анда судья жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароону токтотуу жана аны ушул Кодекстин 45-главасында каралган тартипте сотто кароо үчүн жөнөтүү жөнүндө токтом чыгарат.

(2) Төрагалык кылуучунун жазык ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароону токтотуу жөнүндө токтому акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

**331-33-статья. Сот заседаниесинин протоколун жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү**

(1) Сот заседаниесинин протоколу ушул Кодекстин 272-статьясынын талаптарына ылайык ушул статьяда каралган алып салуулар менен жүргүзүлөт.

(2) Протоколдо сот заседаниесине чакырылган сот арачылыкка талапкерлердин курамы жана сот арачыларынын коллегиясын түзүүнүн жүрүшү милдеттүү түрдө көрсөтүлөт.

(3) Төрагалык кылуучунун багыттоочу сөзү сот заседаниесинин протоколунда жазылат же анын тексти жазык ишинин материалдарына кошулат, бул тууралу протоколдо көрсөтүлөт.

(4) Сот заседаниесинин протоколу сот процессинин жүрүшүнүн баарын анын жүргүзүлүшүнүн тууралыгына ынангандай чагылдырышы керек.

Сот арачыларынын катышуусу менен соттук териштирүүнүн жүрүшүндө процесстин катышуучуларына жана башка адамдарга сот заседаниесинин залында видеого жана сүрөткө тартууга тыюу салынат.

**331-34-статья. Сот арачыларынын коллегиясынын вердиктине негизделген соттун өкүмүн жокко чыгарууга же өзгөртүүгө негиздер**

(1) Сот арачыларынын коллегиясынын вердиктине негизделген актоочу өкүмдү жокко чыгаруу же өзгөртүү үчүн негиз болуп ушул Кодекстин 352-статьясынын 3-бөлүгүндө каралган ченемдерди одоно бузуулар гана эсептелет.

(2) Актоочу өкүм ушул Кодекстин 41-1-главасында белгиленген негиздер боюнча жана тартипте жокко чыгарылышы жана өзгөртүлүшү мүмкүн.

(3) Сот арачыларынын вердиктинин негизинде токтом кылынган жана ага карама-каршы келген соттун өкүмү жазык ишин ошол эле сотко жаңыдан карап чыгууга өткөрүп берүү менен жокко чыгарылууга жатат. Бул учурда жазык ишин жаңыдан кароо сот арачылары кийинки вердикти кабыл алган учурдан тартып башталат.

(4) Сот арачыларынын коллегиясынын вердиктинин негизинде чыгарылган өкүм, эгер алар жокко чыгарууга каршы турса, соттолуучунун же акталуучунун укуктарын олуттуу бузуу жүйөсү боюнча жокко чыгарылышы мүмкүн эмес.

# IX БӨЛҮМ
# МЫЙЗАМДУУ КҮЧҮНӨ КИРЕ ЭЛЕК ӨКҮМДӨРДҮ ЖАНА ТОКТОМДОРДУ КАЙРА КАРОО

## 38-Глава
## Мыйзамдуу күчүнө кире элек сот чечимдерине апелляциялык тартипте даттануу

### 332-статья. Мыйзамдуу күчүнө кире элек өкүмгө апелляциялык даттануу укугу

(1) Соттун мыйзамдуу күчүнө кире элек өкүмдөрүнө карата тараптар тарабынан апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

(2) Өкүмгө даттануу укугу соттолгонго, акталганга жана алардын өкүлдөрүнө, прокурорго, жактоочуга, жабырлануучуга жана анын өкүлүнө таандык болот. Жарандык доогер, жарандык жоопкер же алардын өкүлдөрү өкүмдүн жарандык доого тийиштүү жагына даттанууга укуктуу болушат.

(3) Сот тарабынан аныкталган адам өкүмгө актоонун жүйөлөрү жана негиздери жагында даттанууга укуктуу.

(4) Биринчи инстанциядагы сотто айыптоону колдогон прокурор ар бир мыйзамсыз жана негизсиз өкүмгө көрсөтүү киргизүүгө милдеттүү.

### 333-статья. Мыйзамдуу күчүнө кире элек өкүмдөргө даттанууларды жана көрсөтүүлөрдү кароочу соттор

Райондук (шаардык) соттордун, горнизондордун аскердик сотторунун өкүмдөрү тиешелүү түрдө областтык, Бишкек шаардык жана Кыргыз Республикасынын Аскердик сотуна даттанылышы мүмкүн.

### 334-статья. Өкүмгө карата даттанууларды жана сунуштарды берүүнүн тартиби

Даттануулар жана сунуштар өкүм чыгарган сот аркылуу берилет. Түздөн-түз жогору турган сотко келип түшкөн даттануулар же көрсөтүүлөр, ушул Кодекстин 337-статьясынын жана 338-статьясынын экинчи бөлүгүнүн талаптарын аткаруу үчүн тийиштүү түрдө биринчи инстанциядагы сотко жөнөтүлүүгө тийиш.

### 335-статья. Өкүмдөргө даттануунун мөөнөттөрү

(1) Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүнө даттануулар жана сунуштар өкүм чыгарылгандан тартып, он сутканын ичинде, ал эми камакта кармалган соттолгон адам тарабынан - ага өкүмдүн көчүрмөсү тапшырылган күндөн тартып ошол эле мөөнөттө берилиши мүмкүн.

(2) Өкүмгө даттануу үчүн белгиленген мөөнөттүн ичинде иш соттон талап кылынып алынышы мүмкүн эмес.

### 336-статья. Даттануу же сунуш берүүнүн мөөнөтүн калыбына келтирүү тартиби

(1) Даттануу же сунуш берүүнүн мөөнөтү жүйөлүү себептен улам өткөрүлүп жиберилген учурда даттануу же сунуш берүүгө укуктуу адамдар өкүм чыгарган сотко өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө өтүнүч билдире алышат. Мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндөгү өтүнүч сот заседаниесинде ишти соттук териштирүүдө төрагалык кылган судья тарабынан каралат, ал түшүндүрмөлөр берүү үчүн өтүнүч билдирген адамды чакыртууга укуктуу.

(2) Өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүүдөн баш тартуу жөнүндөгү судьянын токтому жогору турган, өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүүгө жана даттануу же сунуш боюнча ишти кароого укуктуу болгон сотко даттанылышы мүмкүн.

**337-статья. Берилген даттануулар жана сунуштар жөнүндө кабарлоо**

(1) Өкүм чыгарган сот даттануу же сунуш берилгендиги жөнүндө соттолгон же акталган адамга, жактоочуга, айыптоочуга, жабырлануучуга жана анын өкүлүнө, ошондой эле, эгерде даттануу же көрсөтүү алардын кызыкчылыгына тийиштүү болсо жарандык доогерге, жарандык жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө кабарлайт жана алар даттануу же сунуш менен таанышууга жана даттанууга же көрсөтүүгө жазуу жүзүндө каршылык билдирүүгө укуктуу экендиктерин түшүндүрөт. Алардын өтүнүчү боюнча сот аларга башка тарап берген даттануунун же сунуштун көчүрмөсүн берет.

(2) Даттанууга же сунушка карата келип түшкөн каршылык билдирүүлөр ишке тиркелет.

(3) Тараптар даттануунун же сунуштун негиздерин же экинчи тараптын даттануусуна же сунушуна каршылыктарын ырастап, сотко жаңы материалдарды берүүгө укуктуу болушат.

**338-статья. Даттануу же сунуш берүүнүн кесепеттери**

(1) Даттануу же сунуш берүү өкүмдүн аткарылышын токтото турат.

(2) Өкүмгө даттануу үчүн белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин, өкүм чыгарган сот ишти аларга карата келип түшкөн даттануулар, сунуштар жана аларга каршылыктары менен тийиштүү сотко апелляциялык тартипте кароо үчүн жөнөтөт, бул тууралу тараптарга маалымдалат.

(3) Даттануу же сунуш берген адам сот заседаниеси башталганга чейин аларды кайра алышы мүмкүн.

(4) Өкүмгө даттанган адам өзүнүн даттануусун же сунушун өзгөртүүгө же жаңы жүйө-далилдер менен толуктоого укуктуу.

**339-статья. Биринчи инстанциядагы соттун аныктамасына (токтомуна) даттануу**

(1) Биринчи инстанциядагы соттун токтомуна ушул статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөндөн башка учурларда, ушул Кодекстин 332-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар тарабынан жекече даттануу же жекече сунуш келтирилиши мүмкүн.

(2) Ушул статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн соттук чечимдерди кошпогондо, далилдерди иликтөө тартиби жөнүндө, баш тартуулар жөнүндө, процесстин катышуучуларынын өтүнүчтөрүн канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө чыгарылган сот жыйналышынын залында тартипти сактоо жөнүндө токтомдор иш боюнча биротоло чечимге даттануу менен бир эле учурда апелляциялык тартипте даттанылат.

(2-1) Биротоло соттук чечим чыгарылганга чейин бөгөт коюу чарасын тандоо, өзгөртүү же жокко чыгаруу жөнүндө, ишти соттуулугу боюнча өткөрүп берүү жөнүндө же иштин соттуулугун өзгөртүү жөнүндө арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу тууралуу биринчи инстанциядагы соттун токтому кассациялык тартипте жана көзөмөл тартибинде даттанылат.

(3) Биринчи инстанциядагы соттун токтомуна, аныктамасына жекече даттануу жана сунуш даттанылып жаткан чечим чыгарылган күндөн тартып, он сутканын ичинде жогору турган сотко берилет жана ушул Кодекстин 345-статьясында каралган эрежелер боюнча каралат. Кароонун натыйжалары боюнча даттанууну же сунушту канааттандырбай калтыруу жөнүндө же даттанылып жаткан чечимди жокко чыгаруу же өзгөртүү жөнүндө аныктама чыгарылат.

(4) Эгерде токтом алардын кызыкчылыктарына тийиштүү болсо, судьянын токтомуна, ошол иште тараптар болбогон адамдар да даттанууга укуктуу болушат.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 24-июлундагы N 155, 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 39-Глава
## Мыйзамдуу күчүнө кире элек соттук чечимдерге апелляциялык даттануулар жана сунуштар боюнча иштерди кароо

**340-статья. Өкүмгө, токтомго, аныктамага апелляциялык даттануу жана сунуш**

Даттануу же сунуш:

1) апелляциялык даттануу же сунуш даректелген соттун аталышын;

2) даттануу же сунуш берген адам жөнүндө маалыматтарды (анын процесстик абалын), анын жашаган жерин же турган жерин;

3) даттануу же сунуш берилген өкүмдү, токтомду, аныктаманы жана чечимди чыгарган соттун аталышын;

4) өкүмгө, токтомго, аныктамага даттануу же сунуш берген адамдын жүйөлөрү жана анын өтүнүчүнүн маңызы;

5) даттанууга же сунушка тиркелген материалдардын тизмесин;

6) даттануу же сунуш берген адамдын койгон колун камтууга тийиш.

**341-статья. Апелляциялык кароонун буюмзаты**

(1) Апелляциялык даттануулар жана сунуштар боюнча апелляциялык инстанциядагы сот иштин фактылай жагдайларын белгилөөнүн жана жазык мыйзамынын колдонуунун тууралыгын, ошондой эле ишти кароодо жана чечүүдө жазык процесстик мыйзамдын сакталышын текшерет.

(2) Өкүмгө даттануу берген соттолгондорго карата ишти кароо башка соттолгондордун таламына тиешелүү болсо, иш ошолорго карата да каралууга тийиш.

**342-статья. Соттун курамы жана апелляциялык даттануулар жана сунуштар боюнча иштерди кароонун мөөнөттөрү**

1) Даттануулар жана сунуштар боюнча иштер үч судьянын соттук курамы тарабынан каралат.

2) Кыргыз Республикасынын областтык, Бишкек шаардык соттору, Аскердик соту, апелляциялык даттануу же сунуш боюнча келип түшкөн ишти ал келип түшкөн күндөн тартып, отуз суткадан кечиктирбестен карайт. Иш каралганга чейин үч сутка калгандан кечиктирилбестен, анын карала турган мезгили тууралу кулактандыруу илинип коюлат.

**343-статья. Апелляциялык инстанциядагы соттун заседаниесин белгилөө**

(1) Иш апелляциялык даттануу же сунуш менен келип түшкөндө соттун төрагасы же анын орун басары соттук курамды белгилейт жана мында иш боюнча төрагалык кылуучуну аныктайт.

(2) Иштин апелляциялык тартипте кароого дайындалышына байланыштуу маселелерди чечүүдө төрагалык кылуучу ушул Кодексте каралган жалпы эрежелерди жетекчиликке алат.

(3) Сот заседаниесин белгилөөдө төрагалык кылуучу тарабынан токтом чыгарылып, анда иш боюнча баяндама жасай турган судья, ошондой эле сот заседаниесине чакырылган адамдар көрсөтүлөт.

**344-статья. Алелляциялык инстанциядагы өндүрүштүн тартиби**

(1) Апелляциялык инстанциядагы өндүрүш биринчи инстанциядагы сот ишин жүргүзүү эрежелери боюнча, ошондой эле ушул главада баяндалган жоболорго ылайык жүргүзүлөт.

(2) Ишти кароонун убактысы жөнүндө тараптарга кабарланат. Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүнө даттануу бербеген адамдардын келбей калышы ишти кароого жана чечим чыгарууга тоскоолдук кылбайт.

(3) Сот заседаниесине:

1) прокурордун;

2) даттануу берген жеке айыптоочунун;

3) даттануу берген соттолгон адамдын, болбосо жактоочу же анын мыйзамдуу өкүлү тарабынан соттолгон адамдын таламдарын коргоп берилген соттолгон адамдын, болбосо өзүнө карата прокурор тарабынан сунуш же жабырлануучу тарабынан даттануу берилген соттолгон адамдын катышуусу милдеттүү болот.

(4) Сот заседаниесинин иштөө тартиби жана тартип бузуучуларга карата көрүлүүчү чаралар ушул Кодекстин 269, 271-статьяларында каралган эрежелер менен аныкталат.

(5) Апелляциялык инстанция ушул Кодекстин 255-статьясында көрсөтүлгөндөн башка учурларда, ишти ачык сот заседаниесинде карайт.

**345-статья. Апелляциялык инстанциядагы соттук териштирүү**

(1) Апелляциялык инстанциядагы соттук териштирүү баяндама жасаган судья тарабынан өкүмдүн мазмунун, ошондой эле берилген апелляциялык даттануулардын, сунуштардын жана аларга каршы пикирлердин маңызын баяндоодон башталат.

(2) Баяндама жасаган судьянын баяндамасынан кийин, сот тараптардын даттанууда, сунушта же аларга каршы пикирлерде келтирилген өз тыянактарын негиздеген сөздөрүн угат. Бир тарап апелляциялык соттун заседаниесине келбеген учурда ал тарабынан берилген даттануу, сунуш, даттанууга же сунушка карата жазуу жүзүндөгү каршы пикирлер окулуп берилет.

(3) Сот тараптардын сөздөрүн уккандан кийин соттолгон адамдын, сотко чакырылган күбөлөрдүн, жабырлануучулардын көрсөтмөлөрүн угуу аркылуу далилдерди текшерүүгө, ошондой эле тараптардын өтүнүчү боюнча да, ошондой эле өзүнүн жеке демилгеси боюнча да иштин документтерин, протоколдорун жана башка материалдарын окуп берүүгө өтөт. Далилдерди иликтөөнүн тартиби тараптардын пикирин эске алуу менен сот тарабынан белгиленет.

(4) Биринчи инстанциядагы сотто суракка алынган күбөлөр, эгерде аларды чакырууну тараптардын өтүнүчү же өзүнүн жеке демилгеси боюнча сот зарыл деп тапса, алар апелляциялык инстанциядагы сотто суракка алынат.

(5) Тараптар жаңы күбөлөрдү суракка алуу жөнүндө, заттык далилдерди жана документтерди ишке кошуу, соттук экспертиза жүргүзүү жөнүндө өтүнүч берүүгө укуктуу. Берилген өтүнүчтөрдү чечүү ушул Кодекстин 284-статьясынын эрежелери боюнча жүргүзүлөт, мында апелляциялык инстанциядагы сот өтүнүч биринчи инстанциядагы сот тарабынан канааттандырылбаган деген негизде өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартууга укуксуз.

(6) Чечим кабыл алынганда апелляциялык инстанция өзүнүн чечимин негиздөө үчүн соттун апелляциялык заседаниесине чакырылбаган, бирок биринчи инстанциядагы сотто суракка алынган адамдардын соттогу айтылган көрсөтмөлөрүнө шилтеме жасоого укуктуу. Эгерде бул көрсөтмөлөр тараптардын талашын пайда кылса, анда көрсөтмө берген адамдар суракка алынууга тийиш.

**346-статья. Тараптардын жарыш сөзгө чыгышы**

(1) Далилдерди иликтөө аяктагандан кийин төрагалык кылуучу тараптардан соттук териштирүүнү толуктоо үчүн аларда болгон өтүнүчтөрдү сурайт. Сот бул өтүнүчтөрдү чечет жана тараптардын жарыш сөзүнө өтөт.

(2) Тараптардын жарыш сөзү ушул Кодекстин 305-статьясынын эрежелери боюнча жүргүзүлөт, мында даттануу же сунуш берген адам биринчи болуп сүйлөйт.

**347-статья. Апелляциялык инстанция сотунун чечими**

(1) Ишти кароонун натыйжасында апелляциялык инстанция чечим чыгарат, ал биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн толугу менен же анын бир бөлүгүн алмаштырат.

(2) Апелляциялык инстанция ушул Кодекстин 36-главасында каралган жалпы эрежелерге ылайык, ушул статьянын үчүнчү бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен чечим чыгарат.

(3) Апелляциялык инстанциянын чечиминде биринчи инстанциядагы соттун өкүмү кандай негиздер боюнча туура деп табылгандыгы, ал эми даттануу же сунуш негизсиз деп табылгандыгы, ушунун өзү биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн жокко чыгарууга же өзгөртүүгө карата негиз болгондугу көрсөтүлүүгө тийиш.

(4) Коллегиялык түзүмдө сот кылмыш-жазык ишин караганда пайда болгон маселелер судьялардын көпчүлүк добушу менен чечилет. Судьялар добуш берүүдөн баш тартууга укуксуз. Төрагачылык кылуучу акыркы болуп добуш берет.

(5) Көпчүлүк судьялардын чечими менен макул болбогон апелляциялык инстанциянын судьясы соттун чечимине эч бир шылтоосуз кол коюуга милдеттүү жана өзгөчө пикирин кеңешме бөлмөсүндө кат жүзүндө жазып берүүгө укуктуу, ал төрагачылык кылуучуга тапшырылат жана кылмыш ишине "өзгөчө пикир" деген белги менен чапталган конвертте тиркелет. Өзгөчө пикир менен көзөмөлдөө инстанциясынын соту аталган кылмыш ишин кароодо таанышууга укуктуу.

Өзгөчө пикир бар экендиги жөнүндө процесстин катышуучуларына кабарланбайт, өзгөчө пикир сот жыйынынын залында жарыяланбайт.

(6) Чечим ушул Кодекстин 324-статьясынын эрежелерине ылайык жарыяланат жана ошол замат күчүнө кирет. Судья чечимди кабыл алуудагы ой жүгүртүүлөрдү жарыя кылууга укуксуз.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**348-статья. Апелляциялык инстанция тарабынан кабыл алынуучу чечимдердин түрлөрү**

(1) Апелляциялык инстанция ишти кароонун натыйжалары боюнча төмөндөгү чечимдердин бирин:

1) биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүлүүсүз калтыруу, ал эми апелляциялык даттанууну же сунушту канааттандырбоо жөнүндө өкүм;

2) биринчи инстанциядагы соттун айыптоо өкүмүн жокко чыгаруу жөнүндө өкүм жана жактоочу өкүм жөнүндө токтом, болбосо ишти кыскартуу жөнүндө аныктама;

3) биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүү жөнүндө өкүмүн;

4) биринчи инстанциядагы соттун актоо өкүмүн жокко чыгаруу жөнүндө жана айыптоо өкүмүнүн токтому тууралу аныктама;

5) ушул Кодекстин 345-347-статьяларын жетекчиликке алып, жазык ишин кыскартуу жана ишти апелляциялык инстанцияда кароо жөнүндө токтомду жокко чыгаруу тууралу аныктама.

6) даттанылган сот актысын алып салуу жөнүндө жана ишти биринчи инстанциядагы сотко кайрадан карап чыгууга жөнөтүү тууралу, болбосо сотто жоюлбай турган тергөөнүн өксүктөрүн толтуруу үчүн ишти прокурорго кайра кайтаруу жөнүндө аныктама чыгарат.

(2) Апелляциялык инстанция ишти кароонун натыйжалары боюнча жеке даттануулар жана прокурордун жеке сунушу боюнча аныктама чыгарат.

*(КР 2002-жылдын 16-октябрындагы N 141, 2006-жылдын 8-августундагы N 157, 2008-жылдын 18-июлундагы N 144 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**349-статья. Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн жокко чыгарууга же өзгөртүүгө карата негиздемелер**

Төмөндөгүлөр:

1) иштин материалдарынын иликтенбегендиги жана соттун тыянактарынын иштин фактылай жагдайларына ылайык келбеши;

2) кылмыш-жазык мыйзамын туура эмес колдонуу;

3) кылмыш-жазык процесстик мыйзамын олуттуу бузуу;

4) берилген жазанын жасалган кылмыштын оордугуна жана соттолгон адамдын инсандыгына ылайык келбеши биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн жокко чыгарууга же өзгөртүүгө негиздеме болуп эсептелет.

**350-статья. Соттун тыянактарынын иштин фактылай жагдайларына ылайык келбеши**

(1) Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүндө баяндалган иштин фактылай жагдайлары жөнүндө тыянактар иликтенген далилдерге ылайык келбей тургандыгын белгилөө менен апелляциялык инстанция өкүмдү толугу менен же анын бир бөлүгүн жокко чыгарат жана өткөрүлгөн териштирүүнүн натыйжаларына ылайык жаңы өкүм чыгарат.

(2) Апелляциялык инстанция өзү иликтеген далилдерге баа берүү менен биринчи инстанциядагы соттун өкүмү боюнча белгиленбеген же сот тарабынан эске алынбаган фактыларды далилденди деп табууга укуктуу.

**351-статья. Кылмыш-жазык мыйзамын туура эмес колдонуу**

(1) Колдонулууга тийиш болгон мыйзамдын сот тарабынан колдонулбашы; колдонулбай турган мыйзамдын колдонулушу; мыйзамды анын так маанисине карама-каршы келген түрдө туура эмес чечмелөө жазык мыйзамын туура эмес колдонуу деп табылат.

(2) Жасалган ишке берилген юридикалык бааны туура эмес деп табуу менен апелляциялык инстанциядагы сот кылмыштын квалификациясын жазык мыйзамынын анча оор эмес кылмыш үчүн жоопкерчиликти караган статьясына өзгөртүүгө укуктуу.

(3) Апелляциялык инстанциядагы сот төмөндөгүдөй учурда гана, эгерде ушул негиздер боюнча айыптоочу, жабырлануучу, жеке айыптоочу же алардын өкүлдөрү тарабынан сунуш берилсе, бирок ал коюлган айыптын чектеринде болсо кыйла оор кылмыш жөнүндө мыйзамды колдонууга же кыйла катаал жаза белгилөөгө укуктуу.

(4) Сотто айыпты оордотуучу жагдайлар белгилүү болгондо, сот өкүмдү жокко чыгарат жана ишти биринчи инстанциядагы сотко кайра кароо үчүн жиберет.

**352-статья. Жазык-процесстик мыйзамды олуттуу бузуу**

(1) Соттук териштирүүдө ишти тергөөдө ушул ишке катышкан адамдарды Кодекстин ченемдерин бузуу, мыйзам тарабынан кепилдикке алынган укуктарынан ажыратуу же кысым көрсөтүү, сот өндүрүшүнүн жол-жобосун сактабоо аркылуу же башка жол менен иштин жагдайларын ар тараптан жана объективдүү иликтөөгө тоскоол кылуу, соттун акыйкаттуу өкүмүн чыгарууга таасир тийгизүү же таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгү жазык-процесстик мыйзамды олуттуу бузуу деп табылат.

(2) Эгерде толук эмес жана бир жактуу жүргүзүлгөн соттук териштирүүнүн натыйжасында аларды белгилөө өкүмдү чыгарууда олуттуу мааниге ээ болушу мүмкүн болгон жагдайлар аныкталбай калса, өкүм жокко чыгарууга тийиш.

(3) Эгерде:

1) ушул Кодекстин 28-статьясында каралган негиздер болгондо кылмыш-жазык иши сот тарабынан кыскартылбаса;

2) өкүм соттун мыйзамсыз курамы менен чыгарылса;

3) ушул Кодекстин 259-статьясынын экинчи бөлүгүндө каралгандан башка учурларда, иш соттолуучу жок болгондо каралса;

4) жактоочунун катышуусу мыйзам боюнча милдеттүү болгондо, иш анын катышуусуз каралса же башкача жол менен айыпкердин, соттолуучунун жактоочу алууга болгон укугу бузулса;

5) сотто иш жүргүзүүнүн тили бузулса;

6) айыпкерге, соттолуучуга тараптардын жарыш сөзүнө катышуу укугу берилбесе;

7) айыпкерге акыркы сөз берилбесе;

8) өкүм чыгарууда жашыруундуулук бузулса;

9) өкүмгө судья кол койбосо;

10) иште сот заседаниесинин протоколу жок болсо, өкүм ар кандай учурда жокко чыгарылууга тийиш.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**353-статья. Өкүм боюнча белгиленген жазанын жасалган кылмышка кылмыштын оордугуна жана соттолгон адамдын инсандыгына ылайык келбеши**

(1) Өкүмдүн өтө эле катаалдыгынын натыйжасында өкүм боюнча белгиленген жазаны акыйкат эмес, жасалган кылмыштын оордугуна жана соттолгон адамдын инсандыгына ылайык келбейт деп табуу менен апелляциялык инстанция жазаны жеңилдетүүгө укуктуу.

*Көңүл буруңуздар! Бул статья орус тилинде эки бөлүктөн турат.*

**354-статья. Жактоочу өкүмдү жокко чыгаруу же өзгөртүү**

(1) Апелляциялык инстанция айыптоочунун сунушун, болбосо жабырлануучунун, жеке айыптоочунун же алардын өкүлдөрүнүн даттануусу боюнча гана жактоочу өкүмдү жокко чыгарууга жана ишти биринчи инстанциядагы сотко жаңыдан кароого жөнөтүүгө укуктуу.

(2) жактоочу өкүмдүн акталган адамдын даттануусу боюнча жактоочу жүйөлөргө тиешелүү бөлүгү өзгөртүлүшү мүмкүн.

**355-статья. Апелляциялык инстанциянын соттук заседаниесинин протоколу**

Апелляциялык инстанциянын заседаниесинде заседаниенин катчысы тарабынан потокол жазылат. Сот заседаниесинин протоколуна карата тараптар сын-пикирлерди айтышы мүмкүн, алар төрагалык кылуучу тарабынан ушул Кодекстин 276-статьясында каралган тартипте каралат.

**356-статья. Апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмүн жана аныктамасын аткарууга алуу**

(1) Апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмү жана аныктамасы ал чыгарылгандан кийин беш суткадан кечиктирилбестен, өкүм чыгарган биринчи инстанциядагы сотко иш менен бирге аткаруу үчүн жөнөтүлөт.

(2) Апелляциялык инстанциянын соттолгон адамды камактан бошото турган өкүмү жана аныктамасы бул жагынан токтоосуз аткарылат.

**357-статья. Апелляциядагы инстанциядагы соттун ишти экинчи жолу карашы**

Эгерде кандайдыр бир себептер боюнча айрым соттолгон адамдарга карата белгиленген мөөнөттө берилген апелляциялык даттануу же сунуш, башка соттолгондорго карата иш каралгандан кийин, апелляциялык инстанциядагы сотко келип түшсө, же эгерде өтүп кеткен мөөнөт ушул Кодекстин 340-статьясында каралган тартипте сот тарабынан калыбына келтирилсе, ошондой эле эгерде прокурордун сунушу, соттолгон адамдын, анын жактоочусунун же мыйзамдуу өкүлүнүн даттануусу иш процесстин башка катышуучусунун даттануусу же сунушу боюнча каралып калгандан кийин келип түшсө, апелляциялык инстанциядагы сот мындай даттанууну же сунушту карап чыгууга жана алар боюнча тиешелүү чечим чыгарууга милдеттүү.

# X БӨЛҮМ
# ӨКҮМДҮ АТКАРУУ

## 40-Глава
## Өкүмдү, аныктаманы жана токтомду аткарууга алуу

**358-статья. Биринчи инстанциядагы соттун өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө кирүүсү жана аны аткарууга алуу**

(1) Биринчи инстанциядагы соттун өкүмү, даттануу мөөнөтү өткөндөн кийин мыйзамдуу күчүнө кирет жана аткарылуу үчүн жиберилүүгө тийиш.

(2) Апелляциялык даттануу же сунуш келтирилген учурда, эгерде иштин биринчи инстанциядагы сотко жаңыдан кароого жиберилиши менен биринчи инстанциянын өкүлү жокко чыгарылбаса, соттук коллегия аныктама чыгарган күнү ал мыйзамдуу күчүнө кирет.

(3) Эгерде бир нече соттолгондор болгондо, өкүмгө бир же бир нече соттолгон адамдар жаатында даттанылса, ал өкүмгө даттануу бербеген соттолгон адамдарга карата апелляциялык инстанция өкүм чыгарган күнү мыйзамдуу күчүнө кирет.

(4) Өкүм биринчи инстанциядагы сот тарабынан ал мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып же иш апелляциялык инстанциядагы соттон кайтарылып берилгенден үч суткадан кечиктирилбестен аткарууга алынат.

*(5) (КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

(6) Өкүмдүн аткарылышына көзөмөлдүк, өкүм чыгарган сот тарабынан, же соттолгон адам жазасын өтөп жаткан жердеги сот, ошондой эле прокурор тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**359-статья. Соттун аныктамасынын токтомунун мыйзамдуу күчүнө кириши жана аны аткарууга алуу**

(1) Биринчи инстанциядагы соттун аныктамасы, токтому даттануу мөөнөтү өткөндөн кийин же аны жогору турган сот өзгөртүүсүз калтырганда мыйзамдуу күчүнө кирет жана аткарууга алынат.

(2) Соттун даттанууга болбой турган токтому ал чыгарылаары менен күчүнө кирет жана аткарууга алынат.

(3) Апелляциялык инстанциядагы соттун токтому ал жарыяланган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет, акыркы аныктама болуп эсептелет жана ушул Кодекстин 42 жана 43-главаларында каралган тартипте гана кайра каралышы мүмкүн.

(4) Апелляциялык инстанциядагы соттун аныктамасы ушул Кодекстин 360-статьясында каралган тартипте аткарууга алынат.

**360-статья. Соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун аткарууга алуу тартиби**

(1) Соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү, аныктамасы, токтому бардык уюмдар, кызмат адамдары, жарандар үчүн милдеттүү болот.

(2) Өкүмдү, аныктаманы, токтомду аткарууга алуу ишти биринчи инстанцияда караган сотко жүктөлөт. Өкүмдү аткаруу жөнүндө тескеме судья тарабынан өкүмдүн көчүрмөсү менен кошо, жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык өкүмдү аткаруу милдети жүктөлгөн органга жөнөтүлөт.

(3) Өкүмдү аткаруучу органдар, анын аткарылгандыгы жөнүндө өкүмдү чыгарган биринчи инстанциядагы сотко дароо маалымдайт. Өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясы соттолгон адам жазасын өтөп жаткан жер жөнүндө өкүм чыгарган сотко маалымдоого тийиш.

**361-статья. Өкүмдүн аткарууга алынгандыгы жөнүндө соттолгон адамдын тууганадарына жана жарандык доогерге маалымдоо**

(1) Соттолгон адамды камоого же эркиндигинен ажыратууга кылган өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден - кийин, камакта кармоочу жердин администрациясы соттолгон адамдын үй-бүлөсүнө, жазаны өтөө үчүн ал кайда жөнөтүлгөндүгү тууралу кабар берүүгө милдеттүү.

(2) Жарандык доо канааттандырылган учурда өкүмдү аткарууга алынышы тууралу жарандык доогерге маалымдалат.

## 41-Глава
## Өкүмдү аткарууга байланыштуу маселелерди кароо жана чечүү боюнча иш жүргүзүү

**362-статья. Өкүмдүн аткарылышынын мөөнөтүн кийинкиге калтыруу**

(1) Адамды коомдук иштерге тартууга, түзөтүү жумуштарына, эркиндигин чектөөгө, же эркинен ажыратууга соттоо жөнүндө өкүмдү аткаруу мөөнөтү төмөндөгү негиздердин бири болгондо:

1) соттолгон адамдын жаза өтөөгө тоскоолдук кылган катуу оорусу болгондо - ал айыкканга чейин;

2) соттолгон аял кош бойлуу же соттолгон аялдын жаш балдары болгондо - өзгөчө оор кылмыштар үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгондордон башкалары кенже жаш баласы он төрт жашка чыкканга чейин;

3) өрт же башка табигый кырсыктар, катуу ооруга чалдыгуу, үй-бүлөнүн жалгыз эмгекке жарамдуу мүчөсүнүн өлүмү же башка өзгөчө жагдайлардан улам жазаны токтоосуз өтөө кесилген адам же анын үй-бүлөсү үчүн оор кесепеттерге алып келгенде иши мүмкүн болсо - сот тарабынан белгиленген, бирок алты айдан ашпаган мөөнөткө кийинкиге калтырылат.

(2) Эгерде айыпты токтоосуз төлөө соттолгон адам үчүн мүмкүн эмес болсо, аны төлөө алты айлык мөөнөткө чейин кийинкиге калтырылышы же ал бөлүп-бөлүп төлөтүлүшү мүмкүн.

(3) Өкүмдү аткаруунун мөөнөтүн кийинкиге калтыруу жөнүндө маселе соттолгон адамдын, анын мыйзамдуу өкүлүнүн, жакын туугандарынын, жактоочусунун өтүнүчү боюнча, же болбосо прокурордун сунушу боюнча сот тарабынан чечилет.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**363-статья. Катуу ооруга байланыштуу жазаны өтөөдөн бошотуу**

(1) Соттолгон адам жазаны өтөөнүн убагында жазаны өтөөгө жолтоо кылуучу жин оорусуна же башка катуу ооруга чалдыкса, сот жазаны аткарууну жүргүзүүчү мекеменин зардалынын же органдын сунушу боюнча, врачтык комиссиянын корутундусунун негизинде соттолгон адамды жазаны андан ары өтөөдөн бошотууга укуктуу.

(2) Жин оорусуна чалдыккан соттолгон адамды жазаны андан ары өтөөдөн бошотуу менен бир эле убакта сот ага карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууга, же болбосо аны саламаттык сактоо органдарынын же туугандарынын камкордугуна берүүгө укуктуу.

(3) Жин оорусуна чалдыккан адамдардан башка жазаны өтөөгө тоскоолдук кылуучу катуу ооруга чалдыккан адамдарды жазаны андан ары өтөөдөн бошотуу жөнүндө маселени чечүүдө судья жасалган кылмыштын оордугун, соттолгон адамдын инсандыгын жана башка жагдайларды эске алат.

(4) Соттолгон адамды оорусу боюнча жазаны андан ары өтөөдөн бошотуу менен сот аны негизги гана эмес, кошумча жаза-чараларынан да бошотууга укуктуу.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2014-жылдын 30-январындагы N 22 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**364-статья. Өкүмдү аткарууга байланыштуу маселелерди чечүүчү соттор**

(1) Ушул статьяга ылайык өкүмдү аткаруунун мөөнөтүн кийинкиге калтыруу жөнүндө, айыптоо өкүмүнүн эскирүү мөөнөтүнүн өтүшүнө байланыштуу жазаны өтөөдөн бошотуу жөнүндө маселелер, ошондой эле өкүмдү аткарууда пайда болгон бардык күмөн саноолор жана так эместиктер өкүм чыгарган сот тарабынан чечилет.

(2) Эгерде өкүмдү аткаруу өкүм чыгарган сот иштеген райондон сырткары жерде аткарылса, ал маселелер өкүм аткарылып жаткан райондогу сот тарабынан чечилет. Мындай учурда токтомдун көчүрмөсү өкүм чыгарган сотко жиберилет.

(3) Катуу ооруга чалдыккандыгына байланыштуу жазаны өтөөдөн бошотуу жөнүндө, жазанын өтөлбөгөн бөлүгүн кыйла жеңил жаза менен алмаштыруу тууралу, жазаны аткаруу менен коштолгон медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу, бир түрдөгү абактан башкасына которуу жөнүндө маселелер өкүм кайсы сот тарабынан чыгарылгандыгына карабастан, соттолгон адамдын жазаны өтөгөн орду боюнча сот тарабынан чечилет.

(4) Шарттуу соттоодо шарттуу соттоону жокко чыгаруу, жазаларды коомдук жумуштарга, түзөтүү жумуштарына тартуу, жазаны өтөөдөн атайылап качканда жазанын башка түрлөрү менен эркиндигин чектөөгө алмаштыруу жөнүндө же сыноо мөөнөтүн узартуу жөнүндө, жазадан шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууну жокко чыгаруу тууралу маселелер соттолгон адамдын жашаган жери боюнча сот тарабынан чечилет.

(5) Өкүмдү аткарууга байланыштуу маселелерди чечүү прокурордун катышуусу менен сот заседаниесинде жүргүзүлөт.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**365-статья. Жазадан шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу**

(1) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 69-статьясында каралган учурларда, жазаны өтөөдөн шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу, соттолгон адам жазаны өтөгөн жер боюнча сот тарабынан өкүмдү аткаруучу органдын сунушу боюнча колдонулат. Тартиптик аскер бөлүгүндө жазаны өтөп жаткандарга карата мындай чаралар сот тарабынан тартиптик аскер бөлүгүнүн командирлеринин сунушу боюнча колдонулат.

(2) Он сегиз жашка чейинки куракта кылмыш жасаган адамдарды жазадан шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу, өкүмдү аткаруучу органдын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын биргелешип чыгарылган сунушу боюнча сот тарабынан колдонулат.

(3) Жазадан шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу, сот тарабынан баш тартылган учурда, бул маселе боюнча сунушту кайталап кароо баш тартуу жөнүндө токтом чыгарылган күндөн тартып кеминде үч ай өткөндө жүргүзүлүшү мүмкүн.

(4) Сот жазадан шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууну колдонуу менен соттолгон адамга белгилүү бир милдеттерди: туруктуу жашаган жерин уруксатсыз өзгөртпөөнү, белгилүү бир жерлерге барбоону, ошондой эле анын оңолушуна көмөк көрсөтүүчү башка милдеттерди аткарууну жүктөй алат.

(5) Жазадан шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдын жүрүм-турумуна контролдук кылуу ички иштер органдарынын көмөгү менен Кыргыз Республикасынын кылмыш-жазаны аткаруу инспекциясы, ал эми аскер кызматчыларына карата - аскер бөлүктөрүнүн жана аскер мекемелеринин командирлери тарабынан жүзөгө ашырылат.

(6) Эгерде жазанын өтөлбөй калган бөлүгүнүн ичинде соттолгон адам коомдук тартипти бузгандыгы үчүн ага административдик жаза берилсе же шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууну колдонууда сот тарабынан ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруудан кыянатчылык менен баш тартса, сот ушул статьянын бешинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн органдын сунушу боюнча шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууну жокко чыгаруу жана жазанын өтөлбөй калган бөлүгүн аткартуу жөнүндө токтом чыгарат.

(7) Соттолгон адам тарабынан жазасынын өтөлө элек бөлүгүнүн ичинде, жаңы кылмыш жасалган учурда сот ага өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындайт.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**366-статья. Шарттуу соттоону жокко чыгаруу же сыноо мөөнөтүн узартуу**

(1) Эгерде сыноо мөөнөтү бүткөнгө чейин, шарттуу соттолгон адам үлгүлүү жүрүм-туруму менен оңолгондугун далилдесе, сот шарттуу соттолгон адамдын жүрүм-турумуна контролдук кылууну жүзөгө ашыруучу органдын сунушу боюнча шарттуу соттоону жокко чыгаруу жөнүндө токтом чыгарышы мүмкүн.

(2) Эгерде шарттуу соттолгон адам, ага сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткаруудан баш тартса же коомдук тартипти бузуп, бул үчүн административдик жаза чарасы көрүлсө, сот ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн органдын сунушу боюнча сыноо мөөнөтүн узартышы мүмкүн, бирок ал бир жылдан ашпоого тийиш.

(3) Шарттуу соттолгон адам, сыноо мөөнөтүнүн ичинде сот тарабынан ага жүктөлгөн милдеттерди такай аткарбаган учурда, сот ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн органдын сунушу боюнча шарттуу соттоону жокко чыгаруу жана өкүм боюнча дайындалган жазаны аткартуу жөнүндө токтом чыгарат.

(4) Соттолгон адам тарабынан сыноо мөөнөтүнүн ичинде жаңы кылмыш жасалган учурда, сот ага өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындайт.

**367-статья. Жазанын өтөлө элек бөлүгүн жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштыруу**

(1) Сот өзгөчө оор кылмыш жасаган адамдардан башка, жазаны эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан адамга, анын жазаны өтөп жаткан мезгилдеги жүрүм-турумун эске алуу менен, жазанын өтөлбөй калган бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 42-статьясында көрсөтүлгөн жазалардын түрлөрүнө ылайык жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштыра алат.

(2) Жазанын өтөлө элек бөлүгүн жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштыруу жөнүндө сунуш сот тарабынан жаза аткарууну башкаруучу органдын же өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясынын сунушу боюнча каралат.

(3) Сот тарабынан тарбия берүү абактарында жаза өтөп жаткан адамдарга карата жазанын өтөлбөй калган бөлүгүн жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштыруу, жаза аткарууну башкаруучу органдын же өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясынын жана жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын биргелешкен сунушу боюнча колдонулат.

(4) Сот жазаны аткарууну башкаруучу органдын же өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясынын сунушун соттолгондордун жазаны өтөгөн жери боюнча карайт.

(5) Жазанын өтөлбөй калган бөлүгүн жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштыруу жөнүндө сунуш соттун жыйналышында прокурордун катышуусу менен каралат. Соттун жыйналышына жаза

аткарууну башкаруучу органдын же өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясынын, ошондой эле жашы жете электерге карата сунушту караган учурларда жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын өкүлү жана соттолгон адам чакырылат.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**368-статья. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу**

Жазаны аткаруу менен коштолгон медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу өкүмдү аткаруучу органдын медициналык комиссиянын корутундусуна негизделген сунушу боюнча сот тарабынан жүргүзүлөт.

**369-статья. Дарылоо мекемесинде болгон мезгилди жазаны өтөө мөөнөтүнө эсептөө**

Эгерде эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөп жаткан адам дарылоо мекемесине жайгаштырылса, ал жерде болгон мезгил жазаны өтөө мөөнөтүнө эсептелет.

**370-статья. Эркиндигинен ажыратууга соттолгондорго түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү**

(1) Эркиндигинен ажыратууга соттолгондорго түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча сот тарабынан жүргүзүлөт. Сот жаза аткарууну башкаруучу органдын же өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясынын түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү тууралуу сунушун соттолгондор жазасын өтөгөн жери боюнча карайт.

(2) Соттолгонго түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү тууралуу сунуш соттун жыйналышында прокурордун катышуусу менен каралат.

(3) Соттун жыйналышына жазанын аткарылышын башкаруучу органдын же өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясынын өкүлү жана соттолгон адам чакырылат.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**371-статья. Башка аткарылбаган өкүмдөр болгондо өкүмдүн аткарылышы**

Соттолгон адамга карата бир нече аткарылбаган өкүмдөр болгон учурда, убактысы боюнча акыркы өкүм чыгарган сот же өкүмдү аткаруунун орду боюнча, сот соттолгон адамга карата көрсөтүлгөн өкүмдөрдүн баары боюнча жаза колдонуу жөнүндө токтом чыгарууга милдеттүү.

**372-статья. Өкүмдү аткарууга байланышкан маселелерди чечүүнүн тартиби**

(1) Жазаны өтөөдөн бошотуу менен медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууга байланыштуу маселелерди чечүү прокурордун катышуусу менен сот тарабынан жүргүзүлөт.

(2) Жазаны аткарууга байланышкан маселелерди кароонун убактысы жөнүндө прокурорго жана соттолгон адамга маалымдалат. Камакта кармалып турган соттолгон адамды чакыруу жөнүндө маселе сот тарабынан чечилет. Эгерде маселе жарандык доо бөлүгүндөгү өкүмдү аткарууга тиешелүү болсо, жарандык доогер да чакырылат, анын келбей коюшу иштти кароого тоскоолдук кылбайт.

(3) Жазадан шарттуу - мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу, жазанын өтөлүп бүтө элек бөлүгүн жазанын жеңилирээк же катуураак түрүнө алмаштыруу жөнүндө, соттолгон адамга түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү тууралуу маселелерди сотто караганда жаза аткарууну башкаруучу органдын же өкүмдү аткаруучу мекеменин администрациясынын өкүлү чакырылат.

(4) Өкүмдү аткаруучу органдын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын биргелешкен сунушу боюнча иш сот тарабынан каралган учурларда, сот сунушту кароонун убактысы жана орду жөнүндө ал органдарга маалымдайт.

(5) Шарттуу соттоону жокко чыгаруу же шарттуу соттолгон адамдын сыноо мөөнөтүн узартуу жөнүндө маселелер сот тарабынан каралганда, сот заседаниесине шарттуу соттолгон адамдын жүрүм-турумуна контролдук кылууну жүзөгө ашыруучу органдын өкүлдөрү чакырылат.

(6) Ишти кароо судьянын доклады менен башталып, андан кийин заседаниеге келген адамдар угулат.

(7) Өкүмдү аткарууга байланышкан маселелерди кароонун натыйжалары боюнча сот токтом чыгарып, ал сот заседаниесинин залында жарыяланууга тийиш. Токтомдун көчүрмөсү үч күндүк мөөнөттө соттолгон адамга, анын сунушу боюнча өкүмдүн аткарылышына байланышкан маселе каралып жаткан органга, ошондой эле, эгерде маселе жарандык доо бөлүгүндөгү өкүмдүн аткарылышына тиешелүү болсо, жарандык доогерге да жиберилет.

(8) Соттун токтомуна көзөмөл тартибинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылышы мүмкүн.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**373-статья. Соттор тарабынан соттуулукту алып салуу жөнүндө өтүнүчтөрдүн каралышы**

(1) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 76-статьясына ылайык соттуулукту алып салуу жөнүндө маселе жаза өтөп жаткан адамдын жашаган жери боюнча сот тарабынан ошол адамдын өтүнүчү боюнча чечилет.

(2) Өтүнүчтүн келип түшкөндүгү жөнүндө прокурорго маалымдалат. Сот заседаниесине прокурордун келбей коюшу өтүнүчтү кароого тоскоолдук кылбайт. Өзүнүн соттуулугун алып салуу жөнүндө өтүнүч каралып жаткан адам сотко катышууга милдеттүү.

(3) Соттуулукту алып салуу жөнүндө өтүнүчтү кароо судьянын доклады менен башталып, андан кийин сот чакырылган адамдарды жана прокурордун корутундусун угат.

(4) Соттуулукту алып салуу жөнүндө өтүнүчтөн баш тартылган учурда, бул жөнүндө кайталап өтүнүч берүү баш тартуу жөнүндө токтом чыгарылган күндөн тартып кеминде алты ай өткөндөн кийин козголушу мүмкүн.

*(КР 2010-жылдын 10-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

# XI БӨЛҮМ
# СОТТОРДУН МЫЙЗАМДУУ КҮЧҮНӨ КИРГЕН ӨКҮМДӨРҮН, АНЫКТАМАЛАРЫН, ТОКТОМДОРУН КАЙРА КАРОО

## 41-1-Глава
## Жазык иштерин кароонун кассациялык тартиби

*(Глава КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамы менен толукталган)*

**373-1-статья. Соттук чечимдерге кассациялык даттануу**

(1) Ушул главанын талаптарына ылайык биринчи инстанциядагы соттун мурда апелляциялык тартипте даттанылбаган жана мыйзамдуу күчүнө кирген чечими процесстин катышуучулары тарабынан кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Сот арачыларынын катышуусу менен чыгарылган соттун өкүмдөрү тараптар тарабынан кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

(2) Кассациялык даттануу же сунуш ушул Кодекстнн 334, 340-статьяларынын талаптарын сактоо менен биринчи инстанциядагы сот аркылуу берилет.

(3) Акталган, соттолгон жана кылмыш иши ага карата токтотулган адамдын таламдарына каршы кассациялык даттанууга соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенден бир жылдан кийин гана жол берилет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2009-жылдын 17-июлундагы N 234 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**373-2-статья. Кассациялык даттанууларды жана сунуштарды караган соттор**

Райондук (шаардык) соттордун, гарнизондордун аскердик сотторунун чечимдери областтык соттун, Бишкек шаардык сотунун жана Кыргыз Республикасынын аскердик сотунун кассациялык инстанциясына даттанылышы мүмкүн.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**373-3-статья. Кассациялык инстанциядаты сотто соттук териштирүүнүн предмети**

Кассациялык инстанциядагы сот кассациялык даттануулар жана сунуштар боюнча өкүмдүн жана башка соттук чечимдин мыйзамдуулугун, негиздүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн текшерет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**373-4-статья. Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан кылмыш-жаза иштерин кароо мөөнөттөрү**

(1) Кассациялык даттануу же сунуш боюнча келип түшкөн кылмыш-жаза иши келип түшкөн күндөн тартып отуз суткадан кем эмес мөөнөттө каралат.

(2) Бөгөт коюу чарасы катары камакка алууну, үй камагын колдонуу жөнүндө соттун токтомуна, анын менен катар камакка алуунун, үй камагынын мөөнөтүн узартууга прокурордун сунушу, айыпталуучунун же анын коргоочусунун даттануусу кассациялык инстанциянын сотуна келип түшкөн күндөн тартып беш суткадан кечиктирилбестен каралууга тийиш.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**373-5-статья. Кассациялык инстанциядагы сот иштерди карап чыгышынын тартиби**

(1) Кассациялык даттануусу же сунушу бар иш келип түшкөн учурда кассациялык инстанциядагы соттун төрагасы же анын орунбасары соттук курамды дайындайт, иш боюнча төрагалык кылуучуну жана доклад кылуучу судьяны аныктайт, ага ишти даттануу же сунуш жана башка материалдар менен чогуу берет. Доклад кылуучу судья ишти, даттанууну же сунушту карап чыгып соттук заседаниени дайындоо жөнүндө токтом чыгарат, анда соттук заседаниенин убактысын жана ордун, заседаниеге чакырылууга тийиш болгон адамдарды көрсөтөт.

(2) Кассациялык инстанциядагы сот ишти карай турган күн жөнүндө тараптарга кабарландырат. Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт. Камакта отурган соттолгон адамдын (айыпталуучунун) соттук заседаниеге катышуусу жөнүндөгү маселе кассациялык инстанциядагы сот тарабынан чечилет.

(3) Жазык иштери кассациялык инстанциядагы сот тарабынан ушул Кодекстин 31-статьясында аныкталган курамда каралат.

(4) Төрагалык кылуучу жазык иштерин карап чыгуу үчүн белгиленген убакытта соттук заседаниени ачат жана кайсы иш териштирилүүгө тийиш экендигин жарыялайт.

(5) Соттук заседаниенин катчысы процесстин кабар берилген катышуучуларынын тизмесин жарыялайт жана көрсөтүлгөн адамдардын ичинен кимиси келгенин жана жок адамдардын келбей калышынын себептерин доклад кылат. Төрагалык кылуучу ишти карап чыгуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө процесстин катышуучуларынын пикирин сурайт. Сот соттук заседаниени улантуу жөнүндө же аны кийинкиге калтыруу жөнүндө аныктаманы соттук заседание залында же кеңешүү бөлмөсүнө барып чыгарат. Аныктаманы төрагалык кылуучу жарыя кылат жана ал соттук заседаниенин протоколуна киргизилет.

(6) Төрагалык кылуучу соттун курамын, соттук заседаниенин катчысынын, прокурордун, котормочунун фамилияларын жарыялайт жана иш боюнча келген адамдардан аларда четке кагуу жөнүндө арыздын бар же жок экендиги жөнүндө сурайт. Четке кагуу жөнүндө арыз ушул Кодекстин 73-статьясына ылайык сот тарабынан кеңешүү бөлмөсүндө чечилет, мында өзүнчө документ түрүндө аныктама чыгарылат.

(7) Төрагалык кылуучу иш боюнча келген адамдардан алардын расмий өтүнүчтөрү жөнүндө сурайт. Билдирилген расмий өтүнүчтөр боюнча сот аныктама чыгарат, ал соттук заседаниенин протоколуна киргизилет.

(8) Доклад кылуучу судья иштин маңызын, даттануулардын негизги далилдерин, сунуштарды, аларга каршы пикирди, кошумча материалдарды жарыялайт. Судьялар докладчыга суроо бере алышат.

(9) Сот даттанууну же сунушту берген тараптардын, андан соң башка тараптын сөзүн угат. Судьялар тараптарга суроо берүүгө укуктуу.

(10) Тараптар сүйлөп бүткөндөн кийин судьялар кеңешүү бөлмөсүнө кетишет.

(11) Кассациялык инстанциядагы соттун чечими кеңешүү бөлмөсүндө ачык добуш берүү менен кабыл алынат. Судья добуш берүүдө калыс калууга же ага катышпай коюуга укуксуз. Төрагалык кылуучу акыркы болуп добуш берет. Эгерде судьялардын көпчүлүгү жактап добуш берсе, кассациациялык инстанциядагы соттун чечими кабыл алынды деп эсептелет.

(12) Кассациялык инстанциядагы соттун заседаниесинде протокол жүргүзүлөт, ага соттук заседаниенин төрагалык кылуучусу жана катчысы кол коет.

(13) Соттук заседаниенин иш тартиби жана укук бузуучуларга карата көрүлүүчү чаралар ушул Кодекстин 269, 271-статьяларында каралган эрежелер боюнча аныкталат.

Соттолуучунун абалын оордотууга алып келүүчү соттун айыптоо өкүмүн, аныктамасын, токтомун кайра карап чыгууга, ошондой эле актап чыгуу өкүмүн, болбосо ишке бөгөт коюу жөнүндө соттун аныктамасын, токтомун кайра карап чыгууга алар мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн кийин бир жылдын ичинде гана жол берилет.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**373-6-статья. Кассациялык инстанциядагы соттун чечими**

(1) Жазык ишин кассациялык тартипте карап чыгуунун натыйжасында кассациялык инстанциядагы сот төмөнкүдөй чечимдердин бирин чыгарат:

1) даттанылган соттук актыны күчүндө калтыруу жөнүндө;

2) даттанылган соттук актыны өзгөртүү жөнүндө;

3) даттанылган соттук актыны бузуу жөнүндө жана жазык ишин кыскартуу жөнүндө;

4) даттанылган соттук актыны бузуу жөнүндө жана ишти биринчи инстанциядагы сотко жаңыдан карап чыгууга жөнөтүү жөнүндө, болбосо сотто жоюлбай турган тергөө кемчиликтерин жоюу үчүн ишти прокурорго кайра кайтаруу жөнүндө;

5) ушул Кодекстин 373-5-статьясынын он төртүнчү бөлүгүнүн негизинде кассациялык өндүрүштү кыскартуу жөнүндө.

(2) Кассациялык инстанциясындагы соттун чечими аныктама түрүндө чыгарылат.

(3) Кассациялык инстанциясындагы соттун чечими кеңешүү бөлмөсүндө түзүлөт жана ага жазык ишин кароого катышкан үч судья тең кол коет. Өзгөчө учурларда гана өтө татаал иш боюнча жүйөлүү чечимди түзүү он күнгө чейинки мөөнөткө кийинкиге калтырылышы мүмкүн, бирок чечимдин корутунду бөлүгү кеңешүү бөлмөсүндө түзүлөт жана ага судьялар ошо жерден кол коюшат.

(4) Чечимди төрагалык кылуучу же доклад кылуучу судья жарыя кылат. Соттук заседаниенин залында катышып олтургандардын бардыгы чечимди орундарынан туруп угушат.

(5) Көпчүлүк судьялардын чечими менен макул болбогон апелляциялык инстанциянын судьясы соттун чечимине эч бир шылтоосуз кол коюууга милдеттүү жана өзгөчө пикирин кеңешме бөлмөсүндө кат жүзүндө жазып берүүгө укуктуу, ал төрагачылык кылуучуга тапшырылат жана кылмыш ишине "өзгөчө пикир" деген белги менен чапталган конвертте тиркелет. Өзгөчө пикир менен көзөмөлдөө инстанциясынын соту аталган кылмыш ишин кароодо таанышууга укуктуу. Өзгөчө пикир бар экендиги жөнүндө процесстин катышуучуларына кабарланбайт, өзгөчө пикир сот жыйынынын залында жарыяланбайт.

(6) Кассациялык инстанциясындагы соттун чечими көзөмөл тартибинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна даттанылышы мүмкүн.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**373-7-статья. Кассациялык инстанциясындагы соттун чечимин аткаруу**

Кассациялык инстанциясындагы соттун чечими дароо күчүнө кирет жана ушул Кодексте жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинде каралган тартипте аткарылат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 42-Глава
## Соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмдөрүн, аныктамаларын, токтомдорун көзөмөл тартибинде кайра кароо

**374-статья. Көзөмөлгө алуу тартибинде жазык ишин кароочу сот. Көзөмөлгө алуунун укуктук чектери**

(1) Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жазык процессинин катышуучуларынын даттануулары боюнча жана прокурорлордун сунуштары боюнча жергиликтүү соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актыларын көзөмөлгө алуу тартибинде кайрадан карап чыгууну жүзөгө ашырат.

(2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы жергиликтүү соттун апелляциялык жана кассациялык инстанцияларынын соттук актыларын көзөмөлгө алуу тартибинде кайрадан карап чыгууну жүзөгө ашырат.

(3) Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна келип түшкөн жазык иши мурда апелляциялык жана кассациялык тартипте каралбаган болсо, анда даттануу жана сунуш менен чогуу жергиликтүү соттун тиешелүү инстанциясына карап чыгуу үчүн жөнөтүлүүсү тийиш.

(4) Жазык ишин көзөмөлгө алуу тартибинде карап чыгууда сот көзөмөлдүк даттанууларды жана сунуштун жүйөө далилдерине кайрылбайт жана жазык иши боюнча өндүрүштү толук көлөмдө текшерүүгө укуктуу.

(5) Эгерде жазык иши боюнча бир нече адам соттолсо, ал эми көзөмөлгө алуу даттануусу же сунуштары алардын ичинен бирөөнө, болбосо айрымдарына гана карата берилсе, анда көзөмөлгө алуу инстанциясынын соту жазык ишин бардык соттолгондорго карата текшерүүгө укуктуу.

(6) Көзөмөлгө алуу инстанциясынын соту прокурордун сунушу же жабырлануучунун даттануусу келип түшпөгөн айыпкердин, соттолгондун, акталгандын абалын оорлото албайт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**374-1-статья. Райондук (шаардык) соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларына карата даттануулар жана сунуштар боюнча жазык иштерин караштыруучу сот**

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамы менен алып салынган)*

**375-статья. Мыйзамдуу күчүнө кирген соттук чечимдерге даттануу**

(1) Соттолгон адам, анын мыйзамдуу өкүлү жана жактоочусу, ошондой эле жабырлануучу жана анын өкүлү, жарандык доогер, жарандык жоопкер жана анын өкүлдөрү даттануу берүүгө, ал эми ишти кароого катышкан прокурор, ошондой эле жогорку турган прокурор Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна, областтык же ага теңештирилген сотуна сунуш берүүгө укуктуу. Прокурордун сунушу сот заседаниеси башталганга чейин жогору турган прокурор тарабынан кайра алынышы мүмкүн.

(2) Даттануу же сунуш жазык иши сот тарабынан иш келип түшкөн күндөн тартып эки айдан ашпаган мөөнөттө каралат.

(3) Бөгөт коюу чарасы катары камакка алууну жана үй камагын колдонуу жөнүндө, аны менен катар камакка алуунун, үй камагынын мөөнөтүн узартууга карата соттук чечимге прокурор, айыпталуучу же анын коргоочусу тарабынан кассациялык инстанциянын чечими чыккан күндөн тартып беш сутканын ичинде даттанылышы мүмкүн.

Прокурордун сунушу, айыпталуучунун же анын коргоочусунун даттануусу ал сотко келип түшкөн күндөн тартып он беш суткадан кечиктирилбестен каралуусу керек.

*(КР 2004-жылдын 24-майындагы N 68, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2012-жылдын 10-августундагы N 164 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**376-статья. Соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдерин көзөмөл тартибинде кайра кароого карата негиздер**

(1) Соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмдөрүн, аныктамаларын, токтомдорун кайра кароого карата негиздер:

1) соттолгон адамдын, анын мыйзамдуу өкүлүнүн жана жактоочусунун, ошондой эле жабырлануучунун жана анын өкүлүнүн, жарандык доогердин, жарандык жоопкердин жана алардын өкүлдөрүнүн даттануусу;

2) иш боюнча айыптоочу катары катышкан прокурордун же жогору турган прокурордун сунушу.

(2) Соттолгон адамдын абалын төмөндөтүүгө алып келген соттун айыптоо өкүмүн, аныктамасын, токтомун кайра кароо, ошондой эле соттун ишти токтотуу жөнүндө актоо өкүмүн же аныктамасын, токтомун кайра кароого алар мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин бир жылдын ичинде гана жол берилет.

**377-статья. Көзөмөл тартибинде соттун кароосуна даттанууларды жана сунуштарды киргизүүнүн тартиби**

(1) Көзөмөл тартибинде соттун кароосуна процесстин катышуучусунун даттануусу, прокурордун сунушу өкүмдү, токтомду, аныктаманы чыгарган биринчи инстанциясындагы сот аркылуу ушул Кодекстин 340-статьясынын талаптарын сактоо менен киргизилет.

(2) Өкүмдү, токтомду чыгарган сот даттануу жана сунуш берилгендиги жөнүндө айыпталуучуга же акталган адамга, жактоочуга, айыптоочуга, жабыралнуучуга жана анын өкүлүнө, ошондой эле жарандык доочуга, жарандык жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө билдирет. Сот даттануу же сунуш менен таанышып, аларга даттанууга же сунушка каршы пикирди жазуу жүзүндө берүү укугун түшүндүрөт. Сот аларга башка тарап берген даттануунун же сунуштун көчүрмөсүн тапшырат.

(3) Даттанууга же сунушка берилген каршы пикир ишке кошулат.

(4) Тараптар башка тараптын даттанууларынын же сунуштарынын негиздемелерин ырастап сотко жаңы материалдарды берүүгө укуктуу.

(5) Көзөмөл инстанциясындагы сот ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн талаптарын сактабастан берилген даттанууну же сунушту карабастан калтырат, бул жөнүндө токтом чыгарылат. Эгерде даттанууну же сунушту берген жак ушул Кодексте өзүнө берилген укуктардын чегинен чыкса, даттануу же сунуш кароосуз калтырылышы мүмкүн.

(6) Процесстин катышуучусу өзүнүн даттануусун жана өзүнүн жактоочусунун жана өкүлүнүн даттануусун кайра чакыртып алууга укуктуу. Процесстин жашы жете элек катышуучусу өзүнүн мыйзамдуу өкүлүнүн жана жактоочусунун даттануусун өзү бойго жеткен күнү гана кайра чакыртып ала алат. Сунушту аны берген прокурор жана жогору турган прокурор кайра чакырта алат. Даттанууну жана сунушту судьялар кеңешүү бөлмөсүнө кеткенге чейин кайра чакыртып алууга жол берилет.

(7) Сунушту жана (же) даттанууну кайра чакыртып алуу көзөмөл өндүрүшүн кыскартууга алып келет, бул жөнүндө көзөмөл инстанциясындагы сот токтом чыгарат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**378-статья. Көзөмөл инстанциясындагы сот тарабынан иштерди карап чыгуунун тартиби**

(1) Көзөмөл даттануусу же сунушу бар иш келип түшкөн учурда көзөмөл инстанциясындагы соттун төрагасы же анын орунбасары соттук курамды дайындайт, иш боюнча төрагалык кылуучуну жана доклад кылуучу судьяны аныктайт, ага ишти даттануу (сунуш) жана башка материалдар менен чогуу өткөрүп берет. Доклад кылуучу судья ишти, даттанууну жана сунушту карап чыгып, соттук заседаниени дайындоо жөнүндө токтом чыгарат, анда соттук заседаниенин убактысын жана ордун, заседаниеге чакырылууга тийиш болгон адамдарды көрсөтөт.

(2) Көзөмөл инстанциясындагы сот ишти карай турган күн жөнүндө тараптарга маалымдайт. Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт. Камакта отурган соттолгон адамдын (айыпталуучунун) соттук заседаниеге катышуусу жөнүндөгү маселе көзөмөл инстанциясындагы сот тарабынан чечилет.

(3) Жазык иштери көзөмөл инстанциясындагы сот тарабынан ушул Кодекстин 31-статьясында аныкталган курамда каралат.

(4) Төрагалык кылуучу жазык иштерин карап чыгуу үчүн белгиленген убакытта соттук заседаниени ачат жана кайсы иш териштирилүүгө тийиш экендигин жарыялайт.

(5) Соттук заседаниенин катчысы процесстин кабар берилген катышуучуларынын тизмесин жарыялайт жана жана көрсөтүлгөн адамдардын ичинен кимиси келгенин жана жок адамдардын келбей калышынын себептерин доклад кылат. Төрагалык кылуучу ишти карап чыгуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө процесстин катышуучуларынын пикирин сурайт. Сот соттук заседаниени улантуу жөнүндө же аны кийинкиге калтыруу жөнүндө аныктаманы соттук заседание залында же кеңешүү бөлмөсүнө барып чыгарат. Аныктаманы төрагалык кылуучу жарыя кылат жана ал соттук заседаниенин протоколуна киргизилет.

(6) Төрагалык кылуучу соттун курамын, соттук заседаниенин катчысынын, прокурордун, котормочунун фамилияларын жарыялайт жана иш боюнча келген адамдардан аларда четке кагуу жөнүндө арыздын бар же жок экендиги жөнүндө сурайт. Четке кагуу жөнүндө арыз ушул Кодекстин 73-статьясына ылайык сот тарабынан кеңешүү бөлмөсүндө чечилет, мында өзүнчө документ түрүндө аныктама чыгарылат.

(7) Төрагалык кылуучу иш боюнча келген адамдардан алардын расмий өтүнүчтөрү жөнүндө сурайт. Билдирилген расмий өтүнүчтөр боюнча сот аныктама чыгарат, ал соттук заседаниенин протоколуна киргизилет.

(8) Доклад кылуучу судья иштин маңызын, даттануулардын негизги далилдерин, сунуштарды, аларга каршы пикирди, кошумча материалдарды жарыялайт. Судьялар докладчыга суроо бере алышат.

(9) Сот даттанууну же сунушту берген тараптардын, андан кийин башка тараптын сөзүн угат. Судья тараптарга суроо берүүгө укуктуу.

(10) Тараптар сүйлөп бүткөндөн кийин судьялар кеңешүү бөлмөсүнө кетишет.

(11) Көзөмөл инстанциясындагы соттун чечими кеңешүү бөлмөсүндө ачык добуш берүү менен кабыл алынат. Судья добуш берүүдө калыс калууга же ага катышпай коюуга укуксуз. Төрагалык кылуучу добушту акырында берет. Эгерде судьялардын көпчүлүгү жактап добуш берсе, көзөмөл инстанциясындагы соттун чечими кабыл алынды деп эсептелет.

(12) Көзөмөл инстанциясындагы соттун заседаниесинде протокол жүргүзүлөт, ага соттук заседаниенин төрагалык кылуучусу жана катчысы кол коет.

(13) Соттук заседаниенин иш тартиби жана укук бузуучуларга карата көрүлүүчү чаралар ушул Кодекстин 269, 271-статьяларында каралган эрежелер боюнча аныкталат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**379-статья. Көзөмөл инстанциясындагы соттун токтому (аныктамасы)**

(1) Көзөмөл тартибинде каралган иш боюнча көзөмөл инстанциясындагы сот кеңешүү бөлмөсүндө токтом (аныктама) чыгарат.

(2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиясынын токтомуна (аныктамасына) ишти кароого катышкан бардык судьялар кол коюшат. Өзгөчө учурларда өтө татаал иш боюнча жүйөлүү токтомду түзүү он күнгө чейинки мөөнөткө кийинкиге калтырылышы мүмкүн, бирок токтомдун (аныктаманын) корутунду бөлүгү кеңешүү бөлмөсүндө түзүлөт жана ишти кароого катышкан бардык судьялар кол коюшат.

(3) Токтомду (аныктаманы) төрагалык кылуучу же доклад кылуучу судья жарыя кылат. Соттук заседаниенин залында катышып олтургандардын бардыгы токтомду (аныктаманы) орундарынан туруп угушат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**380-статья. Көзөмөлдүк инстанциядагы соттун судьясынын өзгөчө пикири**

Көпчүлүк судьялардын чечими менен макул болбогон көзөмөлдөө инстанциясынын судьясы соттун чечимине эч бир шылтоосуз кол коюууга милдеттүү жана өзгөчө пикирин кеңешме бөлмөсүндө кат жүзүндө жазып берүүгө укуктуу, ал төрагачылык кылуучуга тапшырылат жана кылмыш ишине "өзгөчө пикир" деген белги менен чапталган конвертте менен тиркелет. Өзгөчө пикир бар экендиги жөнүндө процесстин катышуучуларына кабарланбайт, өзгөчө пикир сот жыйынынын залында жарыяланбайт.

*(КР 2004-жылдын 24-майындагы N 68, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)*

**381-статья. Көзөмөлдүк инстанциядагы соттун жеке аныктамасы**

(1) Токтом кабыл алуу менен бир мезгилде Көзөмөлдүк инстанциядагы соту зарыл учурларда жеке аныктамасы менен иш боюнча мыйзамды бузуунун белгиленген фактыларына, укук бузууну жасоого көмөк көрсөткөн себептерге жана шарттарга министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын көңүлүн бурат.

(2) Аталган адамдар бир айдын ичинде өздөрүнүн жеке аныктама боюнча көрүлгөн чаралары жөнүндө Көзөмөлдүк инстанциядагы сотуна кабарлоого милдеттүү.

*(КР 2004-жылдын 24-майындагы N 68 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**382-статья. Көзөмөлдүк инстанциядагы соттун токтомдорун жана аныктамаларын аткаруу**

(1) Көзөмөлдүк инстанциядагы соттун токтому жана аныктамасы алар кабыл алынары менен дароо мыйзамдуу күчүнө кирет жана Кыргыз Республикасынын ушул Кодексинде жана Жазык-аткаруу кодексинде каралган тартипте аткарылат.

(2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясынын токтомдору жана аныктамалары акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

*(КР 2004-жылдын 24-майындагы N 68, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2008-жылдын 5-августундагы N 193 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**383-статья. Көзөмөл тартибинде сот тарабынан кабыл алынган чечимдер**

(1) Көзөмөлдүк инстанциядагы сот (Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясы) ишти көзөмөл тартибинде карап чыгат жана төмөнкүлөргө укуктуу:

1) жергиликтүү соттун сот актысын (сот актыларын) күчүндө калтырып, ал эми даттанууларды же сунуштамаларды канааттандырбоого;

2) сот актыларынын иши боюнча мурда чыгарылгандардын бирин күчүндө калтырууга жана калган сот актыларын жокко чыгарууга;

3) коюлган күнөөнүн чектеринде жергиликтүү соттордун сот актыларына өзгөртүү киргизүүгө;

4) жергиликтүү соттордун сот актыларын жокко чыгарууга жана жазык ишин кыскартууга;

5) көзөмөл өндүрүшүн токтотууга жана мыйзамга расмий чечмелөө берүү жөнүндө суроо-талапты Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүүгө, мыйзамдын конституциялуулугун текшерүү тууралу өтүнүчтү Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна жиберүүгө;

6) жергиликтүү соттордун сот актыларын жокко чыгарууга жана жаңы чечим кабыл алууга;

7) жергиликтүү соттордун сот актыларын жокко чыгарат жана ишти

биринчи же апелляциялык инстанциянын сотуна жаңыдан кароого жөнөтөт.

*(383-статьянын 1-бөлүгүнүн 7-пунктунун аракети КР Конституциялык Сотунун 2006-жылдын 13-январындагы Чечими менен токтотулду)*

(2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясынын чечими 1, 2, 3, 4-пункттардын негизинде токтом түрүндө, 6-пункттун негизинде токтом жана өкүм түрүндө, 5 же 7-пункттардын негизинде аныктама түрүндө чыгарылат.

(3) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясынын чечими акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

(4) Көзөмөл инстанциясындагы сот көзөмөлдүк өндүрүштү төмөнкүдөй учурларда кыскартат:

1) эгерде даттануу жана (же) сунуш кайра чакыртылып алынса;

2) эгерде ага каршы сунуш (даттануу) берилген соттолгон, акталган же соттолуучу адам өлүп калса;

3) эгерде соттук заседаниеде процесстин катышуучусу өзүнүн даттануусун же өзүнүн жактоочусунун, өкүлүнүн даттануусун колдобосо;

4) эгерде процесстик ишти көзөмөл тартибинде карап чыгуу учуруна карата он сегиз жаш куракка жеткен катышуучусу өзүнүн мурдагы мыйзамдуу өкүлүнүн, жактоочусунун даттануусун колдобосо;

5) эгерде сот заседаниесине катышкан прокурор сунушту колдобосо;

6) эгерде даттануу жергиликтүү сотто каралууга жатса;

7) ушул Кодекстин 376-статьясынын экинчи бөлүгүнүн негизинде.

*(КР 2004-жылдын 24-майындагы N 68, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2008-жылдын 5-августундагы N 193, 2012-жылдын 10-августундагы N 164 редакцияларына ылайык)*

**383-1-статья. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясы тарабынан жаңы чечим кабыл алуунун негизи жана тартиби**

(1) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясы, эгерде жергиликтүү сот тарабынан өкүм чыгарылып, бирок укук ченемин колдонууда жана далилдерге баа берүүдө каталар кетирилсе жазык иши боюнча жаңы чечим кабыл алат.

(2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясы:

1) жергиликтүү соттордун сот актыларын жокко чыгарууга жана жазык иши боюнча өндүрүштү токтотууга;

2) жергиликтүү соттордун сот актыларын жокко чыгарууга жана жаңы өкүм чыгарууга укуктуу.

*(КР 2004-жылдын 24-майындагы N 68, 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**383-2-статья. Областтык соттун жана ага теңештирилген соттун президиумунун экинчи инстанциядагы сот катары райондук соттун мыйзамдуу күчүнө кирген актысы боюнча жазык ишин кароодо кабыл алуучу чечими**

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамы менен алып салынган)*

## XII БӨЛҮМ
## ИШ БОЮНЧА ЖАҢЫ ЖЕ ЖАҢЫДАН АЧЫЛГАН ЖАГДАЙЛАР БОЮНЧА ИШ ЖҮРГҮЗҮҮНҮ КАЙРА БАШТОО

## 43-Глава
## Иш боюнча жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча иш жүргүзүүнү кайра баштоо

**384-статья. Иш боюнча иш жүргүзүүнү кайра баштоонун негиздери**

(1) Соттун күчүнө кирген өкүмү, аныктама, токтому жокко чыгарылышы жана иш боюнча иш жүргүзүүнү жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра баштоо мүмкүн.

(2) Жаңы ачылган жагдайлар боюнча жазык иши боюнча иш жүргүзүүнү кайра баштоонун негиздери:

*1) (КР 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

2) соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү тарабынан белгиленген мыйзамсыз же негизсиз өкүм, аныктама, токтом чыгарууга алып келген жабырлануучунун же күбөнүн түшүндүрмөлөрүнүн, эксперттин корутундусунун атайылап жалган берилиши, ошого тете буюм далилдеринин, тергөө жана сот аракеттеринин протоколдорунун жана башка документтердин атайылап жалган берилиши же котормонун атайын туура эмес которулушу;

3) мыйзамсыз жана негизсиз өкүмдүн, аныктаманын, токтомдун чыгышына алып келген тергөөчүнүн же прокурордун, соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү тарабынан белгиленген кылмыштуу аракеттери;

4) ушул ишти кароодо алар тарабынан жасалган, соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү тарабынан белгиленген судьялардын кылмыштуу аракеттери;

5) өкүмдү, аныктаманы чыгарууда өз алдынча же мурда белгиленген жагдайлар менен бирге соттолгон адамдын күнөөсү жок экендиги жөнүндө же ал үчүн соттолгонго караганда оордугу боюнча башка кылмыш жасагандыгы жөнүндө мурда белгиленген жагдайлар менен бирге, же акталган адамдын же өзүнө карата иш токтотулган адамдын күнөөлүү экендиги жөнүндө күбөлөндүргөн, өкүмдү чыгарууда сотко белгисиз болгон жагдайлар болуп саналат.

(2-1) Жаңы жагдайлар боюнча жазык иши боюнча иш жүргүзүүнү кайра баштоонун негиздери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) жосундун жазалануусун болтурбоочу же жазаны жеңилдетүүчү мыйзамдын күчүнө кирүүсү;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул жазык иши боюнча сот тарабынан колдонулган мыйзамды же башка ченемдик укуктук актыны конституциялык эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануусу;

3) ушул жазык ишин Кыргыз Республикасынын соту тарабынан кароодо адам укуктары жана эркиндиктери бузулгандыгын Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык эл аралык органдардын белгилөөсү.

(3) Ушул статьянын экинчи бөлүгүнүн 2-4-пункттарында саналып өткөн жагдайлар өкүмдөн тышкары мөөнөттүн эскиргендигинин, мунапыс же кечирим берүү актысынын айынан, күнөөкөрдүн өлүмүнө же күнөөкөр катары тартуу үчүн жашы жетпегендигине байланыштуу жазык ишин токтотуу жөнүндө, жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө соттун аныктамасы, токтому, прокурордун, тергөөчүнүн токтому тарабынан белгилениши мүмкүн.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2014-жылдын 22-мартындагы № 52, 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**385-статья. Ишти жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча караган соттор**

(1) Мыйзамдуу күчүнө кирген соттук акт жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча бул актыны кабыл алган, анын ичинде жосундун жазалануусун болтурбоочу же жазаны жеңилдетүүчү мыйзамдын күчүнө кирүү негиздери боюнча сот тарабынан кайрадан каралат.

(2) Биринчи инстанциясындагы сот апелляциялык, кассациялык жана көзөмөл тартибинде каралбаган иш боюнча өзүнүн соттук актысын кайрадан карап чыгат.

(3) Областтык соттун жана ага теңештирилген соттун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку

Сотунда каралбаган иш боюнча өзүнүн соттук актысын жана биринчи инстанциядагы соттун актысын кайрадан карап чыгат.

(4) Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы өзүнүн соттук актыларын жана бардык жалпы юрисдикциядагы жергиликтүү соттордун актыларын кайрадан карап чыгат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**386-статья. Иш жүргүзүүнү кайра баштоонун мөөнөттөрү**

(1) Жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча айыптоо өкүмүн соттолгон адамдын пайдасына кайра кароо эч кандай мөөнөттөр менен чектелбейт.

(2) Соттолгон адамдын өлүмү аны актоо максатында жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча иш жүргүзүүнү кайра баштоого тоскоол болуп саналбайт.

(3) Ишти токтотуу жөнүндө актоо өкүмүн, аныктамасын, токтомун кайра кароого, ошондой эле жазанын жеңилдигинин жүйөлөрү же соттолгон адамга карата кыйла оор кылмыш жөнүндө мыйзамды колдонуунун зарылдыгы боюнча айыптоо өкүмүн кайра кароого жазык жоопкерчилигине тартуунун мөөнөтү эскирбеген мезгил ичинде гана жана жаңыдан ачылган жагдайлар ачылган күндөн тартып, алты айдан кечиктирилбестен жол берилет.

(4) Жаңыдан жагдайлардын ачылган күнү болуп;

1) ушул Кодекстин 384-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 2-4-пункттары тарабынан каралган учурларда - атайын жалган көрсөтүүлөрдү берүүгө, атайын жалган далилдерди келтирүүгө, туура эмес которууга же ишти тергөөнүн же кароонун жүрүшүндө кылмыштуу аракеттерге күнөөлүү адамдарга карата өкүм, аныктама, токтом мыйзамдуу күчүнө кирген күн;

2) ушул Кодекстин 384-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 5-пункту тарабынан каралган учурда - жаңыдан ачылган жагдайлардын болгондугунан өндүрүштү кайра жаңыртуунун зарылдыгы жөнүндө корутундуга прокурор кол койгон күн эсептелет;

*3) (КР 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

(5) Жаңы же жаңыдан жагдайлардын күнү болуп:

1) ушул Кодекстин 384-статьясынын 2-1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык сот тарабынан өндүрүштү козгогон күн;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын мыйзамды же башка ченемдик укуктук актыны конституциялык эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таануу жөнүндөгү чечими күчүнө кирген күн;

3) адам укуктарын жана эркиндиктерин бузуу болгондугу жөнүндө эл аралык органдардын чечими күчүнө кирген күн эсептелет.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2010-жылдын 10-февралындагы N 27, 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**387-статья. Иш жүргүзүүнү козгоо**

(1) Жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо укугу прокурорго, сотко - жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо бөлүгүндө таандык.

(2) Жарандардын арыздары, уюмдардын кызмат адамдарынын билдирүүлөрү, ошондой эле башка жазык иштерин тергөөнүн жана кароонун жүрүшүндө алынган маалыматтар жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча иш жүргүзүүнү козгоого жүйө болуп саналат.

(3) Эгерде келип түшкөн арызда же билдирүүдө ушул Кодекстин 386-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 2-4-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайларга байланыштуу чыгарылган соттун өкүмүндө жаңыдан ачылган жагдайлардын бар экендигине шилтеме жасалса, прокурор өз токтому менен жаңыдан ачылган жагдайлардын болгондугунан улам иш козгойт, тиешелүү текшерүү жүргүзөт, өкүмдүн көчүрмөсүн жана анын мыйзамдуу күчкө киргендиги жөнүндө соттун справкасын суратып алат.

(4) Эгерде арызда же билдирүүдө ушул Кодекстин 386-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 5-пунктунда көрсөтүлгөн башка жагдайлар көрсөтүлсө, прокурор өз укугунун чегинде жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча иш козгоо жөнүндө токтом чыгарып, ал жагдайларды тергөө үчүн ишти тергөөчүгө жиберет. Жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча ишти тергөө ушул Кодекстин эрежелерин сактоо менен жүргүзүлөт.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**388-статья. Текшерүү же тергөө аяктагандан кийинки прокурордун аракеттери**

(1) Иш жүргүзүүнү кайра баштоо үчүн негиздер болгондо, жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча текшерүү же тергөө аяктагандан кийин прокурор ишти өз корутундусу менен тиешелүү сотко жиберет.

(2) Иш жүргүзүүнү кайра баштоого негиздер жок болгондо, прокурор өзүнүн жүйөлөштүрүлгөн токтому менен жаңыдан ачылган жагдайлардан улам өндүрүштү козгоодон баш тартат же жаңыдан ачылган жагдайлардан улам иш козгоону токтотот.

(3) Иш жүргүзүүнү токтотуу жөнүндө токтом ага даттануу укугун аларга түшүндүрүү менен, бул ишке тиешеси бар адамдарга маалымдалат.

*(КР 2015-жылдын 7-августундагы N 222 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**389-статья. Соттун аныктамасы**

Жаңы жагдайларды же прокурордун жаңыдан ачылган жагдайлардын болгондугунан улам иш жүргүзүү кайра баштоо жөнүндө корутундусун карап чыгып, сот:

1) соттун өкүмүн, аныктамасын же судьянын токтомун жокко чыгаруу жана ишти тергөө жүргүзүү үчүн же жаңы соттук териштирүүгө берүү жөнүндө;

2) соттун өкүмүн, аныктамасын же токтомун жокко чыгаруу жөнүндө жана иш боюнча биротоло чечим чыгаруу үчүн жаңы тергөө же жаңы соттук териштирүү талап кылынбаганда, ишти токтотуу жөнүндө;

3) прокурордун корутундусун четке кагуу жөнүндө аныктамалардын, токтомдордун бирин чыгарат.

*(КР 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**390-статья. Соттун чечимдерин жокко чыгаргандан кийинки иш жүргүзүү**

Ал боюнча жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлардын болгондугунан улам соттун чечимдери жокко чыгарылгандан кийин иш жүргүзүү боюнча тергөө жана соттук териштирүү, ошондой эле чыгарылган жаңы же жаңыдан соттук чечимдерге даттануу жалпы тартипте жүргүзүлөт.

*(КР 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## XIII БӨЛҮМ
## ИШТЕРДИН АЙРЫМ КАТЕГОРИЯЛАРЫ БОЮНЧА ИШ ЖҮРГҮЗҮҮ

### 44-Глава
### Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн кылмыштары жөнүндө иштер боюнча иш жүргүзүү

**391-статья. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн кылмыштары жөнүндө иштер боюнча иш жүргүзүүнүн тартиби**

(1) Ушул главанын жоболору кылмыш жасоо учуруна карата он сегиз жашка чыкпаган адамдарга карата жазык иштери боюнча колдонулат.

(2) Жашы жетелектердин кылмыштары жөнүндө иштер боюнча өндүрүш тартиби ушул Кодекс, ошондой эле ушул главанын статьяларында белгиленген жалпы эрежелер менен

аныкталат. Прокурордун, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жашы жете элек өспүрүмдөрдүн кылмыштары боюнча иштерге катышуусу милдеттүү болуп саналат.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**392-статья. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн кылмыштары жөнүндө иштер боюнча белгиленүүгө тийиш болгон жагдайлар**

(1) Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн кылмыштары жөнүндө иштер боюнча тергөө жана соттук териштирүү жүргүзүүдө ушул Кодекстин 82-статьясында каралган жагдайларды далилдөө менен катар:

1) жашы жетпегендин курагы (туулган күнү, айы, жылы);

2) инсандын интеллектик, психикалык өнүгүүсүнүн жана башка өзгөчөлүктөрүнүн деңгээли, ошондой эле анын жашоосунун жана тарбияланышынын шарттары;

3) шыкакчы жана катышуучу чоң адамдардын бар же жок экендиги айкындалууга тийиш.

(2) Жашы жетпегендин жин оорусуна байланышпаган кандайдыр-бир себептер боюнча акылы кем экендиги жөнүндө маалыматтар болгондо, ал өзүнүн коомдук коркунучтуу аракеттерин аңдап биле ала тургандыгы жана аларды башкара ала тургандыгы да айкындалууга тийиш.

(3) Ал жагдайларды белгилөө үчүн жашы жетпегендин ата-энеси, педагогдору, тарбиялоочулары жана зарыл маалыматтарды бере алуучу башка адамдар суралышы, ошого тете зарыл маалыматтар суратылып алынышы жана башка тергөө жана сот аракеттери жүргүзүлүшү мүмкүн.

(4) Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери реабилитациялоо боюнча иш-чаралардын планын даярдоого жана тергөөчүгө жана сотко корутунду берүүгө милдеттүү.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**393-статья. Жашы жетпегенге карата бөгөт коюу жана кармоо чараларын колдонуу**

(1) Жашы жетпегенге карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө маселени чечүүнүн ар бир учурунда ушул Кодекстин 108-статьясы тарабынан каралган тартипте жашы жетпегенди көз салууга чыгарып берүүнүн мындай чара катары тандап алуунун мүмкүнчүлүгү талкууланууга тийиш.

(2) Жашы жетелектин камакка алынуусунун мыйзамдуулугун текшерүүдө аны прокурор өзү жеке суракка алууга милдеттүү.

(3) Бөгөт коюу чарасы катары камап коюу, ошондой эле кармоо он алты жашка чыга элек жашы жетпегенге карата ушул Кодекстин 102, 103, 110, 114-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер болгон, өзгөчө учурларда гана колдонулушу мүмкүн. Кармалган жашы жетелектер ички иштер органдарынын атайын камераларында жыйырма төрт сааттан ашык эмес убакытка кармалуусу тийиш.

(4) Кармоо, камакка алуу жөнүндө токтоосуз, бирок кармалган учурдан тартып үч сааттан кечиктирилбестен жашы жетелектин ата-энесине же анын башка мыйзамдуу өкүлдөрүнө, анын ичинде балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлерине кабарландырылат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**394-статья. Жашы жетпеген шектүүнү, айыпкерди, соттолуучуну чакыртуунун тартиби**

Камоодо болбогон жашы жетпеген шектүүнү, айыпкерди, соттолуучуну тергөөчүгө, сотко чакыртуу анын ата-энеси, башка мыйзамдуу өкүлдөрү же балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери, ал эми жашы жетпеген атайын балдар мекемесинде кармалып турса, ал уюмдун администрациясы аркылуу жүргүзүлөт.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**395-статья. Жашы жетпеген шектүүнү, айыпкерди, соттолуучуну суракка алуу**

(1) Жашы жетпеген шектүүнү, айыпкерди, соттолуучуну суракка алуу күнүнө дем алуусуз эки сааттан, ал эми жалпы алганда күнүнө төрт сааттан ашпоого тийиш.

(2) Жашы жетпеген шектүүнү, айыпкерди суракка алууда ушул Кодекстин 46-статьясына ылайык катышуусу милдеттүү болгон жактоочу суракка алынуучуга суроо берүүгө, ал эми суракка алуу бүткөндөн кийин протокол менен таанышууга жана көрсөтүүлөрдүн тууралыгы жана толуктугу жөнүндө пикир айтууга укуктуу.

**396-статья. Педагогдун жана психологдун катышуусу**

(1) Он алты жашка толо элек, ошондой эле ал куракка толгон, бирок акылы кем деп таанылган жашы жетпеген шектүүнү, айыпкерди суракка алууда педагогдун жана психологдун катышуусу милдеттүү болот. Он алты жаштан улуу жашы жетпегенди шектүүнү, айыпкерди суракка алууда педагог же психолог тергөөчүнүн, прокурордун кароосу боюнча, же жактоочунун өтүнүчү боюнча катышат.

(2) Педагог же психолог шектүүгө, айыпкерге тергөөчүнүн уруксаты менен суроо берүүгө, ал эми суракка алуу аяктагандан кийин суракка алуунун протоколу менен таанышууга жана анда жазылгандардын тууралыгы жана толуктугу жөнүндө пикирлерин жазуу жүзүндө жазууга укуктуу. Ал укуктарды тергөөчү жашы жетпегенди суракка алуунун алдында педагогго же психологго түшүндүрүп берет, бул жөнүндө сурактын протоколуна белги коюлат.

(3) Сотто жашы жетпегенди соттолуучуну суракка алууда педагогдун же психологдун катышуусу ушул статьянын биринчи жана экинчи бөлүктөрүнүн эрежелери тарабынан аныкталат.

**397-статья. Жашы жетелек шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун мыйзамдуу өкүлүнүн жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкеринин тергөөгө жана соттук териштирүүгө катышуусу**

(1) Жашы жетелектин кылмыштары жөнүндө иштерди тергөөгө жана соттук териштирүүгө жашы жетелек шектүүнүн, соттолуучунун, айыпкердин мыйзамдуу өкүлү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери катышат. Бир нече мыйзамдуу өкүлдөр болгондо, тергөөгө жана соттук териштирүүгө катышуучу мыйзамдуу өкүлдү тандоо жашы жетелектин жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкеринин пикирин эске алуу менен жүргүзүлөт.

(2) Жашы жетелектин мыйзамдуу өкүлүнүн жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкеринин ишке катышуусуна тергөөчүнүн токтому менен жашы жетелек шектүү же айыпкер катары биринчи суракка алынган учурдан тартып жол берилет. Мыйзамдуу өкүлгө жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерине ушул статьянын 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн укуктар түшүндүрүлөт.

(3) Жашы жетелектин мыйзамдуу өкүлү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери жашы жетелектен эмнеден шек саналып же ал эмне үчүн айыпталып жатканы жөнүндө билүүгө; айып коюлуп жатканда катышууга; жашы жетелекти суракка алууга, ошондой эле шектүү же айыпкер жашы жетелекти жана анын жактоочусунун катышуусу менен жүргүзүлүүчү башка тергөө аракеттерине катышууга; өзү катышкан тергөө аракеттеринин протоколдору менен таанышууга жана аларда жазылгандардын тууралыгы жана толуктугу жөнүндө сын-пикирлерин жазуу жүзүндө берүүгө; өтүнүчтөрдү жана баш тартууларды берүүгө; тергөөчүнүн жана прокурордун аракеттери менен чечимдерине даттанууга; далилдерди келтирүүгө; тергөө бүткөндөн кийин иштин бардык материалдары менен таанышууга, андан кандай болбосун маалыматтарды жана кандай болбосун көлөмдө жазып алууга укуктуу.

(4) Эгерде алардын аракеттери жашы жетелектин таламдарына зыян келтирүүдө же ишти калыс тергөөгө тоскоолдук кылууга багытталган деп эсептөөгө негиздер болсо, жашы жетелектин мыйзамдуу өкүлү, ошондой эле балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери ишке катышуудан четтетилиши мүмкүн. Бул жөнүндө тергөөчү же сот жүйөлөнгөн токтом чыгарат. Мындай учурда жашы жетелектин башка мыйзамдуу өкүлүнө, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерине ишке катышууга жол берилет.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**398-статья. Жашы жетпеген соттолуучунун мыйзамдуу өкүлүнүн соттук териштирүүгө катышуусу**

(1) Сот заседаниесине жашы жетпеген соттолуучунун ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү чакыртылууга тийиш. Алар далилдерди изилдөөгө катышууга, көрсөтүүлөрдү берүүгө, далилдерди келтирүүгө, өтүнүчтөрдү жана баш тартууларды берүүгө, соттун аракеттерине жана чечимдерине даттанууга, ишти кароочу сот заседаниесине катышууга укуктуу. Көрсөтүлгөн укуктар аларга соттук териштирүүнүн башталышында түшүндүрүлүүгө тийиш. Жашы жетпегендин мыйзамдуу өкүлдөрү сот заседаниесинин залында ишти бүткүл соттук териштирүүнүн ичинде катышып отурат. Өз макулдугу менен алар сот тарабынан күбө катары суракка алынышы мүмкүн.

(2) Эгерде анын аракеттери жашы жетпеген соттолуучунун таламдарына зыян келтирет же иштин калыс териштирилишине тоскоолдук кылууга багытталат деп эсептөөгө негиздер болсо, жашы жетпегендин мыйзамдуу өкүлү соттун жүйөлөштүрүлгөн токтому менен соттук териштирүүгө катышуудан четтетилет. Мындай учурда жашы жетпеген соттолуучунун башка мыйзамдуу өкүлүнө жол берилет.

(3) Эгерде сот анын катышуусун зарыл деп эсептебесе, жашы жетпеген соттолуучунун мыйзамдуу өкүлүнүн келбей коюшу, ишти териштирүүнү токтотпойт.

(4) Эгерде жашы жетпеген соттолуучунун мыйзамдуу өкүлү ишке жактоочу же жарандык жоопкер катары катышууга тартылса, ал процесстин көрсөтүлгөн катышуучуларынын укуктарына ээ болот жана милдеттүү болот.

(5) Эгерде биринчи инстанциясындагы сотто, апелляциялык тартипте же көзөмөл тартибинде карап чыкканга чейин айыпталуучу (соттолуучу, соттолгон, акталган) адам он сегиз жашка толсо, сот мыйзамдуу өкүлдүн функцияларын кыскартуу жөнүндө токтом (аныктама) чыгарат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**399-статья. Жашы жетпеген соттолуучуну сот заседаниесинин залынан чыгарып салуу**

Жактоочунун же мыйзамдуу өкүлдүн өтүнүчү боюнча, ошондой эле өз демилгеси боюнча сот тараптардын пикирин эске алуу менен ага терс таасир тийгизиши мүмкүн болгон жагдайларды изилдөөнүн учурунда жашы жетпеген соттолуучуну сот заседаниесинин залынан чыгарып салууга укуктуу. Жашы жетпеген соттолуучу кайрылып келгенден кийин төрагалык кылуучу ага ал жокто жүргүзүлгөн аракеттердин мазмунун маалымдайт жана жашы жетпегенге ал жокто суракка алынган адамдарга суроо берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**400-статья. Жашы жетпеген соттолуучуга өкүм чыгарууда сот тарабынан чечилүүчү маселелер**

(1) Жашы жетпеген соттолуучуга өкүм чыгарууда сот ушул Кодекстин 312-статьясында саналып өткөн маселелер менен катар шарттуу соттоо, эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жаза берүү жөнүндө, ошондой эле жазадан бошотуу жөнүндө маселени талкуулоого тийиш.

(2) Шарттуу соттолгон, эркиндигинен ажыратууга, атайын тарбиялоо же башка тарбиялоо мекемесине жайгаштырууу, же болбосо мажбурлап тарбиялык таасир көрсөтүү чараларын колдонуу менен байланышпаган жаза чарасын дайындоо учурунда сот бул жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга маалымдайт жана кесилген жашы жетпегендин жүрүм-турумуна контролдукту жүзөгө ашырууну ага жүктөйт.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**401-статья. Жашы жетпегендин сот тарабынан жазык жоопкерчилигинен мажбурлап тарбиялык таасир көрсөтүү чараларын колдонуу менен бошотулушу**

(1) Эгерде анча оор эмес кылмыш жана кыйла жеңил кылмыш жөнүндө иш боюнча бул кылмышты жасаган жашы жетпеген жазык чараларын колдонуусуз түзөлүшү мүмкүн деп табылса, сот жашы жетпегенди жаза өтөөдөн бошотушу жана ага карата Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 83-статьясы тарабынан каралган мажбурлап тарбиялык таасир көрсөтүү чараларын

колдонууга укуктуу. Токтомдун көчүрмөсү балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберилет.

(2) Жашы жетпеген тарабынан өзүнө карата дайындалган мажбурлап тарбиялык таасир көрсөтүү чаралары такай аткарылбаган учурда, сот балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сунушу боюнча мажбурлап тарбиялык таасир көрсөтүү чараларын жокко чыгарат жана иш ушул Кодекстин ченемдерине ылайык каралат.

*(КР 2004-жылдын 8-августундагы N 111, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**402-статья. Жашы жетпегендин жазадан сот тарабынан атайын же башка тарбиялоо мекемесине жиберүү менен бошотулушу**

(1) Эгерде өтө оор кылмыш же анча оор эмес кылмыш жөнүндө ишти кароодо бул кылмышты жасаган жашы жетпегенди жашы жетпегендер үчүн атайын тарбиялоо мекемесине жайгаштыруу жолу менен жазалоонун максатына жетишилет деп табылса, сот айыптоо өкүмүн чыгарып, жашы жетпегенди жаза өтөөдөн бошотууга жана жашы жеткенге чейин аны аталган мекемеге жиберүүгө укуктуу.

(2) Эгерде жашы жетпеген оңолгондугунан улам бул чаранын андан аркы таасирине муктаж эмес болсо, анын атайын тарбиялоо мекемесинде болушу жашы жеткенге чейин токтотулушу мүмкүн. Адам он сегизге толгондон кийин анын тарбиялоо мекемесинде болушун узартууга жалпы билим берүүчү же кесиптик даярдыкты аяктаганга чейин гана жол берилет. Адамдын атайын тарбиялоо мекемесинде болушун токтотуу же болбосо анда болуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө маселе мекеменин администрациясынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын биргелешкен сунушунун негизинде өкүм чыгарган же соттолгон жашы жетпегендин жашаган жери боюнча соттун же мекеме турган жердин сотунун судьясы тарабынан он күндүк мөөнөттө жеке каралат.

(3) Сот заседаниесине соттолгон жашы жетпеген, анын мыйзамдуу өкүлү, адвокат, прокурор, мекеменин администрациясынын өкүлү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлү чакыртылат. Прокурордон жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкеринен башка көрсөтүлгөн адамдардын келбей коюшу иштин каралышына тоскоол болбойт.

(4) Сот заседаниесинде мекеменин администрациясынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын биргелешкен сунушу иликтенип, ишке катышкан адамдардын пикирлери угулат.

(5) Ишти кароонун натыйжалары боюнча судья өзүнчө бөлмөдө токтом чыгарат, ал сот заседаниесинде окулууга тийиш.

(6) Токтомдун көчүрмөсү беш күндүк мөөнөттө соттолгон жашы жетпегендин өкүлүнө, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жана өкүм чыгарган сотко жиберилет.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**402-1-статья. Жашы жетелектердин кылмыштары жөнүндө иштер боюнча элдешүү жол-жоболору (калыбына келтирүү сот адилеттиги)**

(1) Анча чоң эмес кылмыш же анчейин оор эмес кылмыш жасаган жашы жетелекке карата элдешүү жол-жоболору колдонулушу мүмкүн.

(2) Жазык иши боюнча шектелген, айыпталган жашы жетелекке карата кылмыш иши боюнча элдешүү жол-жоболору төмөнкү шарттар болгон учурда дайындалат:

1) жашы жетелек мурда жазык жоопкерчилигине тартылбаган жана соттолбогон;

2) жазык ишинде жабырлануучу болгон;

3) жашы жетелек шектүүнүн, айыпкердин күнөөсү далилденген;

4) жашы жетелек шектүү, айыпкер чын дилинен өкүнгөн жана келтирилген зыяндын ордун толтурган;

5) жашы жетелек шектүү, айыпкер жана жабырлануучу элдешүү жол-жоболоруна катышууга макул болгон.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы N 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 45-Глава
## Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча иш жүргүзүү

### 403-статья. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча иш жүргүзүү үчүн негиздер

(1) Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча иш жүргүзүү жазык мыйзамы тарабынан тыюу салынган жосунду акыл-эси соо эмес абалда жасаган же кылмыш жасагандан кийин жазаны дайындоого же аткарууга мүмкүн болбогон жин оорусуна чалдыккан адамдарга карата жүзөгө ашырылат.

(2) Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары катуу жин оорусу өзү үчүн же башка адамдар үчүн коркунуч менен байланышкан, же алар тарабынан башка олуттуу зыян келтириши мүмкүн болгон учурда гана дайындалат.

(3) Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча иш жүргүзүү ушул Кодекстин жалпы эрежелери, ошондой эле ушул главанын эрежелери тарабынан аныкталат.

### 404-статья. Далилденүүгө тийиш болгон жагдайлар

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча тергөө жүргүзүүдө төмөнкүдөй жагдайлар:

1) жасалган жосундун убактысы, орду, ыкмасы жана башка жагдайлары;

2) ал адам тарабынан жазык мыйзамы менен тыюу салынган жосундун жасалышы;

3) жосун тарабынан келтирилген зыяндын мүнөзү жана өлчөмү;

4) жазык мыйзамы менен тыюу салынган жосун жасаган адамдын аны жасаганга чейинки жана ошондой эле андан кийинки жүрүм-туруму айкындалууга тийиш.

### 405-статья. Жазык мыйзамы менен тыюу салынган жосунду акыл-эси соо эмес абалда жасаган же кылмышты жасагандан кийин жин оорусуна чалдыккан адамга карата ишти бөлүп алуу

Эгерде бир нече адамды айыптоо боюнча тергөө өндүрүшүндө кылмышка катышкандардын кимдир-бирөө жосунду акыл-эси соо эмес абалда жасагандыгы же кылмыш жасагандан кийин жин оорусуна чалдыккандыгы белгиленсе, ага карата иш өзүнчө өндүрүшкө бөлүнүп алынат.

### 406-статья. Өзүнө карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иш жүргүзүлүп жаткан адамдын укуктары

(1) Эгерде соттук-психиатрдык экспертизанын корутундусу боюнча анын оорусунун мүнөзү жана оордугу буга тоскоолдук кылбаса, өзүнө карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иш жүргүзүлүп жаткан адам:

1) өзүнүн кайсы жосунду жасагандыгы үчүн бети ачылып жаткандыгын билүүгө;

2) көрсөтүүлөрдү берүүгө;

3) далилдерди келтирүүгө;

4) өтүнүчтөрдү жана баш тартууларды берүүгө;

5) эне тилинде же өзү билген тилде түшүндүрмө берүүгө;

6) тилмечтин кызматынан пайдаланууга;

7) жактоочу алууга жана аны менен жеке жолугушууга;

8) өз өтүнүчү же жактоочусунун өтүнүчү боюнча тергөөчүнүн уруксаты менен жүргүзүлүүчү тергөө аракеттерине катышууга;

9) ал аракеттердин протоколу менен таанышууга жана аларга карата пикирлерин берүүгө;

10) экспертиза дайындоо жөнүндө токтом жана эксперттин корутундусу менен таанышууга;

11) тергөө аяктагандан кийин, иштин бардык материалдары менен таанышууга жана андан өзүнө керектүү маалыматтарды жазып алууга;

12) тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун аракеттерине жана чечимдерине даттануу берүүгө;

13) медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу үчүн ишти сотко жиберүү жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн алууга укуктуу.

(2) Ишти соттук териштирүүдө, ал ошондой эле:

1) далилдерди изилдөөгө жана тараптардын жарыш сөздөрүнө катышууга;

2) сот заседаниесинин протоколу менен таанышууга жана ага карата пикирлерин берүүгө;

3) соттун аныктамаларына даттанууга жана даттанылган чечимдердин көчүрмөлөрүн алууга;

4) иш боюнча берилген даттануулар жана сунуштар жөнүндө билүүгө жана аларга карата каршы пикирлер берүүгө;

5) берилген даттанууларды жана сунуштарды соттук кароого катышууга да укуктуу.

(3) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамга тергөөчү анын укуктарын түшүндүрүп берүүгө милдеттүү. Укуктарды түшүндүрүп берүү соттук териштирүүдө сот заседаниесинин протоколуна киргизилет.

**407-статья. Мыйзамдуу өкүлдүн катышуусу**

(1) Өзүнө карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иш боюнча иш жүргүзүп жаткан адамдын тергөөчүнүн токтому, болбосо соттун токтому (аныктамасы) боюнча ишке катышууга тартылган жакын тууганы ал адамдын мыйзамдуу өкүлү деп таанылат.

(2) Мыйзамдуу өкүл:

1) өкүл болгон адам жазык мыйзамы менен тыюу салынган кандай жосунду жасагандыгы үчүн бети ачылып жаткандыгын билүүгө;

2) өтүнүчтөрдү жана баш тартууларды берүүгө;

3) далилдерди келтирүүгө;

4) өз өтүнүчү же жактоочунун өтүнүчү боюнча жүргүзүлүүчү тергөө аракеттерине катышууга;

5) өзү катышкан тергөө аракеттеринин протоколдору менен таанышууга жана аларда жазылган жазуулардын тууралыгы жана толуктугу жөнүндө пикирлерин жазуу жүзүндө берүүгө;

6) тергөө бүткөндөн кийин иштин бардык материалдары менен таанышууга, андан өзүнө керектүү маалыматтарды жазып алууга;

7) ишти токтотуу жөнүндө же медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу үчүн ишти сотко жиберүү жөнүндө токтомдордун көчүрмөсүн алууга;

8) соттук териштирүүгө катышууга;

9) тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун аракеттерине жана чечимдерине даттануу берүүгө;

10) соттун токтомуна, аныктамасына даттанууга жана даттанылган чечимдердин көчүрмөсүн алууга;

11) иш боюнча берилген даттануулар жана сунуштар жөнүндө билүүгө жана аларга карата каршы пикирлер берүүгө;

12) берилген даттанууларды, сунуштарды соттук кароого катышууга укуктуу.

**408-статья. Жактоочунун катышуусу**

(1) Эгерде жактоочу ишке башка негиздер боюнча мурда катышпаса, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иш боюнча өндүрүшкө жактоочунун катышуусу өзүнө карата өндүрүш жүргүзүлүп жаткан адамдын акыл-эси соо эместигинин же жин оорусуна чалдыккандыгынын фактысы белгиленген учурдан тартып милдеттүү болуп саналат.

(2) Эгерде акталуучунун ден соолугунун абалы буга тоскоолдук кылбаса, ишке кирген учурдан тартып жактоочу акталуучу менен көзмө-көз жолугушууга, ошондой эле ушул Кодекстин 48-статьясы тарабынан каралган башка укуктардын баарынан пайдаланууга укуктуу.

**409-статья. Ишти сотко жиберүү**

(1) Тергөө аяктагандан кийин, тергөөчү ишти сотко жиберүү жөнүндө токтом чыгарат.

(2) Ишти сотко жиберүү жөнүндө токтомго тиркеме ушул Кодекстин 235-статьясынын эрежелерине ылайык түзүлөт.

(3) Тергөөчү ишти сотко жиберүү жөнүндө токтому менен прокурорго өткөзүп берет, ал ишти изилдегенден кийин төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) тергөөчүнүн токтомун бекитет жана аны сотко жиберет;

2) тергөөнүн мүмкүнчүлүктөрүн четтетүү үчүн ишти тергөөчүгө кайтарып берет.

(4) Адамга медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу үчүн ишти сотко жиберүү жөнүндө токтомдун көчүрмөсү анын мыйзамдуу өкүлүнө тапшырылат.

**410-статья. Сот заседаниесин дайындоо**

Адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө ишти сот тарабынан келип түшкөндө судья аны ушул Кодекстин 33, 34-главаларында каралган эрежелер боюнча сот заседаниесинде кароого дайындайт.

**411-статья. Соттук териштирүү**

(1) Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө ишти териштирүү сот тарабынан соттук териштирүүнүн жалпы эрежелери боюнча жүргүзүлөт.

(2) Соттук териштирүү акыл-эси соо эмес деп табылган же жин оорусуна кабылган адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуунун зарылдыгы жөнүндө прокурордун жүйөлөрүн баяндоо менен башталат. Далилдерди текшерүү жана тараптардын чыгып сүйлөгөн сөздөрү ушул Кодекстин 35-главасы тарабынан каралган тартипте жүргүзүлөт.

**412-статья. Иш боюнча чечим кабыл алууда сот тарабынан чечилүүчү маселелер**

(1) Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө ишти соттук териштирүүнүн жүрүшүндө төмөнкү маселелер:

1) жазык мыйзамы тарабынан каралган жосундун орун алгандыгы;

2) өзүнө карата иш каралып жаткан адам ошол жосунду жасагандыгы;

3) жосун акыл-эси соо эмес абалда болгон адам тарабынан жасалгандыгы;

4) кылмыш жасагандан кийин ал адам жазаны дайындоого же аткарууга мүмкүн болбогон жин оорусуна чалдыккандыгы;

5) адамдын жин оорусу өзү үчүн же башка адамдар үчүн коркунуч, же аларга башка олуттуу зыян келтирүү мүмкүнчүлүгүн туудурарлыгы;

6) медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын жана атап айтканда, кандай чаралар колдонулууга тийиш экендиги текшерилүүгө жана чечилүүгө тийиш.

(2) Сот ушул Кодекстин 312-статьясынын 9, 10, 11-пункттарында көрсөтүлгөн маселелерди да чечет.

**413-статья. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө соттун токтому**

(1) Адам акыл-эси соо эмес абалда коомдук коркунучтуу жосун жасагандыгын же аны жасагандан кийин психикасы бузулгандыгын таануу менен сот ишти токтотуу жөнүндө, ал эми зарыл учурда медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу тууралу токтом чыгарат.

(2) Адам акыл-эси соо абалда кылмыш жасагандыгын, бирок андан кийин психикасы бузулгандыгын белгилөө менен сот ишти ал айыкканга чейин токтото турат жана медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө маселени чечет. Кылмыш жасаган адам

айыккандан кийин сот өзүнүн токтому менен ишти токтото турууну жокко чыгарат, мажбурлап дарылоону токтотот жана ишти тергөө өндүрүшүн андан ары жүргүзүүгө жиберет.

(3) Эгерде ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адам өзүнүн акыл-эси жагынан коркунуч туудурбаса, же болбосо ал тарабынан анча оор эмес жосун жасалса, сот ишти токтотуу жөнүндө жана медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонбоо жөнүндө токтом чыгарат.

(4) Сот тарабынан ушул адамдын жосун жасоого катышкандыгы далилденген жок деп табылган учурда, ошого тете ушул Кодекстин 28, 29-статьялары тарабынан каралган жагдайларды белгилөөдө сот адамдын оорусунун бар экендигине жана мүнөзүнө карабастан, өзү тарабынан белгиленген негиз боюнча ишти токтотуу жөнүндө токтом чыгарат.

(5) Ушул статьянын үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти токтотууда соттун токтомунун көчүрмөсү үч күндүк мөөнөттө адамды дарылоо же психиатрдык жардамга муктаж болгон адамдарды социалдык жактан камсыз кылуу үчүн психоневрологиялык мекемеге жиберүү жөнүндө маселени чечүү үчүн саламаттык сактоо органдарына жиберилет.

(6) Адамды жин оорусуна чалдыккан эмес же анын акыл-эсинин бузулушу ага карата жаза чарасын колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт деп таанып, сот өзүнүн токтому менен бирге ишти прокурорго кайтарат.

(7) Соттун токтомунда ушул Кодекстин 323-статьясында көрсөтүлгөн маселелер чечилет.

**414-статья. Соттун токтомуна даттануу**

Соттун аныктамасы ушул Кодекстин 336-статьясында каралган тартипте даттанылышы мүмкүн.

**415-статья. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын токтотуу, өзгөртүү жана узартуу**

(1) Сот психиатрдык жардам көрсөтүп жаткан мекеменин администрациясынын сунушу жана врач-психиатрдын комиссиясынын корутундусуна ылайык кийинки алты айга медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотот, өзгөртөт же узартат.

(2) Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу, өзгөртүү же узартуу жөнүндө маселелер медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын колдонуу жөнүндө токтом чыгарган сот же ушул чараны колдонгон жердеги сот тарабынан каралат.

(3) Ишти угууга карата дайындоо жөнүндө сот ага карата медициналык мажбурлоо чарасы колдонулган адамдын мыйзамдуу өкүлүнө, медициналык мекеменин администрациясына, жактоочуга жана прокурорго маалымдайт. Сот заседаниесине жактоочунун жана прокурордун катышуусу милдеттүү болот, башка адамдардын келбей коюшу ишти кароого тоскоолдук кылбайт.

(4) Сот заседаниесинде медициналык мекеменин сунушу, врач-психиатрлардын комиссиясынын корутундусу текшерилип, заседаниеге катышкан адамдардын пикирлери угулат. Эгерде врач-психиатрлардын комиссиясынын корутундусу күмөн туудурса, сот заседаниеге катышуучу адамдардын өтүнүчү боюнча же өз демилгеси боюнча соттук-психиатрдык экспертизаны дайындашы, кошумча документтерди суратып алышы, ошондой эле, эгерде анын акыл-эс абалы боюнча бул мүмкүн болсо, ага карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын токтотуу, өзгөртүү же узартуу жөнүндө маселе чечилип жаткан адамды суракка алышы мүмкүн.

(5) Адамдын акыл-эс абалы мурда дайындалган чараны колдонуунун зарылдыгы жок болгондой, же болбосо медициналык мүнөздөгү башка чараны колдонуу зарылдыгы келип чыккандай абалда болгондо сот медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын кыскартат же өзгөртөт. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын токтотуу же өзгөртүү үчүн негиздер жок болгондо сот мажбурлап дарылоону узартат.

(6) Сот медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын токтотуу, өзгөртүү же узартуу жөнүндө, ошого тете аны токтотуудан, өзгөртүүдөн же узартуудан баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат.

**416-статья. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасы колдонулган адамга карата ишти кайра баштоо**

(1) Эгерде кылмыш жасагандан кийин жин оорусуна чалдыккандыктан ага карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасы колдонулган адам врач-психиатрлардын комиссиясы

тарабынан айыкты деп табылса, сот медицина мекемесинин корутундусунун негизинде ушул Кодекстин 364-статьясынын үчүнчү бөлүгүнүн эрежелери боюнча медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын колдонууну токтотуу жөнүндө токтом чыгарат жана ишти тергөө жүргүзүү, ал адамды айыпкер катары жоопко тартуу жана ишти сотко жалпы тартипте чыгарып берүү жөнүндө маселени чечет.

(2) Медициналык мекемеде өткөргөн убакыт жазаны өтөө мөөнөтүнө кошулуп эсептелет.

## 45-1-глава
## Сотко чейинки тездетилген өндүрүш

*(Глава КР 2014-жылдын 15-январындагы N 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 416-1-статья. Сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн тартиби

(1) Чоң коркунуч келтирбеген жана анча оор эмес кылмыштар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки тездетилген өндүрүш кылмыш фактысы даана, аны жасаган адам белгилүү болгон, ал өзүнүн күнөөсүн моюнуна алган, далилдерди, кылмыш менен келтирилген зыяндын мүнөзүн жана өлчөмүн талашпаган жана сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө макул болгон учурларда жүзөгө ашырылат.

Кылмыш жасаган адамдын сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө жазуу жүзүндө макулдугу жактоочунун катышуусу менен жүзөгө ашырылат.

Жактоочудан баш тартуу ушул Кодекстин 47-статьясынын ченемдерин сактоо менен жүргүзүлөт жана сотко чейинки тездетилген өндүрүш үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

(2) Сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн тартиби, ушул главада белгиленгендерди албаганда, ушул Кодекстин жалпы эрежелери менен аныкталат.

(3) Сотко чейинки тездетилген өндүрүш иши боюнча тергөөгө таандыктуулук ушул Кодекстин 163-статьясынын эрежелери менен аныкталат.

(4) Сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамы, тергөөчү сотко чейинки тездетилген өндүрүштө сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн материалдарын прокурорго бергенге чейин он сутканын ичинде окуя болгон жерди кароо жүргүзүүгө, экспертиза дайындоого, арыз ээсинин, күбөлөрдүн жана кылмыш жасаган адамдын жазуу жүзүндөгү түшүнүктөрүн алууга, соттуулугу жөнүндө документтерди жана башка материалдарды, маалымкатты, мүнөздөмөлөрдү, аудио жана видео жазууларды талап кылууга укуктуу. Документтерди жана башка материалдарды талап кылуу ушул Кодекстин 90-статьясынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

(5) Кылмыш жасалгандыгы жөнүндө арыз берген учурдан тартып арыз ээси юридикалык жардам көрсөтүү үчүн жактоочуну чакырууга укуктуу. Арыз ээси, күбөлөр жана кылмыш жасаган адам жасалган кылмыштын белгилүү шарттары тууралуу суракка алынат. Суракка алынгандарга өзүнө, жубайына жана жакын туугандарына каршы түшүнүк бербөө укугу түшүндүрүлөт.

(6) Кылмыш жасаган адамдан сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамынын, тергөөчүнүн жана соттун чакыруусу боюнча келүүсү жөнүндө жана ушул Кодекстин 116-статьясына ылайык жашаган жерин өзгөрткөндүгү жөнүндө аларга билдирүү жөнүндө тилкат алынат. Сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамына, тергөөчүгө же сот заседаниесине келбеген учурда адам мажбурлап алып келүүгө дуушар болушу мүмкүн.

(7) Сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамынын, тергөөчүнүн, сотко чейинки тездетилген өндүрүш иштери боюнча прокурордун аракеттери жана чечимдери ушул Кодексте белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

(8) Ушул статьянын 3-бөлүгүндө көрсөтүлбөгөн тергөө аракеттерин жүргүзүү зарыл болгон учурда, иш тергөө өндүрүшүнүн жалпы эрежелери боюнча каралууга жатат.

(9) Сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамы же сотко чейинки тездетилген өндүрүш боюнча тергөөчү дадилдер боюнча маселени ушул Кодекстин эрежелерине ылайык карайт.

**416-2-статья. Сотко чейинки тездетилген өндүрүш мөөнөтү**

Сотко чейинки тездетилген өндүрүш сотко чейинки тездетилген өндүрүштү жүзөгө ашырууга алгачкы текшерүү органы ыйгарым укук берген кызмат адамына, тергөөчүгө арыз же сотко жиберүү үчүн жазык ишин прокурорго бергенге чейин кылмыш жөнүндө билдирүү келип түшкөн күндөн тартып он суткадан кечиктирилбестен аяктоого тийиш.

**416-3-статья. Сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн аякташы**

Өндүрүш кылмыш жасаган адамды, анын жактоочусун жана арыз ээсин иштин материалдары менен тааныштыруу жана сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн протоколун түзүү менен бүтөт.

Протоколдо төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

анын түзүлгөн убактысы жана орду, ким тарабынан түзүлгөнү, ага карата протокол түзүлгөн адамдын фамилиясы, аты жана атасынын аты, анын туулган күнү, айы, жылы жана жери;

убактысын, жасалган ордун, ошондой эле ушул Кодекстин 82-статьясына ылайык далилдөөгө жаткан башка жагдайларды көрсөтүү менен күнөө коюлган кылмыштын баяндалышы;

ушундай кылмыш үчүн жоопкерчиликти караган жазык мыйзамы (статья, бөлүк, пункт);

адамдын өз күнөөсүн мойнуна алуусу;

сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө макул болуу;

сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн материалдары менен таанышууда арыз жана сунуштама.

Протоколго бардык материалдар, ошондой эле сотко чакырылууга жаткан адамдардын тизмеси кошо тиркелет.

**416-4-статья. Сотко чейинки тездетилген өндүрүш иштери боюнча прокурордун аракеттери**

(1) Сотко чейинки тездетилген өндүрүш тартибинде аякталган иш келип түшкөндө прокурор үч сутканын ичинде келип түшкөн ишти текшерүүгө жана төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алууга милдеттү:

1) сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн протоколун бекитүүгө жана ишти сотко жөнөтүүгө;

2) сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн протоколун бекитүүдөн баш тартууга жана кылмыш ишин козгоо жана тергөө өндүрүшү жөнүндө маселени чечүү тууралуу көрсөтүү менен иштин материалын тергөөчүгө жөнөтүүгө;

3) ушул Кодекстин 28-статьясында көрсөтүлгөн негиздер болгондо сотко чейинки тездетилген өндүрүш ишин токтотууга;

4) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 65, 66-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер болгондо, анча оор эмес кылмыштар боюнча сотко чейинки тездетилген өндүрүштү токтотууга жана материалды аксакалдар сотунун кароосуна жиберүүгө.

(2) Сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн протоколунун прокурор тарабынан бекитилиши кылмыш иши козголгондугун билдирет.

(3) Сотко чейинки тездетилген өндүрүштүн протоколун бекиткенден кийин прокурор айыпталуучуга протоколдун көчүрмөсүн тапшырууну камсыз кылат. Эгерде ал ошол тууралуу сунуштама берсе, протоколдун көчүрмөсүн арыз ээсине да тапшырылат.

**416-5-статья. Тергөө өндүрүшү**

(1) Ушул главанын 416-1-статьясында каралган кылмыштар жөнүндө иштер боюнча тергөө төмөнкүдөй учурларда ушул Кодекстин жалпы эрежелери боюнча жүргүзүлөт:

1) сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө кылмыш жасаган адамдын макулдугу болбогондо (күнөөсүн моюнуна албаганда);

2) эгерде кылмыштан мүлктүк зыян тарткан жеке же юридикалык жак анын ордун толтуруу жөнүндө талап койсо жана зыяндын орду толтурулбаса;

3) кылмыштардын жыйындысында, алардын жок дегенде бирөө гана оор, өзгөчө оор кылмыш болуп саналганда;

4) кылмыш адамдардын тобу тарабынан жасалганда жана эгерде алардын бирөө гана күнөөсүн мойнуна албаганда же ишти сотко чейинки тездетилген өндүрүш тартибинде кароого макул болбогондо;

5) эгерде кылмыш жашы жете электер, ошондой эле дене бою же психикалык кемчилдиктеринен улам өздөрүн коргоо укугун өзүлөрү жүзөгө ашыра албаган адамдар тарабынан жазалса;

6) эгерде кылмыш катталган учурдан тартып он сутканын ичинде кылмыш жасоонун олуттуу жагдайларын билүүгө мүмкүн болбогондо;

7) эгерде арыз ээси (жабыр тартуучу) сотко чейинки тездетилген өндүрүшкө каршы болгондо;

8) сотко чейинки тездетилген өндүрүш тартибинде аяктаган иш тергөө өндүрүшү үчүн прокурор тарабынан кайтарылып берилгенде.

(2) Тергөө өндүрүшү ушул Кодексте белгиленген мөөнөттө бүтүүгө тийиш.

**416-6-статья. Сотко келип түшкөн сотко чейинки тездетилген өндүрүш жазык иши боюнча судьянын ыйгарым укуктары**

(1) Прокурордон сотко келип түшкөн сотко чейинки тездетилген өндүрүш жазык иши боюнча судья даярдануу аракеттерин жүргүзөт жана ушул Кодекстин 32-главасынын эрежелерине ылайык чечимдерди кабыл алат.

(2) Сотко чейинки тездетилген өндүрүш жазык иши боюнча чечим сотко иш келип түшкөн күндөн тартып беш суткадан кечиктирилбестен судья тарабынан кабыл алынууга тийиш.

**416-7-статья. Сотко чейинки тездетилген өндүрүш жазык ишин сот заседаниесинде кароо**

Сотко чейинки тездетилген өндүрүш жазык ишин сөз заседаниесинде кароо ушул Кодекстин 36-1-главасынын эрежелери боюнча жүргүзүлөт.

## 46-Глава
## Соттун жана жазык иши боюнча иш жүргүзүү жүзөгө ашыруучу органдардын мыйзамсыз аракеттери тарабынан келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча иш жүргүзүү

**417-статья. Келтирилген зыяндын ордун толтуруу укугунун келип чыгышынын негиздери жана шарттары**

(1) Жаранга аны мыйзамсыз:

1) кармоонун;

2) камакта, үй камагында кармоонун;

3) кызматынан четтетүүнүн;

4) медициналык мекемеге жайгаштыруунун;

5) кесүүнүн;

6) медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуунун натыйжасында келтирилген зыяндын орду текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун күнөөсүнө карабастан мамлекет тарабынан толук өлчөмдө толтурулат.

(2) Зыяндын ордун толтуруу укугу кармалган же камакка алынган адам кылмыш жасады деп шек саноо далилденбеген, ушул Кодекстин 28-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 1, 2-пункттарында жана 225-статьясынын биринчи бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган негиздер боюнча жазык иши токтотулган, актоо өкүмү чыгарылган, жасалган жосундун квалификациясы ал статья боюнча жаңы, кыйла жеңил жаза дайындалган, же өкүмдөн айыптын бир бөлүгү алынып салынган жана ага байланыштуу жазанын жеңилдешин караган мыйзамдын кыйла жеңил статьясына өзгөртүлгөн медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө соттун мыйзамсыз токтому жокко чыгарылган шартта келип чыгат.

(3) Жаран өлүп калган учурда, зыяндын ордун толтуруу укугу мыйзамда белгиленген тартипте анын мураскорлоруна, ал эми алардын төлөнүшү токтолуп калган пенсияларды жана пособиелерди алуу бөлүгүндө - баккан адамын жоготкондугуна байланыштуу пенсия менен камсыз кылынуучу адамдардын чөйрөсүнө кирген үй-бүлө мүчөлөрүнө өтөт.

(4) Эгерде жаран тергөөнүн жана соттук териштирүүнүн жүрүшүндө ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн натыйжалардын келип чыгышына өзүн өзү жаманатты кылуу жолу менен көмөк көрсөтсө, зыяндын орду толтурулбайт. Бирок жаранга карата зомбулук көрсөтүү, коркутуу жана башка мыйзамсыз чараларды колдонуу болуп саналган өзүн өзү жаманатты кылуу зыяндын ордун толтуртууга тоскоолдук кылбайт. Мында мыйзамсыз чараларды колдонуунун фактысы тергөө органдары, прокурор же сот тарабынан белгиленүүгө тийиш.

(5) Ушул статьянын эрежелери адамга карата колдонулган процесстик мажбурлоо чаралары же чыгарылган айыптоо өкүмү жокко чыгарылган же мунапыс берүү актысы чыгарылгандыктан, эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендиктен, жашы жетпегендиктен, болбосо жазык жоопкерчилигин же жеңилдетүүчү жаза караган мыйзам кабыл алынгандыктан жокко чыгарылган учурларга жайылтылбайт.

*(КР 2011-жылдын 16-ноябрындагы N 214 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**418-статья. Орду толтурулууга тийиш болгон зыян**

Ушул Кодекстин 417-статьясынын биринчи жана экинчи бөлүктөрүндө каралган негиздер жана шарттар болгондо жаран:

1) мүлктүк зыяндын, иштеп тапканынын, пенсиясынын, пособиесинин, мыйзамсыз аракеттердин, соттун өкүмүнүн же чечиминин негизинде мүлкүн мыйзамсыз конфискациялоонун же мамлекеттин кирешесине өткөрүүнүн натыйжасында өзү ажырап калган башка каражаттардын соттун мыйзамсыз өкүмүн аткаруу үчүн өндүрүлүп алынган айыптардын жана процесстик чыгымдардын; юридикалык жардам көрсөтүү үчүн төлөнгөн суммалардын жана башка чыгымдардын ордун толтурууга;

2) моралдык зыяндын кесепеттерин жойдуртууга;

3) эмгектик, пенсиялык, турак жай жана башка укуктарын калыбына келтиртүүгө укуктуу.

**419-статья. Зыяндын ордун толтуртуу укугун таануу**

Жаранды толук же жарым-жартылай реабилитациялоо жөнүндө чечимди таануу менен сот, прокурор, тергөөчү анын зыяндын ордун толтуртуу укугун таанууга тийиш. Жазык ишин токтотуу жөнүндө, башка мыйзамсыз чечимдерди жокко чыгаруу же өзгөртүү жөнүндө актоо өкүмүнүн же аныктамасынын (токтомунун) көчүрмөсү ишке тиешеси бар адамга тапшырылат же болбосо почта менен жиберилет. Ошону менен бир эле убакта ага мүлктүк зыяндын ордун толтуртуунун жана башка укуктарды калыбына келтиртүүнүн тартибин түшүндүрүү менен маалымдама жиберилет.

**420-статья. Мүлктүк зыяндын өлчөмүн жана анын ордун толтуртуунун тартибин аныктоо**

(1) Мүлктүк зыян өзүнө эмгек акынын, пенсиянын, жөлөкпулдун, мыйзамсыз аракеттердин натыйжасында өзү ажырап калган башка каражаттардын, соттун өкүмүнүн же чечиминин негизинде мыйзамсыз конфискацияланган же мамлекеттин кирешесине алынган мүлктүн, соттун мыйзамсыз өкүмүн аткаруу үчүн өндүрүлүп алынган айып акылардын жана процесстик чыгымдардын, юридикалык жардам көрсөтүү үчүн төлөнгөн суммалардын жана башка чыгымдардын ордун толтурууну камтыйт.

(2) Ушул Кодекстин 419-статьясында көрсөтүлгөн, зыяндын ордун толтуртуунун тартиби жөнүндө маалымдама менен документтердин көчүрмөсүн алган учурдан тартып алты айдын ичинде адам ишти токтотуу жөнүндө, башка мыйзамсыз чечимдерди жокко чыгаруу же өзгөртүү жөнүндө өкүм, аныктама (токтом) чыгарган органга мүлктүк зыяндын ордун толтуртуу жөнүндө талап менен кайрылууга укуктуу. Эгерде өкүм жогору турган сот тарабынан токтотулса же өзгөртүлсө, зыяндын ордун толтуртуу жөнүндө талап өкүм чыгарган сотко жиберилет.

(3) Зыяндын ордун толтуртуу жөнүндө арыз келип түшкөн күндөн тартып, бир айдан кечиктирбестен, зарыл учурда финансы органдарынан жана социалдык жактан камсыз кылуу органдарынан эсеп-кысаптарды суратып алуу менен сот, прокурор, тергөөчү зыяндын өлчөмүн аныктап, андан кийин ал зыяндын ордун толтуртууну төлөп берүүнү жүргүзүү жөнүндө токтом чыгарат.

(4) Мүлктүк зыяндын ордун толтуртуу жөнүндө талап, сот тарабынан ушул Кодекстин 360-статьясында өкүмдү аткарууга байланышкан маселелерди чечүү үчүн белгиленген тартипте чечилет.

(5) Токтомдун гербдүү мөөр менен ырасталган көчүрмөсү адамга, ал эми ал өлүп калган учурда - ушул Кодекстин 417-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдарга төлөп берүүнү жүргүзүүгө милдеттүү органдарга берүү үчүн тапшырылат же жиберилет.

**421-статья. Төлөп берүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө чечимдерге даттануу**

Тергөөчүнүн, судьянын төлөп берүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө токтомдору ушул Кодекстин 131, 133-статьяларында белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

**422-статья. Моралдык жана башка зыяндын кесепеттерин четтетүү**

(1) Жаранды реабилитациялоо жөнүндө чечим кабыл алган орган же кызмат адамы келтирилген зыян үчүн андан расмий кечирим суроого милдеттүү.

(2) Келтирилген моралдык зыян үчүн акча түрүндөгү компенсация жөнүндө доолор жарандык сот ишин жүргүзүү тартибинде берилет.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасы Жогорку Сотунун пленумунун 2004-жылдын 4-ноябрындагы N 11 "Моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү мыйзамдарды колдонуунун соттук тажрыйбасынын кээ бир маселелери туурасында" токтому*

(3) Эгерде адамды кармоо, камап коюу, кызматынан бошотуу, медициналык мекемеге жайгаштыруу, соттоо жана ага карата мыйзамсыз колдонулган аракеттер жөнүндө маалыматтар басма сөзгө жарыяланып, радио, теле көрсөтүү боюнча же башка массалык маалымат каражаттарында жайылтылып кетсе, ал адамдын талабы боюнча, ал эми өлүп калган учурда - анын туугандарынын же соттун, прокурордун, тергөөчүнүн талабы боюнча тиешелүү массалык маалымат органдары бир айдын ичинде бул жөнүндө зарыл маалыматты билдирүүгө милдеттүү.

**423-статья. Башка укуктарды калыбына келтирүү**

(1) Эгерде жарандын эмгектик, пенсиялык жана турак жайлык укуктарын калыбына келтирүү жана төлөп берүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө, ошондой эле мүлктү же анын наркын кайтарып берүү жөнүндө талабы канааттандырылбаса же жаран кабыл алынган чечим менен макул болбосо, ал жарандык өндүрүш тартибинде сотко кайрылууга укуктуу.

(2) Аскердик жана атайын наамдарынан ажыратылган адамдардын наамдары белгиленген тартипте калыбына келтирилет.

**424-статья. Талаптарды коюунун мөөнөттөрү**

(1) Жаран же ушул Кодекстин 417-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар мындай төлөп берүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө токтомду алган учурдан тартып, үч жылдын ичинде мүлктүк зыяндардын ордун толтуртуу үчүн акчалай төлөп берүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө талап коюлушу мүмкүн.

(2) Жаран тарабынан укуктарды калыбына келтирүүнүн тартибин түшүндүргөн маалымдама алынган учурдан тартып, алты айдын ичинде башка укуктарды калыбына келтирүү жөнүндө талап коюлушу мүмкүн.

(3) Бул мөөнөттөр жүйөлүү себептер боюнча өтүп кеткен учурда алар ишке тиешеси бар адамдардын арызы боюнча тергөөчү, прокурор же сот тарабынан калыбына келтирилиши мүмкүн.

# XIV БӨЛҮМ
# СОТТОРДУН, ПРОКУРОРЛОРДУН, ТЕРГӨӨЧҮЛӨРДҮН ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ТИЕШЕЛҮҮ КОМПЕТЕНТТҮҮ ОРГАНДАРЫ ЖАНА КЫЗМАТ АДАМДАРЫ МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

## 47-Глава
## Соттордун, прокурорлордун, тергөөчүлөрдүн чет мамлекеттердин тиешелүү компетенттүү органдары жана кызмат адамдары менен укуктук жардам көрсөтүү тартибиндеги өз ара аракеттенүүсү

### 425-статья. Тергөө жана сот аракеттерин жүргүзүү жөнүндө тапшырманы жиберүү

(1) Чет мамлекеттин аймагында ушул Кодексте каралган суракка алуу, карап чыгуу, алып коюу, тинтүү, экспертиза жана башка өзүнчө тергөө жана сот аракеттерин жүргүзүү зарылдыгы болгондо сот, прокурор, тергөөчү, тергөө органынын жетекчиси аларды өз ара мамиле принцибинин негизинде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишими (макулдашуусу) бар чет мамлекеттин компетенттүү органдары же кызмат адамдары жүргүзүшү жөнүндө тапшырма киргизет.

(2) Тергелип жаткан кылмыш ишинин алкагында өзүнчө тергөө ишин жүргүзүү жөнүндө тапшырма Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы аркылуу жиберилет. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун сот ишинин маселелери боюнча сот аракетин жүргүзүү жөнүндө тапшырма Кыргыз Республикасынын Жогорку соту аркылуу жиберилет.

(3) Тапшырма жана ага тиркелүүчү документтер эгерде эл аралык келишимде башкача каралбаса, мамлекеттик, расмий жана ал жөнөтүлүп жаткан ошол чет мамлекеттин тилине котормодо жол-жоболонот.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 426-статья. Тергөө жана сот аракеттеринин иш жүргүзүүсү жөнүндө тапшырманын мазмуну

Айрым тергөө жана сот аракеттеринин иш жүргүзүүсү жөнүндө тапшырма аны жиберген кызмат адамынын колу коюлуп, тиешелүү органдын гербдүү мөөрү менен ырасталып, жазуу түрүндө жазылууга жана өзүнө:

1) тапшырма берген органдын аталышын;

2) тапшырма жиберилген органдын аталышын жана дарегин;

3) жазык ишинин аталышын жана тапшырманын мүнөзүн;

4) өздөрүнө карата тапшырма берилген адамдар, алардын туулган датасы жана жери жөнүндө маалыматтарды кошуп алганда, алардын жарандыгы, ишинин түрү, жүргөн жери жөнүндө маалыматтарды, юридикалык жактар үчүн - алардын аталышын жана турган жерин;

5) аныкталууга тийиш болгон жагдайлардын баяндамасын, ошондой эле суратылып алынуучу документтердин, буюм жана башка далилдердин тизмесин;

6) жасалган кылмыштын иш жүзүндөгү жагдайлары жана анын квалификациясы, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин тиешелүү статьясынын тексти жөнүндө

маалыматтарды, зарыл болгондо - жосун тарабынан келтирилген зыяндын өлчөмү жөнүндө маалыматтарды камтууга тийиш.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**427-статья. Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жактарда турган күбөнү, жабырлануучуну, жарандык доогерди, жарандык жоопкерди, алардын өкүлдөрүн, экспертти чакыруу жана суракка алуу**

(1) Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жактарда турган, күбө, жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер, алардын өкүлдөрү, эксперт жазык иши анын өндүрүшүндө турган тиешелүү кызмат адамы тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында тергөө же сот аракеттерин жүргүзүү үчүн алардын макулдугу менен чакырылышы мүмкүн.

(2) Чакыртылуучу адамдын келүүсү жөнүндө тапшырма ушул Кодекстин 425-статьясынын экинчи бөлүгүндө каралган тартипте жиберилет.

(3) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн күбөнүн, жабырлануучунун, процесстин башка катышуучуларынын катышуусу менен тергөө жана сот аракеттерин жүргүзүү ушул Кодекстин эрежелери боюнча жүзөгө ашырылат.

(4) Чакыруу боюнча келишкен ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар Кыргыз Республикасынын аймагында айыпталуучу катары тартылышы, камакка алынышы же көрсөтүлгөн адамдар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан өткөнгө чейин орун алган жосуну үчүн же өкүмдөрдүн негизинде кайтарууга алынышы же жеке эркиндигине башкача чектөөлөр коюлушу мүмкүн эмес. Эгерде чакыруу боюнча келген адам аны чакырган кызмат адамына анын болушу мындан ары талап кылынбаган учурдан тартып он беш сутка өткөнгө чейин Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгып кетүүгө мүмкүнчүлүгү болуп туруп ушул аймакта калуусун уланта берсе же кеткенден кийин Кыргыз Республикасынын аймагына кайрылып келсе, иммунитеттин колдонулушу токтотулат.

(5) Чет мамлекеттин аймагында кайтарууда турган адам чакыруу жөнүндө тапшырмада көрсөтүлгөн аракеттерди жасоо үчүн чет мамлекеттин компетенттүү органы же кызмат адамы тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагына убактылуу өткөрүп берилген шартта, ушул статьяда белгиленген тартипте чакыртылат. Мындай адам чет мамлекеттин компетенттүү органынын же кызмат адамынын тиешелүү чечиминин негизинде анын Кыргыз Республикасынын аймагында болушунун бардык мезгилинде кайтарууда турушун улантат. Бул адам тиешелүү чет мамлекеттин аймагында тапшырмага берилген жоопто көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө кайтарып берилиши керек. Өткөрүп берүүнүн же өткөрүп берүүдөн баш тартуунун шарттары эл аралык келишимдерде (макулдашууларда) же өз ара мамиле принцибинин негизинде жазуу жүзүндөгү милдеттенмелерде аныкталат.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**428-статья. Тергөө жана сот аракеттерин жүргүзүү жөнүндө тапшырманы Кыргыз Республикасында аткаруу**

(1) Сот, прокурор, тергөө органынын жетекчиси чет мамлекеттердин соттордун жана тергөө органдарынын аларга белгиленген тартипте берилген тергөө же сот аракеттерин жүргүзүү жөнүндө тапшырмаларын ушул Кодекстин жалпы эрежелери боюнча аткарат.

(2) Эгерде мунун өзү ушул мамлекет менен түзүлгөн эл аралык келишим (макулдашуу) тарабынан каралса, тапшырманы аткарууда чет мамлекеттин колдонуудагы мыйзамдарынын процесстик ченемдери колдонулушу мүмкүн же, эгер бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык милдеттенмелерине каршы келбесе, өз ара мамиле принцибинин негизинде өз ара аракеттенүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү милдеттенменин негизинде аткарылат.

(3) Эл аралык келишимдер же өз ара мамиленин принцибинин негизинде өз ара аракеттенүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү милдеттенмелер тарабынан каралган учурларда, тапшырманы аткарууда чет мамлекеттин тиешелүү уюмунун өкүлү катышышы мүмкүн.

(4) Эгерде тапшырманын аткарылышы мүмкүн болбосо, алынган документтер тиешелүүлүгүнө жараша Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же Кыргыз Республикасыынын Сот департаменти аркылуу анын аткарылышына тоскоолдук кылган себептерди көрсөтүү менен

тапшырма берген чет өлкөлүк уюмга кайтарылып берилет. Эгерде анын аткарылышы мамлекеттин көз карандысыздыгына же коопсуздугуна зыян келтириши мүмкүн болсо, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келсе, тапшырма кандай гана болбосун учурда кайтарылып берилет.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**429-статья. Иштин материалдарын жазык куугунтугун улантуу үчүн жиберүү**

Кыргыз Республикасынын чегинен чыгып кеткен чет мамлекеттин жараны тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасалган учурда козголгон жана текшерилген иштин бардык материалдары Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына өткөрүлүп берилип, ал жазык куугунтугун улантуу үчүн чет мамлекеттин тиешелүү мекемесине жиберүү жөнүндө маселени чечет.

**430-статья. Кыргыз Республикасынын аймагында жазык куугунтугун улантуу жөнүндө же жазык ишин козгоо жөнүндө тапшырмалардын аткарылышы**

*(Берененин аталышы КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

(1) Чет мамлекеттин аймагында кылмыш жасаган жана Кыргыз Республикасына кайтып келген Кыргыз Республикасынын жаранына карата жазыктык куугунтуктоону жүзөгө ашыруу жөнүндө чет мамлекеттин компетенттүү органынын тапшырмасы Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан каралат. Мындай учурларда иликтөө жана соттук териштирүү ушул Кодекс тарабынан каралган тартипте жүргүзүлөт.

(2) Ишти чет мамлекеттин аймагында тергөө жүргүзүү убагында ушуга ыйгарым укук берилген кызмат адамы тарабынан өз компетенциясынын чектеринде жана белгиленген түрдө берилген далилдер Кыргыз Республикасында тергөөнү улантууда иш боюнча чогултулган башка далилдер менен катар юридикалык күчкө ээ болот.

(3) Кыргыз жарандыгы бар жана өзүнө карата кылмыш жасалган жерде жазык куугунтугу козголгонго чейин Кыргыз Республикасына кайтып келген адам тарабынан чет мамлекеттин аймагында кылмыш жасалган учурда жазык иши ушул Кодекске ылайык чет мамлекеттин тиешелүү органы тарабынан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына берилген ал кылмыш жөнүндө материалдар боюнча Кыргыз Республикасынын компетенттүү органдары тарабынан жазык иши козголушу жана тергелиши мүмкүн.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 48-Глава
## Адамды жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн же өкүмдү аткаруу үчүн өткөрүп берүү

**431-статья. Кыргыз Республикасынын жаранын өткөрүп берүү жөнүндө тапшырманы жиберүү**

(1) Эгерде ал адамга карата айыптоо өкүмү же аны айыпкер катары жоопко тартуу жөнүндө токтом чыгарылса, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана эл аралык келишимдер тарабынан каралган учурларда жана тартипте Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы чет мамлекеттин тиешелүү компетенттүү органына Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган, Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасаган адамды өткөрүп берүү тапшырмасы менен кайрылат.

(2) Эгер эки мамлекеттин мыйзамдарына ылайык жана ага байланыштуу өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма жиберилсе, ошондой эле жосун жаза чарасын колдонууну болуп эсептелсе жана аны жасагандыгы үчүн бир жылдан кем эмес мөөнөткө эркинен ажыратуу түрүндө жазалоо же оор жаза берүү каралса - жазык куугунтугу үчүн өткөрүп берүү учурунда же адам алты айдан кем эмес мөөнөткө эркинен ажыратууга соттолсо - өкүмдү аткаруу үчүн өткөрүп берүү учурунда өз ара

мамиленин принцибинин негизинде адамды өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма жиберүү жүзөгө ашырылат.

(3) Өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма төмөнкүлөрдү камтуусу керек:

1) суратылып жаткан органдын аталышын жана дарегин, соттолгондун (айыпталгандын) фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгы жөнүндө маалыматтарды, жашаган жерин же жүргөн жерин, сырткы көрүнүшүн, фото сүрөтүн жана инсандыгын идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү башка материалдарды;

2) санкцияны милдеттүү түрдө көрсөтүү менен, жоопкерчилик каралган мыйзамдын текстин келтирип, жасалган кылмыштын иш жүзүндөгү жагдайларын баяндоо;

3) кылмыштын айынан келтирилген мүлктүк зыяндын өлчөмү;

4) мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмдүн же болбосо тиешелүү документтердин ырасталган көчүрмөлөрүн тиркөө менен айыпкер катарында жоопко тартуу жөнүндө токтомдун чыгарылган орду жана убактысы жөнүндө маалыматтар.

(4) Жазык куугунтугу үчүн өткөрүп берүү жөнүндө тапшырмага камакка алуунун бөгөт коюу чарасы катары тандоо жөнүндө судьянын токтомунун ырасталган көчүрмөсү тиркелүүсү керек. Өкүмдү аткаруу үчүн өткөрүп берүү жөнүндө сурамга мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген өкүмдүн ырасталган көчүрмөсү жана жазанын өтөлбөгөн мөөнөтү жөнүндө маалымкат тиркелүүсү керек.

(5) Өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдерде каралган башка маалыматтарды да камтышы мүмкүн.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 3-августундагы N 179, 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**432-статья. Өткөрүлүп берилген адамдын жазык жоопкерчилигинин чектери**

(1) Чет мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген адам, аны өткөрүп берген мамлекеттин макулдугусуз өткөрүп берүүгө байланышпаган башка кылмыш үчүн жазык жоопкерчилигине, жазага тартылышы, ошондой эле үчүнчү мамлекетке өткөрүп берилиши мүмкүн эмес.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүнүн эрежелери адам аны өткөрүп бергенден кийин, кылмыш жасаган учурларда колдонулбайт.

(3) Эгерде өткөрүп берилген адам жазык өндүрүшү аяктагандан кийин отуз күн өткөнгө чейин, ал эми соттолгон учурда - жазаны өтөгөндөн же андан бошотулгандан кийин отуз күн өткөнгө чейин Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгып кетпесе, же ал ыктыярдуу түрдө кайрылып келсе, ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамды өткөрүп берген мамлекеттин макулдугу талап кылынбайт. Бул мөөнөткө өткөрүп берилген адам өзүнө байланышпаган себептер боюнча Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгып кете албаган убакыт эсептелбейт.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**433-статья. Кыргыз Республикасынын аймагында турган адамды өткөрүп берүү жөнүндө тапшырманын аткарылышы**

(1) Кыргыз Республикасы эл аралык келишимге ылайык же өз ара мамиле принцибинин негизинде Кыргыз Республикасынын аймагында турган адамды жазыктык куугунтуктоо же Кыргыз Республикасынын жана адамды өткөрүп берүү жөнүндө тапшырманы жиберген чет мамлекеттин жазык мыйзамдары боюнча жазыктык жазалоо болуп саналган жосун үчүн өкүмдү аткаруу үчүн чет мамлекетке өткөрүп бере алат.

(2) Өз ара мамиле принцибинин негизинде адамды өткөрүп берүү тапшырманы жиберген чет мамлекеттин ынандыруусуна ылайык Кыргыз Республикасынын тапшырмасы боюнча ушуга окшош кырдаалда адамды өткөрүп берүү жүргүзүлөөрүн күтүүгө болоорун билдирет.

(3) Ага карата тапшырма жиберилген адамды өткөрүп берүү төмөнкү учурларда жүргүзүлүшү мүмкүн:

1) эгерде жазык мыйзамдарында ушундай жосундарды жасаганы үчүн бир жылдан ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза же кыйла оор жаза каралса, жазыктык куугунтуктоо үчүн адамды өткөрүп берүү жүргүзүлсө;

2) эгерде адам алты айдан аз эмес мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга же кыйла оор жазага соттолсо;

3) тапшырма жиберген чет мамлекет адам тапшырмада көрсөтүлгөн кылмыш үчүн гана куугунтукталарын, соттук териштирүү жана жаза өтөө бүткөндөн кийин бул мамлекеттин аймагынан эркин чыгып кетүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын макулдугусуз үчүнчү мамлекетке жибербөөгө, өткөрүп бербөөгө же бербөөгө кепилдик бере алганда;

4) кылмыш жасаганы үчүн айыпталган же чет мамлекеттин аймагында соттолгон чет мамлекеттин жаранын өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же анын орун басарлары тарабынан каралат;

5) адамды өткөрүп берүү жөнүндө бир нече мамлекеттин тапшырмалары болгондо, адам кайсы мамлекетке өткөрүп берилүүгө тийиш экени жөнүндө чечимди Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же анын орун басары кабыл алат;

6) кабыл алынган чечим жөнүндө Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же анын орун басары чет мамлекеттин компетенттүү органына жана ага карата чечим кабыл алынган адамга жазуу жүзүндө кабарлайт жана ага соттун ушул чечимине даттануу укугун түшүндүрөт;

7) өткөрүп берүү жөнүндө чечим ага карата кабыл алынган чечимди адамга кабарлаган учурдан тартып он сутка өткөндөн кийин мыйзамдуу күчүнө кирет. Даттанылган учурда өткөрүп берүү соттук чечим мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин жүргүзүлбөйт.

(4) Ага карата өткөрүп берүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн чет мамлекеттин жараны Кыргыз Республикасынын аймагындагы башка кылмышы үчүн жаза өтөп жаткан учурда өткөрүп берүү жазаны өтөп бүткөнгө же кандай болбосун мыйзамдуу негиздер боюнча жазаны өтөөдөн бошотулганга чейин кийинкиге калтырылышы мүмкүн. Эгерде жаран жазык жоопкерчилигине тартылган учурда, аны өткөрүп берүү өкүм чыгарылганга, жазаны өтөгөнгө же болбосо кандай болбосун негиздер боюнча жазык жоопкерчилигинен же жазадан бошотулганга чейин кийинкиге калтырылышы мүмкүн. Эгерде өткөрүп берүүнү кийинкиге калтыруу жазыктык куугунтуктоонун мөөнөтүнүн эскиришине же кылмышты тергөөгө зыян келтирүүгө алып келсе, өтүнүч боюнча аны өткөрүп берүү талап кылынган адам убактылуу өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**433-1-статья. Өткөрүп берилген адамдарды транзиттик ташуу**

(1) Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык же тийиштүү сурам боюнча өз ара мамиле принцибинин негизинде, жазык куугунтугун же өкүмдү аткаруу, үчүн үчүнчү мамлекеттерге берилген адамдарды Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттик ташууга Кыргыз Республикасы чет мамлекетке уруксат бере алат.

(2) Кыргыз Республикасынын аймагында адамдарды транзиттик ташуу жөнүндө сурам боюнча чечимди Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же анын орун басарлары кабыл алат.

(3) Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттик ташуу учурунда адамдарды камакка алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун же анын орун басарынын уруксаты жана өткөрүлүп берилген адамды камакка алуу жөнүндө чет мамлекеттин сот же башка компетенттүү органынын чечими негиз болуп саналат.

(4) Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзиттик ташууга уруксат берүүдө ушул Кодекстин 434-статьясында каралган негиздер болгон учурда баш тартуу болушу мүмкүн.

(5) Аба жолдору аркылуу транзиттик ташууда аны жүзөгө ашыруу үчүн уруксат Кыргыз Республикасынын аймагындагы аба кемесинин конуу аралыктарынын учурунда гана талап кылынат. Мындай учурда Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча адамдарды транзиттик ташуу жөнүндө сурам жалпы тартипте каралат.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**434-статья. Өткөрүп берүүдөн баш тартуу**

(1) Төмөнкүдөй учурларда өткөрүп берүүгө жол берилбейт:

1) эгерде өткөрүп берүү жөнүндө чет мамлекеттен келип түшкөн сурамда көрсөтүлгөн адам Кыргыз Республикасынын жараны болуп эсептелсе;

2) эгерде ушул мамлекетте расалык, динге ишенүү, жарандык, улуттук белгиси, кайсы бир социалдык топко таандуулугу же саясий ынанымдары боюнча куугунтуктоо мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу адамга Кыргыз Республикасы тарабынан качкын статусу берилсе;

3) эгерде өткөрүп берүү жөнүндө талапка негиз болгон жосун Кыргыз Республикасында кылмыш деп таанылбаса;

4) эгерде адамга карата ошол эле кылмыш үчүн мыйзамдуу күчүнө кирген өкүм болсо же иш боюнча кароо токтотулса;

5) эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча эскирүү мөөнөтүнүн өтүп кетишине же башка мыйзамдуу негиздердин айынан кылмыш-жаза иши козголушу же өкүм аткарылышы мүмкүн болбосо;

6) эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерине ылайык бул адамды өткөрүп берүү үчүн тоскоолдуктардын болушу жөнүндө Кыргыз Республикасынын сотунун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими бар болсо.

7) эгерде чет мамлекеттин компетенттүү органы Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын талабы боюнча кошумча материалдарды же өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма боюнча чечимдерди кабыл алууга болбой турган кошумча маалыматтарды бербесе;

8) эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишиминде каралган башка негиздер болсо.

(2) Адамды өткөрүп берүүдөн баш тартуу төмөнкүдөй учурларда болушу мүмкүн:

1) эгерде өткөрүп берүү жөнүндө жиберилген сурамга байланыштуу жосун Кыргыз Республикасынын аймагында же Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарына каршы анын аймагынын сыртында жасалса;

2) эгерде ошол эле жосун үчүн, Кыргыз Республикасында өткөрүп берүү жөнүндө сурам жиберилген адамга карата жазык куугунтугу жүзөгө ашырылып жатса;

3) эгерде өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма жиберилген адамга карата жазык куугунтугу жеке айыптоо тартибинде козголсо.

(3) Эгерде адам өткөрүп берилбесе, анда Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен бул жөнүндө тийиштүү чет мамлекеттин компетенттүү органдарына билдирет.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164, 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**434-1-статья. Адамды өткөрүп берүүнү жана адамды убактылуу өткөрүп берүүнү кийинкиге калтыруу**

(1) Ага карата өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма келип түшкөн учурда адам кылмыш куугунтугуна алынса же башка кылмышы үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында жазасын өтөп жатса, өткөрүп берүү жазык куугунтугу же жаза өтөөсү токтотулганга же кандай болбосун мыйзамдуу негиз боюнча жазадан бошотулганга чейин кийинкиге калтырылышы мүмкүн.

(2) Эгерде өткөрүп берүүнү кийинкиге калтыруу кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтүнүн аяктоосуна алып келиши мүмкүн болсо же кылмышты тергөөгө зыян келтирсе, же аны өткөрүп берүү тапшырмасы боюнча талап кылынган адам, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же анын орун басары тарабынан белгиленген шарттарды сактоо милдеттенмелери болгондо убактылуу өткөрүп берилиши мүмкүн.

(3) Эгерде ага карата өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма келип түшкөн адам катуу ооруп жатса жана оорусу боюнча ден соолугуна зыян келтирбестен өткөрүп берүү мүмкүн болбосо, өткөрүп берүү ал айыгып кеткенге чейин кийинкиге калтырылышы мүмкүн.

(4) Эгерде кийинкиге калтыруу мезгилинде адамды өткөрүп берүүгө тоскоолдук кыла турган жагдайлар келип чыкса, Башкы прокурор өткөрүп берүү жөнүндө өзүнүн чечимин кайра кароого укуктуу.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**435-статья. Мүмкүн болуучу өткөрүп берүүнү камсыз кылуу үчүн камакка алуу**

(1) Чет мамлекеттин компетенттүү органынан талаптагыдай жол-жоболонгон тапшырма алынганда жана адамды өткөрүп берүү үчүн мыйзамдуу негиздер болгондо, ал кармалышы мүмкүн жана ага карата ушул Кодексте белгилеген тартипте камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасы колдонулат.

(2) Эгерде адамды өткөрүп берүү жөнүндө тапшырмага чет мамлекеттин компетенттүү органынын адамды камакка алуу жөнүндө чечими тиркелсе, анда ушул адам жоболорго жана ушул Кодекске ылайык камакка алынышы мүмкүн.

(3) Эгерде отуз сутканын ичинде өткөрүп берүү жөнүндө тапшырма белгиленген тартипте келип түшпөсө, анда камакка алынган адам бошотулууга тийиш. Кайталап камакка алууга ушул статьянын биринчи бөлүгүнө ылайык өткөрүп берүү жөнүндө жаңы тапшырма каралгандан кийин гана жол берилет.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**436-статья. Буюмзаттарды өткөрүп берүү**

(1) Өткөрүп берилүүчү адамды чет мамлекеттин компетенттүү органына өткөрүп берүүдө кылмыш куралдары болуп саналган буюмзаттар, ошондой эле кылмыштын белгилери болгон же кылмыштуу жол менен алынган буюмзаттар өткөрүп берилиши мүмкүн. Бул предметтер тапшырма боюнча жана адамды өткөрүп берүү анын өлүмү же башка себептер боюнча болбой турган учурда өткөрүп берилет.

(2) Эгерде алар башка жазык ишинин өндүрүшү боюнча зарыл болсо, ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн буюмзаттар убактылуу кармала турушу мүмкүн.

(3) Үчүнчү жактардын мыйзамдуу укуктарын камсыз кылуу үчүн ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн буюмзаттарды берүү чет мамлекеттин компетенттүү органынын иш боюнча өндүрүш аяктагандан кийин буюмзаттарды кайтарып берүү жөнүндө милдеттенмеси болгондо гана жүргүзүлөт.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 49-Глава
## Эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамды жазаны өзү жараны болуп саналган мамлекетте өтөө үчүн өткөрүп берүү

**437-статья. Эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамды жазаны өзү жараны болуп саналган мамлекетте өтөө үчүн өткөрүп берүү үчүн негиздер**

Соттун же Кыргыз Республикасынын тиешелүү чет мамлекет менен эл аралык келишимине ылайык чет мамлекеттин компетенттүү органдарынын чечими же болбосо өз ара мамиленин шарттарында Кыргыз Республикасынын компетенттүү органдарынын жана кызмат адамдарынын чет мамлекеттин компетенттүү органдары жана кызмат адамдары менен өз ара мамиле шарттарында жазуу жүзүндө макулдашуусу Кыргыз Республикасынын соту тарабынан эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамды жазаны өзү жараны болуп саналган өлкөдө өтөө үчүн, ошого тете чет мамлекеттин соту тарабынан эркиндигинен ажыратууга соттолгон Кыргыз Республикасынын жаранын жазаны Кыргыз Республикасында өтөө үчүн өткөрүп берүүгө негиз болуп саналат.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**438-статья. Соттолгон адамды жазаны өзү жараны болуп саналган мамлекетте өтөө үчүн өткөрүп берүүнүн шарттары жана тартиби**

(1) Кыргыз Республикасында соттолгон адамды жазаны өзү жараны болуп саналган мамлекетте өтөө үчүн өткөрүп берүүгө соттолгон адамдын, анын мыйзамдуу өкүлүнүн же жакын туугандарынын өтүнүчү боюнча, ошондой эле соттолгон адамдын макулдугу менен тиешелүү

мамлекеттин компетенттүү органынын өтүнүчү боюнча ал эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөгөнгө чейин жол берилет.

(2) Өткөрүп берүү өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин гана Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун чечими боюнча гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн, ал өткөрүп берүү жүргүзүлгөндүгү жөнүндө өкүм чыгарган сотко маалымдайт.

**439-статья. Эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамды жаза өтөө үчүн чет мамлекетке өткөрүп берүүдөн баш тартуу**

Төмөндөгү учурларда:

1) эгерде соттолгон адам жараны болуп саналган мамлекеттин мыйзамдары боюнча адам соттолгон жосун кылмыш деп таанылбаса;

2) эгерде эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенден улам же ал мамлекеттин мыйзамдары тарабынан каралган башка негиздер боюнча жаза чет мамлекетте аткарылышы мүмкүн болбосо;

3) эгерде соттолгон адамдан же чет мамлекеттен өкүмдүн жарандык доо бөлүгүн аткаруунун кепилдиги алынбаса;

4) эгерде эл аралык келишимдер тарабынан каралган шарттарда соттолгон адамды өткөрүп берүү жөнүндө макулдукка жетишилбесе;

5) эгерде соттолгон адамдын Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган орду болсо, эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамды өзү жараны болуп саналган мамлекетке өткөрүп берүүдөн баш тартылышы мүмкүн.

6) эгерде чет мамлекеттин соту же компетенттүү органы Кыргыз Республикасынын сотунун өкүмүн таанывбаса же болбосо Кыргыз Республикасынын сотунун өкүмүн соттолгон адам чет мамлекеттин аймагында жазаны өтөө тартибин жана шарттарын белгилебестен тааныса.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**440-статья. Кыргыз Республикасынын жаранынын жазаны өтөө жөнүндө өтүнүчүн кароо**

(1) Чет мамлекеттин соту тарабынан эркиндигинен ажыратууга соттолгон Кыргыз Республикасынын жараны, анын мыйзамдуу өкүлү же жакын туугандары, ошондой эле чет мамлекеттин компетенттүү органдары соттолгон адамдын макулдугу менен соттолгон адамдын жазаны Кыргыз Республикасында өтөөсү жөнүндө өтүнүч менен Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна кайрылышы мүмкүн.

Башкы прокуратура андан ары жаза өтөөгө Кыргыз Республикасына өткөрүп берүү жөнүндө маселени кароо үчүн зарыл болгон документтерди чет мамлекеттин компетенттүү органдарынан суроого укуктуу.

(2) Өтүнүч канааттандырылган учурда Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же болбосо анын орун басарлары чет мамлекеттин сотунун өкүмүн аткаруу жөнүндө сунушту Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна киргизет.

(3) Өтүнүч ушул Кодексте каралбаган негиздер боюнча четке кагылышы мүмкүн эмес.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**440-1-статья. Эркиндигинен ажыратууга соттолгон Кыргыз Республикасынын жаранын жаза өтөө үчүн өткөрүп берүүдөн баш тартуу**

(1) Эркиндигинен ажыратууга соттолгон Кыргыз Республикасынын жаранын өткөрүп берүүдөн төмөнкү учурларда баш тартылышы мүмкүн:

1) эгерде бул Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарына зыян келтирүүсү мүмкүн болсо;

2) эгерде соттолгон адам айыкпас же өзгөчө оор дарт менен жапа чексе;

3) эгерде соттолгон адамда жоюлбаган жарандык доо болсо;

4) эгерде жаза эскирүү мөөнөтү бүткөндүгүнүн айынан же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында аткарылышы мүмкүн болбосо;

5) эгерде ал Кыргыз Республикасынын аймагында жасаган жосуну үчүн жазаланса же акталса, же иш токтотулса, ошого тете адам Кыргыз Республикасынын компетенттүү органдары тарабынан жазадан бошотулса.

*(КР 2012-жылдын 10-августундагы N 164 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**441-статья. Чет мамлекеттин сотунун өкүмүн аткарууга байланыштуу маселелердин сот тарабынан чечилишинин тартиби**

(1) Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун сунушу ушул Кодекс тарабынан өкүмдү аткарууга байланыштуу маселелерди чечүү үчүн белгиленген тартипте жана мөөнөттө соттолгон адамдын катышуусусуз сот заседаниесинде Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан каралат.

(2) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чет мамлекеттин сотунун өкүмүн аткаруу жөнүндө токтомунда:

1) чет мамлекеттин сотунун аталышы, өкүм чыгарылган убакыт жана орун;

2) соттолгон адамдын Кыргыз Республикасында акыркы жашаган жери, соттолгонго чейин иштеген орду жана ишинин түрү жөнүндө маалыматтар;

3) жасалгандыгына жаран күнөөлүү деп табылган кылмыштын квалификациясы жана ал кайсыл жазык мыйзамынын негизинде соттолгондугу;

4) соттолгон адам жасаган кылмыш үчүн жоопкерчилик каралган Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамы;

5) жазанын (негизги жана кошумча) түрү жана мөөнөтү, соттолгон адам Кыргыз Республикасында өтөөгө тийиш болгон жазанын башталуу жана аяктоо мөөнөтү, абактын түрү, доо боюнча зыяндын ордун толтуруунун тартиби көрсөтүлүүгө тийиш.

(3) Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча мындай кылмыш үчүн эркиндигинен ажыратуунун эң узак мөөнөтү өкүм боюнча дайындалгандан аз болсо, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту мындай жосунду жасагандык үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан каралган эркиндигинен ажыратуунун эң узак мөөнөтүн аныктайт. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча жаза катары эркиндигинен ажыратуу каралбаса, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту бул кылмыш үчүн Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдары тарабынан белгиленген жана чет мамлекеттин сотунун өкүмү боюнча дайындалганга кыйла ылайык келе турган жаза аныктайт. Эгерде чет мамлекеттин сотунун өкүмү эки же бир нече жосунга таандык болсо, алардын ичинен бардыгы эле Кыргыз Республикасында кылмыштар болуп саналбаса, анда сот чет мамлекеттин өкүмү боюнча дайындалган жазанын кайсы бөлүгү кылмыш болуп саналган жосунга карата колдонула тургандыгын аныктайт.

(4) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому чыгарылган учурдан тартып күчүнө кирет жана аткарууну камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жиберилет.

(5) Кыргыз Республикасында жаза өтөп жаткан адамга карата чет мамлекеттин сотунун өкүмү жокко чыгарылган же өзгөртүлгөн, же болбосо чет мамлекетте чыгарылган мунапыс же кечирим берүү актысы колдонулган учурда кайра каралган өкүмдү аткаруунун, ошондой эле мунапыс же кечирим берүүнү колдонуунун маселелери ушул статьянын эрежелери боюнча чечилет.

*(КР 2013-жылдын 3-августундагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Акаев**

**1999-жылдын 24-майында**

**Кыргыз Республикасынын**

**Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган**